Скырп
Ж68

# Салижан ЖИГИТОВ

## *Шуулдаба терегим, теректерим...*





Салижан Жигитов
(1936-2006)

Скырг
Ж 68

Салижан Жигитов

# Шуулдаба терегим, теректерим...

*Ырлар,
поэмалар
жана
котормолор*

Токтогул Сатылганов атындагы
Ош облустук китепкана
АБОНЕМЕНТ

Токтогул Сатылганов
атындагы
Ош облустук китепкана
ИНВ № 487264

«Улуу Тоолор»
Бишкек – 2024

УДК 821.512.154-1
ББК 84 (5Кир)-5
Ж 68

Жигитов, Салижан.

Ж 68 **Шуулдаба терегим, теректерим...** Ырлар, поэмалар жана котормолор: – Б.: Улуу Тоолор, 2024.– 360 б.

ISBN 978-9967-29-639-0

Заманыбыздын залкар адабиятчысы, публицисти, чыгаан акыны, жазуучусу, котормочусу жана коомдук ишмери Салижан Жигитовдун бул жыйнагына мыкты ырларыв, поэмалары жана котормолору кирди.

Бул жыйнакты окуган окурман мыкты ыр, поэма, котормонун чыныгы үлгүсү менен тааныша алат.

**УДК 821.512.154-1**
**ББК 84 (5Кир)-5**

ISBN 978-9967-29-693-0

© Жигитов С., 2024

## «ШУУЛДАБА ТЕРЕГИМ, ТЕРЕКТЕРИМ»...

«Адамдын чыныгы адамдыгы табиятка, айбанатка жасаган мамилесинен билинет» дегендей, Салижан акындын ар сабынан мындай мамиле, мындай касиет даана туюлуп турчу. Адам пенде да табияттын перзенти, киндиктеши, ал турсун, муңдаш-сырдашы, армандашы десек да болот. Улуу орус акыны Сергей Есениндин лирикалары буга жакшы далил. Орус перзенти «Клён ты мой опавший...» деп муңканса, кыргыз перзенти «Шуулдаба, терегим, теректерим»... деп жалбарып жатпайбы. Ак боз атын «айбанаттын сүйлөбөс улукманы», «чынында да жылкынын султаны эле» деп жатпайбы. Н.Заболоцкий акын «аттын бети» («лицо коня») деп суктанса, Сакем үчүн ал макулук эмес эле:

«Оттоп жаткан жеринен башын алып,
Окуранып кылчая бурулганда
Окшоп кетчү көзүнөн оту жанып,
Кыт-кыт күлүп, кылгырган сулууларга»

дегеничи...

Салижан Жигитовдун чыгармаларынын жарыкка чыкчу томдуктары сергек, ойчул кыргыз окурмандары үчүн көптөн күткөн өзүнчө эле маданий окуя болгону турат. Анткени, автору таланттуу да, өткүр да, акыйкат жолунан кылчалык тайбаган пайгамбар тариздүү адам.

Коомубузда, саясатта, бийликте талаш пикир жаратчу кандай окуя болсо, кайран Сакем, өңгөлөрчө шүк отуруп калбайт. Аргумент, мотивация дегендер

Жигитовдо дайыма даяр. Бүгүн ал кишинин көзү жок дегенибиз менен, амалейким, кашкайган бир чындык бар: «Тирүүлөр өлгөндөрдү үйрөтө албайт, өлгөндөр тирүүлөрдү үйрөтө алат». Сөз эмес бекен! Салижан аке-нин көз жарчу томдуктарындагы ыймандай сырлары бизге ар качан сөөмөйдүн учу, жол көрсөткүч, кемедеги компас жебеси. Өзүнө өзү оппонент демекчи, Салижан Жигитов деген көпчүлүк көрпенделерибизден өзгөчө жаралган жан эле.

Чарчадым андай басып, мындай басып,
Кетти окшойт чалагайым ойлор качып.
Ойлордун эң оору чөгүп мага
Отурам ыйманыма маңдайлашып,–

деп күзгүнүн алдында тургандай өзүн өзү күнөөлөйт:

Сая түшпөй артынан бир өнөрдүн
Сай ташындай быркырап үбөлөндүм.
Өткөнүнө өмүрүм өмбүл-дөмбүл
Өзөлөнүп кимди мен күнөөлөймүн?

Өлчөмүнөн өйдө-ылдый кемип-толуп,
Өтүп кеткен өмүргө кейип коюп.
Өтөөсүнө чыкпаган үмүттөргө
Өзүм жүрөм тирүүлөй бейит болуп.

Өңгөнү сынаш, өңгөдөн өөн табыш – оңой. Бирок, өз ыйманына маңдайлашып, өз тагдырына өзү сынчыл болуш – эр кишинин гана иши. Асыресе, сөз өнөрүнүн адамынын мындай касиети – жан дүйнөдөгү айкөл арууулуктун белгиси. Салижан аганын элеги – торко элек экенине өзүм нечен ирет күбө болгомун. Ал мазмун тургай, тексттердеги грамматикалык каталарга аябай кейүүчү, муну маданиятсыздыктын белгиси дечү.



Экинчи ирет кайрылып окулбаган чыгарма – ара туулган, өмүрү кыска туунду. Кыргыз адабиятынын тарыхында буга мисалдар оголе көп. Пайдубалы борпоң чыгарма керегелери канча жылтырата шыбалбасын «күп» деп кулачу имараттай. Салижан ага Римдин кул усталарындай өжөр, ал курган өнөр храмы кылымдар-ды карытат.

Салижан ага өмүр бою өзүн устат санабай, улуулар-дын шакирти катары санап, алардан үйрөнүп, таасир-ленип, шык, дем-кубат алып жашады. Ар бир таланттуу акын-жазуучулардан өрнөктүү тексттерди издеп, аны өзүнчө эле адабият окуу китеби кылууга далалаттан-ды. Бирок, жазмыш экен, үлгүрбөй калды. Л.Толстой тууралуу эмгеги ошол аракетинин бир көрүнүшү, ошол максатынын бир өтөлгөсү деп ойлойм.

Айтылуу Эрнест Хемингуэйден интервью алмакчы болуп, «Правда» газетасынын кабарчысы барат. «Мен-ден эмнесин сурайсыңар, өзүңөрдүн Хемингуэйиңер турса,ошондон ала бербейсиңерби», – дейт ал. Көрсө, ал таанымал котормочу Иван Кашкинди айтып жатыптыр. Ошондой эле «Өзүңөрдүн Назымыңар, өзүңөрдүн Мус-тайыңар бар эмеспи» – деп Салижан Жигитов тууралуу айтылчу сөздү эки улуу акындын өз ооздорунан укмак экенибизди бөркүбүздөй эле көрө берсек болчудай ... Түрк Назымдын көзгө жаш кылгыртып, жан дүйнөбүзгө сызылтып бүлүк салган саптары ар бир кыргыз чүрпө-сүнүн өз арман – күйүтүндөй сезилет.

Акындын кабинетинде
Кызык иш болду карагын:
Кетиптир таштап бир кемпир
Таянып келген таягын,–

деп Мустай акын башкыр апаны айтса, Салижан акын кыргыз апабызды эстетип жатпайбы. Бир дем менен окулчу бул котормолор эки улуттун кош шедеврлери.

Салижан Жигитовдун Антуан де Сент-Экзюпериден, А.Пушкинден котормолору да кырдалган алмаздай көз уялтат, маржан мисалы кубулат. Булар улуттук тилибиздин көкүрөк керген мактанычы, түбөлүк көркү.

Кеп соңуна келсек – атактуу адабиятчынын көркөм чачыласын ала-тоолук окурмандарыбыздын алдына кайрадан жаңылап чачуу аракетин Салижан аганын кесиптик, атуулдук эрдиктеринин кийинки муундар тарабынан практикалык уланышы деп баалашыбыз керек. Андай жигиттерибиз менен адилет сыймыктанышыбыз керек!

***Токтосун Самудинов.***



# Ырлар

## ЖАШТЫКТЫН АТЫНАН

Менден улуу агайындар кеп салат:
«Шашпа, иничек, азыр жашсың,– деп калат,–
бийик максат, жакшы оюңду жексендеп,
турмуш акең кылар сага көп санат.
Жыйырмадан жылган сайын жаш нары
кызыктырбайт кымча бел да, жаз дагы,
Көңүл калып душмандан да, достон да,
ойлонбойсуң көроокаттан башканы!»
Мени да ороп көңүл коштук белгилер,
бүт баарына караймынбы кайдыгер?
О жок, дүйнө, ак пейлимден суранам:
андан көрө оору бер же кайгы бер!

***1954***

## КЫЗ МЭЭРИМИ

Аз өмүрдө аздыр-көптүр жол жүрдүм,
таман тешип жөө да бастым, төө миндим.
Бар эрдигим: балдар менен бир далай
азаматча достошууга үлгүрдүм.

Достук парзын кир жугузбай сактадым,
колдон келген намыс менен актадым.
Бар арманым: кадырлашар сыр билги,
бир асылкеч кыздан курдаш таппадым.

Чындыгында достук деген жакшы экен,
досуң болсо ал өзүнчө бакты экен.
Бирок, чиркин, тереӊ ойлоп карасаӊ,
кыз мээрими назик келип, башка экен.

Кыз мээринде энелердин куту бар,
биздин жердин сан гүлүнүн жыты бар.
Кээде-кээде болгон менен күйүтү,
күчү да бар канат байлап учурар.

Дуушар келип жөө жүрүү да, төө минүү,
алтын башка мүшкүл түшөр кээ күнү –
Дал ошондо алга сүрөп шык берер,
жанда болсун жалгыз кыздын мээрими!

***1955***

## СҮЙКҮМДҮҮ КҮН

Тыным албай лапылдатып жаап кар,
туктамалдан бетке согот ак ызгаар.
Мор уӊулдайт жаткан өӊдүү зар ыйлап,
сабыры суз үтүрөйөт табийгат.
Анткен менен декабрдын бул күнү,
башка күндөн мага кымбат сүйкүмү.
Себеби бул: ушул күнү сени энеӊ,
көп жыл мурун тоодогу бир айылда,
бир жигиттин бактысы үчүн төрөгөн.

***1957***



## ЧАКЫРЫК

Жолго түшүп эмгиче эч ким баспаган,
бакыт издеп узак сапар аттанам.
Балким, биздин бактыбыз бир жердедир,
анда эмесе жолдош бол да, бирге жүр!

Барып жетчү багытыбыз алыс жак,
бизге жолдун кандайлыгы табышмак.
Бирок сезем: тегиз да эмес, түз да эмес,
кур дегенде биз ашарбыз жүз белес.
Бирок коркпо, ишене бер мага сен,
сүйүү парзын жаным менен төлөшөм!

Капыс жерден аба ырайы өзгөрүп,
алдыбыздан караӊгы түн туш келип,
изден тайып, мен такалып токойго
жылчык таппай темселесем, ошондо
белги берип туура жолду тапканга
жылдыз болуп жанаар белеӊ асманда?

Жолго түшүп эмгиче эч ким баспаган,
бакыт издеп узак сапар аттанам.
Балким, биздин бактыбыз бир жердедир...
Анда эмесе,
кана кеттик,
бирге жүр!

***1957***

## САГЫНЫЧ

Нечен мейкин, далай дабаан, бел ашып,
ойлогомун асман менен келатып:
«Элесиңди күңүрттөтүп алыстык,
сагынчымды жеңип алар убакыт».

О, жок кокуй, мен жаңылып калыпмын,
жолу болсун убакыттын, алыстын!
Баштагыдан дааналанып элесиң,
ашып-ташып артып кетти сагынчым...

***1957***

## СЕН

Сапар тартып алыс жакка кетсем да,
элесиңди эске тутам унутпай:
Алда качан балалыктан өтсөң да,
сүйкүмдүүсүң бөбөккө окшоп ымыркай.

«Ай, бечарам, зарлап менден зоң калба!»–
деген өңдүү карайт көзүң нур жанган.
Солкулдаган сонун селки болсоң да,
сабырлуусуң аялга окшоп улгайган.

***1957***

## ЖАЙКЫ ТҮНДӨ

Түн караңгы. Сыбызгыдай эң ичке,
бир калыпта чыр-чыр этет чегиртке.
Аптап табы таркай элек абалда,
аңкыйт түркүн чөптүн жыты наристе.



Өркөчтөнөт карарыңкы тоо кыры,
шуу-шуу этет дарыянын шоокуму.
Мемиреген коңур түндү алдейлеп
алда кайдан келет ырдын толкуну...

Тоо ичине чачып буурул мунарык
чыгып келет ай кыраңдан кылайып.
Мен коктуда кусалыктан буулугуп,
жалгыз гана басып жүрөм муңайып.

Алыстагы жароокерим айжамал,
азыр өзүң муң-зарымдан бейкабар,
жаркын элес жакшына бир түш көрүп
жаткандырсың тынч уйкуда беймарал.

Чөптүн башын дирилдетет жел ыргап,
чегирткенин жаагы тынбайт чырылдап.
А мен болсом сагынычтан саргайып,
коңур түнгө муңумду айтам кыңылдап...

***1957, Көлдүк кыштагы***

## ТӨРТ САПТАР

**I**

Өзүң болуп ичер суум, ырысым,
алда качан пейлим түшкөн тымызын.
Аттиң, бирок айта албадым сезимди,
ырыс кыйды уялчаактык курусун!

**II**

Ак пейил кызсың жакшына!
Астыртан байкап карасам:
атайын менин бактыма
төрөгөн белем сени апаң?

### III

Жалаң таштан жаралгандай мүнөзүң,
жандап бассам, мисирейип жүрөсүң.
Анткен менен дайым менин түшүмө,
ачык мүнөз шайыр бойдон киресиң...

### IV

Көргөндө сени, козголуп,
чымчыктай жүрөк тыбырайт.
Эмне үчүн жанган от болуп,
дуулдап бетим чымырайт?

### V

Күйгүзүп көз жоосун,
кыпкызыл көйнөкчөн.
Ал жүрөт тоңдоосун,
такыр сыр бербестен...

***1957***

## ЖООП БЕРЧИ

Кыйналганда кабак-кашым дебеген,
кысталганда курлай кайгы жебеген,
Тагдыр айдап жолукканча сен мага,
тамашакөй, бейгам жүргөн бала элем.

Сен жолугуп, уяң сезим курчуду,
санааркатып алдың бейкут уйкуму.
Өмүрүмө жарык шоола жиберип,
жаным селки, сен кетирдиң тынчымы.

Бирде зуулап кыял менен көк жиреп,
бирде түпсүз ойго батып мелтиреп,
жүрөгүңдө элесиңди, атыңды,
болду бекен алдейлеген менчилеп?



Башкаларга кадырың жок дебесмин,
көрүп калса көзүн артат сага ар ким.
Анткен менен сенин бийик баркыңды,
баары менче баалай албас, а балким?

Бирок сенин көз карашың эки ойлуу,
муңга салат сага дилгир бозойду.
Кусалыктан жапаа тартып жүдөдүм,
айтчы деги, санаадан кол бошойбу?

Жаз мезгили жайга айланып өзгөрөт,
жай да кетип, күз артынан кыш келет.
Муң-зар менен күнүм өтүп баратат,
мээриң мага эми качан шык берет?

Сенсиз мага бу дүйнөнүн көркү жок,
сенсиз өзүм бир туткунмун эрки жок.
Телмиремин жүрөгүңө жол таппай,
болдучу эми, манчыркабай берчи жооп!

***1958***

## САГА

Мен баштатан сени жакшы билчү элем,
айтчу эмесмин, бирок ичтен сүйчү элем.
Капысынан мени карап жымыйсаң,
өз оюмда медер кылып жүрчү элем.

Алда кайда мени тартып азгырган,
текеберлүү сенин моймол көз гинаң:
«Болбойт десем кантер элең?» – дегенсип,
сынап карайт жазы маңдай астынан.

Кантмек элем? Тагдырыма баш ием,
жүрөктөгү жанган отту өчүрөм.
Сенден улук бир асылды тапсам да,
өмүр бою өкүнөрүн өкүнөм!...

Өкүнгөнүм кимдерге таң, сага эмне?
туш болорсуң ыкыбалдуу бир эрге.
Жеңден кирген аарыга окшоп билинбей,
бирок өкүт калбас бекен тереңде?

Улам-улам күн кеч кирип, атып таң,
опаасыз жаш оодарылса отуздан,
аарыга окшоп дайым сени ал өкүт
тыз-тыз чагып жүрбөс бекен кокустан?

***1958***

## СОҢКУ БИР ТҮН

Баары бүттү.
Сөз түгөндү.
Соңку ирет
бир сүйдүм да эриниңден даамы жок,
чыгып кеттим. Билбейм, табаң кандыбы?
Же жаздыкка өксүдүңбү өпкөлөп?..

Жаткан экен таш көчөлөр аңгырап,
шаар чөгүп мунарыкка көгүлтүр.
Ошол түнү сүйүү менден кубулду.
Ошол түнү гүлүн төктү өрүктөр...

***1959***



## МЕН БАРАМ

Өрүк бышып, пахта шана байлаган,
айда барам, тууган жерге мен барам.
Бирок күздө келгин кушка аралаш,
мен шаарыма учуп келбейм кайрадан...

Куштар кетер кеткен жагын таптырбай,
а мен калам сынган канат аккуудай...
Дал ошондо качкым келер кыштактан,
түбөлүккө мени кармап калчудай.

Же кечкурун балет, бийге баралбай,
бук болгондо кусага сеп таба албай
эске түшүп студенттик күндөрүм,
ич жылытар эски тааныш авандай.

Сапар кетсең самап-самап сагынар,
шаардын көп жайлары бар, багы бар.
Калсамбы анда кур кайгы жеп наалыбай?
Мага мындан деги бир иш табылар.

Бирок өйкөйт жүрөгүмдү көп себеп:
тууган жерде шуулдаган көп терек,
Ашык жардай кадыр салып өпкөлөп,
Чакыргансыйт келе гөр деп эртерээк.

Түндө муңдуу күңгүрөнсө калың бак
эске түшүп элеттеги айыл жак,
Санаа тартам: «Сатканы аткан жапжаш кыз
ушу тапта отурабы зар ыйлап».

Шуулдаса шуулдасын теректер,
дүйнөдө көп бак-дарактуу бөлөк жер.
Баарынан да мага сүйкүм көрүнөт
мени күткөн жылаңайлак бөбөктөр.

Жок, калалбайм!
Пахта шана байлаган
Айда барам, тууган жерге мен барам.
Бирок күздө келгин куштай кылактап
Мен шаарыма учуп келбейм кайрадан..

*1959*

## БИЙ

Бош вестибюль музыкага термелет.
Улам чубап кырчындай жаш эл келет.
Кыздар чиркин назик духи жыттанып,
балдар баары күйөө түшчү өңдөнөт.

Барпаң этек көйнөктөрү шуудурап,
көздөр гана вино ичкендей кылгырат...
Жигиттер да көйрөң басып зыңгырап,
кытыгылуу какшык сөздөн жылдырат.

Шок кавалер тамаша айтса кызга ыктап,
кыз кылыктуу кылаң этип ыргыштап
таарынгандай бир карайт да, калп эле
каккан болот жонго акырын бир муштап.

Кадыр салып бозой барса чалкалап,
селки ынабай, кыял күтүп назданат...
Ал аңгыча музыка үнү кубулжуп,
эки-экиден айланкөчөк башталат.

Бураң этип белдер назик толгонот,
буттар ойнойт жерге тийбей ойдолоп.
Арбап салса бийдин сыйкыр кумары
арыдым деш, карыдым деш ойдо жок.



Каның агат дайра болуп шаркырап,
бейгам көңүл ыракатка аптыгат.
«Вальс» күүсүндөй жыбылжыган кыздардын
жылуу деми эңги-деңги мас кылат.

Бийле, жаштык, келечек кең, жол айдың!
Бийле, жаштык, нээтиң калыс, жок айбың!
Бирок, аттиң, бийдин демин татпаган
курдаштарды чын пейлимден аяймын.

*1959*

## БИР АКЫН БАР...

Бир акын жашап биздин шаардагы,
бир үйдө даңгыратып каалгалуу,
өзүнө өмүр бою малай кылган,
бар анын лирикалык каарманы.

Майданга бардык элден мурда барып,
тайманбай жоого тийип, орден алып.
окко учкан лирикалык каарманы,
соо жүрөт өзү болсо мында калып.

Ал акын бейгам уктап таң атканча,
күн бою кол ойнотуп казал жазса,
кажыбас лирикалык каарманы
каржалып терет пахта, казат шахта.

Ал акын ачка калган карышкырдай
уңулдап улугусу келип турса,
каткырат лирикалык каарманы
шарактап шайкелең бир шайыр кызча.

Токтогул Сатылганов атындагы Ош облустук китепкана
АБОНЕМЕНТ

Токтогул Сатылганов атындагы Ош облустук китепкана
ИНВ № 487264

Акындын катыны бар түсү куник.
Ай-күнгө теңеп аны, төшүн уруп
ак урса лирикалык каармааны,
аны акын сөгөт өзү ызырынып.

Ырында эл-жерим деп бапыраңдайт,
элим деп өлүмгө да башын арнайт.
Ал эми эл башына иш түшкөндө,
эл тургай, энесин да эсине албайт.

Мен болсом күздүн күнү жаан жааган
пахтада, бир шыйпаңда ээн калган
телмирип тагдырыма табынамын:
сактай көр лирикалык каармандан!

***1959***

## ХАДИ ТАКТАШ ТЕМАСЫНА

*Эркин вариация*

Коркуп-чочуп түнкү шамал түрүнөн,
жаман бөркүм жамап кирдим таң эртең.
Кыш келатат! Мен жаныман түңүлөм!
Ай, силерге кыйын болор мен өлсөм!

Кыш келатат! Тонум да жок киерге,
жамап бүтпөйм чапанымы бир айсыз.
Кыштан өлөм! Мен өлгөн соң силерге
жашоо болор көңүлсүз да кунарсыз.

Кыш келатат! Жыртык өтүк пендемин.
Чокоюм жок. Айлам жаман түгөндү.
Кыштан өлөм! Ушу менин өлгөнүм
мөгдүрөтүп кетер бекен силерди?



Кыш келатат! Келсе мага ал эртең,
тоңуп өлөм-киймимин жок ысыгы.
Байкуштар ай! Силер үчүн, мен өлсөм,
бу дүйнөнүн калат кандай кызыгы?!

## КАЛГЫМ КЕЛБЕЙТ

Көктөгү күн түзгө чөгөт, бел ашат,
бирде бүркөк, бирде чайыттай таң атат.
Барган сайын турмуш көркү кашкайып,
улам кыздар сулуу болуп баратат.

Кары тарых көөрүк басса узанып,
жаш кылымдын шамалы да күч алып
соккон сайын биз жашаган планет
бара жатат улам кызыл түс алып.

Ракеттер учат, учат космоско,
азаматтар аалам кезет «Востокто»,
шашат-шашат шамал канат кылым да
шайы келбей бир дем алып токтошко.

Учсун, учсун, ракеттер дагы учсун,
азаматтар андан ары барышсын.
Мейли, кылым шамал менен жарышсын,
мен алардан эч бир келбейт калышкым:
максатымды көкөлөтүп асманга,
аралашып куюнуна тарыхтын
кылым менен келет менин жарышкым!

***1961***

## ООРУКАНАДА ЖАЗЫЛГАН ЫР

Ооруп жатам. Шайым куруйт алсырап.
Дем кыстыгат, нымшып муздак тер чыгат.
Уктап кетсем жаман сырдуу түш көрүп,
көңүлүм чөгөт, сарсанаага тумчугат.

Тышта дүйнө кадимкидей соо турат,
кылк-кылк этип тоо артынан күн чыгат,
өмүр, шаттык, көркке тунган жер бети
ич бышырып, көз кызартып кулпурат.

Мен көз жумсам, кызмат ордум бош калар,
бирок дароо орун басар башкалар.
Турмуштун түк токтолбосун белгилеп
ошол күнү далай бөбөк көз жарар.

Мен көз жумсам, сыртта агайын, дос калар,
алар мени аз убакка эске алар,
бир гана арман: айтылбастан сөз калар
жомок болуп эл эсинде сакталар.

Мен көз жумсам, жарык дүйнө соо калар,
тыным албай жер өз огун айланар.
Тамак ичип,
эмгек кылып,
жер басып
соо жүргөндөн артык бакыт кайда бар?!

***1961***



## КОШОКТОР

I

Бактысыз күн капыс келди, бат келди.
Агам өлдү. Туура отуз бир жашта өлдү.
Ачуу күйүт ичимди өрттөп эңшерди.
Ыкыбалым шарт төгүлдү, бөксөрдү.

Ийип турган булак көзү бүтөлдү.
Тийип турган аптап өчүп, түн келди.
Башка эл үчүн кайдыгер бир киши өлдү,
а мен үчүн өзүнчө бир дүйнө өлдү.

Жигиттер көп ага жашташ курагы,
адамдар көп андан ысык ыманы,
азамат көп андан жакшы кыялы...
Бирок мага алмаштырат ким аны?

Мен шаардан кимди тосом сүйүнө?
Мен айылда кимдин барам үйүнө?
Санаркатып кимдин кирем түшүнө?
Эми кимди сагындырам күнүгө?
Оо, оңбогон
опоосу жок
дүнүйө!

II

Күргүштөп, тегеренип, иримденип
суу жаман – үрөй учат түрүн көрүп.
Мен сени таппай калдым бүгүн келип.
Жатасың айлампанын түбүндө өлүп.

Чыгарып өлүгүңдү алуу үчүн
чогулуп айлыбыздын эли бүтүн
чаалыгып болду убара эки күнгө.

Сен өлдүң. Эми мага бирдей эле
жатканың жер астында, суу түбүндө.
Мен айттым: «Убаранын кереги не,
калсын ал кашка суунун тереңинде».
Арданып чуулдады туугандарым,
калк дагы ынаган жок мага мүлдө.

Суучулдар кайра-кайра терең кирип,
бир жактан кыл арканга орок илип
жатышты сууга салып. Суу туптунук.
А менин көңүлүм толо кара күйүт.

«Илинди!» – деди бирөө ыргып туруп,
турган эл сүйүнгөндөн дуу кыйкырып.
Башыма бир ой тийди: «Орок учу
кетти го курсагын же мурдун жырып?!»

Суу жакка даай алба терс карадым,
не кылар айла таппай кайсаладым.
«Кетти да орок кирип ичине!» – деп
буркурап түтөп-түтөп кайталадым.

Мурдуму орок учу тилген өңдүү,
кардыма орок учу кирген өңдүү
зыркырап тула боюм, ич ачышып
аядым өлүп калган суу денеңди.

***1961***

## ДОСТУК КЕҢЕШ

Сен кыйкырсаң: «Жардам, жардам!
Жардамга!»
үн кайтарбай жер үстүнөн бир жан да,
жөлөк таппай атүгүл өз жарыңдан,



горизонтчо үмүт качып жаңыдан
турганда сен
Ленинди оку –
жалын ойноп жүрөгүңдө, каныңда,
кайра келер ишенчиң да, алың да!

Кыйындар бүт калган өңдүү түгөнүп,
бул дүйнөгө батпачудай чиренип,
текеберлик майы басып көзүңдү,
адамда жок акылман деп өзүңдү
турганда сен
Ленинди оку –
тепсеп жүргөн айкөл жердин төбөсүн
бир бечара экениңди көрөсүң!

***1964***

## ӨТКӨН БИР КҮН ЭСКЕ ТҮШҮП...

Жайдын күнү канат жайып
үстүбүздө айланып
кечке дейре жалын бүркөт.
Түнү салкын.
Ай жарык.

Үч күн жатты эстен танып,
тили такыр байланып.
Үч күн жатты жан далбастап
узай албай кыйналып.
Үч күн бою бүткөн шамдай
даяр турду өчүшкө.
Төртүнчү күн.
Арaң-зорго
кылды ишарат эшикке.

Алып чыгышты.
Көздөрүн тек
ачууга араң жарады,
асманды бир аянычтуу
айландыра карады.

Асман тунук,
асман тунук,
асман тунук, туптунук,
тоо башына барат жылып
жалгыз булут, ак булут.
Жарык дүйнө көз алдында
тегеренди кулпуруп,
жалыны өчкөн көздөр гана
турду тилсиз кыйкырып:

«Тоолор башы,
тоолор башы
көйкөлгөн көк шибердүү,
тоолор башы, садагасы,
кантип кыям силерди?!

Жолдор, жолдор,
жаркын жолдор,
үстүңөрдү чаңдатып
басып жүргөн,
басып жүргөн
баа жетпеген зор бакыт!

О күн нуру!
О күн нуру!
Ушу сенден айрылуу
кандай гана,
кандай гана,
кандай гана кайгылуу!..



О адамзат! Адам заада!
Билбейсиң сен тирүүңдө
кандай сонун,
кандай сонун,
кандай сонун бу дүйнө!!»

А эртеси кайран апам
калды жердин түбүндө...

***1964***

## ЖАЗ

Жаркырайт так төбөңдөн күн күлүңдөп.
Капыстан шатыр-шутур өткүн келет.
Көк мейкин. Жылуу жамгыр. Шүүдүрүм чөп.
Туйлаган кулун болуп кеткиң келет.

Булайып булут көчөт, булут көчөт,
ээрчитип көлөкөсүн салкын төгөт.
Сыдырым. Торгой ыры. Чырымтал чөп.
Чалкаңан ойсуз, камсыз жаткың келет.

Көпкөк түс көзүңдү арбап чар тараптан,
түркүн жыт аптыктырып мурдуңду өрдөйт.
Жашаң жер. Жашыл дүйнө. Чаңкай асман,
бир гана өлгүң келбейт, өлгүң келбейт!

***1964***

## ЫСЫК-КӨЛ

Ысык-Көл. Жакшына көл. Көгүш. Сулуу.
Парс окшойт ага бир ыр багыш кылуу.
Дөбөдө трусычан туруп алып
издеймин эл айтпаган салыштыруу.

Үстүмдө көмкөрүлүп кулабастан
көгөрүп асманга окшоп турат асман.
Табалбайм. Башым катат. А көл жатат
эч кимден салыштыруу сурабастан.

Жээгине түшүп келдим. «Дилде сыңар
асыл баа салыштыруу кумда чыгар?»
Жатыптыр кум үстүндө магдырашып
даңкайган саны жоон ургаачылар.

Көл бетин сыдырым жел сылап турду.
Мен дагы көлдү санап ынак курбу:
«Салам!» – деп акындарча көйрөңдөнсөм,
мелтиреп көл унчукпай уят кылды.

Ишенип акындардын айтуусуна,
кызыгып ырлардагы ак куусуна
келдим да, реалдуу көлдү таптым.
Кириндим киргили жок шор суусуна.

***1964***



## КҮЗ МААЛЫ

*(Көлдүк кыштагында)*

Тоо чөбү саргыч тартып калды жатып.
Төгүлдү саргыч ыраң аңыздарга.
Саргайды сар андыздар кайгы басып.
Саргайды суу бойлогон камыштар да.

Жаңгактын самсаалаган көркү сары.
Сапсары сөгөт-талдын бутактары.
Теректин жез сыңары барки сары.
Сай сары. Тоолор сары. Токой сары.

Табият өңдөн тайды – болду сары.
Саргайды жадагалса кайың чыргай.
Бир гана
өрүкзардын жалбырагы
өрттөнөт сары өлүмгө моюн сунбай.

А балким, өлөр адам оюндагы
өмүргө эң акыркы аралжы үмүт
дал ушул саргаюунун фонундагы
кыпкызыл өрүкзардай турар күйүп?

***1965***

## КЕЧ КҮЗДӨ

Күн себелеп, тоолор башы тумандуу.
Күңгүрөнөт күзгү токой кыялдуу.
Кексе жаңгак ажал таап балтадан
качыр-кучур онтоп келип куланды.

Тиер замат жер да чочуп селт деди,
карс-курс сынып балатылар өксөдү.
Токой ыйлап бир перзенттен айрылып,
биздин жердин кемий түштү көркөмү.

Бутап-кыркып, устун кылып заматта,
аркан менен сүйрөттү да аны атка,
«отун даяр!» – ичтен тынып кымылдап
кыргыз кетти ырдап кыштак тарапка.

*1965*

## ТОКОЙЧУНУН ТАМЫНДА ӨТКӨРГӨН ТҮН

Карарып терезеде түн түнөрөт,
түн үшүп, айнекти аймап, калч-калч этет.
Капчыгай шамал үйлөп күңгүрөнөт.
Жыпжылуу мен ичинде жаткан төшөк.
Шуулдайт жаңгак токой азап күтүп,
шуулдайт салмак менен, дүмөк менен.
Шуудурап жалбырактар жатат түшүп,
мен аны угуп жатам жүрөк менен.
Күркүрөйт шамал күчөп кезек-кезек,
бутактар кычырашат алда кандай,
каргалар чочугандан «карк! карк!» этет,
уюлгуйт жалбырактар кар жаагандай.
Толтуруп эс-дартыңды коркунучка,
капчыгай карт токоюн гүүлдөтөт.
Ит улуйт. Ал улубас жакшылыкка.
Улушу бүткөн бойду дүрүлдөтөт...
уңулдап сур учурган түн койнунда
уйкуга кеттим чөгүп... Бир оокумда
мен чочуп... жымжырттыктан ойгондум да,
таң калдым... терезенин кыроосуна.



Тыңшадым. Дүйнө тымтырс. Эшик жакты
карадым басып барып, терезе ачып:
акыркы жалбырактар түшүп жатты
биринчи жааган карга аралашып...

*1965*

## КАРАГАТ КӨЗ

Ийрилет чер токойду аралап жол,
ал жолдун жакасында карагат мол.
Көп жүрдүк карагатты бирге терип,
мен кеттим, карагат көз, саламат бол!

Кетерде асман жамгыр бүркүп ийди,
жамгырга карагаттар бүт кирди.
Сууланып көздөрүң да карагаттай,
суулады ысык жашың кирпигиңди.

Мен жүрөм шаар паркын аралап жай.
Сагынчым ашып-ташат мага батпай.
Элестейт карагаттар көздөрүңдөй,
Көздөрүң жамгыр жууган карагаттай.

*1965*

## БӨБӨК

Апасы уул төрөп берди маган.
Жаны анын – үлбүрөгөн бир байчечек.
Өзү анын – бир кызыл эт ылжыраган.
Аны азыр укпайт дешет, көрбөйт дешет.

Биринчи жатып ичер келди маган.
Суу кылып улам-улам жалаягын,
ал уктайт күн-түн дебей. Мен кубанам.
Тирүү жан! Быш-быш этет! Ананайын!

Кайдыгер элдин берген баасына да,
калбалуу дүйнөдөн да жок кабары.
Сезилет жашоо даамы азыр ага
бир гана сүтү болуп ак маманын.

Күн сайын карарганcып кашы барат.
Ачылат аздан кийин көз, кулагы.
Карасаң анан бир күн: басып алат
ыргалып жаңы чыккан чөп сыңары.

Талпынып там-туң басат тоону карап.
Жер катуу. Дымак тоодой. Басуу кыйын.
Жыгылып, башы менен таанып алат
калдайган кара жердин катуулугун.

Мен ага аюу берем кара баркыт.
– Сындырбай ойно! – деймин берип жатып.
– Ал дароо чуусун чубайт жара тартып -
ичинде эмне барын көрүүгө ашык.

Ал үчүн бардыгы сыр жер бетинде,
чарчабайт сыр түйүнүн чечемин деп.
Ал жашайт табышмактар дүйнөсүндө,
ал жашайт жандырмактар мекенинде.

Жүгүрөт утур тосуп келечегин
өрөпкүп, шаттык күтүп, күлүмсүрөп.
Билет ал кайгынын да бар экенин,
ачат ал сүйүүнү да биринчи ирет.

Аталык салтын кылып наалып кирем,
какшанып акыл айтам, кайрат айтам.
Бирок ал мен айткандын баарын түгөл
бир өзү ачып чыгат кайра баштан.



Ал азыр уктап жатат тонго оронуп,
тыбырап, сереӊ-сереӊ кыймыл этип.
А тышта турмуш кирген дайра болуп
күркүрөйт түбүнөн таш күлдүрөтүп.

Ал менин кубанчым да, мурасчым да.
Ага мен кандай мурас калтыра алам?
Арийне, карк кыла албайм аны алтынга,
бере албайм сарай куруп жаркыраган.

Балага өмүр бердим күн астынан.
Эми ага ак-карасы каршылашып
жашаган дүйнөнү мен мурас кылам.
Ал өзү алсын ачып, алсын ачып.

***1965***

## РЕВОЛЮЦИЯ

Ким айтат Революцияны арыды деп?
Ким айтат Революцияны карыды деп?
Революция дайыма жаш.
Карылык – тап душманы. Ал жек көрөт.
Революция дайыма жаз.
Кышында да жаз болуп жайнап келет.

Баррикада!
Революция тамызган канын сага.
Кереӊ түрмө!
Кереӊ түрмө!
Революцияны таш койнуна бекем кысып,
буюрдуӊ мөөнөтү жок карантинге.
Бирок тытып чынжырын карантиндин,
Ильичтин көзү менен өткүр карап,

Зимнийди[1] туш тараптан штурмалап жүрөгүн
жара салган
каран түндүн.
Европа!
Фашизм кежигеңе тутуп балта
турган чакта
өлүмдөн Революция калган сактап.
Карт Азия!
Карт Азия!
Мүңкүрөп, кайгы басып жатканыңда,
карт денеңе Революция кайрат берип
кайырган кайра сени жаш чагыңа,

Ким айтат Революцияны арыды деп?

Эгер аны муз менен каптатышса,
муз алдынан суу болуп ага берет.
Эгер аны кар менен бастырышса,
карды тешип, чөп болуп чыга келет.
Эгер аны тонналаган жалган менен,
тонналаган террор менен, кандар менен
бастырып, өлтүрөм деп думуктурса,
ал өзү
тереӊ-тереӊ жашынат да,
байкоостон
вулкан болуп
атылат да,
сакалы өсүп
сапсайып
тоо башынан
түшүп келет.

[1] Зимний – Кышкы Сарай жөнүндө сөз болууда.



Ким айтат Революцияны карыды деп?
Боордош партиянын съезддери атылат
«Аврораныn» залпы болуп.

Революция ракета минип алып
космоско атып кирет. Нуру жарык!
Революция адамдардын баштарына
ракеттей атылып кирет дагы,
кыйратат буркандарды үтүрөйгөн
кыйраткандай
динамит
зор асканы.
Билгиӊ келсе,
бүгүн мына
Революциянын айбаттуу кыйкырыгы
жаңырат менин жапжаш үнүмдө да!

Ким айтат Революцияны карыды деп?

Революция дайыма жаш.
А жаштын бийлиги жок,
байлыгы жок

болсо да, келечеги алда болот.
Революция дайыма жаз.
А жазды, кана, кимдер тушап коёт?

Турмуш өзү көтөрүп кызыл тууну
эч бир күч токтото албас үйөр сындуу
революция болуп
күркүрөп
агып келет!

Ким айтат Революцияны карыды деп?

***1966***

## КЫШКЫ КАЙЫҢ

Жабышып көгүш карга көлөкөсү,
шактарын ак күп мисал бубак чалып,
кыймылсыз кайың турат – кебетеси
тик каткан өлүк дене сыяктанып.

Чынында кайың тирүү. Ал уйкуда.
Шыкалып үмүттөргө мунарланган
түш көрөт. Түшүндө анын – кайың турат
көгөрүп, жаз жытына кумарланган.

Аңгыча желип өттү жел ыркырап.
Ошондо кайың өзү чукуранып,
шактардан үмүттөрү тыбырчылап
кетти да...
бирок жатты түшү уланып!

***1966***

## БУЛБУЛ, ДЗЕРЖИНСКИЙ ЖАНА ТОТУ КУШ

**I**

Булбул!
Булбул!
Боз чымчык ал
короолудай кичине,
бирок өзү бой тумардай
көп сыр каткан ичине.

Жашарганда жазда дарак
жалбырактар саймалап,
Булбул өзү тили таттуу
ораторго айланат.



Трибунасы – жашыл бутак.
Жаз убагы – жаркын бир чак!

Булбул сайрайт,
Булбул сүйлөйт
кагазы жок кашында,
какшаганда окшоп кетет
каражаак акынга.

Жашыл барик, наристе жыт,
көпкөк асман, салкын бак...
Булбул сайрайт өз күүсүнөн
бүткөн бою балкылдап.
Ал унутуп өзүн өзү
безеленет жан үрөп,
күүлөр анын алкымынан
күн нурундай төгүлөт...

Кызый-кызый эргигенде,
күүгө жаңы көлбүгөндө
жүгөрүдөй жүрөгүн түк
аяп койбой күжүлдөйт,
күжүлдөсө, бүт денеси
жүрөк болуп дүкүлдөйт.
Сайрай берип,
сүйлөй берип,
күкүм жанын
күүлөй берип,
кан тебими туйлагандан
кагып турган дүкү-дүк
жүрөгү чарт жарылат да,
кулап түшөт топ этип!..

## II

Дзержинский!
Дзержинский!
Революционер жаасы катуу, эрки бек,
Жебедей түптүз, баладай чынчыл, ак жүрөк.
Жашырбай айткан жаманды дайым жаман деп,
айныбай айткан жакшыны дайым жакшы деп.

Жактырганын жан-дили менен жактырган!
Жек көргөнүн жан-дили менен жек көргөн!

...Жыйырманчы жылдардын аяк чени.
Улуу таймаш уктатпай кең өлкөнү турган кез.
Күрөш, күрөш кайда барсаң:
күрөш менен чаалыгып күндөр батып,
күрөш менен кыйкырып таңдар аткан!
Карапайым калайык күйүп-жанып,
каржалганча күч үрөп, чымырканып,
убактылуу унутуп кайгы-зарын,
журтчулуктун жаңы бир пайдубалын,
кан менен тер ичинде куруп жатса,
кайсы бир көсөм сыңар мыкчыгерлер,
карандай кепке күчү чыккан эрлер
кунарсыз сөз дайрасын ташкындатып,
курулуп жаткан коомду куруу жайын
курулай жатып алган талкуулашып...
Ошондо жалбырт-жалбырт күйүп жаны,
Революциянын ыманы ысык рыцары
кеби менен кетмен чапкан чечендерге
каары кайнап ордунан атып туруп,
трибунага туйгундай учуп чыгып,
мартен печтей оозунан жалын чачып
сүйлөп жатып...
Дзержинский,



Дзержинский!
Булбулдун бир түгөйү,
жалын чачып сүйлөп жатып
чарт жарылган жүрөгү!..

## III

Азыр да ораторлор аз эместир.
Алардын бири – мына!
Бул оратор
сыртынан салабаттуу азамат бир!
Кенедей да кемтик жок бой-сынында,
жарашык бар кымбат баа костюмунда.
Жарк десе прожектордун жарык нуру
жалтырайт карга канат калың чачы,
кулпурат кыргоол куйрук галстугу!

Трибунага турат ал өбөк салып
туурдагы тоту куш сыяктанып.
Карап койбой калдайган жыйналышка,
каадаланып кагаздан окуп атат
башкалардын жазганын бир калыпта.
Окуп атат. Салмактуу өзүн кармайт,
эргип кетпейт эч качан, кызууланбайт,
каарланбайт, кубанбайт, кыжырланбайт.
Көпчүлүктүн көңүлүн даарыбаган,
жадатма бир жамгырдай дабыраган
салкын-сыйда баянын сайрай берет,
арпасы бар акырдан баш албаган
ат сыяктуу сөз чарын чайнай берет.
Бир карасаң көрүнөт түсү бөлөк:
Холодильник сыңары мисирейет.
Бейпил ичи музга чылк толуп турат,
белен-даяр текстти окуп атса,
ысык сөздөр оозунан тоңуп чыгат!
А жүрөгү болк дебей бир мертебе,

акырын-жай агымда согуп турат.
Мисирейген оратордун
жүрөгү муз, өзү кыш.
Кышта булбул кайдан болсун?
Бул оратор – тоту куш!..

## СҮЙҮНБАЙ ЭРАЛИЕВГЕ

Бала чакта
балапан көгүчкөндөй сонун элем,
көгүчкөндөй баарына тегиз жагып,
көгүчкөндөй момоюп момун элем;
тар өтүктөй тартипти кийип алып
түз жүрчү элем
жазылган эреженин жолу менен.
Жүрчүмүн айткан сөзгө жетелетип.
Ансайын мугалимдер көкөлөтүп
макташчу: «Бала мыкты өтө!» – дешип.
Коңшулар өз балдарын баш бербеген
урушчу,
мени аларга мисал этип.
Жүргөндө мактоо сөздү көрүп байлык,
кичине дүйнө мага кылып тардык
жаштыктын тунгуч күнү күркүрөдү;
чырмооктой бек чырмаган
тартиптер
тар өтүктөй кысты мени;

аңгыча радуга көркүн алып
кулпурган кызыл көйнөк кыз сыңары
кылактап
бактым менин
чыкты бери.



Ошондо
ачылып эки көзүм,
карап алып өзүмө-өзүм
кысылып жүргөнүмдү түшүндүм да,
тартиптин торлорун чарт тытып салып
түкүрдүм да,
кубалап кеттим бакыт-таалайымды.
Бардык эл терс бурулуп, наала кылды:
«Бала ушубу мактаган тилди жыртып?!»
Коңшулардын балдарынын
менден улам тешилген кулактары
калды тынчып.
Байкуш апам жалбарды: «Кел бери!» – деп,
атам сөктү: «Түз баскын, безери!» – деп,
мугалимдер чакырды тартибине...
Бирок мен кулак салбай эч кимине,
кыйкырдым өз бактыма: – «Токто! Токто!»
Ал качты горизонтко.
Мен дагы сая түштүм.
Ал ансайын
арылап горизонттой бара берди,
түндөсү жарык оттой жана берди.
Ошондо ого бетер намыстандым,
кубалап горизонтту алыс бардым,
өрмөлөп татаал таш-жалаңын,
жылдардын ашып өтүп аскаларын
чаалыктым
чаалыктым
кулачудай алга бассам...
Бирок да кууп жетип
кармадым жарык отту,
токтоттум горизонтту,
токтоттум өз бактымды,
бошоттум керт башымды
көөнөргөн көз караштан,
эски салттан.

Кыргыз поэзиясы,
мен сенин эшигиңден кирген кезде
атайлап салам эске:
көгүчкөндөй момойгон пейли жакшы,
көгүчкөндөй баарына текши жакчу,
көпчүлүктүн катарында кошо жүрүп
же ылдыйлап кетпеген өтө төмөн,
же кетпеген өтө бийик көтөрүлүп
тартиптүү балаң болбойм.
Жашасын безерилик!

## БИР ДОСУМ БАР...

Бир досум бар – жайында акыл-эси,
беш сөз айтса мамындай эки сөзү:
«Бирөөлөргө көп тиет жакшылыгым,
бирок кайтпайт бир дагы акыбети».

Андан-мындан аңгеме кылса дайым,
билем анын мындай сөз кыстарарын:
«Баягыда мен аны колдоду элем,
билбей кетти ошону кысталагың».

Өтөп койсо милдетин башындагы
көрүнөө көп кыйкырып төш урмагы.
Жакшылык деп түшүнөт жадагалса
айлык алып аткарган ишин дагы.

Бир сом алсаң сен андан карыз сурап
бир заматта шаарга жайып чыгат.
Жасап койсо чын эле бир жакшылык
түгөтө албай көп жылга тарых кылат.



Пайда көрсө бирөөдөн эки кучак
бир күн өтпөй баарын тең бүт унутат,
Бирок өзү бир чымчым жакшылыгын
унута албай кыйналат, ичи бышат.

***1968***

## МЕН БЕШИКТЕ ЖАТКАНДА

Атамын аты келет таш кыяда
акактап, от чыгарып такасынан.
А бирок аны минген атам эмес,
айылдын атка минер бир кишиси.

Артынан, кулак жактан бурулдаган
арактын жытын сүйбөй келаткан ат
бурулат биздин үйгө адатынча,
Жыт ээси чабат аны баштан ары.

Каптады тийген Айды кара булут.
Караңгы. Түн караңгы. Үй караңгы.
Апамдын көңүлү да Ай сыңары
көмүлдү караңгы бир кусалыкка.

Бешиктин терметүүчү жыгачына
оң колун арта салып, ээгин таяп,
телмирип тиктейт апам караңгыга.
Тумандай самсып учат санаалары.

Атасы балдарынын ырысы жок,
кабылып капсалаңдын капшабына,
капыстан «контр» деген атка конуп,
түрмөнү түнөк кылып жүрөт азыр.
Калды экен кандай алда а бечара?

Бар бекен деги тирүү? Келер бекен?
Болбосо... балдар жетим калар бекен?
Апамын оюу туман, акылы маң.

Санаасы самсып учат туман сыңар,
көбүрөт коркуу сезим көңүлүндө.
Телмирет караңгыга. Жымжырттыкта
кулагы үнгө тунат чыңылдаган.

Кыйлага чыңырат үн кулагында,
Аны апам жоруп коёт: «Өлдү бирөө».
Капыстан ойго түшүп эрксиз атам,
жүрөгү шуу кысылат үрөйү учуп!

Ал дароо жаман ойдон жалтак качып,
алаксыйт сапырылган башка ойлорго.
Бешикке колун артып, ээгин таяп,
телмирет тунжураган караңгыга.

Бир чертсе «баа!» деп ыйлап бакырчудай,
думуккан кусалуу түн узун-узун.
Атасы балдарынын алыс-алыс.
Апамы арман басат зыңгыраган.

Көз жашы какшып бүткөн. Ичиндеги,
ой-санаа, күйүт-ыза, кусалыктар
атылып шуу деп чыгат деми менен,
Селт этип мен бешикте чукуранам...

***1968***



## ПОЭЗИЯ

Кайгыга же шаттыкка
көңүл көмүлөр.
Көмүлгөндө ой көлбүп,
сезим көбүрөр.
Ак көбүктөр көңүлдөн
ашып төгүлөр.
Төгүлгөндө табылса
алтын чөмүчтөр.
Кристаллга айланар
аппак көбүктөр.

***1963, 1976***

## ТҮНКҮ САПАР[1]

*(Кызыл атчандар)*

Кызарып тоого күн батып,
кыянын үстүн түн басып.
Баратат кызыл атчандар,
басташкан жоосун кыйратып.

*К а й ы р м а:*

Тунжурап айлана,
нур төгөт ай гана.
Тунук суу жылтылдап,
кызыл туу кылкылдап,
тулпарлар бышкырат,
туяктан от чыгат.

[1] Обон үчүн жазылган ыр.

Баатырлар эр жүрөк
баратат күңгүрөп...
Кекенген жоосун талкалап,
келечек күндү калкалап,
чабендес эрлер бастырат
чарчаңкы тартып чалкалап.

*Кайырма:*

Эрдиги калып соңунда,
эл жүгүн артып моюнга.
Тайманбас эрлер теминет,
тарыхтын улуу жолунда.

*Кайырма:*

Жылдыздуу түндү жамынып,
жигиттер барат чамынып.
Дүбүртү өчпөй көп кылым,
дүңгүрөп турар жаңырып.

*Кайырма:*

Тунжурап айлана,
нур төгөт ай гана.
Тунук суу жылтылдап,
Кызыл туу кылкылдап,
тулпарлар бышкырат,
туяктан от чыгат.
Баатырлар эр жүрөк,
баратат дүңгүрөп...

***1977***



## ШУУЛДАБА, ТЕРЕГИМ, ТЕРЕКТЕРИМ

Уйгу-туйгу шамалдуу күз түнүндө,
уктай албай кыйналам чоочун үйдө.
Теректери шуулдап шоокум салат,
терезеден калдайган тоо түбүндө.

Жалбырактар жабыла үн чыгарып,
жаны тынбай күйүттүү күү чыгарып,
шуу-шуу этет качырып уйку кушун,
шуу-шуу этет көңүлдүн тынчын алып.

Шуулдаба, терегим, теректерим,
шуулдасаң, эсиме келет менин:
өткөн күндүн өчүңкү элестери,
өмүрүмдүн өкүттүү белестери.

Шуулдаба, терегим, теректерим,
Шуулдасаң, ыйлагым келет менин...

Тоо койнуна кысылган кыштагымда,
там-ташы бар түзөңдүн төш жагында.
Турар эле шуулдап миң түп терек,
тигип койгон атакем жаш чагында.

Оо, мен анда бактылуу бир баламын,
оюн, күлкү, көпөлөк – уулаганым.
Уктаганым байкабай калар элем,
угуп жатып теректер шуулаганын,
убайымдуу алдейлеп ырдаганын.

Шуулдаба, терегим, теректерим,
Шуулдасаң, ыйлагым келет менин...

Каргадайдан бир өскөн моюндашып,
кайран агам экөөбүз коюндашып.
Уктап жатсак, теректер ойготчу эле,
желбиреген жел менен шыбырлашып,
жашыл көркүн жай гана шуулдатып.

Шуулдаба, терегим, теректерим,
Шуулдасаң, ыйлагым келет менин...

Апам өлүп, артынан атам ооруп,
айыкпаган дартынан каза болуп.
Ошондо да теректер шуулдаган,
коштошкондой көрүнөө капа болуп,
кошок айтып жаткандай созолонуп.

Шуулдаба, терегим, теректерим,
Шуулдасаң, ыйлагым келет менин...

Өтүп барат бул заман зуулдаган,
өтүп барат зуулдап улуу заман.
Кайрандарым, а силер жатасыңар,
терек муңун туйбастан шуулдаган.

Кадиги жок болсо да бир өлүшүм,
кайсы күнү өмүрүм түгөнүшүн,
капарга албай жүрөмүн, кайрандарым,
терек күүсүн эшитип силер үчүн.

Шуулдаба, терегим, теректерим,
шуулдасаң, ачышып каректерим,
шуу үшкүрүп ыйлагым келет менин!..

***1968–1978***



## ТҮГӨЛБАЙГА КАШКА БАШ КАЛЕМГЕР САЛИЖАНДАН

*(Юбилейлик азил)*

Турат Түкөм жетимиштин кырында,
сакалы жок жулуп алар ырымга.

Анткен менен тагдыр калыс экен ээ:
Чайлап чыккан чач бериптир Түкөңө.

Калың чачтуу азиз башы калдагай,
агарат чылк гүлгө тунган алмадай.

Арасында карасы жок, кири жок,
Ал гүлдөрдүн күбүлчүдөй түрү жок.

Айдың жаздын алма багы баштанып,
аппак чачтар көбүрөт да көбүрөт...

Аттигиниң, Түкөң мендей кашкайып,
таздын кейпин такыр кийбейт көрүнөт!

***1982***

## ЖАҢЫ СЕКЕТПАЙ

Күлгөндө күлкүң шаңк этип,
күмүштөй тишиң жарк этип.
Кашык суу мисал көздөрүң,
карая түшөт жалт этип.

Карасак капыс теригип,
кабактан капаң көрүнүп.
Кашык суу мисал көздөрүң,
калчудай болот төгүлүп.

Боёлуп көпкөк кирпигиң,
борсоюп эрдиң шипширин.
Сезимге дароо от жагат,
серпилип кашың бир чийим.

Көчөдө бассаң кылтылдап,
көмүрдөй чачың жылтылдап.
Көңүлгө салат көп булук,
көкүрөк жагың былкылдап.

Капыстан карп-күрп кезигип,
катылуу сырың чечилип.
Эреркеп наздуу сүйлөсөң,
эт жүрөк кетет эзилип.

Жакшына бүтүп сүрөтүң,
жайдары бүтүп мүнөзүң.
Жарашып мааниң шаанине,
жаркылдай басып жүрөсүң.

Суйсалсаң сыртта көк кийип,
суктанып карайт көп жигит.
Көп чыкпа, жаным, көчөгө,
кетпесин сага көз тийип!

***1984***

* * *

Айткан элем мажнун чакта сага мен:
«Апаң сени бир мен үчүн төрөгөн».
Айныбаймын ал сөзүмөн дале мен:
Жалгыз мага жаралган бир жан элең.

Сага тушташ көз жарган көп кишиден,
сага жашташ жалпы балдар ичинен,
жалгыз сага жар болууга, а балким,
бу жалганга келгендирмин ушу мен.



Баягыда баш кошкондо экөөбүз,
бассак-турсак балатыдай кош-эгиз.
Бир жагынан пейлибиз да бап келип,
болбойт беле турмушта бир гөзөл иш.

Жагыныштуу азил айтсам жаркылдап,
жаңырыктуу сенин күлкүң шаңкылдап.
Бирди-жарым коога түгүл, көр жеме,
биздин үйгө башбаккандан тартынмак.

Жан эркем ай, жарым болсоң эгер сен,
өмүрдөгү өтүп далай белестен.
Көр оокаттын көп түйшүгүн экөөлөп,
көтөрмөкпүз кабак-кашым дебестен.

Уул тапсак, кут түшкөндөй кудуңдап,
кыз болсо деп кийинкисин утурлап.
Басып жүрсөк балдар аман, баш аман,
бакыт бизден качып кайда кутулмак?

Бирок тагдыр төлгөсүн терс таштады.
Анда менден артык көрдүң башканы.
Байкаштырсам бак-таалайга тунган жок,
бай үмүттүү ак никеңдин арт жагы.

Көрүнгөн кыз аркасынан сүйрөлүп,
көпкө жүрүп, алдым мен да үйлөнүп.
Андан бери аламандап келемин,
Опоосу жок оомал-төкмөл күн көрүп.

Кайран жаштык кайра жанса жаңырып,
калсам эгер кайра сага кабылып.
Эч бир жанга ээлеттирмек эмесмин,
эркем, сени ээрчисем да ак уруп.

Өмүр-дайра аркасына агылып,
өзүң кайра калсаң мага кабылып.
Балким, сен да барбайт белең башкага,
менин ысык мээримиме багынып?

Бирок жаштык колдон кумдай төгүлдү,
калды чөгүп көл түбүндө көгүлдүр.
Бушаймандуу чындык ушул: чиркин ай,
бу жалганда жашоо жалгыз, өмүр бир!

Атаганат, «аркы дүйнө бар» деген,
анык болсо, арзып жүрүп анда мен.
Сага жетип, кошо тартып тозогун,
бейишине кирбейт белем сен менен.

Өксөп-өксөп ыйлайт белек бул жерде,
өлбөй тирүү күн астында жүргөндө.
Экөөбүз тең оңбогондой жаңылып,
эки бөлөк өксүк өмүр сүргөнгө.

Бирок мунум – кур кыялда күйгөн от,
«Тиги дүйнө бар» деген сөз – бир жомок.
Бушаймандуу чындык ушул: чиркин ай,
бу дүйнө бар, мындан башка дүйнө жок!

Жалгыз дүйнөм жапжаш бойдон кулпурат,
жалгыз күнүм кеч бешимдеп түнт турат...
Артын эстеп, алдын тескеп өмүрдүн,
аз-аз калам ыйлаганга буркурап.

Чымырканып башка түшкөн шорума,
чыгат окшойм тирүүлүктүн соңуна.
Өмүр кайра жанбасына өкүнүп,
арман кылып а дүйнөнүн жогуна.

***1984–1985***



## АККАН СУУДАЙ, КАЧКАН КУШТАЙ

Аркыраган аппак дайра
агып барат батпай сайга.
Аласалып кеткен бойдон
аркасына кайтпайт кайра.

Кирип-ташып, кайра тынып,
киргил тартып, кайра тунуп
өмүрүм да агып барат
өз сайында алдас уруп.

Агат дайра, агат суулар,
агат айлар, агат жылдар...
Аккан өмүр кайра жанбайт,
аркасында калат муң-зар.

Жашылынан тайды бактар.
Жаайт, жаайт жалбырактар.
Кайтып барат каркыралар,
кайтып барат карлыгачтар.

Жалбырактар арасында,
карлыгачтар канатында
качты менин өмүрүм да
кайгы салып ой-акылга.

Жаз жаңырса, бак көгөрөт,
жазда куштар кайта келет.
Кайта жанбайт өмүр гана,
кайтпас сапар тарта берет.

Агат дайра, агат суулар,
агат айлар, агат жылдар...
Аккан өмүр кайра жанбайт,
аркасында калат муң-зар.

***1981–1985***

## КЫТЫГЫЛУУ КЫСКА БАЯНДАР

I

Баягыда балкардын улуу уулу
Кайсын акын кыргызда жүрүп кеткен.
Ал бир күнү Пушкинди асмандатып
мактап атса, айтыптыр биздин Мидин:
– Пушкин. Пушкин дейсиңер, Пушкиниңер
ортосаар ыр жазган байкуш экен,
окуп көрдүм мен анын кыргызчасын.

II

Улуу уруш бүткөндөн саал кийин
Ахматова, Зощенко официалдуу
«төө бастыга» алынып турган чакта
кыргыздын бир сынчысы кыйынсынган
чыгып алып кайсы бир жыйналышта,
аксымданып асылып адилетсиз
айткан экен акаарат Зощенкого.
А сынчыга эртеси кезиккенде
кер какшыгын Райкан жылдырыптыр:
– Заар чачып кечээки сүйлөгөнүң
Зощенкого жетиптир түгөл бойдон.
Сага катуу таарынып айтыптыр ал:
«Башкалардан күткөмүн көп итчилик,
бирок күткөн эмесмин кыргыз боорум
итчиликке барат деп бу сыяктуу,
мага карап үрөт деп үтүрөңдөп».

III

Бир сапар баяндама жасап жатып
Байзактын аскиячы Түмөнбайы
байкабай талуу жерден чарпып кетти
балпайган Түгөлбайын Сыдыкбектин.
Тымызын тырчый түшкөн Түгөлбайы
сөз алып кезегинде, кекээрледи:



– Түшүнсөң, Түмөнбайым, баяндамаң
кунарсыз кымырандан супсак чыгып,
шылдырап көк кашка суу болуп калды!

Түгөлбай сүйлөп бүтүп түшөөрүндө
Түмөнбай бакылдады шапалактап:
– Койдуңуз коюу сүйлөп, Түгөлбайым,
Сөзүңүз былтык ботко болуп калды!

IV

Бир күнү машиначан мага келип,
Окейдин Төлөмүшү кылды буйрук:
– Келебиз тоого барып, жүрү, кеттик!
Мен айттым баргым келбей ыңгыранып:
– Барганда аякта биз не кылабыз?
Ошондо купшуңдады Төлөмүшүм:
– Ташына капчыгайдын көчүк басып,
тааныган кишилерди катарынан
жамандап боктой берсек, акырында
сен менен менден башка эстүү-баштуу
бир адам калбай калат калаабызда!

*1983–85*

## ӨМҮР ӨТТҮ...

Өмүр өттү өрөпкүп, өмүр өттү,
өрөпкүгөн өмүрдүн көбү кетти.
Өттөн ачуу өкүнүч көп төгүлүп,
өчүп-өчүп өксүдү көңүл өртү.

Барк албапмын бапырап күн өткөнүн,
байкабапмын жаш чагым зыр эткенин.
Кайнар булак сыңары ийип турган,
калды, мына, тартылып дымак-демим.

Кайчылашып кайгысы бактысына,
жуурулушуп жаманы жакшысына.
Ойсурады көп өмүр орундалбай,
ойлогондун ону эмес, жартысы да.

Өлчөмүнөн өйдө-ылдый кемип-толуп,
өтүп кеткен өмүргө кейип коюп.
Өтөөсүнө чыкпаган үмүттөргө,
өзүм жүрөм тирүүлөй бейит болуп.

Сая түшпөй артынан бир өнөрдүн,
сай ташындай быркырап үбөлөндүм.
Өткөнүнө өмүрүм өмбүл-дөмбүл,
өзөлөнүп кимди мен күнөөлөймүн?

Табиятка акым жок таарынгыдай:
Талант, зээн, мээримдин баарын Кудай
ушу мага бүкүлү берген экен,
упуратпай майдалап таарындыдай.

Эч жөнүм жок эл-жерге өпкөлөөргө:
Эркин өстүм өркөнү өскөн элде.
Кенен алды керт башым мүмкүнчүлүк,
көпчүлүктөн көгөрүп көктөгөнгө.

Кастар тигип каршыккан өзгө бирөө,
өксүткөн жок өмгөктөп көз көрүнөө.
Өзүм гана, бир өзүм күнөөлүмүн,
өмүрүмдөн өнүмсүз өткөнүнө.

***1986***



## СЕН ЖӨНҮНДӨ

I

Түндө менин
түшүмө кирдиң.
Көйнөк кийип жүрүпсүң көгүш-гүлгүн.
Эл көп экен жанында. Мени көрүп
бетиңден гүл ачылды – жайнап күлдүң.
Түндө менин түшүмө кирдиң.
Күлдүң дагы, кайрадан кабак түйдүң,
«эми менин тапканым башка» дедиң,
«кечиктиң» деп таарынып өпкөлөдүң,
мен ишенбей көзүңө карап күлдүм.
Түндө менин түшүмө кирдиң...

II

Бу түш өзү мен үчүн кокус эмес,
сенин көңүлүң бирдеме туйса керек,
жүрөгүмдүн черинде уктап жаткан
махабатым ойгонуп турса керек,
кар алдына басылган сезимдерге
келсе керек жаз айы нур себелеп...

III

Жолукканда адамдар күлүп сага,
мээрин төгүп сый-урмат кылышса да,
төбөсүнө көтөрүп жан досторуң
эркелетип, бөпөлөп турушса да,
баары бир сен жетимсиң
бу дүйнөдө,
баары бир сен жалгызсың
бу дүйнөдө,

эгер сени түшүндө күндө көрчү
жер үстүнөн бир киши табылбаса,

эгер сени алыстан ичи элжиреп
кусаланып, саргайып сагынбаса!

IV

Кылактап көйнөк кийип көгүш-гүлгүн
түндө менин
түшүмө кирдиң...

## АДАМЗАТТЫН ЧЫНАРЫ

Бала чагым. Отурсам жымжырттыкта
кулагыман угулат чыңырган үн.
Айтсам аны, дейт апам: «Өлдү бирөө».
Такып сурайм: «Ким өлдү? Өлдү кайда?»
Апам мага жай гана баян этет:
«Адамдардын дүйнөдө тирүү жүргөн
жан-арбагы жалбырак сыягында
шактарына илинип алп чынардын
тура берет дирилдеп өлгөнүнчө.
Күнү бүтсө бирөөнүн, жалбырагы
күбүлөт да чынардан, ылдый кулайт
жолду ката урунуп бариктерге.
Жан-баркине жалбырак урунгандын
кулагынан үн чыгат чыңыргандай».

Учкул кыял бала элем. Дароо гана
көз алдыма жарк этип чыга келет
чынар терек дүпүйүп көк мелжиген,
бариктерге көмүлгөн баштан-аяк.

Айтканынан апамын кыялымда
шамдай жанган элеси алп чынардын
өмүр бою келатат өчүп калбай.



Адамзаттын дарагы! Сен турасың
асман челип, чачырап чар тарапка,
баштан-аяк басылып бариктерге.
Сени каптап, аралап ичи-койнуң
замандардын шамалы жүрүп өтсө,
жалбырактар – жандары адамдардын
дилдир-дилдир силкинип шуу-шуу этет;
кээ бирлери кертилип шактарынан,
даарып өтүп далайын бариктердин,
тирүүлөрдүн кулагын чуулдатып,
жамгыр мисал самсаалап жаап турса,
жаңылары жамырап бөртүп чыгат.
Жалбырактар жыл сайын сан арттырып,
закымданган замандын шамалынан
жай термелип, шуулдап бир калыпта
шарпылдаган деңизден шоокум салат.

Адамзаттын чынары! Ушул азыр
даркан дарак тамыры сыяктанып
соймоң-соймоң чачырап чартактаган
чагылгандын түз-сынык жебелери
катып калган боюнча кыймылдабай
коркунучтуу салаңдайт так төбөңдө.

Адамзаттын дарагы! Жерде жүргөн
эссиз ээси кайсы бир баригиңдин
жан киргизсе жанагы чагылганга,
жебелери атылып сага тиет.
Жалбырагың жалбырт дейт жапырт бойдон,
шак-бутагың шылынып куйкаланат,
калат күйгөн сөңгөгүң дүңүрөйүп.

Адамзаттын чынары! Табияттын
кырсыктары кыйчалыш өтсүн сенден!
Пенделердин мээсинен, мээнетинен

жамандыкка жаралган чагылгандар
чарт жарылып үстүнө согулбасын!
Күнү бүткөн баркиңди күбүп-төгүп,
жаңыларын жайнатып жамырата,
закымданган замандын шамалына
көк-жашылдуу көркүңдү шуулдатып,
тура бергин түбөлүк эсен-аман.

***1982–86***

## ЫР КОТОРУУ УБАРАСЫ

Башкырттын турпагында турган эле
басылып ак гүлдөрдүн туманына
барпагай моюлдардын калың багы.

Ажайып чечек аткан а моюлдар
айтылуу Мустай Карим ырлары эле.

Арбалып ак бадырак гүлдөрүнө,
Аптыга маашырканып шаанисине
Мустайдын моюлдарын биздин жерге
мүңдүрбай көчүрсөм деп шымаландым.

Абайсыз доо кетирип албайын деп
түптөрүн терең көөлөп, кенен казып,
түшүрбөй тутумдашкан турпактарын,
тирүүлөй тамырларын сууруп алып.
Көбүктөр ташыгансып этияттап
көтөрүп гүлгө тунган моюлдарды
кыргыздын кыртышына алып өтүп,
кызылдай кыйноо тартып кайра тиктим.

Көчүрүп көчүрөрүн, күмөнсүдүм:
«Турганда гүлдөп-бүрдөп жер которду,



Мустайдын моюлдары кантер экен?
Өксүбөй өнүп-өсүп кетер бекен?
Түмөндөп көркү түлөп түшөр бекен?»

Кайриет, кайтты мээнет акыбети:
булуттун куратарын кучак-кучак
кондуруп койгон өңдүү казыктарга
моюлдар көбүктөнүп жаңы журтта
алоолоп ак жалындай жанып турду.

Акыным! Акак таштай ыр тунугун
өксүтпөй өртүнөн да, көркүнөн да
шаңшытып шаңгыратыш башка тилде
көчүрүп гүлдөп турган бак-даракты
көктөтүп жибергенге барабар иш.

***1984–86***

## НАЗЫМ ХИКМЕТ

Курч чыккан бир
курама темир эле.
Тамырында туйлап акчу
түрк, француз, поляк каны.
(А балким, гректики дагы бардыр?)
Бирок анын бүкүлү жаны-дили
түрктүкү эле түгөл бойдон.

Чоң очоктун чокмор-чокмор
чокторунун чордонунан
кабарганча кызып чыгып,
каканактап
кызарган
темир болуп

Назым келген
бу дүйнөгө.
Жер үстүнөн өттү Назым
кызыл чоктон
суурулган
темир сымак
кызарыңкы
күйгөн бойдон.
Ыңкылаптын[1] илеби,
күрөш өртү
күйгөн көмүр
темирди кызыткандай
кайтарбастан табынан жаны-дилин
кармап турду
кырмызы калыбында.

Турмуш ага дөшү болду,
турмуш ага барскан болду.
Сойголонду дөшүдө от өмүрү
чоктоп чыккан темир мисал.
Барскан ага
балча-балч чабылганда
чачырады кыпындар
шыркыраган!

Турмуш ага
чытырман токой болду.
чытырмандын арасынан
өттү күйүп от өмүрү
чоктоп чыккан темир мисал.

Урунганда кызыл темир
урчуктанган, токойдо тоскоолдорго,

[1] *Ыңкылап* – революция.



учуп турду
учкундар
уюлгуган!

Акындын кызыл жанган кыялынан
шыркырап чачыраган
кыпындар өчпөй күйүп,
өтө бийик
көкөлөп
көтөрүлүп,
айланып жылдыздарга
көгүндө көркөм сөздүн
жылт-жылт этип
кадалып
кала берди...

Чоктон чыккан курч темирдей
кызгын өмүр өчтү бир күн
алтымыш жыл кызарып күйүп-жанып.

Бирок андан
учкундап
учкан ырлар
жылас болбос
жылдыздар
сыягында
Саманчынын жолундай созулуңку
тилкеленет жылт-жылт этип
көргөн жандын
көңүлүн аптыктырып,
көзүн арбап,
кыялын уюлгутуп!

***1986***

## ТУТКУН ЫРЫ

Тирүү жүрүш,
тирүүлөй өмүр сүрүш
бир кыйын иш оңбогондой,
түйшүгү күч,
күйүтү көп.

А бирок тирүүлүктөн
ширин,
кымбат,
бек абзел эчтеме жок.

Бу дүйнө мээнеттүү бир планета
жыргалынан куурал көп,
соодасынан коогасы көп,
катаал мүнөз, колу сараң:
адамга арзан-оңой
карматпай ырыскысын,
тарттырат тарткылыктар,
урдурат жанды жанга.

А бирок бу дүйнөдөн
сонун,
бейпил,
берешен эчтеме жок.

Мына, мен кедеңдеген
кайыл болуп катаалына,
түтүп түркүн түйшүгүнө,
куунап сейрек кубанчына
кучагында дүйнөнүн кубулжуган
узак-узак убакыт өлбөй тирүү,
өлбөй тирүү
кыбырап
жүргүм келет!



А бирок айла канча? –
заман бир дайра болсо түгөнбөгөн,
калкым бир арча болсо картайбаган,
мен бир
байкуш байчечекмин,
өмүрүм бар
байчечек өмүрүндөй.
Мен ошол өмүрүмдүн
туткунумун,
туткунумун!

Адамзат бир алп дарак бутак-шактуу,
алты миллиард жалбырактуу.
Бар анын балтайган чоң бутактары
бариктери чаап барган
жүз миллион
санынан
миллиардга.

Менин элим – бир чырпык чыпалактай
эки миллион жалбырактуу.
Көрүнбөйт далдаасынан
барикке бай
буура сан
бутактардын.

Дүйнө калкы кажылдайт канча тилде?
Айтышат: үч миң тил бар.
Бирок көбү – биттей тилдер.
Киттей тилдер – кош колдун манжасындай.

Азап тартат
адамзат тил көбүнөн.
Андан бетер мен кыйналам.
Өмүрүмдүн өзөгүн өрттөп чыккан

өкүнчүм бар, муң-зарым бар,
ыйманыман сыгылып сызып чыккан
сырларым бар, ойлорум бар,
жан-дилим жалынын жарып чыккан
жарыбаган кубанчым бар,
анын баарын айдыңдуу ыр тилинде
жаңырыктуу шаң менен шаңгыратып
адамзатка жар салып айткым келет!

А бирок айта келсем,
эне тилим жолум торойт
каргашасын катар коюп.

Чымылдыктай чыккан үнүм
тар тамында тилинин өз элимин
жаңырыктайт чабылып дубалдарга.
Мен ошол өз тилимин
туткунумун,
туткунумун!

***1986***

## МЕДЕРБЕКТИН ЭСЕНБЕГИНЕ

Эсен бол, эски досум Эсенбегим!
Соо болсун Сокулуктай мекен-жериң!
Жаркылдап жакшы жүрсүн жалгыз кызың!
Жаш жүрсүн жастыкташың татар келин!

Экөөбүз курсташ бирге окуганда,
эртелеп тууп салган козуларга
элесиң элдир-селдир окшоп кетчү,
сенден мен тың болчумун, досум, анда.



Анда мен – кантсе дагы жаш чагым да –
кай бирде калып оору капшабында.
Тарткылык тарткан менен, чыйрак элем,
тарсылдап дабыш чыкчу басканымда!

А сенин ал убакта, Эсенбегим,
аз эмес, арбын эле кесел жериң.
Жүүнү бош жүдөө чалдай жүрүшү бар,
бири элең өлжүрөгөн өчөймөнүн.

Кийин сен секин жортуп, учкай желип,
күнүнө он чакырым чуркай берип
дабаасын догдур таппас оорулардын,
далайын чыкпадыңбы чыштай жеңип.

Жыл сайын курорттордо дарыланып,
күн сайын гимнастика эмин алып.
Жүргөнүң аз келгенсип, «бокс» деген,
мушташта койгулаштың долуланып.

Анан сен йог болом деп көппөдүңбү,
аш-эттен чөп жегенге өтпөдүңбү.
Апталап суу да ичтиң! Сага, досум,
атүгүл көк жеген да көп көрүндү!

Айтору, тыным билбей жылдап-айлап,
алышып спорт менен тырбалаңдап.
Акыры демин алдың соо уландын,
элүүгө эрмешкенче жөө-жалаңдап,
эки эсе менден чыйрак болуп алдың,

Эсен бол, эски досум Эсенбегим!
Эске тут: мен өлмөйүн – эч өлбөгүн!
Энтелеп менден эрте жүрүп кетсең,
эш болот эмки мендей бечелге ким?

Эсенбек, эгер менден эрте кетсең,
эзилип сен сыяктуу эмшең-эмшең.
Ким ыйлайт мен өлгөндө? Табылбастыр,
мен үчүн мемуарчы сенден өткөн!

Менде бар эки-үч жаңы кийим дайым,
мен өлсөм, ким эскиртет анын баарын?
Чак келбейт жалгыз сенден бөлөк жанга,
чапаным, дагы башка жамынмайым.

Элейбей эшиттиңби, Эсенбегим,
экме чөп жемек түгүл, текей жегин.
Эртеден кечке чуркап өчөңдөгүн,
эптеп сен менден мурун эч өлбөгүн!

Эсен бол, эски досум Эсенбегим!

***1986***



## ТАБЕРИК КАТТЫН ТАРЫХЫ

Салижан досум экөөбүз Фрунзедеги № 5 кыргыз орто мектебинде окуганбыз. Мен экономист, ал адабиятчы болуп кетти. 1963-жылы мен Ленинградда илимий стажировкада жүрсөм Салижандан кат келди. Ысык саламы, анан жазган ыры бар экен. 28деги кезибиз, ыры чылк романтика. 61 жыл бою аны сары майдай сактап келиптирмин. Жаңы китебинин кабарын угуп, ага сунуш кылдым. Бул чынында эле мен үчүн таберик кат, таберик ыр.

***Шайлообек Мусакожоев,***
профессор, экономика илимдеринин доктору

Каным ысык
Азиянын аптабындай,
Көзүм кууш
Азиянын карттарындай.
Бетим жалпак
Азиянын таштарындай.
Жүзүм ачык
Азиянын асманындай.

Куур тондор, таар шымдар
Серт угулат кулакка.
Кош бол эми, кайран калпак!
Салам сага, шляпа!

Чылгый чарык бутка тартып,
Айгыр минбейм жулкунтуп.
Троллейбус мени ташыйт
Ботинкам да шиш тумшук.

Өркөнү өскөн элден калбай
Кылым менен жарышам.
Жүрөгүмдө жаңы сезим,
Тамырымда жаңы кан.

Оймок ооз, уяң мүнөз,
Ийри буттар, кыйгач каш.
Кош бол эми, өрүлгөн чач!
Салам сага, кырккан чач!

Алда кайдан булак болуп,
Комуз кылы дилдирейт.
Бүт денемде дайра болуп,
Симфония дүңгүрөйт.

Деги эмнем кем?
Менде бүт бар
Башка элдердин белгиси.
Кош бол эми, тууган айлым,
Салам сага, Жер жүзү!

***1963-жыл.***



# Тамашалуу саптар

## ДАРБЫЗДАН ДАРБЫГАН СӨЗ

(ПАРОДИЯЛАР)

...бир дарбыз
бир күн кечке ырдайбыз.

*(Эл ырынан)*

### ДАРБЫЗДАРГА САЯКАТ

*(Сүйүнбай Эралиевге)*

**I**

Команда: «Жерге түшүү!»
Жанып-күйүп ракетте келатып
атып чыктым –
шарт ачылды парашют.
Парашют
так төбөмдө көмкөрүлгөн
боз үйдүн түндүгү бир
эсеби жок желбоолорун
салбырата тагынган,
мен – казыкмын
желбоолорго байланып,
жерге карап кагылган.
Көз иштетем ылдый кылып башымы:
ээ төмөндө
бек курчанып меридиан кемерлерин

Жердин шары жатыры.
Үстүндө Жер шарындай
томпойгон ала дарбыз.
Жер меридианы
дарбыздын  меридиандарына
кыйма-чийме чырмалышкан...
Мен келатам
галактикалык жыйналыштан.

**II**

Кашкайган тамчы болуп кулап келем.

**III**

Сайылдым дарбыз аңызына
этке кирген шприц ийнесиндей.
Чаң ызгыды бурк этип!
Маталган калыбымда
карасам айланама
көздөрүмү иштетип:
жымжырттыктан жутуп алып бир чака
дарбыз жатыр дыңкыйып.
Тоголок дарбызды боосунан мен
тартып алып, жарып салдым
топтомолок Жер шарына күрс уруп.
Дарбыздын ичке түсү
космостон эңкейиште
ракеттен шылынып түшкөн
кыпкызыл өрт таризде.
Дүр этип кыялыма бүркүлүп,
бур деди кызыл жыттар.
Дарбыз үрөндөрү –
кызыл айдоодогу
капкара чыйырчыктар.
Кара үрөндөр – ак үмүттөр
өнүп чыгат кайта-кайта



мен космоско барган сайын
мага берип жаңы күчтөр!

**IV**

Үрөндөр – эртеңки мен.
Мен – бүрсүгүнкү дарбыз.

***1969***

## СОГУШ ЖАНА ДАРБЫЗ

*(Сооронбай Жусуевге)*

Жадырап күз келгенде Ошко бардым,
жаныма бир жаш акын коштоп алдым.
Кыялай түшүп келдим сай боюна
кызыгын көрөйүн деп көк базардын.

Базардын берекеси ташып турду,
байкатпай мени өзүнө ашык кылды.
Дардайган ала чапан дарбыздарды
дыйкандар ала чапан сатып турду.

Чек уруп дарбыз боорун ойгондор бар,
чек урбай дароо гана сойгондор бар.
Атышып бирин бири дарбыз менен
ойношот дарбыздарга тойгон балдар.

Жакшы го жаш балдардын жоруктары,
алардын ойнун турду көрүп баары.
Тунжурап туруп калдым нес баскандай
эрксизден эске түшүп согуш маалы.

...Жарып жеп дарбыздарды суусаганда
жатканбыз дарбыз эккен бир талаада.

Жалп этип бомба түштү үстүбүзгө
жаңыдан баш койгондо уктаганга.

Тарс этти жерди казып, учуруп чаң,
турганча жаткан жерден учуп ыкчам
көмүлүп калыптырмын топуракка,
көз ачтым аткан чакта сызылып таң.

Көтөрүп башымды мен зыркыраган,
карасам айланама ныксыраган:
жатышат томолонуп жарык баштар,
дарбыздар баштар өңдүү быркыраган.

Турдум да топуракты араң ачып,
темтеңдеп араң басып бара жатып
аңдасам: көлк-көлк этет дарбыз суусу
адамдын кандарына аралашып...

...Бейпил кез – дарбыз менен балдар ойнойт,
биз көргөн согушту алар кайдан ойлойт?
Дарбыздар казан болгон аңыздарда
дердеңдеп ушул кезде тайлар ойнойт.

Ичинде албан улуу ой жаралган,
пенделер дарбыз эмес жолдо калган.
Бомбадан аман болсун адам башы,
дарбыз да жарылбасын бомбалардан.

***1969***



## ДАРБЫЗ ЖӨНҮНДӨ АНТРАКТ

*(Совет Урманбетовго)*

Алтын башың аман-эсен барында
базарга бар магма болуп толкуган.
Үймөк-үймөк дарбыздардын жанында
мен дарбызды союп салып олтурам.

Жарыктыктын буруксуган жытын көр
эске салган Көл боюнда жалбызды.
Рембрандт, Гойя, Гоголь, Пушкиндер
мен өңдөнүп сүйүшчү экен дарбызды.

Дарбызды мен мандаш уруп жеп жатам.
А сүрөтчү лауреат Бидструп
мен сыяктуу жерге көчүк баспастан,
жейт экен ой дарбыздарды тик туруп.

Дарбыз! Дарбыз! Кайдасыңар, дарбыздар,
качпагыла кайдагы бир чыр баштап.
Кагылайын, сүйүү жыттуу жаш кыздар,
дарбыз көрсөң өтпөгүлө кыйгачтап.

Дарбыз жеген такыр калбайт арманда,
карыбайсың дайым дарбыз көп жесең.
Дарбыз союп, жакшы тоюп алганда
мен өзүмдү Кудай менен тең сезем.

Жеп жатамын дарбыз жыты дем берип,
нысабыма болчу арачы, жан теңим.
Токтобосом, Тайдай-Кара[1] өңдөнүп
капысынан тарс жарылып кетпейин.

---

[1] *Тайдай-Кара* – Түгөлбай Сыдыкбековдун «Биздин замандын кишилери» романындагы терс каарман.

Аңыздарда арс чычкандар көшөрүп
мойсойт экен дарбыздарды береги.
Жердин астын чычкандарга өткөрүп,
Жердин үстүн дарбыздарга берели!

**1969**

## ДАРБЫЗДЫК МАНИФЕСТ

*(Рамис Рыскуловго)*

Байтал сүтүн шимирип,
баш айланып чимирик.
Икар болуп кеттим мен,
итим калды бир үрүп.

Таманыман чаң чыгып,
талбай учуп талпынып.
Өрдөп барам Жер шарын,
өркөч кылып артынып.

Миң кыялдар шыркырады,
миң ырларым буркурады.
Ичкен сүтүм иридиби,
ичим жаман куркурады.

Өйдө карап үшкүрөм,
өңгөчүмөн түкүрөм.
Кудай сындуу кыйналам,
кыян жүрүп ичимен.

Жылдыздарга жетип баш,
жылмайганда серпип каш.
Жүлүн өрттөп туйлады,
жүрөгүмдө экстаз.



Күлкүсүнөн күн кыздын
Күнгө салам ыргыттым.
Урунуп Жер жарылды
урчугуна жылдыздын.

Жердин шарын жарылган
жулуп алып жонуман,
кармап-кармап башымы
кайгы тарттым: «Не кылам?»

Тең бөлүнгөн Жер шарын
тепчип жамай баштадым.
Күн баш кыздар ыйлайт ко,
кой, эртерээк кайтайын!

Кайгым артып келатам,
каным кайнайт арашан.
Ал жарылган Жер эмес,
дарбыз экен карасам!

**II**

Мен – дарбызмын.
Жылдыздар урчугуна
урунуп тарс жарылам.
Мен – кылымдар кылдарына
илинген дарбызмын бир.
Мен – дарбыздын кабыгымын
тоотпос атом бомбасын.
Мен – дарбыздын үрөнүмүн,
өлбөй кайра өнө берем.
Укта, коон!
Укта, ашкабак!
Укта, бадыраң!
Мен – дарбызмын,
мен келатам.

III

Буга чейин мынчалык эч
мен дарбызды сүйбөгөм.
Жетет эми.
Мен дарбызга үйлөнөм!
..................................
..................................

*1969*

## ЖАЙЛООДОГУ КЫЗЫЛ ДАРБЫЗ

*(Турар Кожомбердиевге)*

Бетинде дасторкондун тамак толуп,
үйүлөт көөкөр боорсок додолонуп.
Бир жактан эт кайнаса чоң казанда,
бир жактан куурдак келет булоолонуп.

Кесеге кымыз куйду мыктап чалып,
чучукту сизге сунат тузга малып.
Аңгыча жылкычынын сур дөбөтү
акыят босогодон башып салып.

*(Т. Кожомбердиев. «Тамак ичүү»)*

От жанат коломтодо алоолонуп,
казандын түбү барат кароолонуп.
Жалындар – жандуу дарбыз тилимдери
өрөпкүйт өйдө карай тоголонуп.

Жарылган дарбыз күйөт алоо болуп,
тагылат чоң табакка жагоо болуп.
Дарбызды кертип-кертип туураганда
Кертимдер жатып калат булоолонуп.



Жылкычы өзүн унтуп, жаны жыргап
жеп жатат кертимдерди бурдап-бурдап.
Дарбыздын оттой кызыл тамчылары
оозунан тып! тып! тамат шымын булгап.

Уйчулар чоң табакка колун салып,
сугунат кертимдерди тузга малып.
Дарбыздай таргыл дөбөт ал-аңгыча
дардаят босогого тура калып.

Койчулар кертимдерди эт жегендей
жеп жатат апылдатып, итке бербей.
Ит болсо кызыл тилин салаңдатат
дарбыздын бир кертимин тиштегендей.

Кызыл от коломтодо өчүп-жанат.
Табакта кызыл дарбыз бүтүп барат.
Бир тилим дарбыз окшош ит тилинен
дарбыздын ширесиндей тамчы тамат.

*1976*

## ДАРБЫЗДАР АРАЛЫНДА

*(Омор Султановго)*

Аппак суук, аппак шамал Ысык-Көлдө,
абакем жылда дарбыз айдап алат.
Чарчоонун миңинчи ыры – күз келгенде,
дарбызды жыргап-куунап пайдаланат.

Дарбыздар аралдагы агоротто,
жатышат пижамачан ичиркенип.
Тагдырдай даяр турган жоголгонго,
кээ бири тарс жарылат үшүп кетип.

Келгиндер аман калган дарбыздарды
кырсыкка учуратып мойсоп коёт.
Жээкте жумшак басып жаш кумдарды
дарбыздай көл үстүнө тоголонот.

Келгиндер, келерсиңер эмки жылы
дарбыздар бышып кайра жарылганда.
Эгебиз биздер дарбыз жазгы турум,
аа чейин үрөндөрдү эгүү кайда?!

Келгиндер, максатым бар утурламай
силерге дарбыздан көп камдоом керек.
Болбосо дарбыз эмес ак кыялдай
көп ырды утурумдук арноом керек.

## АКЫН ЖАНА ДАРБЫЗ

*(Түмөнбай Байзаковго)*

А к ы н:
Айтчы, булак, эмне болду мынчалык,
күндөгүдөй күлкү чачкан үнүң жок?..
...............................................
Б у л а к:
Бир кыз келди ыза дилиң кыйнаган...
Бир заматта кышка айланды жайкы аптап.
...............................................
А к ы н:
Айтчы, булак, бүгүн мынча ырдайсың?
...............................................
Б у л а к:
Ал кыз келди. Жүзү гүлдөй жайнады,
аяз качты, муздар сынды быркырап...
...............................................

*(Т. Байзаков, «Акын жана булак»)*



А к ы н:
Айтчы, дарбыз, жатсаң дагы аңызда
жашыл түктүү жынжырыңа байланып
күч келтирип абдан калың кабыкка
неге мынча чатырайсың дардайып?

Д а р б ы з:
Алын сурап мага окшогон дарбыздын
маңдайыма келип турса калаадан
килейген бир чоң акыны кыргыздын,
анан кантип мен дардайбай кала алам?

А к ы н:
Айтчы, дарбыз, жерге чачып чачыла
күз келгенде кубанычка март болуп,
кайгы-күйүт түшкөн өңдүү башыңа
неге мынча муңаясың томсоруп?

Д а р б ы з:
Ай, акыным, айтсам сөздүн ырасын,
ушул өзүң алы-жайым сураган
мени союп, жеп койгону турасың,
анан анын эмнесине кубанам?

***1976***

## ДАРБЫЗЧЫ ДЫЙКАН

*(Сүйүнбай Эралиевге)*

Өткөн улуу урушта
өзүм көнүп миң ыкка,
тууган болдум кыйышпас
түрдүү-түрдүү улутка.

Кой көздөрү жылчыйган,
кош таноосу быйпыйган
самаркандык Сагаалы
болду мага бир тууган.

Өңү кыргыз көрүнөт,
өзү бирок көбүрөөк
өзүбекче кеп уруп,
өзүбекче сөгүнөт.

Агайындар көзү көк
Айтат аны: «Өзүбек».
А мен болсом шексинип
Андан сурайм бежиреп:
– Билеличи биз чынын
Кыргызсыңбы, жымшыгым?
– Жок, мен өзүм кушчумун,
укчу белең?
– Укчумун.

Билет таамай жынысын,
бирок билбейт улутун,
Улутум дейт уруусун
кушчулугу курусун!

Алыс калган эл-журту
азыр солдат эр кушчу
тынч убакта айлында
дыйкан экен дарбызчы.

Самаркандык ал кушчум
салып жоого бар курчун,
ташып жүрү баштыкта
дан-уругун дарбыздын.



Жаз жадырап нур чачса,
согуш тынса бир паска,
көтөрүнгөн уруктай
көмө берет турпакка.

– Эр болсоң да айла жок,
эмгегиңден пайда жок,
уруш кетсе алгалап,
уруктарың кор болот.

Анда кушчум үн катат:
– Карап туруп көктөмдү
кайсы дыйкан тим жатат?
Жердин куту кетпейби
жемин берип турбасак.

Сайрайт дагы Сагаалы:
– Эшит мени, Эраалы!
Жетсем бейпил заманга
Жер бетине бүт дарбыз
эгер элем мен анда!

Жадыраган жаз келсе,
жайык талаа кез келсе,
дарбыз экти ал кушчу
дал Берлинге жеткенче.

Баш калаасын немистин
камоого алып сегиз күн,
бат келсе деп Жеңиш күн
канга жуудук жер үстүн.

Тогузунчу атып таң
токтоп калды капыстан
аркы-терки чатышкан
ажаан октор атышкан.

Эреркеп май айына,
Эргул кушчу дагы да
эгип кирди дарбызын
эки окоптун жанына.

Жан экен бир өжөр-көк,
«Кой-ай» десек, кежеңдеп,
эпке келбей, уругун
эгип жатты бөжөңдөп.

Ок тийди го, сыягы,
чаккан өңдүү сар аары
чаңырды да Сагаалы,
оңкосунан кулады...

...Бахчасынан талаанын,
базарынан калаанын
дарбыз көрсөм дайыма
эске түшөт Сагаалым.

***1985***

## КЫРГЫЗЫМДЫН ДАРБЫЗЫ

*(Байдылда Сарногоевге)*

Кыргызым сен деп келемин,
кыргыз деп жүрүп өлөмүн.
Дарбыздай башым аманда
дарбызың ырдап берейин.

Ырыстуу элим, дарбызың
ыр менен көккө чаргысын.
Айылдаш өскөн жашыман
ал менин эски таанышым.



Балтыры чийдей илмийген,
баламын анда кирбийген.
Дарбызга тоюп жатарда,
төшөккө далай ... ийдим мен.

Бозолуу жерден кетпеген,
бозоймун анда көпкөлөң.
Ууздай кызга түндөсү,
уурдап дарбыз берчү элем.

Жиндилик отум өчө элек,
Жигитмин анда эселек.
Тиш каккан жеңем экөөбүз,
Тымызын дарбыз жечү элек...

Эх, дарбыз мунуң жарайбы,
Эстетип ийдиң далайды...
Эми мен кайра сени ырдайм,
Эс-көөнүм бир аз жай алды.

Аңызга барып ар качан,
Астыртан сени байкасам,
Анжиян жактык кыргыздай,
Аласың кийип бейкасам.

Жалаңгат жипке тушалып,
Жатсаң да бөтөн түс алып.
Кымпыйып бирок ич жагың,
Кыргызча турат кызарып.

Дардайган досум, сен өзүң,
Даамы бал сонун немесиң.
Кырыңан чертсем, даңкылдап,
«Кыргыз!» деп табыш бересиң.

Кыргыз деп жерге чөгөсүң,
Кыргыз деп жерден өңөсүң.
Кымбатым, сен да мага окшоп,
Кыргыз деп жүрүп өлөсүң.

***1985***

## ДАРБЫЗ ЖОК БИЗДИН ДАРБЫЗДАЙ

*(Байдылда Сарногоевге)*

Мээримим ийген күндөрү,
мен айтам сырды дилдеги:
Кыргыздын жерин кыя албай,
кыдырган жокмун дүйнөнү.

Калкымдын тартып кайгысын,
каңгырап жүрүп жай-кышын.
Атайын барып башка элдин,
ашаган жокмун дарбызын.

Бирок да айкын билем мен:
биздики сындуу килейген,
таргыл жон, татты дарбыздар,
табыла койбойт бир элден.

Чагылган өңдүү түндөгү,
чарк уруп жүргөн дүйнөнү.
Чыңгыздан: «Ушул айтканым,
Чынбы я?» десем, «чын» деди.

Таң калат башка пенделер,
таң кала берем мен деле:
Кымбатым кыргыз дарбызы,
мынчалык үлкөн эмнеге?



Мынчалык таттуу ал неге?
Дайынын мунун айтайын:
Дарбыздар биздин жай сайын
кымырып бойго сиңирет
кыргыздын кызыл аптабын.

Шимирип кыргыз турпагын
ширеге ширейт ич жагын.
Кана ичип кыргыз суусунан
кампайтат күндө курсагын.

Жем алат кыргыз көңүнөн,
дем алат кыргыз желинен,
кытайдан ашкан мээнеткеч
кыргыздын бышат теринен.

Баарынан бийик барк алып
базарда турса даңкайып,
айтылуу кыргыз дарбызын
ар улут ашайт тамшанып.

Жейт аны мактап туугандар,
жеримди жердеп тургандар:
өзүбек, уйгур, казактар,
өзгөчө дүңгүл дуңгандар.

Жейт аны жыргап кыйла жан
жергемдин салтын сыйлаган.
Жей албай кыргыз дарбызын
жеке мен гана кыйналам.

Ардактап сүйчү жери көп
ал мага ыйык көрүнөт.
Карс жарып аны соё албай
кабырга сөөгүм сөгүлөт.

Жалтактык жайым жеңе албай,
жабыркайм күздө дем албай.
Дайым эт жеймин ошондо
дарбыздын этин жей албай.

Сойгонго аны түтө албай,
соктугам күздө үч айдай.
Дары суу ичем ошондо
дарбыздын суусун иче албай.

***1986***

## ДАРДАҢПОЗ ДАРБЫЗ

*(Мухтар Борбугуловго)*

Дээринде жок аңкоо болсо да,
жеткен жалкоо болсо да,
өзүнүн сөөлөтү бар экен,
ата-энесинин дөөлөтү бар экен,
колдоп алчуларга бай экен,
коюшту Дарбызды башчы кылып
бир мекеме жаңы уюшулуп.
Эми Дарбыз
бир мекемеде бир тукумдан
иштегиси келген жок өзү жалгыз.
«Ургаачы болсо да өз короомдон
Кочкор коём»,– деп ал оңбогон
башы жок Бадыраңды
Кадрлар бөлүмүнө коюп алды.
Бөлөк кандидатуранын баарын
кашайып четке какты.
Аталаш иниси Ашкабакты,
«Профкомго председатель бол!» деди
кадимки кумган сымал Ташкабакты.
Өтмө катар тууганы Коонго,



өзүн айныбай тарткан жоонго
кызматтын берип эң жакшысын,
коомдук уюмдардын эң башкысын
башкартып койду.
айтор, Дарбыз оңду.

Таянган тоосу бийик болду.
мекемесинин жетекчи составы
бүт бойдон өзүнө илик болду.
Баары бир жакадан баш чыгарды,
дарбызды туш тараптан колдоого алды.
Дарбыз ошондо
тартипти коём деп жолго
каяша айткан Капустаны кектеди,
сындап койгон Сабизди «кет» деди,
арызчы Анделектен кутулду,
кыр көрсөткөндүн баарын учурду.
Калды жалаң туугандар,
«Лаппай!» деп кол куушургандар,
карандай кошомат кылгандар.
Анан Дарбыз дардаңдап көптү:
аянбай жеп-ичкенге өттү,
кол алдындагыларга өзүн мактатты,
жаманчылыгын да жактатты,
заң-законду унутту.
мекемесинде сындын тукумун курутту.
Натыйжада ичинен былгыды.
Жеп-ичкенин тышына кулгуду,
акыры... креслосунан ыргыды.

Демек,
кадр тандоодо
калыстыктан алыс кетпөө керек.
Дардаңпоз Дарбыздарды жектөө керек,
колдон келсе такыр эле экпөө керек.
Ушуну дайым эстөө керек!

***1985***

## ДАРБЫЗ ЖЕП ЖЫРГАП КЕЛЕМ

*(Темиркул Үмөталиевге)*

Бала чакта болгомун байга малай,
дарбыз экчү ошо бай жерге далай.
Жатса дагы аңызда сай ташындай,
мага дарбыз берчү эмес оңбогон бай.

Жаткан жерим каткалаң, далыма сыз,
кардым тойбой жыл бою маанайым суз.
Жер тамында үйүлүп чирип жатса,
байбичеси жедирбейт мага дарбыз.

Бай-байбиче башкача сараң эле,
дарбыздарын күнүгө санаар эле,
Кемип калса бирөөбү, менден көрүп,
жебесем да жеди деп сабаар эле.

Бышыкчылык болгондо, бакыл байым
корутчу эле дарбызын мага дайым.
Жегим келип турса да, байдан коркуп
жечү эмесмин ал тургай жарылганын.

Кумар элем дарбызга бала чакта,
турар элем дарбыздуу бир кыштакта.
Бирок байдын айынан дарбыз даамын
татканым жок жеткиче балакатка.

Ооруп калып кайнаган саратанда,
ачка жатам камалып жаман тамда.
«Дарбыз жесем,– деп коём,– дарман кирмек».
Бирок аны мага ким берет анда?



Тамак кургап, ич сыздап, көөдөн ысып
жатканымда дарбыздар көздөн учуп,
тагдырымдын кыпынын туйду белем,
жетти мага большевик желдей сызып.

«Тур, жетимчем!» – деди да, дарбыз союп,
нанын кошо алдыма жайып коюп,
мага баарын калтырбай жегизди эле,
тыңып кеттим бат эле кардым тоюп.

«Кат тааны» – деп большевик интернатка
киргизгенде, жетинип тундум бакка.
Кечээкинин кээсин бир чыгардым бейм
ошондо мен дарбыз жеп ынтыкканча.

Окуу менен жетилип кош канатым,
орчун-орчун билимге толду башым.
Жаңы заман дарбызын көп жегенден
жаңырыктуу доошу бар болдум акын.

Партияга ыр арнап урмат менен,
бактыбыздын бийигин ырдап келем.
Телегейим тептегиз, дүйнөм түгөл,
жайын-кышын дарбыз жеп жыргап келем.

Ашыглыктын карыбас болуп кулу,
калеминен төгүлтүп бермет, шуру,
жан жыргатып жыл бою дарбыз жеген
мен бактылуу болбосом, ким бактылуу?

***1986***

## ЭГЕР МЕН ДАРБЫЗ БОЛСОМ

*(Насирдин Байтемировго)*

Эгер мен дарбыз болсом,
дардайып чоң болмокмун,
жакшыга бышык чыгып,
жаманга тоң болмокмун,
сатса көп сом болмокмун.

Эгер мен дарбыз болсом,
абдан көп жаралмакмын,
дүкөнгө түшөр менен
заматта таралмакмын,
ырымдай таланмакмын.

Эгер мен дарбыз болсом,
шекерге мол болмокмун,
кызартып кызганычтуу
көздөрүн толгон достун,
кыздардын кучагында
күн сайын ойгонмокмун.

Эгер мен дарбыз болсом,
набаттай мөл болмокмун,
сыркоого эм болмокмун,
Жер-суунун сүтүн эмбей,
сүйүүгө тел болмокмун,
а кээде, аттигиниң,
акмакка жем болмокмун.

Эгер мен дарбыз болсом,
түлкүдөй куу болмокмун,
сынчыга мени сөккөн
сыпайы уу болмокмун,



тымызын тындым кылып,
кылымга дуу болмокмун.

Эгер мен дарбыз болсом,
бөрүдөн көк болмокмун,
мени жейм дегендердин
кайра өзүн жеп коймокмун,
«Каниет!» деп коймокмун,
даңаза кеп болмокмун.

Эгер мен дарбыз болсом,
тапчыл өрт болот элем,
тап душман турпагында
чыкпай да коёт элем,
бышпай да коёт элем.

Эгер мен дарбыз болсом,
дүйнөдө, атаганат,
экөө эмес, жалгыз болсом,
Адамзат барктайт эле,
апыртып мактайт эле,
базарга сатпайт эле,
музейде сактайт эле.

***1986***

# Поэмалар

## УЙКУСУЗ ТҮНДӨР

(ЛИРИКАЛЫК ПОЭМА)

*Чыңгыз Айтматовго*

### I

Жер шары тегеренип бараткандыр?
Бир жерде, балким, азыр таң аткандыр?
Биерде караңгы түн. Бөлмө жымжырт.
Бир гана тышта тынбай төгөт жамгыр.

Жамгыр бир катуулайт да, жайлап калат.
А мени жамгыр мисал ойлор сабап
жүдөтөт. Менин башым Жер шарындай
айланып, Жер шарындай салмактанат.

Чарчадым андай басып, мындай басып.
Кетти окшойт чалагайым ойлор качып.
Ойлордун эң оору чөгүп мага,
отурам ыйманыма маңдайлашып.

Столдо графин суу маган шерик.
Суу турат кадим эле суу өңдөнүп.
Өзүмдү ушул түнү ыйманыман
дал ушул суу сыңары турам көрүп.



Мен мына. Өмүрдө бир кыраңды ашып,
эл менен салабаттуу саламдашып,
дегеле... кадыресе адам өңдүү
көтөрүп жамап башты жүрөм басып!

Мен мына. Кеч жатам да, эрте турам,
жакшы иштин жайын ойлоп баш катырам,
бирок да бардаш кылбай басып кетем
кубалап көр оокаттын аркасынан.

Эх, дүйнө, көрсө дүйнө сөз өтпөгөн,
мен сени тосуп баатыр жүрөк менен:
«Өмүрүм сүйүү, күлкү, күрөш менен
өтсө» – деп тилек кылган эмес белем?!

Ал тилек алыс калды арып, кирдеп.
Төгүлдү далай ирет өрүк гүлдөп.
Мен болсом өзүмдү алдап жашап келем
көп эле кишилерден дурусмун деп.

Пайдасыз өзүмдү алдоо батып жанга,
ичимди арман аймап ачышканда
купуя чыңырамын: «Байкуш башым,
кутулам деги сенден качып кайда?»

Кутулуш кыйын нерсе. Өмүр кыска.
Бир гана кыял учат өтө алыска.
Дагы эле бакыт тилеп бүткүл денем
көлкүлдөп толуп турат кусалыкка.

Же бакыт кур үмүттөр жетелеген?
Болбосо кур кыялдар көкөлөгөн?
А балким, өтүп кетер таалай күсөп
адамдын бүт өмүрү куса менен?

Ким билет... Кыйла заман өттү арадан,
жүрсөм да эл катары эсен-аман,
бир башка касиеттүү бакыт күтүп,
өзүмө өзүм тойбой кусаланам.

Же тагдыр мени ушундай жаратқандыр?
Же буга да бир бөлөк себеп бардыр?
Билбеймин. Саат чык-чык. Бөлмө жымжырт.
Бир гана тышта тынбай төгөт жамгыр...

## II

Айгайлап бу дүйнөгө ыйлап келдим.
Андан соң куурап көрдүм, жыргап көрдүм.
Жашадым аштык экпей, бирок нан жеп,
ах, дүйнө, канча адамга милдеткермин!

Бирөөлөр жалын кечип кансырады,
мээнеттен назик колдор какжырады,
мен болсом китеп окуп бекер жүрдүм,
камым жок эчтемеден хан сыңары.

Бирөөлөр жүрөт сууда, тоңот кырда,
кыйналат күйгөн цехте, күн астында,
бир гана ошол үчүн жок-барды ойлоп,
ыр жазып отурамын мына азыр да.

Көп нерсе түштү мага бекеринен,
Күн көрдүм башкалардын эсебинен.
Алардын ченем жетпес эмгегине
кайтардым жооп кылып эмнени мен?

Жүрүшөт бербесем да эч таарынбай,
бергенин бек кыйкырып колко кылбай.
Өзүмдү сезем дайым сүт бербеген,
а бирок жемге тойбос опкок уйдай.



Бар эле жалгыз агам эрки кыйын,
кор кылды үч жетим деп жашчылыгын,
мен жаңы эр жеткенде жумду көзүн
көрбөстөн бу дүйнөнүн жакшылыгын.

Кынжыйып кыйылбадым кардым тойбой,
чоңойдум азар тартпай, азгын болбой.
Ах, кандай карыздармын тирүүлөргө,
алдында өлгөндөрдүн парзым тоодой!

Санаалаш досторум бар сан жетпеген,
абалтан атымды атап ардак менен
аңдышат менден көптү. Мен алардын
айыпсыз үмүттөрүн алдап келем.

Карасам чынар терек чырпыгына,
аз жылда жарайт тамдын устунуна.
Өмүрүм өргө чапты, тууган элим,
мен келем тыгын болбой жыртыгыңа.

Тайлак да тез жетилет бут төшөлүп,
нар болот, актайт атын жүк көтөрүп.
Замандын жүгүн ташып, ата журтум,
а балким, күч бербедим бир төөчөлүк.

Ыйманым карайт чыгып капкасынан,
ага мен тик бага албайм – көз жашырам.
Ах, дүйнө, жаш отуздан озсо дагы,
аң-сезим жаштык кылат өз жашыман!

Качырып тирүүлүктүн оңой жагын,
миң жылдык наадандыгым жеңе албадым...
Кээде мен баарын чындап ойлоп келсем,
татыбайт ичкен ашым, жеген наным.

Бүгүн да оор ойлор түн уйкудан
калтырып, баш зыңгырап, күйүп турам...
Ах, бирок эртең баарын унуттурат
түйшүгү көр оокаттын ыбырсыган!

### III

О, анда сезимде жок эч бир сынык,
Кыялым – жазгы асмандай мөлтүр, тунук,
кыпкызыл шар сыңары тентек жаным
дирилдеп, жерге тийбей, көккө умтулуп.

Окшошуп мен бүрдөгөн жаш даракка,
айланып турмуш бүтүн жазгы бакка,
көрсөтпөй көрксүз кара бутактарын
көмүлүп туташ жашыл жалбыракка.

О, анда түшүм айдың, күлкүм жарык,
айланам мунарыкка бүт чулганып,
алыстан кылактаган келечегим
азгырып, миң кубулуп, сыйкырланып.

Эркеп эс талдырган көктөмүмө,
көз тойбой тамшандырган көркөмүнө,
мындан да сулуу дүйнө күткөн өңдүү
өрөпкүп чү койдум мен эртеңиме.

Үлбүрөк үмүттөрдү мен өңөрүп,
көзүмдө көгөргөн жер тегеренип
келатып, чын турмушка урунганда
атыман алыс түштүм көмөлөнүп.

Көздөрүм көк пардасын жыртып алды.
Асманым жерге кулап, быркыранды.
Тарады жалган элес мунарыгы.
Жаштыктын аңгыраган журту калды.



Карадым айланама жалдырап суз.
Какчайган каткалаң жер мелтиреп түз.
Сопоёт жалбырагы түшкөн дүйнө.
Уркуят бак-дарактар жалбыраксыз.

Көз салам заарканып алдыма мен.
Шалдаям – талды жаным, талды денем.
Башкасын айтпасам да жашап өтүү
мага эми эрдик болуп калды белем.

О, анда күр жайлоодо жүргөн таймын,
тайраңдап көңүлдө жок күмөн, кайгым.
Ат болдум. Тай чагымы сагынамын,
аттиң ай, ага кайтып бара албаймын.

### IV

Жер шары салмак менен тегеренет,
бирде күн, бирде түнүн ала келет,
үстүндө мүнөт сайын кыйналып да,
кыйналбай миң-сандаган адам өлөт.

Артымда аздыр-көптүр калды заман,
замандын агымында жүрдүм аман.
Көп көрдүм: күм-жам болду кыйындар да
түбөлүк өлбөчүдөй зыңгыраган.

Айрылып канчасынан жарык күндө,
айрылып канчасынан көгүш түндө,
айныбай бир чындыкка жетти көзүм:
өлбөгөн эчтеме жок жер үстүндө.

Өлүм ак. Жаралганга өлүм келет.
Өлмөй парз. Дал ошондой болуу керек.
Табият эң адилет: баары алмашат,
кеткендер келгендерге орун берет.

Чын сырым: акындардай дайым мени
кайгыртпайт бүт дүйнөнүн өлүмдөрү.
Акындар аман болсун. Арзыйт мага
ачуусу бир өлүмдүн өзүмдөгү.

Ажалым бир убакта алыс деген
жыл сайын арбын-арбын арыш менен
жакындап келет мага. Бир жагынан
мен дагы аздап-аздап өлүп келем.

Кайгырган, чыкчырылган, күлүңдөгөн,
алышкан оокат, санаа, сүйүү менен
ушу мен, ушул өзүм жүргөн тирүү
бир күнү ойрон болом бу дүйнөдөн.

Мен өлөм – көмөт эл-журт көргө тепсеп.
Көрбөймүн көйкөлгөнүн жерде көк чөп.
Кайдыгер жата берем таш мисалы,
а тургай ыйлабаймын өксөп-өксөп.

Баары чын. Эч кимөн жок өлүшүмдө.
Күмөн жок сөөгүмү калк көмүшүндө.
Айтсаңар, ошондо мен кантип жалгыз
каламын капкараңгы көр ичинде?!

Күч берип жеңгеним да, жеңилгеним,
тиштенип тырмышканым, темингеним
орду жок опоосуз бир далбасабы?
Айтсаңар, максатымбы өлүм менин?!

Көргө окшоп кусалуу түн түк унчукпайт.
Көрүнүп көзүмө өлүм чыбырчыктайт.
Баратам узагансып... Бакырамын!!
Бакырсам, демим бүтүп, үнүм чыкпайт...



Коркунуч бир мүнөткө боройлогон
басаңдайт... Шуу үшкүрөм. Жай ойлоном.
Амал жок ырайымсыз акыйкатка,
бир күнү тыйпыл болом. Тамам болом.

Жомок да жайын айткан а дүйнөнүн,
а түгүл балам, ишим, атым менин
артымда калары да алдай албас
турган соң айланчыктап башымда өлүм.

Ажалым – кар көчкүсү баш бербеген,
калбаймын андан аман кантсем да мен.
Өлүм ак. Өлбөгөн жок. Мен дагы өлөм.
Ах, бирок өлгүм келбейт анткен менен!

Демейде жүрөм элдин арасында
өлүмдөн эч кабарсыз бала сындуу.
Ойлонсом, оймок кылып заманамы,
шалдайтат чапкан өңдүү канатымды...

## V

Мага Күн: «Мен да өлөм,– деп безилдеди,–
бир күнү отум өчүп өзүмдөгү».
А менин өмүрүмчү? Ал – бир учкун,
замандын леп эткен бир көз ирмеми.

Анан мен созулчудай жол алыска
делгирип, чолом тийбей дем алышка
таймашам, тырбалаңдайм, далбас урам
ушу бир кирпик ирмем аралыкта.

А бирок ойлоп баксам терең-терең:
алдастап андай-мындай деген менен,
бактылуу бир кокустук окшобойбу
өмүрүм көз ирмемге сереңдеген.

Бу сөздү күнөөсүз бир күлкү дебе:
дүйнөдө төрөбөгөн түркүн эне
жок эмес. Анын бири апам болсо
туулбай калышым да мүмкүн эле.

Бир туруп мамындай бир ойго батам:
«билимге» жетсе кокус кайран апам,
ким билет, мен шордууну өз боюнан
алдырып салат беле алда качан?

Бар экен бак-таалайы бабалардын,
уланып уңгусуна мен алардын,
өчүрбөй өзөгү узун өмүр отун
төрөлдүм! Өлбөй өстүм! Мына бармын!

Ачалбай жаңы бөрткөн гүл-бүрлөрүн,
көрө албай бир зыйнатын бул дүйнөнүн
өлгөндүн миң жылынан өйдөрөөктүр
каткырып кайгыдан соң бир күлгөнүм.

Түбүнөн кылымдардын тебеленген
бу күнгө жашоо демин ала келген
өмүрүм – өзгөчө бир улуу сыйлык
табият марттык кылып мага берген.

Анан мен көз ирмемге менчиктеген
ал сыйды – табияттай марттык менен
карматып кайра өзүнө оңой гана
кара жер – кучагына кантип берем?

Бербесмин! Ай, ай, ажал ашыкпагын!
Мейли мен жер тырмалап ташыркайын,
а бирок милдеткермин сактаганга
ал сыйды калгычакты кашык каным.



Эл жүргөн сырын ачып, тилин билип,
мен жүргөн суусун ичип, гүлүн сүйүп
мээнеттүү бу дүйнөгө келгениме
кейибей келтиремин шүгүрчүлүк.

Бактысын зарыктырып бат бербеген,
ачуусу алкагына чак келбеген
бу турмуш бейпил бейиш болбосо да,
тирүүлүк – тирүүлүк го канткен менен.

Макулмун мүшкүлүнө арыбаган,
куп деймин кубанчына жарыбаган,
кайылмын кайгы менен күрөшүнө,
какшаткан ыйын дагы кабыл алам!

Кол жууп кур кыялдын көйнөгүнөн
тартайган жыпжылаңач дүйнөнү мен
так ошол турушунча кабыл алып,
жашаймын жалтайлабай сүлдөрүнөн!

...Чыйралган кыл сыңары нервим жанып,
чайыттай башым ачык, көңүлүм жарык.
Бир жактан түпөйүл түн мунарланып,
агарат таң акырын буурулданып.

Аздан соң арыбас күн кайта чыгат,
Боз кыроо. Каркыралар кайтат ыраак.
Мени да тирүүлүктүн күүсүн чалган
түйшүктүү жол чакырат, таң чакырат...

Өмүрүм өр таянып калды мына.
Мен эми салкын карап тагдырыма,
жол алам акташ үчүн башымдагы
адамдык карзымы да, парзымы да...

*1968*

## МУҢДУУ БАЯН

*(Поэма)*

Денесине илмейген, аласа бой
делдең кулак чоң башы жарашпаган
жүрдү жашап дүйнөдө бир жаш бозой
келбет жактан табият карактаган.

Кең багелек сүйрөлүп шымындагы,
көөнө куртка, фуфайка – жупун кийим.
Аз келгенсип бир ага мунун баары
анан калса кантесиң жетимдигин!

Бактысыдыр а кезде а баланын,
же шорудур бактыдан кур калтырган:
айтор, өзү сезчү эмес бул абалын,
кейпинин да кандайын билбей турган.

Билбей турган даамы шор жашоо тузун,
билбей турган кытмырлык өнөрүн да,
билбей турган өмүрдүн опоосузун,
билбей турган бир күнү өлөрүн да.

Дем-дымагы жанашып ак булутка,
жүрөгүндө жалбырттап күйүп жалын,
жалаң гана ишенчү жакшылыкка,
кылдай кара жок эле оюнда анын.

Кыял менен күн көрүп жүрөр эле
китептерден иликтеп эңсегенин.
Бою жапыс болсо да сүйөр эле
бу дүйнөнүн эң бийик нерселерин.



Ары жок бир шайтан го чиркин үмүт,
адам билбейт өлгөнчө осол жерин:
өзү жаман болсо да жаңкы жигит
жакшы көрчү кыздардын гөзөлдөрүн.

Кылаң эткен кайгы жок ой-эсинде,
келечекке жадырай күлүмсүрөп,
жашоо күчү чатырап денесинде,
туюк черге думукчу сүйүү тилеп.

Сүйүү тилеп, балам ай, не кыласың,
кереги эмес жөтөлдүн көк жетимге?
Айла барбы, сүйүүгө кабыласың
адам болуп жүргөн соң жер бетинде.

Жаш жигиттин жүрөгүн мыкчыган дарт
жашырын бир оорунун жышааныбы?
Жок, бул өзү жамырап чыкты жайнап
махабаттын безгектүү кызамыгы!

Турмуш менен кыялда баккан ойлор
дал келсечи дайыма, атаганат!
Жакшы көргөн кыздарын жаш бозойлор
кыялынан жакшыртып жасап алат.

Балтайган же иймейген сойкулар да
мажнундарга көрүнөт периштедей.
Сокур сүйүү көңүлдө толкуганда
шуркуялар сезилет наристедей.

Азгырылып ышкыга улам-улам
ашык жигит жалындап күйө берет,
реалдуу кызды эмес, кыялынан
жаратканын жалбарып сүйө берет.

Балким, биздин бозой да ашыглыктан
башы айланып, карайлап калган чыгар,
тентиген бир чырайсыз бакыр кыздан
айдай пери жаратып алган чыгар?

Тамашасын тагдырдын карагыла:
бир селкинин апачык асман сындуу
айдың тунук кашкайган жамалына
ашык болуп алганын айтпайсыңбы!

Жүзүндөгү албырган кызылынан
нур таралып жарык күн шооласындай,
кийип чыкса көйнөгүн кызыл ыраң
кылактаган кырдагы жоогазындай.

Көздөрү бар күнөөсүз бакыракай,
кылыгы жок кыздардай миң амалдуу,
болсо дагы бойтойгон татынакай,
бир кыз эле жөнөкөй реалдуу.

Реалдуу кыз эле бойго жеткен,
батинкесин басчу эле кычыратып,
болот эле өпсө аны алма беттен
бек кучактай денесин кысыратып!!.

Өпмөк кайда... Кучакташ оюнда жок...
Жашыруун сыр санаасын сабыркатат.
Жадагалса чыга албайт жолун тороп,
жакын келсе жалтайлап алыс качат.

Эл көзүнө көрүнбөй жалгыз кетип
алыс жактан акмалайт өткөн жолун,
кызды көрсө сезими жалбырт этип
дуулдатып кызытат бүткөн боюн.



Каршы алдынан чыкса кыз капылеттен
каны дүр-дүр дүрүлдөп күйүп-жанат,
башы айланат танчудай акыл-эстен,
как ордуна кадалып туруп калат.

Өзү атайы бара албайт көз көрсөтүп,
жай жолукса сүрдүгүп салам айтат.
Кызамыгы сүйүүнүн безгектетип,
уктай албайт түн бою чабалактап.

Анан бир күн жарылды сары дарты,
сары дарты жүрөгүн жаралаган:
курбусуна а кыздын зарын айтты,
зарын айтты аптыгып араң-араң...

Курбу кызы коштогон селки менен
кээде-кээде киного бирге барат.
Кыз түрүнөн суз гана мелтиреген
жаны чыгып, сөз таппай буйдаланат.

Курдаштары кезиксе кеби күчөп
купшуңдаган куудул бир жанга айланат.
Жалгыз калса кыз менен үнү бүтөт,
тил байланып жалдырайт жал-жал карап.

Кабар бербей сүйбөс же сүйөрүнөн,
каапыр кыздын кайдыгер караганы
кут учуруп бүдөмүк күдөрүнөн
кайгы-шорго кайнатат а баланы.

Кызга барып «сүйөм» деп сырын айтса,
сырын айтса санаалаш ынак санап,
«сүйбөймүн» деп кыз ага чынын айтса,
дүйнө кыйрап калчудай сыяктанат.

Айлар айга, жылга жыл уланса да,
ал экөөнө табылбайт бир данакер.
Кыз мелтирейт окшошуп муз аскага,
бозой көзү бозорот ого бетер.

Аңдап көрсө жай жатып, акылынан:
«сени сүйбөйт, кой» деген үн угулат.
Айрылчудай жатындаш жакынынан
кызды бирок кыялбай кыңырылат.

Көкүрөктө күйүтү дөбөлөнүп,
күндөн күнгө көбүрүп кусалыгы,
кызамыгын сүйүүнүн жара бөлүп
атып чыкты акындык кызамыгы!

Ойготом деп сөз менен кыз жүрөгүн
ырлар жазат күн-түнү башын албай.
Азап чегет өлчөмсүз сүйүүлөрүн
өлчөмү бар саптарга батыра албай.

Арасында ырынын чала калып,
айтар сырым бүдөмүк калабы деп,
ар бир сөздүн үстүнө кадаланып,
кайра-кайра көчүрөт далай ирет.

Күндүр-түндүр көңүлдө кайнаган ыр
күйүп чыгат кызарып чычаладай.
Бир акын да ырларын жазбагандыр
кыйноо тартып сенчелик, бечерам ай!

Бир альбомго көчүрүп ырларын бүт
берип ийди бирөөдөн селкисине.
Кайран ырлар! Кайран сөз! Кайран үмүт,
кайран үмүт сыйынган сөз күчүнө!



Сөз күчүнө сыйынган кайран үмүт,
кайран үмүт күнөөсүз кыялдагы!
Кетсе дагы жалын-от ырда күйүп,
кыз мээримин жандырып ийе албады.

Ийисе да азыраак, кыз көңүлү
дале көпкөк гүнчадай[1] гүл ачпаган:
карашында жок анча өзгөрүлүү,
мамилеси жигитке илең-салаң.

Байкуш бозой бел байлап тобокелге
кетем десе а кызды ала качып,
колунда жок кашайгыр кара теңге,
үстүндө жок өчөйгөн кара алачык.

Кайгы басты жигитти, кайгы басты,
кыстады шарт кайгыга аралашып.
Илең-салаң жүрдү кыз. Аңгычакты
башка бирөө кетти аны ала качып!

Кур үмүткө алданып улам-улам,
бакыт жолун басканбы кыйшыгыраак,
биздин жигит сүйүүнүн мунарынан
кара жерге күп этип түштү кулап!

Жерде жатып караса айланасын,
калган экен дүйнөнүн көркү качып...
Турду дагы...
көтөрдү
өйдө башын...

ыйлаган жок...
өлгөн жок...
кетти басып!

[1] Гүнча – ачыла элек гүл боткогу, бутон.

Муңдуу тарых кетти өтүп күн астында.
Муңдуу баян! Мен айттым болгон чынын.
Баарынан да муңдуусу турат мында:
багы тайкы а жигит мен болчумун...

* * *

Анда-мында оюма түшсө дагы,
калдым кокус кайрылып арманыма.
Туңгуч сүйүү! Ал кандай бүтсө дагы,
жашчылыктын жаркын бир майрамы да!

Эмне болот кээде аны эсине алса,
айыппы же азыраак айтып өтсө!
Ашыгым деп мен түгүл, Петрарка
зарланыптыр элжиреп сантиментке.

Бир селкини жашыңда сүйүп калып,
мен сыңары а дагы кызга жетпей,
ошо кыз деп ыр жазып күйүп-жанып
өткөрүптүр өмүрүн өксөй-өксөй.

Жаны күйүп Феттин да жалын окшоп,
жаш чагында жоготуп ашык жарын,
ыйлай-ыйлай ыр менен аны жоктоп,
өткөн экен дүйнөгө чачып зарын.

Өмүр бою өксөгөн мажнундардын
мээримине өлчөмсүз ким теңелет?
Бирок тиги зарланган маркумдардын
көр оокаттан колу бош болсо керек.

Бейгам адам аны да, муну сүйүп
көп нерсени кур бекер ыйык кылат.
Башка түшсө түйшүктүү тиричилик
сүйүү эмес, үмүттү унуттурат.



Ал эми мен – оокатка чара барбы –
эстей бербей эскини шуу үшкүрүп,
кажаң-кажаң карч уруп кара жанды
токоч таап жеп жүрөм, шүгүрчүлүк!

***1968***

## АКБОЗ АТКА АЙТАМ САЛАБАТ

*(Поэма)*

Кечке дейре жаады кар көз ачырбай.
Кар аралаш караңгы түштү жерге.
Борошолоп жааган кар дале тынбай,
борой-борой үйүлөт күрткүлөргө.

Терезеге кар урат, мор ышкырат.
Темир меште чыртылдап отун күйөт.
Шише чырак үйдү араң жарык кылат.
Атам жатат жамбаштап, башын сүйөп.

Темгил-темгил кызарып балтырларым
мен жатамын бут сунуп меш алдына.
Баянына атамын балкып жаным,
көп элестер караңдайт көз алдыма.

Атам айтат арбытып улам-улам
өз башынан өткөргөн окуясын.
Бороон ыйы тарс чыгып кулагыман,
аңгемеге арбалат ыкыласым...

Атам анда сөздөрүн жаш жаныма
койгон белем үрөндөй чачып-чачып,
өнүп чыкты а сөздөр кайта, мына,
көңүлүмдө көп жылдар жатып-жатып!

* * *

«Ойноо кезде жармашып ат жалына
ошо бойдон келатам таскак уруп,
Атың болсо ажалдан апкаарыба!
Ай-ааламда эмне бар аттан улук?

Адамзаттын аялуу ыйык малы
аттай сулуу жаралбас кыялдан да.
Айбанаттын сүйлөбөс улукманы,
жаныбар жок жылкыдай бу жалганда.

Өттү өмүрүм өрттөнүп ат жалында.
Жоргосун да, жортогун минип көрдүм,
минип жүрдүм атүгүл байталын да,
ээси болдум ышкындай күлүктөрдүн.

Биринен да жамандык көргөнүм жок.
Ыраазымын баарына – алкыш айтам.
Ал аттардын баарынан арманым жок.
Арманым бар аппак түс жалгыз аттан.

Кандай адам канатын унут кылат?
Мен жүрөмүн Акбозду унута албай.
Бассам-турсам элеси күйүп турат
маңдайымда балбылдап куду шамдай.

Койгон экен табият берип сымбат:
тайган өңдүү кынжыйган келбети бар,
аккуу моюн, марал көз, элик шыйрак,
каксоо башы жакшына алма сыңар.

Жүрүп кетсе жорголоп олбуй-солбуй
бүткөн бою серпилип солкулдаган,
«чу» дегенде зымырап оргуй-оргуй,
байлап койсо ойдолоп жөн турбаган.



Оттоп жаткан жеринен башын алып
окуранып кылчая бурулганда,
окшоп кетчү көзүнөн оту жанып
кыт-кыт күлүп кылгырган сулууларга.

Көз кызартчу көп достор тамшанышып,
көргөн адам көркүнө куштар эле.
Айтты дебе тим гана сөзгө кызып,
чынында да жылкынын султаны эле.

Уулум, кана, кулак сал аңгемеге,
Акбоз аттын баянын сүрүштүрөм.
Ушул атаң башкарма анда деле,
бирок башка мүнөзү бүгүнкүдөн.

Жүрөм дайым мен карап көк тарапты
бурай-бурай чыйратып мурутуму.
Аңдай албайм: мингеним Акбоз атпы,
же болбосо асмандын булутубу?

Кезиккенде жаштарга шарактаган
кар жаадырам кабактан ачык күндө.
Жума сайын Өзгөнгө жөнөп калам
сөөлөт күтүп сүлкүлдөп ат үстүндө.

Чоң жол жатат буланып чаңга бопбоз.
Алып-учуп асманда бараткансып
булут мисал булаңдайт кайран Акбоз,
чаң туманы артымда калат самсып...

Тартыш эле ал заман машийнеден,
аты жеткен жаңы эле кыйлабызга.
Кирип бардым бир сапар атым менен
Ош шаарына, кайсы бир жыйналышка.

Жыйналыштан кеч чыгып, атым менен
араладым базарды кыжым издеп.
Таппай жүрсөм бир жигит эпилдеген
айтып калды: «Мен табам, жүрүңүз», – деп.

Ээрчип алдым. Жолу таш көчө менен
атым барат – такасы шарак-шарак.
Кең көчөдөн керсейип өтө берем,
кезиккен эл сестейип карап калат.

Ээрчип барам. Ийиндей көчө менен
атым барат – такасын такылдатпайт.
Тар көчөдөн теминип өтө берем,
таңыркаган адамдар башын чайкайт.

Мен ойлоном: «Айып жок Акбозумда,
ар ким ага тамшанып карап өтөр».
Эл караса, көчөнүн ортосунда
короздоном койкоюп ого бетер.

Ийри-муйру көчөлөр калып артта,
дарбазадан киргенде заңгыраган,
турган экен эки там нары жакта
кең короосу талаадай аңгыраган.

Тээ сөрүдө топ киши дуу-дуу этет
үймөлөктөп, колдорун сербеңдетип.
Капылеттен Акбозум кулжуң этет
кулак жыйрып, таноосун дердеңдетип.

«Түшүңүз» деп жыпылдап, жакшы күлүп
жылоосуна жармашса жаңкы жигит
чунаң этип качырып, чапчып ийип,



атым
    типтик
        секирет
            так түйүлүп!

Оозун тартып, тизгинин тутам бекем,
сес көрсөтөм «ай-ай!» деп бийигирээк.
Мени такыр түшүрбөй түшөм десем,
чиркин атым
    ийиктей
        чимирилет!

Оозун тартып, тизгинин тутам бекем,
«Чай ичиң» деп жалдырайт тиги жигит.
Мени такыр түшүрбөй түшөм десем,
ойрон атым
    ойдолойт
        чимирилип!

Ал-аңгыча денеси дирт-дирт этип,
камалгансып ажалдуу каргашага,
жан кашая кишенеп, үркүп кетип,
аткан октой
    атылат
        дарбазага!

Дарбазаны тарс ачып чыгат дагы,
ала качат!
    Жармашып жалга бекем
жалт карасам:
    дарбаза канаттары
далбаң-далбаң
    силкинип калган экен!..

Ат тизгинин бек тартып, зорго жыям,
Бир чал чыгып алдыман оропара:
«Качып чыктың каракчы ордосунан,
бар экен,– дейт,– ооматың оо, бечара».

Эсим чыгып эми мен бара жатсам,
мени атайы токтотуп дагы бири
минтип айтат: «Сен, белең баягы атчан?
Баш кесерлер койдубу сени тирүү?
Барган адам кайтчу эмес а тараптан,
барган адам калчу эмес деги тирүү».

Тирүү келем ийиндей көчө менен,
туягын ат тыпа-тып дабырттатат.
Тар көчөдөн теминип өтө берем,
мени бая көргөндөр таңыркашат.

Атым келет жолу таш көчө менен,
такалары шаңкылдап абан салат.
Кең көчөдөн койкоюп өтө берем,
кезиккен эл күлүңдөп карап калат.

Жетине албай жылкыга текилдеген,
жыргап угам дабыртын такылдаган.
Ойлоп коём кесепти эпилдеген,
ойго түшөт бир туруп катын-балам...

Уулум, уулум, Акбозго ыракмат де,
а болбосо анда мен өлөт элем.
атаң анда а дүйнө кулап кетсе,
бу дүйнөнү сен кайдан көрөт элең?

Болду мага Акбоз ат ырыс-кешик,
эки көзүн төрт кылдым далайлардын.
Кыйла-кыйла кыялга кууп жетип,
далай-далай ажалдан аман калдым.



Анан бир күн малынды башым муңга:
кош айтышып күлкүлүү дүйнө менен,
Акбоз аттын үстүнөн атылдым да,
түштүм учуп
түз эле
түрмөгө мен!..

Жатпадымбы эки жыл жашырында
жабыр тартып жалаадан ак түрүмдө.
Айбым жогу билинип акырында
араң-араң ыргалып кайттым үйгө.

Сыртымдагы сыр-боёк түлөп түшүп,
калп кыялым кагылып жалбырактай,
кайтып келдим шалпайган мүнөз күтүп,
жаным бирок тазарып мөл булактай.

Бар тилегим: тынч гана оокат кылып,
мээнет этсем төгүлүп терим жерге...
Келемин деп бир күнү ун тарттырып
түшүп бардым сайдагы тегирменге.

Калың талдуу сай менен баратамын,
кош үзөңгүм чалынат кызыл талга.
Али эсимде: жыңайлак бала чагым
бутун далай канаткан ушул сайда.

Келатамын кең сайдын чети менен,
Бир оокумда сай талдар арасынан
чыгат бир үн чыңырып кишенеген,
чыгат үнү жылкынын жаны ачыган.

Жалт караймын: серпилип серең-серең,
тал чыбыктар термелип калат улам,
күчүркөнө обдулуп турам деген
аттын башы карандайт арасынан.

«Карыпчылык түштү экен кайсыл атка,
чыңырды го кетчүдөй таш оюлуп?»
Жакын барсам, жан үрөй обдулат да,
кайра ордуна шалк этет очорулуп!

Таанып коём! Куланам жерге бачым!
Акбоз атым! Кудайым берген атым!
Мага карай обдулат кайран атым,
окуранат койгулап талга башын!

Шап кучактап мойнунан эркелетем,
жыттайын деп баратып көкүлүнөн
сасык жыттан жипкирип селтең этем,
карай албай качырам көзүмү мен.

Кайра карайм дит багып, чымырканып:
жоор-жара денесин каптап бүтүн,
чычаңында чымындар оюп салып,
чамбыл ала кир басып аппак түсүн,
чылага чылк чыланып көчүк жагы,
каамыт тагы карарып мүрүсүндө,
арбак жатат үлдүрөп ысык жаны
арык этин сүрсүтүп тирүүсүндө.

Астындагы чыласын чылпылдатып
баш койгулап тиземе окуранат.
Калса керек ачкадан көп күн жатып –
айланасы карарып такыраят.



Тегирменге жүгүрүп барам дагы,
чака толо ысык суу сурап чыгам.
Сууга аябай талкан-ун чалам дагы,
аттын жайын акырын сураштырам.

Мен кеткен соң Акбозду чоңдор чанып,
ар ким минип кумарын таркатыптыр,
кошко чегип, туз ташып, кой кайтарып,
бели-бутун мертинтип ташташыптыр.

Күрсүнөм да, жөнөймүн чаканы алып,
Акбоз атка абайлап аны апарам.
Мага бир аз жалооруй кадаланып,
аталага тумшугун салат анан.

Аттын башы чак келет чакага араң,
чака жерде чайпалып, кылт-кылт этет.
Жутат-жутат шимирип аталадан,
жуткан сайын кулкуну курт-курт этет.

Чака барат бөксөрүп кулагынан,
Ат кыйналат тумшугун батыра албай.
Тыным алат байкуш ат улам-улам
өпкө кагып, чакадан башын албай.

Башка кийип чакасын, төгүп-чачып,
аталасын акыры тамам кылат.
Башы шылк дейт ууртү көбүк чачып,
сүзүлүңкү көздөрү караңгылап...

Ала-киргил тамчылар сыйгаланат
аталага малынган тумшугунан.
Көзүн ачса акырын өйдө карап,
жаш көрүнөт жылтырап кычыгынан.

Алкыш айтып көзүнөн жаш токтогон,
телмир-телмир телмирсе мага карап,
тамчы-тамчы жаштары мончоктогон
тамчыларга аралаш тумаланат...

Кирпиктерин ирмесе желпир-желпир,
чүңүрөйгөн көзүнүн чарасынан
жүгөрүдөй чоң жаштар мөлтүр-мөлтүр
тамат улам куланып, тамат улам...

Карай албай дит багып терс бурулам,
ый аралаш үн менен калтыраган:
«Акбоз, Акбоз, Акбозум,– деп шыбырайм,–
алып калам мен сени кантип аман?!»

Кайран атты ажалдан кызганамын,
кызгансам да көрсөтүп куру кайрат,
тегирменге кыйкырып үн саламын:
– Салгылачы кыйнабай муну жайлап!

Туталанып атыма шап минемин,
чаап жөнөйм сай менен тарак-тарак.
Ыйлап барам эзилип эт жүрөгүм,
көз жашымы шамал-жел жалап барат.

Акбоз аттын караанын көз алдыма
кайра-кайра караңдайт өчкөн айдай.
Чөгүп-чөгүп көңүлүм караңгыга
ыйлап-ыйлап баратам токтоно албай.

Кыйын-кыйын күн көрүп, ачка калып
кыйналганда кылайып жаш чыкпаган
көздөрүмөн көлкүлдөп жаштар агып,
кыя менен үйгө мен кайтып барам.



Чыйкан жара чыккансып ырысыма
ырбай-ырбай сыздатат улам кайгым.
Көздөн жашым сарыгат мурутума,
тырышсам да жашымды тыя албаймын.

Адам чыгат алдыман анда-санда,
өтө берем аларга тик карабай.
Соолугам деп өзүмдү алдасам да,
өпкө кагып өрөпкүйм жаш баладай...

Баскычакты буулуккан муң-зарымды
качан өтүп кыядан, бел ашыпмын.
Байкаштырсам – артынган буудайымды
тегирменге таштабай келатыпмын.

Колду шилтеп, аңгыча суугa жетем.
Жаш чайыган бетими чайкап туруп
бир карасам:
асманда турган экен
Акбоз аттай
булайган
аппак булут!

***1968***

## КҮЗ ДАСТАНЫ

*(Поэма)*

Өр талашып агылган асфальт менен
өкүрөңдөп жүгүргөн бир автобус
тоо этектеп барды да, калды токтоп.
Андан түштү секирип эки киши:
бирөө – эркек, ургачы – беркиниси.

Каксоо дене, шыңга бой, элик шыйрак –
эркегинин сыйда бир сымбаты бар.
Кийингени – спорттук шалбар, күрмө.
Сумкасы бар асылып далысына,
түшүп турган салаңдап жамбашына.

Жапыс эмес жасаты зайыптын да,
Чымыр бойго чыпталган чыт көйнөгү
кыпчыгандай кымпыйтып кымча белин,
чырайына чыгарат томурайтып
көкүрөккө көмүлгөн көмөчтөрүн,
куймулчакка куюлган уюлдарын.

Айдөш жолдо ал экөө шынаарлашып
бара жатты. Жан белем оюнкарак,
ургаачысы эркелеп эркегине
түртүп койду тийишип ийни менен.
Аны туурап эркек да азилдешип
алар басты азыраак жөөлөшкөнсүп.

Карагүчкө кадамын катуулатып,
узай түшсө эркеги үч кулачтай,
серең-серең секирип ургаачысы,
ага жетип, асылды арт жагынан
орой берип колдорун моюнуна.



Эркелеген аялды тигил эркек
аркалаган боюнча бир аз барып,
силкип-силкип үстүнөн түшүрдү да,
аттап-буттап астыга озду саал.

Жайдаңдаган жан белем ургаачысы,
тамашанын тартылып ышкысына,
энтелеңдеп эркекке эми жетсе,
тигиниси мант берип тике салды,
өргө чапты өксүтпөй жүгүргөнүн,
караган жок атүгүл далысынан
калганына сумкасы шыпырылып.

Эрегиштен эргиштеп кеткен аял
эдиреңдеп эркектин аркасынан
куйрук улаш кубалап чыгып барды.
Анан алар акактап, өпкө кагып,
сүйлөгөнгө, күлгөнгө шайы келбей,
маңдайлашып, бир бирин туткакташып,
туруп калды дөбөнүн төбөсүндө.

Энтиккенин экөө тең басып-баспай,
капысынан кайчылаш кучакташып,
эзилише өбүшүп кетишпеспи!

Созулуңку сорушуп болушкан соң
иймеңдеген эркеги ургаачысын
ийни туштан, өйдөрөөк тизесинен
иле кармап, көтөрүп жаш баладай,
тегеретип бир жолу ойку-кайкы,
чөгүп жаткан чоң таштын жалпагына
абай менен акырын отургузду.
Өзү дагы отуруп, оң каруусун
арта салды аялдын далысына.
Анысы да кыналды шеригине
колун ороп белине коомай гана,
ийинине наз менен башын сүйөп...

* * *

Булар кимдер? Жаңыдан бойго жетип,
жаңы гана табышып, жаш сүйүүнүн
куюндатып кутурткан кумарында,
көз бозортуп көптүргөн ышкысында
бай дүйнөдө экөөнөн башкалар да
бар экенин унуткан улан-кызбы?

Же болбосо баш кошуп жайы гана
«бал айынын» термелип бешигинде,
жашчылыктын өрттөнүп жалынында,
тамашасы таркабай, ойну бүтпөй,
эзилишип эрмешкен эки жашпы?

Жок, булардын жөн-жайы башкачараак:
өйдө карай өрөпкүп жүгүргөндөй
кан жүгүрүп, жан кирген өңдөрүндө
элүү жылдай өмүрдүн тамгасы бар.

Көп жуулуп көбүктүү ысык сууга
көркү качып көөнөргөн көк шайыдай
оңуп кеткен өчүңкү өңдөрүнө
шайкеш келбейт шамдагай кыймылдары,
уйкаш келбейт кагелес келбеттери.

Өксү кылбай кыймылдан өнө боюн,
ыйман менен ынсабын катуу кармап,
качан болсо кажынып жаны тынбай,
тыбырчылап тынчы жок жүргөндөрдүн
сыр-боёгу кетсе да, сыны кетпейт.
Жашап калган адамдын айбын ачат
ир алдыда ирең (өңү-түсү),
андан кийин: сакалы, кашы, чачы.



Көздөрүнөн көрүнөт ал экөөнүн
рух-жаны убайым кучагында
узак жылдар тумчугуп уукканы,
акыл-эси далай жыл азап тартып
оор ойлор омкоруп каржалганы.
Көздөрүнөн окулат ал экөөнүн
арман менен арытып көп өмүрүн,
бактысыздык чөлүнөн басып өтүп,
чымыркканып баарына чыдаганы.

* * *

Тоо түбүндө дөбөнүн бир ташында
коңур күздүн көз салып сүрөтүнө,
эки киши отурат кыналышып:
бирөө – эркек, ургаачы – беркиниси.

* * *

Ата-энеден бул эркек бүткөн эле
акыл-эстүү, өң-түстүү, бышык жандуу.
Жеткинчекти жигиттик курагына
тарбиянын камалып алкагына,
башы чыкпай таалимдин түйшүгүнөн,
куру калбай жаш өмүр кубанчынан,
идиретип, жан-терин, кара күчүн
кемелине келтирди келиштирип.

Жакшы бүттү жогорку окуу жайын.
Из суутпай иришип илим менен,
күнү-түнү күжүлдөп иштей берип,
жаны тынды кандидат наамын алып.

Баар таап жасаган жумушунан,
айдыңданып шоораттын шооласынан,
үй-бүлөнүн ыраатын үзбөй көрүп,
тирүүлүктүн туз, балын бирдей татып.

жарык дүйнө койнунан көрккө тунган
бапырандап бактылуу өмүр сүрүп
өтө турган жөн-жайы бар болучу.

Бирок анын тагдыры тайгаланып,
алчы түшпөй айныды бир жеринен.

Денесинде оргуштап ойногон күч,
делебесин көбүрткөн жыныс зары,
делбектеткен жан-дилин жаштык зээри
алдастатып акылын алып учуп,
эки көзүн бозортуп турган чакта
сулуу кызга суйкайган келди дуушар.

Тапкан кызы кызыктай бир жан эле –
сырт тарабы сырттанды суктандырар,
ич тарабы билгенди иренжитер.
Анткен менен айлакер артист өңдүү
маска кийип азыркы манерадан,
далдаа кылып саймалуу сөз пардасын,
кем акылдуу заадисин, терс кыялын
жарап алчу жашырып-бекиткенге.

Көрктүү кыздын көмүскө дасмиясын
таамай көрүп, таасындап тааныганга
жетпей калды жигиттин парасаты.
Баш кошкон соң байкады багы жогун
үйгө кирген үрпөк баш ким экенин.

Нике кайып буюруп алган жары
тирүүлүктүн түгөнбөс түйшүгүнөн,
жаны менен акылын кыйнагандан,
жадагалса үй-оокат жумушунан
заарканып, жаа бою качып турат.



Жанын таштап талпынып самаганы:
узун уйку, ушак кеп, таттуу тамак.
санжыргалуу буюмдар, кымбат кийим;
үлпөттөрдө үлпүлдөп үр кызындай,
көчөлөрдө кулпуруп көгүчкөндөй,
көрк-сымбатын көргөзмөй эл көзүнө;
сайрандамай салтанат шарданында,
шапар тепмей шаңында тамашанын,
жан жыргатмай жар менен бирге жатып.

Биздин жигит төрт жылдай бирге туруп,
алганынын ажытын аңдагыча,
ажырашуу амалын ойлонгуча,
этегине береке берген неме
удаа-удаа үч уул төрөп койду.

«Түсү ийгиден түңүлбө»,– дейт эмеспи.
Бала басып, баш ийген тагдырына
биздин эркек жарынан үмүттөндү
үч чүрпөсүн өстүрүү абыгери
анын пейлин оңуна оодурар деп,
жалкоолугун, а балким, түшүрөр деп
күз шамалы күүгөндөй тал баригин.

Бирок бачым үзүлдү үмүт жиби.

Алган жары алкына алы жетпей,
тулку боюн көптүрүп туурасына.
тегирмендин ташындай көчүк байлап,
бети-башын тарсайтып үйлөгөндөй,
такыр кетип кишилик кебетеден,
ыкшоолугун ырбатып ыксырады,
шалакысын арбытып шалдырады.

Бала багыш, үй тутуш сарамжалдап,
кызмат өтөш, күү бериш күйөөсүнө,
жетелениш рухий мүдөөлөргө
мындай калып, очойтуп оор боюн,
майпаң басып май баскан каз сыңары,
оорумун деп онтолоп, чыргоолонуп,
кара жандын кайгысын калды тартып.

Күндө тийген көк таштай көкөйүнө
түйдөк баштан түңүлгөн биздин жигит
эрте кетет энтелеп кызматына,
кеч киргенде зырылдап заарканат
үй-жайына баргандан кайра жанып.
Көргүсү жок лакыйган катынынын
коңурсуган колоңсо жыт чыгарып,
опол тоодой олчоюп отурганын,
очорулуп ордунан козголгонун.
Майпаң-тайтаң басканда чайпалганын,
апылдатып аш-тамак сугунганын,
жаткан жайын жапшыра кычыратып,
коңурукту кош тартып уктаганын
коңшулардын атүгүл тынчын алып.

Кеткиси бар үйүнөн безе качып,
кыйбайт бирок балдарын күнөөсү жок.
«Кутулбаган куяга калыпмын»,- деп
үй-бүлөнүн терметет тирилигин,
үч уулуна тарбия берген болот,
кызматын да жылдырат кылдыратып.

Бирин дагы иришкен иштеринин
жасай албайт жан-дилин бүтүн берип,
төрт тарабын төп кылып, алымсынып.
Кызыксынып келатса бирдемеге,
кылт дей түшөт эсине капысынан



оңбогондой жаңылып үйлөнгөнү,
өрттөй күйүп өтүүчү өмүрүнүн
быкшый-быкшый эскирип баратканы.

Канаттары шалдайып, эсеңгиреп,
кармаганы колунан шыпырылат.

Тагдырына алдырып эси-дартын,
сарсанаанын жанчылып соккусунда,
кыжаалаттын чайналып азуусунда,
иренжүүнүн айланып ириминде,
ашты кырктын кырынан азап менен.

Алган жары дардайып ого бетер,
чыны менен чырмалып ооруларга,
тирүүлүктөн түңүлүп, жүүнү бошоп,
догдурларга карандай догун артып,
калды жалаң алышып жаны менен.

Биздин эркек көйгөйүн көр ооккаттын,
алганынын азабын тартып жүрүп,
бай запастуу дээринин багын ачпай,
кадыр таппай иришкен илиминен,
катарынан итабар артта калды.

Үбөлөнгөн үмүтүн кайра терип,
кыйшык түшкөн тагдырын түзөгөнгө
ылаажысы ыпым жок, жолу туюк.
Жансоогалап жалдырап туткактаган
түйдөк башын кеткенге түртө салып
уят-ары уруксат кылбайт ага.

Өктөсү көп өмүрү кеч бешимдеп,
элүү жашка эңкейлеп барганында
биздин эркек кутулду өз жарынан.

Айрылганда эгер ал алганынан
азыркыдан жашыраак убагында,
оор жүктөн бошонгон эшек сыңар
кубанычын койнуна батыра албай,
алат беле эл жокто бир аңгырап?

Бу сапар ал жубайын көргө коюп,
түк жеңилдик туйган жок, кубанган жок,
күнгүрөнүп күйүттөн түтөгөн жок.
Бар болгону өң-түсү мисирейип,
акыл-эси илепсиз шоола чачып,
көрөр күнү түгөнгөн түгөйүнүн
өмүр жолун тескеди баштан-аяк.
Маркум аял жанында жашап өткөн,
жер жамандап барбасын, бу жалгандан
такыр тартпай олуттуу ой азабын,
даамын татпай рухий изденүүнүн,
тирүүлүктүн түшүнбөй түп маанисин,
жаркын өмүр сүрөм деп кол сермебей,
бир макулук сыңары өттү-кетти
өзүн өзү аңдабай жадагалса.

Көз жумгандын кайрылып арбагына,
биздин эркек түтөттү каңырыгын:
«Өзүң кесип өзүңдүн кендириңди,
өзүңө өзүң кыянат жасаганың
аз келгенсип, менин да тагдырымдын
тамырына өрт коюп, шагын кайрып,
баркин кагып, мөмөсүн чукак кылып,
ыраспасын чыгарып кетпедиңби!!»

Ыйлап ийди жесир эр өзүн ойлоп!

Бир жаралса дүйнөгө жазып-тайып,
табияттан кыска бир өмүр алса,



ошону да сүргөн жок ойдогудай,
жетесиз бир аялга жетелетип,
убайымдар уучума уйпалатып,
упуратып ысырап кылбадыбы!

Эми, мына куяшы өмүрүнүн
эңкейиштеп, батарга таяп калды...

«Бир өмүрүм ыбырсып өттү,– деди.-
Суу төгүлсө аяктан, кайра толбойт.
Кайра төшөк жаңыртсам, ургаачыдан
чыкса кантем дагы да жолум катуу?
«Кандай жарга кабылыш камчыдан» дейт,
күмөнүм бар бактылуу болоруми.
Тирүүлүктүн калганын түтөткүм бар
кечил өтүп, илимге башым сайып».

Көр оокатка көп күнүн карактатып,
убайымга көп күнүн уурдатып,
аңкап-чаңкап, ачыгып калган экен,
кирип кетип китептер дүйнөсүнө,
көркөм өнөр кенчине чөгүп кетип,
суусаганын кандырып сонундарга,
ачкаканын тойгузуп акылдарга,
баарлашып билимдүү шаалар менен,
алпурушуп олуттуу ойлор менен,
азап чегип, эргиштеп, маашырканып,
өмүр сүрдү өрөпкүп бир башкача!

Жесир бойдон жүргөн соң эки жылдай
жалгыз калды бир үйдө аңгыраган,
ал-анткени үч уулу жигит болгон
туш тарапка кетишти чилдей тарап.
Ээн үйдө бир өзү. Ал мурдараак
кумар эле ушундай жалгыздыкка –

андан эми жадады коңултуктап,
кусаланды оңкулдап эртели-кеч.
Ой азабы, илимдин абыгери,
спорт, китеп, музыка, телевизор
алмаштыра алган жок канткен менен
тирүү жандын караанын үйдө жүргөн.

Жалгызчылык жанына батты белем,
биздин эркек айныбай адатынан,
оюн-чыны аралаш кыяз менен
тамашалуу эки сап ыр чыгарды:
«Дарактардын бийиги терек экен,
бир кишиге бир катын керек экен».

Дос-жарына док артып, колко кылып,
арыз-муңун айтканга батынган жок.
Же алардын ичинен табылган жок
анык дартын айттырбай билгендери.

Башта такыр барк алып окубаган
«Реклама» газетин сатып алып,
жалгыздыктан жабыркап жүргөндөрдү
түгөй издеп мукурап жазгандарын
баса калып окумай адат тапты.

Тиемин деп тайманбай жазгандардан
өзүнө бап бирөөнү көпкө дейре
көзөмөлдөп жүрдү да, таппаган соң
өзү берди жарыя газетага.
Башкалардай олуттуу сөздөр менен
жар салгандан уялып, адатынча
аркасына жашынды тамашанын:
«Ооп калган жүз жаштын ортосунан,
Билиминен башкасы ортозаар
бир эр киши, жарашса кадыр-көңүл,
жар болсом дейт өзүндөй бир аялга».



* * *

Тоо түбүндө дөбөнүн бир ташында
коңур күздүн көз салып сүрөтүнө,
эки киши отурат кыналышып:
бирөө – эркек, ургаачы – беркиниси.

* * *

Гүлгүн чагы кубулгөн тигил аял
секелек бир кыз эле бир убакта.
Бойго жетсе болору сулуу бийкеч
байкаганга билинип турар эле
турна мүчө илмийген турпатынан,
бышкан алча мисалы ыраңынан.

Чынында да чырайлуу селки болду
сымбатынан табылбас сынаар айып,
шаанисине шай келген мааниси да.

Сейрек бүткөн себептүү гөзөл жандар
өзгөлөрдөн өздөрүн өйдө санап,
мүнөз күтөт текебер менменсинип,
ай жамалын аздектеп, сыртын сыйлап,
унуталбай кыйналат сулуулугун.

Биздин бийкеч бүтүндөй ыкыласын
бийлеткенден жашоонун кумарына
басып жүрдү барк албай, байкас кылбай
өзүнүн бир керемет жан экенин.

Солкулдаган студент убагында
сокурлардан башкасын сонуркатып,
көп жигиттин чок салды көңүлүнө.
Арбын болду а кызга пейли түшүп,
сүйгөндүгүн айталбай сүрдөгөндөр,
үшкүрүнүп үмүтсүз телмиргендер.

Эрдемсиген эргулдар арасында
калган деле жок окшойт а селкиге
бир сөйкөнүп, сөз айтып өтпөгөндөр,
аркасынан сүйрөлүп жүрбөгөндөр,
жашык каттар жалбарып жазбагандар.
Канча мыкты кавалер тагдырына
кайра-кайра кабылтып, маңдайында
жанып турса бактысы, биздин бийкеч
көрбөй калып, баарынан кыйгач өтүп,
буйрук экен, баш кошту бир жигитке
көөнү чаап көркүнө көрөсөндүү,
ашык болуп болочок атагына.

Жасаттары жарашкан жаш жубайлар
жагалданып жанаша катар басса,
жолуккандар жоодурап карап калат,
өтө берип артына бир кылчаят.

Келбеттери куп гана куюлушкан
келин-күйөө көрүнөт чоочун көзгө
тагдыр чуркап атайын тандап жүрүп
табыштырган таалайлуу түгөйлөрдөй.

А чынында алардын мазмундары
өзөктөш да, өңдөш да эмес эле.
Сыпайы да, сырдуу да сыяктанып
сынын бузбай зыңгырап жүргөн күйөө
заадисинде жай эле зөөкүр чалыш.
Бирок алып кыялын кыңыр-кыйшык
далдаа кылып көрсөтпөй турар эле
тарбиянын барпагай бариктери.

Кызды макул кылганча а жигиттин
жаны-дилин жашырган жалбырактар
үйлөнгөн соң төгүлүп түшө берди...



Келин атка конгуча кыздын дагы
көздөрүндө бар эле пардалары
бүт дүйнөнү көрсөткөн кубулжутуп
көпөлөктүн көркkө бай канатындай.
Бир жыл өтпөй сыйрылып ал пардалар,
кыз көзүнө көрүндү тасырайып
кубулжуган дүйнөнүн нукур куну.
жибек мисал жигиттин базар баасы.

Аңдап билип аябай жаңылганын,
ажырашып алганга ой байласа,
калган экен боюна бала бүтүп.

Көп узабай көз жарды бир кызалак.

Байкуш келин сарп кылып бар амалын,
жарык жолго жалбарып үндөсө да,
башкалардын айтканын барк албаган
көкүмсүгөн көпкөлөң тиги неме
ээрчигиси келген жок алган жарын,
талпынган жок тагдырдын бийигине.

Алкоголдун артынан сая түшүп,
акырында жеп бүттү ар-намысын.
Чөгүп жаткан тереңде зөөкүрлүгү
калкып чыгып ошондо сыртына бүт,
түп затынын түрүлдү жабуулары.

Күйөөсүнүн жыңалач жанын көрүп,
келин андан түңүлүп биротоло
кетип калды. Үч жашар кызы менен
кошо кетти боюнда дагы бир кыз.

Сабак алып бир сапар жыдыгандан,
чочуп-коркуп кайра да чок баскандан,

жаны-дилин муштумдай бекем түйүп,
жыныс зарын жылоодон катуу кармап,
кунарсыз да кумарсыз өмүр сүрүп,
оодарылды кырынан отуз жаштын.

Көксөп жүргөн көсөлү мындай турсун,
кадыресе эр табуу шансынын да
барган сайын бөксөрүп бараткaны
аны салып бейпайга кайсалатты.

Заарканып жалгыз бой жашагандан,
кайыл болду бир кур ал тобокел деп
купулуна толсо да, толбосо да
табылгандын этегин кармаганга.
Кардарлар да көп чыкты. Биздин келин
кээ бирине алардын көңүлдөнүп,
бирок улам кыйт этип айный берди.

Ал жөн гана эри бар аял эмес,
бактылуу жар болгонго макул эле!

Жалгыз бойлук кусасы жан кумары
жазгырып да жиберди анда-санда.
Бирок дайым корсунуп андай иштен,
алаксыды алышып кызмат менен.
Азгырылды духовный мүдөөлөргө,
алек болду кыздарын тарбиялап.

Бактысынан үмүтүн үзбөй жүрүп
барып калды кырк жаштын кырына да.

Күйөө табуу күдөрү улам-улам
күйгөн шамдай пасайып кете берди...



Биздин дама кырк бешке келгичекти
кыздары да бой жетип, эрге тийип,
алыс кетти. Ал өзү жалгыз калып,
кусаланды кыйлага жетимсиреп.

Күйөө болсо, бактылуу болсом деген
күндөрүнүн шамы да күйүп бүттү.
Бүт баарынан түңүлдү. Ал ошондо
алынгандай оор жүк далысынан
жеңил тартып, бир жаңсыл боло түштү.
«Багынбаска жазмышка барбы чарам?
Туш кылган жок түгөйгө түзүгүрөөк,
бактысынан берген жок бапыратып.
Баары бүттү. Базарым тарап кетти.
Таалай тилеп, жар күсөп зарлаганым
жүрөгүмдү өйкөлөп жүрөр эле.
Шүгүрчүлүк, кутулдум ошо дарттан».

Ташпиши көп тагдырын талдап көрүп,
болочогун болжолдоп ойлоп көрүп,
өзүн өзү сооротту: «Жар табам деп
чаңкаганым сап болду мооку канбай.
Бирок менин билимге ынтызарым,
сонундарга кумарым какшый элек».

Ыраат таап рухий ырыскыдан,
кадыр таап жасаган жумушунан,
жабырына тес бербей жалгыздыктын,
өзүн өзү шыкактап өргө карай,
өмүр сүрдү өзүнчө кызыгы бар.

Өнө боюн дайыма куштай таптап,
тыным бербей камчылап акыл-эсин,
жаасы катуу таризде жашап жүрүп,
элүү жашка эңкейлеп барганда да,

калды сактап бычымын бийкеч бойдон,
жаны-дилин жаш бойдон, таза бойдон.

Күйөө табам дегенден күдөр үзүп,
үмүт кылбай үй-бүлө үзүрүнөн,
күкүрттөнбөй күн көрүп жүргөн эле.
Анан бир күн оюна түштү бүлүк.
«Реклама» газетин окуп атса,
назарына кадалды бир жарыя:

«Ооп калган жүз жаштын ортосунан,
билиминен башкасы ортозаар
бир эр киши, жарашса кадыр-көңүл,
жар болсом дейт өзүндөй бир аялга».
Биздин дама бырс күлдү окуп алып,
Ойлоп койду: «Бул, эмне, куудул сөрөй
бир кургурдун шакаба чеккениби?
Же чыныбы кайсы бир апендинин?»

Ошо менен тим болду. А эртеси
кайра кирип демейки тириликке,
алаксыды көнүмүш иштер менен.

Бирок... анын эсине көпкө дейре
маал-маал кылт этип келе берди
кытыгылуу жарыя бая күнкү.

Да бир жолу кечкурун а жарыя
кылт эткенде эсине, биздин келин,
тамашөкөй кыялы кармап кетип,
жазып ийди жанагы жарыянын
авторуна жооп кат шакабалуу.



* * *

Оюн-чындан жазылган ошо каттар
эки жетим тагдырга желим болду.

Эркек менен дамабыз көрүшкөндө
элеп-желеп сүйүшүп калышкан жок,
бирин бири тек гана жактырышып,
акыл менен чамалап ар тарабын,
тобокел деп баш кошту каадаланбай.

Бирок болду бу нике өңдүү, жолдуу,
Экөөнүн тең жан-дили эгиз экен,
жалпылдашпай өз ара жагынышып,
жазып-тайбай демейки жүрүшүнөн.
эки-үч айдай бир үйдө бирге туруп,
бирин бири кетишти жакшы көрүп.

Көңүлдөрдүн түбүндө бугуп жаткан
корой элек мээримдер козголду да,
бүлк-булк этип булактай ийип кетти.
Көп кечигип көз жарган махабаттан
жубайлардын өмүрү күн тийгендей
туна түштү көлбүгөн жарык нурга.

Ашыглыктын ажайып шарапаты
ал экөөнүн жандырып ышкыларын,
жамыратып чыгарды сырт жагына
көмүскөдө көп жылдар жашырынган
көрөсөндүү кишилик жышаандарын.
Алар мурда аңдабай жүргөн экен
жан-дилинде жатканын мынча дөөлөт!

Эки жардын жаңырган көздөрүндө
жанды көркү кулпуруп теребелдин
жамгыр жууп жашарткан жашыл тоодой.

Жөө тумандай самсыган санаалары
көккө каргып, булуттай көкөлөдү.

Кадыр-көңүл жарашса, ырк келишсе,
мүнөз менен мүдөөлөр айкалышса,
бирге түтүн булатып өмүр сүрүш,
кошо тартыш тирүүлүк тарткылыгын,
жан кыйнаган жүдөтмө жабыр эмес,
түйшүк тура түгөнбөс мазасы бар!

Эрди-катын экөө тең бир биринин
билип турса айттырбай ойдогусун,
түшүнүшүп өз ара туруш үчүн
сөздүн деле кереги жок турбайбы!

Өмүрүңө өмүрү өрүлүшкөн
жарың болсо жаныңдай жакшы көргөн,
бу дүйнөдө а барып ойлогондо,
анын өзүн көргөндө эртели-кеч,
кетет тура көңүлдө мээрим ийип!

Кеч табышкан эки жар туура бир жыл
турду бирге бир үйдө. Он эки айда
бири бирин бир дагы кейиткен жок.
Учуп өткөн убайсыз бул убакыт
бүтпөгөн бир майрамдай болду бекем!

Толду бир жыл тоюна эки жардын,
урматына ушунун экөө бирдей
отпуск алды. Жакында жөнөйт алар
саякаттап алыска. Бүгүн, мына,
кабар алып дачадан коёлу деп
тоо тарапка тоорулуп келген чагы.



* * *

Тоо түбүндө дөбөнүн бир ташында
коңур күздүн көз салып сүрөтүнө,
эки киши отурат кыналышып:
бирөө – эркек, ургаачы – беркиниси.

* * *

Сай кылаалап жайгашкан дачалардын
тамдары бар көмүлгөн калың бакка.
Бейбазар күн. Кыймыл жок. Баары жымжырт.
Шоокум салат бир гана суунун шары.

Күз да келди жер бетин боёп-сырдап:
түзөңдөрдө аңыздар жез түстөнүп,
бөксө тоолор өң алды киргил-саргыч;
сары боёк сүртүнүп саймаланды
саябандуу теректер, кайың-талдар;
күрөң тартып алманын бариктери.
өрт чалгансып өрүктөр жалындады,
солуп, сөңүп бараткан табияттын
маанайында сары муң турду чөгүп.
Күз сүрөтүн кечирип күз алдынан
жалпак ташта отурган эки жардын
көңүлүнө ошо муң көчүп өттү.

«Күз да түштү,– деп айтты ургаачысы
улутунуп акырын. – Экөөбүздүн
өмүргө да күз келди, жаным, мына...»

Чокулары жаркыган жаңы кардан
чоң тоолорго кайрылып, бир күрсүнүп,
эркек айтты: «Жакында кыш да келет...»
Ургаачы да муңканды тоого карап:
«Ооба, жаным, кыштай ак карылык да...»

Күздүн кыйгач бешими. Анткен менен
кайтып калган курчунан күн илеби
берешенин карматып мээрим төгөт.

Ысып кетти далылар. Аял айтты:
«Тийип турат күн бүгүн мынча сонун!»

Күлө багып муңайым эркек деди:
«Өмүрүбүз келгенде өз күзүнө,
күнүбүз да барганда кеч бешимдеп,
экөөбүзгө мээримин ынак сүйүү
ушу күздүн күнүндөй төктү белем!»

Аял ыктап эркекке, көзүн жумуп,
жакасынан жыттады кумарланып.

Анан алар жай туруп таш үстүнөн,
жетелешип дөбөдөн ылдый түштү.
Эркек таап сумкасын жолдо калган,
асынды да, бет алды суута карай,
аркасынан аялы ээрчий басты.

Кош коктудан агылган тел дайранын
кошумунда салынган көпүрөдө
алар турду жанаша суута карап
сүйөнчүктөп солкулдак зым арканга.

Башаттары ийибей тартылган суу
тар нугунда шар агат тунук тартып,
түп жагынан кашкайтып шагыл-кумун,
самын ташын, балырын, тал тамырын.

Кашка суудан ал экөө көз айырбай
карап турду тирмейип көпкө дейре.
Анан алар кошулуп көпүрөгө



агып-жылып жөнөдү өйдө карай,
барган сайын зымырап улам катуу.

Жадаганда көздөрүн суудан айрып,
бир бирине карашып күлүп ийди.

Алган жарын ийнинен жеңил тартып,
коомай гана койгон соң кысып-кысып,
кобурады эркеги: «Ушул дайра
ала жаздан саратан сап болгуча
сайга батпай кузгундап ашып-ташып,
обун таппай онду-сол ооналактап,
майнап суусу сыңары ботколонуп,
күүсү күчөп күрпүлдөп турбадыбы!..»

Аял дароо күйөөсүн сүрөп кетти:
«Өз маалында биздин да өмүрүбүз
кирген суудай күкүктөп, жошолонуп,
окторулуп нугунан чыга качып,
алдас уруп сайында жатпадыбы!»

Сереп салып дайранын агымына
тунжураңкы турган соң бир далайга
эркек айтты: «Биз дагы ушу тапта
ушу суудай тартылып, тунук тартып,
түбүбүздөн көрүнүп түгөл баары,
сайыбызда жай агып калдык белем».

«Ооба, жаным, ошенттик»,– деди зайып
күйөөсүнө суз гана күлүмсүрөп.

Алар кайра сумсайды суута карап,
коктулардан тел дайра атып чыгып
кошулганын кыйлага байкап туруп,
эркек айтты: «Биздин да тагдырыбыз

тиги суулар сыңары узак жерге
айрым-айрым агылып, акырында
куюлушуп айланды бир дайрага».
Аял анда армандуу үн чыгарды:
«Атаганат, экөөбүз бу суулардай
кошулсакчы өмүрдүн баш жагында!»

Алар кайра сумсайды ууга карап...

Дача-кыштак арасын жарып өткөн
даңгыр жолго чыгышты аздан кийин.
Барик төгүм маалы. Леп этсе жел,
дилдир-дилдир үзүлөт жалбырактар.
Бирок дале бак-дарак барикке бай.
Бир кызыгы, алардын шактарынан
бир да мөмө илинбейт көз кырына -
малак жалап кеткендей эчтеме жок.

Ал – анткени: капыстан быйыл жазда
алда кайдан карандай суук келип,
гүлдүн баарын үшүтүп, кууп түшүп,
мөмөлүү бак бүтүндөй кысыр калган.

Жете барып эки жар өз үйүнө,
короосуна кирди да, ошо замат
көрө коюп гүлдөгөн алмаларын,
арбалгандай аңырып туруп калды.

Суйдаң тарткан бариктер арасынан
бадырактай ак гүлдөр бажыраят.

Жаш балача көздөрүн чачыратып,
таңыркап да сонуркап турган аял
маашыркanып шаңк этти жетине албай:
«Алма чечек атыптыр! Ах, карасаң!»



Кубанычтуу күлүңдөп турган эркек
кыса берип алганын ыптасына,
айта салды: «Бу гүлдөр, байкап бакчы,
көрүнбөйбү кокустан окшошконсуп
экөөбүздүн кечиккен сүйүүбүзгө?».

Аял кетти эштенип: «Айтканың чын!
Күздө гүлдөп алма бак алган тура
махабаттай кечигип чечек аткан!»

Күлө багып караса күйөөсүнө,
анын көзүн муң чалып калган экен.

Аялдын да маанайы чөгө түшүп,
кеби чыкты кейиштүү: «Ай, арман ай,
мөмө түйбөйт бу гүлдөр, мөмө түйбөйт,
экөөбүздүн сүйүүдөй кеч гүлдөгөн!»
Алар эми алманын гүлдөрүнө
карап турду муңайым маашырканып...

# Котормолор

## БЕТ АЧАР

Анын ысмы биздин кылымдагы ашкан атактуу акындардын ысмына тең барабар турат. Демейде улуу кишилер көзү барында улуу деп айтылбайт. Назым Хикмет болсо тирүүсүндө эле түрктүн улуу акыны деп айтыла берчү, андай деген сөз эч кимге өөн учурачу эмес.

Атүгүл элдешпес кас душмандары да анын ченебеген акын экенине шек келтире алышкан эмес. Ушуга байланыштуу бир кызык факт айтылып жүрөт. Турция монархиялык түзүлүштөн республикалык түзүлүшкө өткөндө туңгуч президент болгон Кемаль Ататүрк бир кыйла прогрессивдүү саясий-ишмер болсо да, коммунисттик идеяларга кастык менен мамиле кылган. Анын өкмөтү Назымды түрмөгө камаган. Назым камалып жатканда, Ататүрк акындын автордук аткаруусунда грампластинкага жазылган «Мажүрүм тал» аттуу ырын угуп алып эрксизден ыйлап жиберип:

– Кандай укмуш акын! – деп тамшанып баш чайкап, артынан катуу өкүнүп койгон экен. – Аттиң ай, коммунист болуп алганын карасаң!..

Назым энеден акын болуп төрөлгөн, жалаң гана поэзия үчүн жаралган адам эле. Бирок анын акын жүрөгүндө граждандык кайрат менен бунтардык



жалын да жалбырттап күйүп турган. Ошон үчүн анда тайманбас революционер менен улуу художник эриш-аркак айкалышып жашаган, чыгармалары болсо ашкан бийик идеялуулук менен керемет көркөмдүктүн ширөөсүнөн бүткөн.

Ал эр жүрөк новатор акын болгон, түрк поэзиясынын көнүмүш традицияларына бүлүк салып, ритмикалык курулуштарын жана ниети калыс тилин караманча жаңыртып, адеп окуган ар кандай адамды аптыктырып таштоочу формалдык эксперименттерди жасаган. Бирок эч убакта ал карандай формалистик изилденүүлөргө азгырылган эмес, эч качан поэзияда көйрөңдүк кылган эмес, ал үчүн поэзия бу дүйнөдөн жашап өтүү сыңары эң маанилүү иш, революциялык күрөштүн жана ата журтка кызмат кылуунун эң башкы куралы, өзүнүн духовный күчүн жана адамдык касиеттерин предметтештирүү мүмкүнчүлүгү болгон. Ошол себептен анын ар бир сабында коргошундай уюган салмактуу олуттуулук бар. Акындын сезимтал-назик баамына урунбаган нерсе, балким, бу турмушта аз болсо керек: чыгармаларында жаамы адамзатты сарсанаа кылган эбегейсиз зор маселелерден тартып көзгө араң-араң илешкен мапмайда көрүнүштөргө чейин ой жүгүрткөн, бирок эң эле майда темалар жөнүндө жазгандарында деле дүйнөгө масштабдуу караган, тиричиликтеги жарыбаган кичине нерселерге да аябай олуттуу мамиле кылган чоң адамдын бараандуу элеси айкын байкалат.

Назым Хикмет бу жарык дүйнөдөн катуу кызыткан болот-темир сыңары кызарып күйүп өттү, андан өмүр бою поэтикалык чыгармалар шыркыраган кызыл учкундардан чачырап, Саманчынын жолундагы жылдыздардай жайнаган өчпөс изге айланды.

Ал өмүрүнүн көп жылдарын саясий куугунчулук менен түрмөдө өткөргөн. Ошондой кыйын кезеңде

да анын коммунисттик кайраты ого бетер чыйралып, адамдык духу улам бийик көкөлөп, акындык күчү курчуп отурган. Ал көп жылдар бою эмиграцияда жүрдү. Адатта бир боор турпагынан ажыроо көп адамдардын талантын кууратып салат. Ал эми эмиграцияда жүргөн чагында Назымдын чыгармачылык энергиясы какшыбастан, кайра ашып-ташып турду. Өзүмдүн духовный ата журтум деп эсептеген биздин өлкөдө ал өзүн эч качан мусапыр катары сезген эмес, тескерисинче, акын өмүрүнүн эң бактылуу жылдары ушу биздин жерде өткөн. Бирок Назым өз мекенин жакынынан жакшы көргөн, аны дайым ой-санаасынын чордонунда туткан, аны кайра бир көрсөм деген өлчөмсүз кусалык менен жашаган. «Акынды бейишке алып барышса да, ата журтум деп ыйлап какшаныптыр». Дүйнөлүк наамга ээ болуп, атак-даңкы төгөрөктүн төрт бурчуна угулуп турганда, чыгармалары өз өлкөсүндө, эне тилинде басылбаганы анын жанын кашайтып, каңырыгын түтөткөн.

Акындын арзып-арзып күткөнү өзү өлгөндөн кийин келди. Анын чыгармалары өз ата журтунда бирин-серин басыла баштады. «Назым Хикмет» аттуу кеме Турция жээктери менен дайыма өтүп турат. Бу кеменин Югославиядан (жасалган жеринен) Одессага багыт алган туңгуч рейсинде кошо болгон орус акыны Борис Слуцкий мындай деп жазат:

«Биз беш деңизди арытып, сапар алганыбызга үч күн болгондо Турциянын территориялык сууларына, Мрамор деңизине алып барчу Дарданелл кысыгына кирдик... Мрамор деңизи картада кичине көрүнгөнү менен, биздин күлүк кораблге беш сааттай жол болду. Босфор кысыгына биз күн өйдө көтөрүлүп калганда кирдик, сууда кайыктар, катерлер, арасында сейилдөөчү палубалары бар кемелер каршы-терши жүрүп жатыптыр, аларга европалык жээктен азиялык жээкке жана тескерисинче, жумуштап бараткан туристтер менен



түрктөр жык жыйма толуп алган экен. Деңиз бети тим эле майрам-тамаша күнкү шаар паркындай быкылдайт. Катерлер бизге жакын эле жерден өтүп атышты, латын ариптери менен чегилген «НАЗЫМ ХИКМЕТ» деген чоң жазуу таасын окулуп калды белем, капыстан бизге кол чаба баштшты. Түрктөр катерлеринин бортуна жабыла беришкенде, катерлери көңтөрүлүп кетчүдөй калкылдады. Алар чуулдап, кыйкырып-өкүрүп, укмуштай шапалак уруп турушту. Чоң театрда бир балеринага да, Лужники стадионунда бир жаш акынга да мынчалык кол чабышкан эместир. Уу-чуу, кыйкырык, кол чабуу бир саатча уланды, анан Босфор бүтүп калды. Биз Кара деңизге кирип, Одессага багыт алдык. Назым Хикмет ата журтуна ушинтип кайрылып барды».

Назым Хикметтин ысмы прогрессивдүү адамзаттын сүйгүнчүгүнө, түрк калкынын улуттук сыймыгына, ар-намысына, бетиндеги кызылына айланды, аны биздин улуу кылым аты өчпөс уулу кылып алды.

***Салижан Жигитов.***

## НАЗЫМ ХИКМЕТ

*Түрк акыны*

### ОН БЕШ ЖАРААТ

Көкүрөгүмдө он беш жараат,
он беш кара саптуу бычак
батып, кайнайт көкүрөгүм.
Бирок кагат,
кага берет,
кага берет, бу жүрөгүм.

Көкүрөгүмдө он беш жараат.
Жарааттарды ороп алды
заар жылан сыңары
караңгы түн түспөлдөнгөн
Кара деңиз суулары,
муунтканы мени талайт
кандуу кара суулары!

Он беш кара бычак менен
жараланды көкүрөгүм,
бирок дале кагып жатат
көкүрөктө бу жүрөгүм.

Көкүрөгүмдө он беш жараат,
көкүрөгүм турат канап
бычак тешип он беш жерин,



тамтыгы жок бычакталып
калса дагы, жатат кагып
кага берет бу жүрөгүм.

Он беш отко айланды он беш жараат,
он беш бычак сындырды көкүрөгүм,
бирок тынбай кагат, кагат,
кызыл туудай алоолонуп
кага берет
бу жүрөгүм!

***1921***

### АНАДОЛУ

Төбөбүздөн
күн өрттөнөт
оттой жанып.
Турпак арык.
Жалаң аяк бутубузда жаман чарык.
Качырындай арыктаган
бир карт дыйкан жаныбызда.
Жаныбызда эмес,
жанып турган каныбызда.

Жон буркасыз,
кол камчысыз,
арабасыз,
жандармсыз,
улоо – атсыз
эң жакыр кыштактарды
басып өттүк,
боз  такыр тоо-таштарды
ашып өттүк,

кыдырдык бул өлкөнү жолдо тентип.
Ооба, ошенттик!

Өгүздөрдүн шоролуу көздөрүнөн
эшиттик таштак жердин муңдуу үнүн.
Көрдүк биз:
буурсунга деми келбейт
аштыктын кылкылдаган дүмбүлүнүн!
Түштө кезген сыңары кезген жокпуз.
Чалдыбардан чалдыбарга басып өттүк,
кыдырдык бул өлкөнү жолдо тентип.
Ооба, ошенттик!

Биз билебиз:
бул өлкөнүн
деги эмнеге кусасы бар.
Кусалыгы
материялуу
материалисттин башы сыңар.

Чычкан ийни көчөлөрдө
жабышат бир-бирине
сыз таман, көркү жаман,
жамгыр жааса эзилген самын тамдар.
Дүкөндөрдө отурат мандаш уруп
кытмыр көз,
көгүчкөн сөз
ак, сары, жашыл селде чалынгандар.
Бет маңдайда –
буттарынын тамандары жарылгандар.
Союлдай бир жандарм
талаада күнөө кылган бир катынды
сүйрөп келет кошмоктоп
эркегине.



Кофеханада
карт дүкөнчү
шакиртине
түшүрөт жаман сугун көз-көрүнөө;
анан ал көрөр замат: «Иллялля» деп
түкүрөт тиги экөөнүн беттерине.
Сасык уйку жыттанган күлтүк сыңар
бул шаар романтикага бай эместир.
Анын бир арзып күткөн муң-зары бар,
муң-зары анын эки сөз: «буу»
«электр».

Сокур болбой калсаңар көрөрсүңөр:
Кавказдан калбыр көөдөн болуп кайткан
эр уулу бар,
баштарына салыкчынын тырмагы өткөн
кызы
менен
кемпири бар,
турпак ыраң арабалуу бир кембагал
кетпесем карыш калган жеримден дейт,
өлсөм да бүлөм менен бирге өлсөм дейт
бу жерде
алар менен
көмүлсөм дейт.

Тоо-талаанын арзып-арзып сагынганы,
сүйүү күткөн катынга окшоп зарылганы:
ар тармагы миң буйвол күчүн алган,
суу кечкендей жерди айдап эшип салган
жүрөгү буу,
өзү балбан
машиналар!

Эй, айнек курсактары
сары кальян[1] сыңары шоркураган,
Эй, үч аттуу саябан арабадан
дүлөй, маңка, көр-сокур
дыйкандарга.

Пьер Лоти үшкүрүгүн тартуулаган,
мыйыгында мыскылы бар.
Оң колунда калеми бар
эфендилер![2]
Таттуу – жалган сөздөргө карк кылдыңар
Мына эми баарыбыздын башыбызга
бу сөздөр «даңк» деп тийсин:
Дыйкандын кара жерге кусасы бар,
а жердин кусалыгы –
машиналар!

***1922***

## КҮН ЧЫГЫШ АДАМЫ ЖАНА СССР

Күн чыгыштан умтулуп келем,
козголду деп күн чыгыш
кыйкырып келем!
Түндүккө аккан шамал менен жарышып,
Азиянын алыс жолун арытып
кабылдым сага!
Колдоруңду созчу мага.
кучагыңды тосчу, кана!

[1] *Кальян* – чылым (тамеки эмес) тартуучу канжа сымал аспаптын суу куюлган түтүкчөсү.
[2] *Эфенди* – мырза, төрө дегенге барабар сөз.



Эй!
Сагынып эчен жылдар атам үйүндөй
мен сени бир көрсөм деп тиленип жүргөм!
Жүрөктөргө от жаккан авандарыңа
энем үнүн уккандай кулагым түргөм.

Эй!
Азиянын аптабындай албырып күйгөн
кырмызы байрактарың,
кызытмалуу түшүмө кирген,
баатырларың аттары алып келген
кан ичинен өйдөлөгөн
жылдарыңды көз алдыма!
Таппайм эми сенден артык
дос-жарды да, мекенди да!
Түндүккө аккан шамал менен жарышып,
Азиянын алыс жолун арытып
кабылдым сага!
Колдоруңду созчу, кана,
кучагыңды тосчу мага!

Азиятмын.
Жол арытып, ашуу аштым.
Жар салам:
козголду деп Күн чыгышым!
Көздөрүңдү бер мага!
Фитиль кана,
көрсөт аны,
мага кой жандырышын!
Мен –
суткасына жыйырма төрт саат
тырбалаңдап кызмат кылган,
сөөгү оркойгон жондоруна
балак камчы из калтырган
миллиондордун баласымын.

Мен – алардын чыңырыгы!
Мен – алардын абазымын!
Мен келдим эшигиңе
революция бешигиңе:
көздөрүмө нур суранам,
акылыңан берчи маган!
Азиянын бар саздары
безгек бүрккөн, кыйырсыз,
өңү сары.
Саздардын быкшыган көк абасында
көк мелжийт фабрика морулары.
Бу көк-жашыл абаны күндүр-түндүр
кара тоодой тумандар турат каптап.
Сормо саздар илеп тартат.
Чыгырыкты кайыш кур тегеретет,
тегеретет!
Көзүбүздөн жаныбыз өчөт-өчөт!
Сары безгек каныбыз кесек-кесек
сары алтынга айланып
кетет, кетет...
Токсон кабат банк тамдары
асман-жерди далдаа кылып
жомоктогу мокочодон көк

тирешет.
Чемен чалган керсары туугандарым
чымын конгон чирик эт сыяктанып
бу саздарда сүйрөлүп эзилгенде,
сормо саздар дыйкандарга
дозоктогу түш болуп сезилгенде,
мен сени бир көргөнгө зарылгамын,
ата үйүндөй сагынып сабылгамын.
Бирок да ач дөбөттөй кыңшылап мен
сени тилеп тагдырга жалынбадым.
Жок!



Түндүккө аккан шамал менен жарышып,
Азиянын алыс жолун арытып
кабылдым сага!
Колдоруңду созчу мага,
кучагыңды тосчу, кана!
Көздөрүмө берчи шоола!
Акылыңдан берчи соога!
Азияда жатышат мени күтүп.
Мен аякка тезинен жөнөлөйүн,
кыпкызыл көйнөк менен көрүнөйүн!

***1925***

## МОСКВАДА ГЕРАКЛИТ ОЙГО ТҮШҮП

Кыш келди.
Кызыл аянт.
Термометр бетине салдым назар:
жетиге түшкөн экен аяз күчү.
Тоңууда кар.
Сокпойт шамал.
Болоттун тунукеси сыяктанып
жаркырайт асман жүзү.
Кремль мунарасы
чакыят солдатка окшоп,
узун, кызыл шинелинин кең ийнине
калыптыр карлар токтоп.
Жанында «ыйык мазар»,
токтоптур ага да кар.
Кызыл аянт деңиз болсо,
кемеге окшойт Мавзолей.
Асман жүзү жаркырайт тунукедей.

Шаар жүрөгү артта калды.
Кызыл аянт артта калды.

Жээк мени арбап алды.
Карап турам дайрага мен.
Жарышып барам дайра менен.
Ийрилип агат Москва дарыясы,
агат ал темгил жонун жалтыраткан
килейген бир
капкара
балык сыңар....

Ким билет, балким, бүгүн,
балким, эртең
суунун жылма көөдөнү тоңуп калар.
Ошондо да токтобой согуп турар
муз алдында ысык, кара кан сыңары
агып турган дайранын жүрөк-каны!...

Кыш келди.
Жетиге түшкөн экен аяз күчү.
Тоңууда кар.
Сокпойт шамал.
Аккан суунун тил – сырын билбесем мен
бу суукта мынчага турбас элем.
Ким билет, ушундай бир кечки убакта
Гераклит терең ойго баткан чыгар,
жашыл көз зайтундардын[1] арасында
аккан дайра боюнда айткан чыгар:
Агат баары, тынбай агат,
буга акылым айран калат?

Гераклит, Гераклит, бу кандай агым?
Түбөлүк бек турчудай көрүнгөндүн
баарынын ойрон кылып өмүрлөрүн,
беттерине баскан ысык тамгаларын
деги ал өзү кандай агым?

[1] Зайтун – орустар – «олива», «маслина» дечү өсүмдүк.



Тынч тургандын ичинде кыймыл жатат.
Козголсо аны ким коймок байлап, матап?
Гераклит, Гераклит, айтпайсыңбы,
кулпулашка болобу аккан сууну?!

Калың мрамор устундар турат, мына,
жылтылдап күндүн ысык чубагына.
Алар Цезарь заманынан бери жашап
келатат да,
артта калган жол четинде
ак курлуу патрицийлердей зыңгырашып...
Мынаке, Рим!
Опсуз оор таштары тегирмендердин
оор таш тегирмендердей тегеренген
туткун кулдар күчүнөн тегеренди...
Спартак оор, жалаң буту менен
сындырды кербез Рим легионунун
кара темир чоң калканын...
Азаттыкты татты туткун:
шимирди чор колунан тамчылаган,
жарылган эриндерин куйкалаган
легиондордун ысык канын...

Бу кан! Бу кан!
Кетелек мазасы анын
оозубуздан эмгичекти.
Туябыз анын даамын
тапсыз заман келгичекти.
Рим!
Кара канат бүркүтүң көкөлөгөн
жерге жетип, куладың кайра төмөн.
Туткун кулдар көтөрүп ийни менен
тургузган маданият
түштү кулап.
Тарыхтын майданына чыккан варвар
чү койду ээри жок жайдак атын.

Коло алкактуу, учу кандуу чокмору
анын көрсөттү куду саат жебесиндей
бүткөнүн Римдин да соң сагаты.
Дагы бир доор кайкып өттү.
Рим болгон,
тарых үчүн
зарыл болгон,
келди, кетти,
Гераклит, Гераклит, айтпайсыңбы,
кулпулашка болобу аккан сууну?

Мынакей, мунаралар төнүп көккө,
коргошун бапактарын эңилчекке
бастырып, чагылышат таңкы күнгө.
Мынакей, коңгуроо урчу мунаралар:
Орто кылым маалында көк тирешсе,
а бүгүн радио мачталардын
түбүндө жепирейип турат
алар.
Орто кылым! Орто кылым!
Сен дагы көзүңдү ачтың бу дүйнөгө,
баягы токтоо билбес киргин агым
кулаган бир замандын чалдыбарын
жууп өтүп,
көтөрдү сени өйдөгө.
Дыйкандардын телпейген тамдарынан
көтөрдүң кылымдардын ортосуна
бир муң-азап мунарасын
такыр-таштак талааларда кезек-кезек
көтөрүлүш шамалдары эсип турду.
Сакалдары жер жыттанган эр дыйкандар
кол тийбеген токойду кыйган өңдүү
байлардын баштарын шарт кесип турду.
Заман зуу-зуу өтүп турду.
Күңүрт гүлдүү ак батисттей чарт айрылды



мас байлардын кучагында
кыштактык келиндердин биринчи
түнү.
кыштактык келиндердин
наристелиги.
Орто кылым! Орто кылым!
Сен дагы көзүңдү ачтың бу дүйнөгө,
баягы токтоо билбес киргин агым
кулаган бир замандын чалдыбарын
жууп өтүп,
көтөрдү сени өйдөгө.
Сен дагы эарыл элең,
келдиң, өйдө көтөрүлдүң,
акырында кулап түштүң.
Түшпөйүн деп жан талаштың,
жетпей койду бирок күчүң...
Гераклит, Гераклит, айтпайсыңбы,
кулпулашка болобу аккан сууну?!

***1925***

## КУСАЛЫК

Деңизге кетким келет.
Көгүлтүр суу күзгүсүн
кучактап өпкүм келет.
Деңизге кетким келет!
Кемелер кетип барат,
кемелер чөгүп барат
мейкинге алыстагы;
сарсанаа шамалына,
муң-кайгы шамалына
керилбей парустары;
бир күнү кеме үстүнө
чыгармын, балким, мен да
өрөпкүп таалайыма,

акыры келер өлүм
айныбай жазылган соң
ар кимдин маңдайына
нуруңдай батар күндүн
деңизге чөккүм келет,
нуруңдай батар күндүн
толкунда өчкүм келет.
Деңизге кетким келет!
Деңизге кетким келет!

*1927*

## КАСПИЙ ДЕҢИЗИ

Деңиздин а башынан бу башына
түмөн-түмөн атчандай күр-шар этип
мала-кызыл толкундар чабат, чабат.
Каспий сүйлөйт тилинде шамалдардын,
сүйлөсө – кайнагансыйт шарак-шарак.
Каспийди сулк жаткан бир өлүк көл деп,
чёрт возьми, кимдер айтты?!
Уч-кыйры жок ээнбаш шор суу Каспий!
Каспийде кастар жүрөт, э-э-эй,
дос-жар жүрөт!..
Толкун – бир аска,
кайык – бир кийик,
Кайык – бир чака,
толкун – бир кудук!
Көмүлөт кайык,
көрүнөт кайык,
жыгылган аттын
жонунан тайып,
каргыган атка
минилет барып!



Кайыкта бир кайыкчы түркмөн
маңдайында рулдун мандаш
уруп
отурат жай баракат.
Башында калдайган бир кара бапак.
Жок, бул өзү бапак эмес,
тирүү койдун кардын жарып
кийиптир ал башына,
койдун узун саңсаң жүнү
түшүп турат кашына!
Көмүлөт кайык,
көрүнөт кайык...
Кайыкчы чал рулдун маңдайында
Түркмөнстан Буддасынын бурканындай
отурат камырабай мандаш уруп.
Бирок аны ойлобо: турган экен
Каспийдин каршысында кол
куушуруп.

Өзүнө өзү ишенет, ошон үчүн
отурат буркан таштай мандаш
уруп.

Карап койбойт
кайыкка
чабылган сууга,
карап койбойт
чабылып
жарылган сууга!
Көмүлөт кайык,
көрүнөт кайык,
жыгылган аттын
жонунан тайып,
каргыган атка
минилет барып!
– Каспийдин кую жаман баштатадан,
аркырайт кара шамал жаман, жаман!

Абайла, сактана гөр каргашадан,
антпесең ойрон салар кара шамал!
– Кайылмын,
кандай болсо, андай болсун,
кутурсун кара шамал,
тоодой толкун
каптасын!
Каргашасы келсе келер!
Ким деңизде туулса,
деңизде өлөр!
Көмүлөт кайык,
көрүнөт кайык.
Көмүлөт кай...
көрүнөт кай...
Көм....
көр...
көм....

***1928***

## МАЖҮРҮМ ТАЛ

Айнегинде чагылат аккан суунун
мажүрүм тал шактары чуудаланып.
Мажүрүм тал наз менен ашкан сулуу
чайкайт күмүш саамайын суугa малып.
Кылыч менен талдарды чаап шакка
кетти кызыл атчандар батыш жакка
батыш жакка күн батып бара жаткан.
Ок жаңылды капыстан!
Бир жаш атчан
кушка окшоп канатка
аткан кулады аттан!



Бакырбады,
кеткендерди жалбарып чакырбады,
башын жерден көтөрүп бир азга араң
арман толгон көз менен карап турду
аттардын туяктарын кылактаган.
Арман күн ай, атаганат,
каргып туруп ал эми кайра аттанып
өбөктөбөйт ак көбүк ат жалына,
ак аскерди кубалап айгай салып
ойното албайт кылычын баштарына!

* * *

Кулагында алсырап жаткан жандын
өчүп барат дүбүртү чапкандардын.
Кылк-кылк этип кызарып күн баткан жер
жутуп алды караанын атчандардын.
Атчандар, атчандар, кызыл атчандар,
аттары шамал-куюн канатчандар,
аттары шамал канат...
аттары шамал...
аттары...
ат...
Өмүр өттү атчандай шамал канат!
Аккан суунун үнү өчтү ир алдыда,
дүйнө бүтүн боёлду караңгыга,
жабылды кара парда
мөлтүр тунук көгөргөн көзүнө
анын,

төгүлдү мажүрүм тал
сары чачы төгүлгөн бетине
анын!

Бaратат коюу тартып түн карасы.
Ыйлаба, мажүрүм тал, ыйлабачы!
Ыйлаба,
ыйлабачы!
Ыйлабачы...

***1928***

## БАРАТКАН АДАМ

Жалтанбай карап астын,
шамалга желбиретип кызыл шарфын
кетип барат.
Кетип барат адымдап кең,
кетип барат салмак менен,
кетип барат.
Шамал деңиз сыңары толкуп-ташат,
деңиз шамал сыңары жортуп-шашат.
Шоолалар эки жактан жыбыр-жыбыр
жылдыздар учкан өңдүү кайкып
жатат.
Үн чыгат тереңдерден,
жүрөктүн түбүндөгү кереӊ жерден:
– Балам, кайда барасың, кайсы жакка?
– Кайт, сүйгөнүм!
– Кайт, тууганым!
– Кайт, үйүмдүн эркеги, кайткын
артка!
Кетип барат –
кекенип өлүм маршын чалып барат.
Кетип барат -
аваны кемеге окшоп жарып барат!
Кетип барат адымдап кең,
кетип барат салмак менен,
кетип барат...
Ким билет, сапарынан жанып кайра,
отурган маңдайында сайып сайма
карындашын саамайынан сылай
албас,
а балким саясында сулап кайра
күнгө барчу жашыл жол сыяктанган
кайыңдардын дарагына карай
албас...



Баратат, кетип барат.
Жолдорун чоң арыштайт арстан сыңар.
Колдорун оор таштайт барскан сыңар.
Калдаят түктүү төшү калкан сыңар...
Ар түнү бир үстөлгө үймөлөктөп
таң атырган араңжан досторунан
тамчылап майдай аккан сөздөр эч бир
эми аны чыгара албас өз жолунан.
Кынсыз эки канжардай көздөрү өткүр
Кетип барат
жоого карап.
Кетип барат адымдап кең,
кетип барат салмак менен,
кетип барат..

***1929***

## КАТАРДАГЫ БИР АСКЕР

Баштады ишти. Бүтүрдү ишти.
Баштаганда жар салып бакырбады.
Бүтүргөндө:
«Келгиле, көргүлө»– деп
бүт дүйнөнү чакырбады.
Ал – миллиондордун миллиондон бири.
Биздин саптын бир аскери.
Тамырдагы каны анын ыйык эмес,
байгеге чаба турган күлүк эмес...
Башкаларга окшошот бети менен,
суу ичет оозу менен,
басып жүрөт буту менен.
Бекер жатпайт,
дейди баспайт:
ишти баштайт,
бүткөрөт,
кайра баштайт.

Башка менен жумушу жок,
алга карай барышы бар,
турушу жок.
Ал – миллиондордун бири.
Биздин саптын бир аскери.

***1930***

## САПТАГЫНЫН ӨЛҮМҮ

Артта калбай,
алдыга озуп кетпей,
жүргөн эле катарда,
биздин сапта.
Жанындагы жолдошторунун кандуу башы
далысына тийген чакта.
өз кезеги келген чакта,
өз номерин атады да,
кетти өлүмдүн сапарына.

Сөз, ыйдын кереги жок,
керек эмес ага венок...
Достор, эч ким унчукпасын.
Саптагы аскер тынч уктасын.

***1930***

## ОРУС ПАДЫШАЧЫЛЫГЫНЫН КУЛАТЫЛЫШЫ

Миң тогуз жүз он жети,
ноябрь: жети.
Ленин ойлуу, жумшак гана:
«Кечээ эрте эле, эртеге кеч,
демек, сөзсүз бүгүн! – деди...



Лаптычан кембагалдар,
кийими майланышкан жумушчулар:
«Бүгүн!»– деди.
Фронттон мылтык менен кайткан солдат:
«Бүгүн!» – деди.
Ачкалык кекиртектеп алган окоп:
«Бүгүн!» – деди.
«Авроранын» чылк болоттон
куюлган оор, кара замбиреги:
«Бүгүн!» – деди.
«Бүгүн!» – деди...
..................................................
..................................................
Мындан ары
залдарында Зимнийдин – Кыш сарайдын
кызымтал шуудурабайт
этектери батталган юбкалардын,
пасхада император сыйынганда
коңгуроолор заңгырабайт,
Сибирдин жолдорунда кишен үнү
боздоп ыйлап, муңканып шалдырабайт...
Мындан ары
малынбайт арак толо бокалдарга
помещиктин куйкул сары муруттары
кара турпак үстүндө катып калбайт
бир кочуш кан сыңары
ачтан өлгөн мужиктердин сакалдары
мындан ары
карартып көчөлөрдү каптап өтпөйт
кара шамал – казак орус солдаттары,
кара бапак казактардын найзасынын
салбырабайт жумушчу катындардын
кан уюган жез чачтары.

* * *

Ачкан бул терезени Улуу Петр,
коюшкан Петербург деп анын атын.
Шыргалаң Балтиканын ак шамалы
айры баштуу бүркүттүн кош канатын
калдайтып, шуулдатып учурсун деп
ачыптыр Петр ушул терезени.
Бирок акыр бүтөт го жол этеги,
бүтпөс жолдун ар кайсы бурумдары
барып токтоор
акыркы горизонтко...
Шарт кулайт бардыгынан бийик баштар,
жалп кулайт көтөрүлгөн ыйык таштар.
Кечээ жакшы –
бүгүн жаман.
Кечээки чын –
бүгүн жалган.
Алыс жолдо чачтары агарбаган
сапардаштар ичинен кимдер калган?
Узак-узак сапар чалып,
Улуу Петр шаары да чачы агарып
калды карып....
Айры баш кара бүркүт түнөк кылган
даракка келип тийди бир чагылган,
өрт чалып кара бүркүт канаттарын,
кулады...
арам өлдү...
Шыргалаң Балтиканын кылаасында
жабылды бир терезе.
Ачылды бир терезе...
Жабылганы Пётрдун терезеси,
Лениндин терезеси ачылганы
Миң тогуз жүз он жети,
ноябрь: жети.

***1930***



## ТУТАНБАГАН СИГАРЕТА

Балким, ал бүгүн түнү каза табар
ок-дарынын изи калып кемселинде.
Бүгүн түнү өзүнүн буту менен
кетти өлүмгө...
– Сигаретиң барбы? – деди.
– Бар,– дедим.
– Ширеңкеңчи?
– Жок,– дедим мен. – Ширеңкем жок,
тутантар чылымыңды атылган ок.
Алды да сигаретти,
басып кетти...
Балким, азыр жаткандыр чалкасынан,
оозундагы сигарет тутанбастан,
түтүн чыгып жүрөгүнүн толтосунан...
Кетти.
Крест.
Бүттү.

***1930***

## ОН ТОГУЗ ЖАШЫМ

Тун уулум, туңгуч жолдошум, биринчи устатым
он тогуз жашым.
Сени энемдей ызаттайм урмат этип,
эте берем.
Адеп баскан жолуңда барам кетип,
кете берем.
Тун уулум, туңгуч жолдошум, биринчи устатым
он тогуз жашым.
Узак-узак жерлерде жүрөт башым,
отурат он тогуз жашым
төшөгүмдүн төр жагында.

Колдорум колдорумда.
Ал мага айтат:
«Бир боорум! Эстейличи
ал күндөрдү айбаты улуу,
ал күндөрдү жапжаш, сулуу...»
............................................
............................................
Толкуп-ташкан мезгилдердин бурум жери...
Дүйнөнүн алтыдан бири:
кан ичинде көз жарган эне...
Танк кубалап
жыланайлык
станциядан станцияга ачтык кезип
туш келгендин баарын тең жыгат арбап...
Ырлардын бою – километр-километр,
өлүмдүн бою – миллиметр...
Кавказ:
Аптап
Сибирь:
аппак.
Үнүңөрдүн барынча
кыйкыр –
гыла:
«Суткасына жыйырма төрт саат – Ленин,
жыйырма төрт саат – Маркс,
жыйырма төрт саат – Энгельс,
суткасына жүз грамм кара бөлкө,
жыйырма тонна китеп,
жыйырма мүнөт өзүң үчүн!
Күндөр эле не деген, эй-эй, жолдош,
ал күндөрдөй жакшына күндөр болбос!..».
Узак-узак жактарды кыдырат башым,
караңгыда караңдайт он тогуз жашым.
Лампаны жандырбастан,
сагыныч менен,



мээрим менен,
урмат менен,
дагы бир мен билбеген
пакиза ниет менен
мен ага карап турам.
Үн-сөз катпай карашабыз.
Жылдардын аркасынан саат улам
зыңылдайт Страстной аянтынан.
Он тогуз жаш эсиме салат дагы
граждандык согуштун сабактарын.
Балык сорпосу, аскер таалим, театр, балет,
китеп...
Машинада – картошка, колдо мылтык.
Китеп... Китеп...
Аң-сезим, материя, тап....
Китеп, Китеп... Китеп...
Маникюр:
жок!
Тиш щётка:
даяр!
Китеп... Китеп... Китеп...
Жылчыксыз бир жыйырма төрт саат,
чылк укмуш бир жыйырма төрт
саат!

Сүйүү:
жолдош.
Профессор:
жолдош.
Негр
Жон,
немец
Тельман
кытай
Ли
жана менин он тогуз жашым,

жолдошум, жакшы досум, жан курдашым...
Жылдардын аркасында жүрөт башым,
башым жүрөт.
Көтөрөт жылдар анын узун чачын,
жылдар күйөт,
жанат-күйөт...

Оку,
жаз,
ур,
бакыр,
чакыр!
Көкүрөгүң толтура абадан жут!
Мээңде,
жүрөгүңдө,
этиңде,
сөөгүңдө
революция жүрүп
жатыр...
Революция:
күндүр-түндүр...
Карагайлуу токойдо түн. Костёр жанат,
сүттөй ак
төптөгөрөк
айга карап,
бир дем менен кубулжуп ыр ырдалат...
Соолуктан чатыраган балбан жаштык,
муң-азапта төрөлгөн жапан шаттык
башыңда толкуп-ташат көбүк
чачып,
шарпылдайт, буураҡандайт
асман чарпып.
Ай-даааа!
Булуттарды тоздурган шамал сыңар
актарды артынан кууп
дыркыраткан



сенсиң бир кызыл атчан,
мен дагы – кызыл атчан,
биз дагы – кызыл атчан,
кызыл атчан...

Эй, менин он тогуз жашым,
түн ичинде токойдо костёр жанган,
көз албай төптөгөрөк аппак айдан,
бир дем менен кубулжуп ыр ырдалган
күндөн бери тогуз жыл өттү мына...
Дагы эле мен
ошол эле ырларды ырдап
жүрөм.

Шамал айдап учурган жалбыракча
тентибестен жер жүзүн калдаландап,
багытымды мен өзүм барам кармап!
Сен,
жыгылбасты жыга аласың,
барлыгына түтө аласың,
көзүмө да бата аласың,
колуму да кыса аласың...

Сен.
тун уулум, тунгуч жолдошум, биринчи
устатым
он тогуз жашым.

***1930***

## БИР АЙРЫЛЫШ БАЯНЫ

Эркек айтты аялга:
– Сени сүйөм!
Сени сүйөм бирок кандай?
Жука бир айнек сыңар уучума
жүрөгүмдү бек кысып,
карс сындырып,
беш манжамы тилдирип канаткандай...

Эркек айтты аялга:
– Сени сүйөм!
Сени сүйөм бирок кандай?
Миңдеген километр терең сүйөм,
жүздөгөн километр узун сүйөм,
сүйөм сени өлчөмүн санакка албай...
Аял айтты эркекке:
– Сүйөмүн мен
башым менен эрдим менен, жүрөгүмдөн.
Сени сүйөм, сестенип таазим кылам
башыңа, эриниңе, жүрөгүңө.
Эми мен эмне билсем,
милдеткермин бир өзүңө:
шыбырап түндө баарын үйрөттүң сен...
Мен эми турам билип:
кара жер
күн чырайлуу эне сыңар
эң кенжесин эмизет ийип-ийип...

Бирок кантем, айла канча?
Чачтарым оролушкан
өлүп жаткан бирөөнүн манжасына,
ээ боло албай
турамын
өз башыма.



Сен баргайсың
Жаңы туулган баланын
көзүн карап...
Сен баргайсың
мени мында калтырып,
өзүң гана...
Аял тынды.
Бир-бирине кароодон айбыгышты.
Бир китеп түштү жерге...
Жабылды бир терезе...
Айрылышты...

***1930***

## КЕРЕМ ӨҢДҮҮ

Аба куду коргошун: уюп жатыр.
Бакыр
бакыр,
бакыр, бакырып жатам.
Кошулгула,
коргошун
эритемин,
чакырып жатам.

Ал мага айтат:
– Кыйкырба күйүп-жанып,

Керем өңдүү
кетесиң
күлгө айланып!..

Балээ басты.
Бир жан жок жардамдашчу.
Жүрөктөрдүн
кулактары
болду кереӊ.

Абанын коргошунга салмагы тең.
Ошондо мындай бир сөз кайырдым мен:
– Керемдей жанышка да кайылмын мен!
Мен жанбасам,
сен жанбасаң,
биз жанбасак,
караңгыны ким таратат,
анда кайдан таң атат?

Аба турпак сыңары уюп турат,
коргошундай зыңгырап думуктурат.
Бакыр,
бакыр,
бакыр, бакырып жатам,
кошулгула,
коргошун эритемин –
чакырып жатам.

*1930*

## АЧ ДОСТОР ЖАНА БИР ДЕСТЕ ГҮЛ

Эй, оозу сүт жыттанган көзөл акын,
сен жөн эле чычаясың
белгилүүдөй сүйүү сыры саган жалгыз.
Ашыглык жайын айткан кеп-сөздөрдөн
биз деле, шүгүрчүлүк, кабардарбыз.
Кутургандай чуу салып, адыраңдап
өттү куду мурдумун жанынан жаз
сары такта вагондору
тер, тамеки жыттанган поезд сыңар.
Мен күттү элем келет деп жаздын айын
мага бир тышы кызыл мис идиште
ысык сүт алып келчү аяш сыңар.



Кантейин, жаз келбеди күткөнүмдөй,
күткөндөй жаз келбес сага дайым.
Күткөнүңдөй түк келбейт самаганың.
Кызым, энем, зайыбым, медерим, сен,
башыңа күн нурун сепкен,
көздөрү алтын нурун төккөн,
көздөрү алтын кызым менин!
Кутургандай чуу салып, адыраңдап
өттү куду мурдумдун жанынан жаз,
бирок кылып шаанисин келген жаздын
сага бир гүл барбады менден, аттиң,
бир десте гүл,
букети фиалканын.
Кантем, кызым, эмне кылам,
иш таштаган досторум ачка калып,
шам-шум этип, эптеп бир жалгашты өзөк
гүл алам деп сактаган акчамы алып!

*1930*

## ТӨРТ КИШИ ЖАНА ТӨРТ ШИШЕ

Төрдө бир стол,
Төгөрөк стол.
Төрт шише,
Төрт киши.
Шараптын
маркасы «Медок».
Стакандар шарапка толот,
стакандан шарап жоголот,
стакандар шарапка толот...
Төрт киши шарак-шарак
ичет шарап.

Бошоду бир шише,
турду да бир киши:

– Мен эртең өкүм чыгарам,
мойнуна сыйыртмак салам.
Айтканым айткандай келет,
ал эртең асылып өлөт!
Үч шише калды бошоп,
үч ооз кетти коштоп:
– Айтканы айткандай келет,
ал эртең асылып өлөт!..
Төрдө бир стол.
Төгөрөк стол.
Бошоткон төрт шише.
Окшошкон төрт киши.
Көңтөрүлгөн шишелер,
эңшерилген кишилер.

***1930***

## КАМАЛАРДАН МУРУНКУ КҮН

Бүгүн түндө болбосо,
эртең түндө
койнуна алат мени түрмө.
Ичимде кыбыр этпейт бир жалбырак.
Уктагансып балбырап
бир башкача магдырап
көңүлүм ток.
Карап жатам көк асман мунарыгын,
жаңыдан жарык көргөн
балага окшоп.
Шаардагы аянтка кечээ барып:
«Туугандарды өлтүрбөйлүк,
өзүбүз да өлбөйлүк!» – деп
кыйкырдым мен айгай салып.
Бүгүн түндө болбосо,
эртең түндө
койнуна алар мени түрмө



Ичимде кыбыр этпейт бир жалбырак...
Колдоруму башыма коюп жатам.
Деңиздин шарпылдашын туюп жатам...
Деңиз доошу кулакта улам сөнүп...
уйку ичине барам чөгүп...

***1930***

## КАБАР

Алардан келди кабар.
Аяктан,
алар жактан.
Көйнөктөрү кирдебептир,
бүркөлбөптүр кабактары,
бир аз гана өсүптүр
сакалдары.
«Күйдүк!» – деп айтышкан жок.
Билемин: бек турушту –
кайтышкан жок.
Бирок да: «Бек турдук!» – деп
айтышкан жок.
Көздөрү күлүмсүрөп
тигилет адамдарга
жакшылык, сүйүү тилеп.
Маңдайларга жаңы бир жара тагы
түшсө да,
бүркөлбөптүр кабактары,
бир аз гана өсүптүр
сакалдары.

***1931***

## ТҮНДӨ КЕЛГЕН ТЕЛЕГРАММА

Түндө келген телеграмма -
жалгыз гана сөз бар анда:
«Өлдү» – деген.
Белгисиз ким жибергени.
Ансыз деле мага ачык ким өлгөнү.
Дубалга көз чаптырам:
дубалда жара сыңар
карарат бир портрет.
Маркумдун сүрөтү ошол,
мен өзүм тарткан сүрөт.
Саат бир.
Саат үч.
Саат беш.
Полиция ышкырыгы.
Сааттар заң-заң урат.
Төшөгүмө кол тиелек.
Кагаздар бар столум тартмасында:
арасында бар анын жазмасы да.
Түндө келген телеграмма –
жалгыз гана сөз бар анда.
Таң сөгүлүп жээк салды.
Бирок бөлмөм капкараңгы.
Колдорумда колдорунун
жылуулугу калган адам
карап турду соңку күнүн
темир тор терезенин ар жагынан.
Ал адам чалкасынан сулк кулады,
анын бетин пальто менен жаап жатып
түрмөнүн врачы айтты: «Бүттү баары!»
Балким, муну
кечээ түнү
айткан чыгар.



Кечээ түнү....
Махалладан[1] чубады базарчылар.
Түндө келген телеграмма –
карайм ага кайра-кайра.
Башы ажайып,
жүрөгү асыл,
бала көздүү,
кенен акыл,
муштумунда чагылган бар
бир дос эле,
жолдош эле...
Кастар, мейли, той тойлосун!
Кана, сапка тур, жолдошум!
Кажыбасын алсырап кайратыбыз.
Түндө келген телеграммадан
төгүлөр
дагы далай
көз жашыбыз.

***1932***

## МЕНИН ЫРЫМ

Жок менин күмүш ээр айгыр атым,
жок менин башка дүйнөм, бай мурасым,
жок менин мүлкүм, малым,
бар наяты бир чыны балым,
түсү жалын
бир чыны балым!
Ушу балым – карманганым.
Бар мүлкүмү, малымы, мен –
жалгыз чыны балымы, мен

[1] Махалла – шаардын кварталы, чет-жакасы, бир району.

коруйм чымын-чиркейинен,
коруйм эч бир талбастан.
Күт, курдашым, күдөр үзбө...
Чыныман бал өксүбөсө,
аары учуп келер Багдаддан.

***1932***

## 21. I. 1924

Чырагымы жандырба, жайына кой!
Карарыңкы бир көлөкө
түшпөсүн кар үстүнө терезеден.
Кар жаайт караңгыда.
Мен ойлоном...
Мен эскерем...

Кар...
Үйлөгөн бир шамдай өчтү
калдайган чоң лампасы көктүн.
Сокур адам сыңары караңгыда
карайлап калды шаар
калың жааган кар алдында.

Чырагымы жандырба, жайына кой!
Эскерүүлөр бычактай жүрөгүмө
сайылып турганына кайыл болом.
Караңгыда кар жаайт боройлогон.
Кар жаайт...
Мен эскерем...
Мен ойлоном...

***1932***



## КӨГҮЛТҮР КӨЗ ДӨӨ

Ал өзү көгүлтүр көз бир дөө эле,
Кичикий бир аялды сүйгөн эле.
Ал аял дайым эңсеп жүргөн эле
бакчасында бир түп шилби
гүлдөп турган чакан үйдү.
Дөө болсо дөөчөсүнөн сүйгөн эле.
Алаксып зор иш менен жүргөн эле,
андыктан ага куруп бере албады
бакчасында бир түп шилби
гүлдөп турган чакан үйдү.

Ал өзү көгүлтүр көз бир дөө эле.
Кичикий бир аялды сүйгөн эле.
Ал аял дайым самай берер эле,
түндөсү түшүндө да көрөр эле
бакчасында бир түп шилби
гүлдөп турган чакан үйдү.
Дөөлөрдүн жолунда аял чарчады да,
көгүлтүр көздөргө анан: «Кош!» – деди да,
кодойгон дөөлөттүү бир эрге тийди:
бакчасында бир түп шилби
гүлдөп турган үйгө кирди.
Көгүлтүр көз дөө эми билет жакшы:
түнөк кылбайт дөөлөрдүн махабаты
бакчасында бир түп шилби
гүлдөп турган чакан үйдү...

***1932***

## АЯЛЫМА КАТ

Алтыным!
Соңку жазган катыңда сен:
«Зыңгырап башым ооруйт,
жүрөгүм киргил»,– дейсиң.
«Сени эгер дарга асышса,
мен сенден ажырасам,
жашабайм бир күн»,– дейсиң.
Жашайсың – өмүр өзү
жашоого кумар кылар.
Шамалдар элесимди
тоздурар самсыган бир туман сыңар.
Жашайсың, жан түгөйүм жоодураган.
Созулар өлүм зары
жыйырманчы кылымда
бир жыл араң.
Өлүм!
Ал бир өлүк арканда салбыраган.
Бу өлүмгө, асти, менин
ыраазы болбос көңүлүм.
Бирок, жаным, кадыржан бол,
жөргөмүштөй түктүү, кара
бир бечара
цыгандын
колу мага
сыйыртмак салса бир күн,
Назымдын асмандай көк көздөрүнөн
коркуу издеп болушар кур убара.
Мен акыркы таңымдын күүгүмүнөн
досторуму көрөмүн,
сени көрөм.
Бирок, аттиң, бүтөлек ыр күйүтү
кетер жердин алдында
мени менен...



Дилбарым менин,
жүрөгү аруу,
иреңи аруу,
сөздөрү балдан ширин жыргалым менин,
эмне үчүн мен
мага өлүм талап кылып жатышат деп
жаздым экен!?

Жаңы гана башталды сот.
Адам башы шалгам эмес,
аны шарт жулуп алыш шалгамга
окшоп
азырынча арзан эмес.
Кандай жаза аларым али туюк,
бушайман боло бербей,
беймарал жүр.
Бутум сыздайт,
эски оорум кармады бейм,
акчаң болсо,
мага жылуу дамбал ал бир.
Анан сага айтар сөзүм –
сен муну унутпассың:
дайым жакшы нерселер ойлоо керек
аялы арестанттын.

***1933***

## АМНИСТИЯ

«Миң бир түн» китебин жаптым,
чылым жактым.
Темир тор арасынан карап бактым.
Сыйкырдуу бир күзгүгө окшоп
жылтылдайт жылдыздардын
ар бирөөсү.

Түн.
Бурса түрмөсү.
Куш учпас,
кербен өтпөс,
бир караңгы
көлдүн суусу буркандап шарактады.
Үрөй жок кара бапак кийгендерде.
Коркунучта алдыңкы кабаттагы
баарыбыз адеп сурак берген бөлмө.
Эриндер кеберсиген,
кабактар салаңдаган.
Дубалдын жылчыгынан
сызылды тамчы жарык.
«Амнистия!» деген кабар
түрмөнү кетти жарып.
Ээ-эй, биз чыгабыз
шапкебизди желкеге
жылдырабыз.
Аба,
турпак,
аял,
аптап...
Трамвайга жабыш чуркап,
поездге мин, кемеге мин! Чынжырсыз,
конвою жок
жалгыз өзүң кезе бергин.
Кааласаң шаарга бар,
кааласаң кыштакка чап.
Тоолор ашып, токойдо уктап да бак.
Өз эркиң кайда барсаң,
эмне кылсаң.
Кара бапак кийгендерден
арга качкан,
үрөй учкан.



Үмүтсүз түрмөдө күн сүрүш кыйын,
кыялсыз жашоо дагы болбос анда.
Бир карасам,
колумда күйүп чылым
бүткөн экен бир жолу сорбосом да...

***1933***

## ТИЗЕ БОЮ КАР ЖААГАН ТҮН

Тизе бою кар жааган бир түнү мен
дасторкондон тургузулуп,
туюк бир машинага миндирилип,
поезд менен апкелинип,
камалдым бир камерага.
Башталды ошо менен тарткылыгым.
Тогузунчу жылыман үч күн өттү.
Коридордо замбилде адам жатат.
Жүзүндө темир тордун көлөкөсү.
Далбасалап, акактап оозун ачат.
Жиндеген же бир өлгөн адамдардын
жалгыздыгы сыяктуу жийиркенч,
жаман жалгыздык ойго түшүп, тутaланам.
Абалкы жетимиш алты күндү өткөрдүм
бет алдыма жабылган эшик менен
тил катышпай араздашып.
Андан соңку жети аптада
жаттым кеме трюмуна араң батып...
Ошондо да жеңилбедик.
Башым болду
жанымдагы экинчи адам.
Көбүнүн өңү-түсүн унутупмун,
жадымда калыптыр бир узун мурун,
шиштейген бир узун мурун.

Алар өкүм окуганда
айбаттуураак көрүнсөк деп
болчу убара.
Бирок айбат болчубу андайларда,
баса, алар адамдарга караганда
окшоп кетчү көбүрөөк буюмдарга:
дубал сааты баштанган аңкоо, көйрөң,
чынжыр сыңар жадатма, жүзү кара.

Көчөсү жок, үйү жок калган калаа:
кайгысы тонна-тонна,
үмүтү тонна-тонна,
төрт аяктуу жандыктан мышык гана,
жойлоп жүрөт мышык гана...
Мен жатам тыюулардын дүйнөсүндө.
Тыйылат жарыңды өбүү алып колдон.
Руксат жок тамак жеш бир столдон
отуруп жаш балдардын катарында.
Руксат жок чапталган кат жиберип,
кайрадан ачылбаган кат алууга.
Жатарда лампа өчүрүү руксат эмес.
Чүкө өкчөп, кумар ойноо руксат эмес.
Тыюуларга баш ийбейт жалгыз гана
ойлоо, сүйүү, түшүнүү башымдагы
өлдү алиги замбилде жаткан адам.
Көтөрүп кетишти аны.
Ал үчүн эми баары калды сыртта:
үмүт, кайгы, туткундук, азаттык да.
Билбейт ал мындан ары
конвой менен канталаны.
Эми түк катын күсөп кусаланбайт,
мышыктар кашында анын каадаланбайт.
Анын иши болду тамам.
А бирок биздики бүт жүрүп жатат.
Менин башым ойлоп, аңдап, туюп жатат.



Күрөшсүз жатканга тек азаптанам.
Сыздайт боорум
зыркырап
таң аткандан.

***1937***

## ЖАҢГАК ДАРАГЫ ЖАНА ТӨКӨР ЮНУС БАЯНЫ

Мында бир досубуз бар
Черкештин
Говаг деген кыштагынан.
Эң улуу китептердей
ичинде анын көп нерсе бар.
Ал ынтызар билерман адамдарга,
табышмактарга,
телеграф келтирген кабарларга.
Аты – Юнус.
Отубузду жагып жүрөт,
суубузду ташып жүрөт.
Дарактардан, күндөрдөн кеп салабыз.
Биз жашачу күндөрдүн эң жакшысы
ар качан алдыбызда.
Биздин сөздө айтылат азырынча
кыйылып
сатылган бир жаңгак дарты.
Ал жаңгак бизге тааныш.
Турчу эле
дарбазанын сол жагында.
Алты жашта жаңгактын бутагынан
кулап түшүп, Юнустун буту сынган.
Өгүздөр төкөрлөргө ынак келет,
төкөрлөр кача албайт да өгүздөрдөн.

Өгүздөр төкөрлөрдү сүйгөн менен.
жаңгактар төкөрлөрдү жаман көрөт:
төкөрлөр бутактарга секире албайт,
чыга албайт бутактардын кылда учуна.
Махабат кызыктай бир иш экен го.
Бирөөлөр сүйбөй койгон адамдар бүт
дайрага боюн таштап, арам өлбөс
адамдар акыл менен жашай берет.
Сүйүлбөй калгандар да сүйө билет.
Махабат кызыктай бир иш экен го.

Жаңгак менен
төкөр Юнус
баяны да андан кызык.

Жаңгактары күбүлчү сентябрда,
ноябрда саргайчу жалбырагы.
Таңга маал Черкештин жолу менен
намазга келе жаткан катындардан
мурдараак бутактары ойгончу эле.
Ар күнү таң атканда,
дарактын асты менен баратканда
Юнус дайым ойлончу эле.
Ойлонуу башка түшкөн борч эместир,
балакет да эместир,
бакты эместир.
Өлүм болсо, барса келбес,
үч уктаса түшкө кирбес
алыс бир кыштак эле Юнус үчүн.

Жаңгактары күбүлчү сентябрда,
ноябрда саргайчу жалбырагы.
Ысыкта көлөкөсү түшчү калың,
жол жүрсө күңгүрөнүп турчу дайым,
жогортон самсаалаган жалбырактар



түндөсү жылдыздарды көрсөтчү эмес.
Жылдыздар неге күндүз өчүп калат,
неге Жер жумур келип, Күндү айланат –
таптакыр билбейт экен Юнус муну.
Буларды биз  ага айтсак, таң калбады.

Жаңгактары күбүлчү сентябрда,
ноябрда саргайчу жалбырагы,
дүпүйүп шак-бутагы чартактаган,
колмо-кол кучактаса эки-үч адам
кучагы көөдөсүнө жетпейт эле.
Түбүндө бугу мүйүз бутактардын
отурчу Юнус дайым кеч киргенде.
Кытайда да кадимки мусулмандар,
тумшуктары мүйүздүү носорогдор,
бир тамчыда миллион микробдор
бар экенин Юнус түк билбейт экен.
Буларды бизден билип алган күнү
Юнус такыр таң калып, карабады.

Жаңгактары күбүлчү сентябрда,
ноябрда саргайчу жалбырагы,
тамыры жерге сиңген суу сыңары.
Ар түнү Юнус өтчү асты менен
бир күнү суубузду ташып берип,
жандырып отубузду жаткан эле.
Биз айттык:
«Сен биздин баарыбызга кожоюнсуң,
баарыбыз, Юнус, сенин малайыңбыз».
Ошондо калды Юнус айран-азыр.

Жаңгактары күбүлчү сентябрда,
ноябрда саргайчу жалбырагы.
Өзүнчө күңгүрөнчү шамал жүрсө.
Бутактары чартактап калың эле.

Түндө отуруп түбүндө, чалкаласаң,
жылдыздар көрүнчү эмес арасынан,
Түн акчу тынч дайрадай жайбаракат.
Тамырлары тереңде, бутактары
карап турчу Юнуска үстү жактан.
Дыйкандын иши кыйын.
Суй жыгып чаалыктырат.
Жерге чөк түш, карап бак айланаңа!
Ар тараптан акмалайт кырсык сени,
кайдан келип калганын байкабайсың.
Тутуласың кырсыкка, эзилесиң.

Кырсык тийди Юнустун жүрөгүнө.
«Бир жакшылык көрбөдүк бу дүйнөдөн,
келебиз да, кетебиз ошо бойдон.
Көркөм дешет шаары Стамбулдун,
барып аны бир көрүш буюрган жок.
Эмне үчүн алтымыш үйдүн отузунда
жашагандын жүндөн соккон кийими жок?!»

Жок эле Юнуста да жүндөн бешмант.
«Ыргыткан таш мээлеген кушка тийбес.
Дүйнө бүтүн поездге минди,
турбайт ал мүйүзүндө көк өгүздүн.
Өгүз – биздин кол-бутубуз,
аны сатыш бир мүшкүл иш
өлүм менен тең барабар.
Өгүзүң колдон чыкса, айлаң кетет.

Сатылды Юнустун да шаа мүйүзү...

«Өмүр жолум кыскарды, болду туюк.
Болгон иштер акылга сыя албастыр.
Жер – самындын алкындысы:
жылмышып колдон чыгат.



Жаныбардын баарында турак болот,
турак болбойт бир гана карышкырда.
Жер самындай жылмышып чыкса колдон.
сен дагы бир журту жок карышкырсың».

Юнустун колунан жер кетти чыгып.

Жаңгактары кубулчу сентябрда,
ноябрда саргайчу жалбырагы,
ысыкта көлөкөсү түшчү калың.
Жүрчү эле кайгысын жеп Юнус анын.
Жаңгак болсо эчтеме сурабастан,
жел жүрсө куңгүрөнүп турчу дайым.

Балдарга эне,
үрөнгө жер,
эркектерге катын керек.
Түндөп бир кыз качырып алды Юнус.
Той жасасаң кымбат түшөт,
кыз качырып алган арзан.
Жардыга катындын да соосу тийбес.
Анан бир күн таң сүргөндө
аба күндөн албырганда,
Черкештин жолу менен Юнусту ээрчип,
келатып катыны анын кулап түштү,
жан берди кызыл гүлдөр арасында.

Жери жок, өгүзү жок, катыны жок
калды Юнус дүйнөдө жаңгагы экөө.
Жалгыздык Юнус үчүн болду кыйын,
жеринде бирөөлөрдүн төктү терин.
Жаңгагы түндө кокус жоголчудай
уктабай карап чыгат таң аткыча.

Жаңгакта жалгызсыроо болбойт такыр.
Эң терең жер ичинде тамырлары,
өйдөтөн карайт ээсин бутактары.

Жаңгактын жыгачынан мебель жасайт.
Эмнеге жарайт деги төкөр Юнус.
Күн сууктап, келди бороон,
жер калбады баш калкалар.
Жаңгактан жасалат мебель.
Мындан оор күн болорбу?
Сат, Юнус, жаңгагыңдын жыгачын сат!

Кышкы аязда калчылдайт карышкыр да.
Жаңгак же жууркан эмес жамынарга.
Жакшы ойлор түрккө дайым кечтеп келет,
сат, Юнус, жаңгагыңдын жыгачын сат!
Барлар жокко береби бойро жасап!

Жаңгактан жасалат мебель.
Жансыз жыгач сага бир медер эле.
Сат, Юнус, жаңгагыңдын жыгачын сат.
Барлар жокко береби бойро жасап!?

Кайран жаңгак, кайран жаңгак!
Кар үстүнө калды кыйрап.
Жаңгактан мебель кылат.
Кайран жаңгак калды сулап!

«Ээси бар ар бир жаңы аткан таңдын.
Күн түбөлүк булутка жашырынбас.
Биз жашачу күндөрдүн эң жакшысы
ар качан алдыбызда...»
Биздин сөздө айтылат азырынча
кыйылып
сатылган бир жаңгак дарты.

***1940***



## ЖЕҢИШ

Жараңды басып калч-калч колуң менен,
тиштенип эриндериң канаганча
чыда ооруга,
баарына түт.
Бир жылаңач, мээримсиз чыңырыкка
айланды үмүт.
Жан кашайды! Аёо жок! Эми жеңиш
тырмак менен апчылып алынмакчы.
Күндөр кыйын,
апкелет күндөр өлүм кабарларын.
Душмандар ырайымсыз, аяр, залым.
Өлүп жатат биздикилер күрөш менен
– өмүрлөрү али узак эмес беле,–
өлүп жатат биздикилер -
алар мурда
майрам күнү туу менен, ырлар менен
көчөлөргө чыккандай жер бербеген
жаш дагы,
арбын дагы
эмес беле?...
Күндөр кыйын,
апкелет күндөр өлүм кабарларын.
Эң бир көркөм дүйнөлөр колубуздан
жаралып, жарык алып, шоолаланды;
эми биз унуттук бейм ыйлаганды.
Көзүбүздөн мончоктоп жаш чуурулуп
кетти бир аз чыйралтып, муңдуу кылып:
унуттук аяганды мындан ары...
Барчу жерге кан ичинде барылмакчы.
Жан кашайды! Аёо жок! Эми Жеңиш
тырмак менен
апчылып алынмакчы.

***1941***

## КҮЗ

Күндөр кыска.
Дыбырайт жамгыр тышта.
Бу белгиси келген күздүн.
Эшигим ачык турду, сени күттүм...
Кечиктиң неге мынча?
Дасторкондо көк калемпир, туз-наным бар.
Шарапка мелт-калт толо кумганым бар.
Камылгам өз алынча.
Мен сени күттүм, күттүм,
сага деген шараптын жармын ичтим
кечиктиң неге мынча?
Бах, карачы, мөмөлөр дүйүм-дүйүм
салбырайт бутактардан ширин-ширин.
Дабыр-дабыр күбүлүп, түшүп жерге
калар эле мөмөлөр,
эгерде сен
дагы бир аз... бир азга кечиккенде...

***1944***

## ТҮШ

Кечээ түнү түшүмдө сени көрдүм.
Отурдуң да жанына сен тиземдин
баш көтөрдүң.
Маңдайың алдындагы
көздөрүң мага карап жалжылдады.
Ачылып-жумулду суу эриндериң.
А бирок угулбады үнүң сенин.
Түн ичинде бир жерде сагат урат.
Сагат үнү жакшы бир кабар сыңар,
абада баш-учу жок кобур-шабыр...
Телмирип кулак түрүп угуп жатам:



капаста канарейка сайрап турат,
үрөндөр айдоолордо чытыр-чытыр
үн берип, жерди жарып жайнап чыгат,
майдандарда эл шоокуму океандай
дүңгүрөйт, сенин жылуу эриндериң
ачылып-жумулса да тыным албай,
угулбайт кебиң сенин, үнүң сенин...
Ойгондум жаалым чыгып, ичим сыздап.
Кеткен экем китептин үстүндө уктап.
Эми мен турам мына түшүнө албай:
же сенин үнүң беле
баягы добуштардын баары бүтүн?

***1945***

## УРААН

Чаап келип алыскы Азиядан
жыгылган бир байталдын башы сыңар
Жер ортолук деңизге кирип калган
бул өлкө – биздин мекен.
Билектер кан, буттар жалаң, тиш кулпулуу,
а жери жибек килем мисал сулуу
бу тозок да, бейиш да биздики экен.
Бир пенде да айрылбасын укугунан,
куткаргыла адамды адам кулдугунан!
Бул ураан – биздин ураан.
Жашайлы бир дарактай өз алдынча,
токойдой биргелешип туугандарча!
Бул ыман – биздин ыман.

***1947***

## СИЛЕР СҮЙГӨН БИР КОММУНИСТ

Силер сүйгөн бир коммунист
он жыл бою үзбөй үмүт
жатат Бурса түрмөсүндө.
Чынжырлары талкаланып,
ашкан зор бир мартаба алып
жатат Бурса түрмөсүндө.
Тамыры анын өз жеринде.
Жүк көтөрүп Бедреддинче
жатат Бурса түрмөсүндө.
Ырдап жаткан ырын бүтпөй,
бейишинен колун үзбөй
жатат Бурса түрмөсүндө.

***1948***

## КОЛДОРУҢАР ЖАНА ЖАЛГАНЧЫЛЫК

Чоколок таш сыңары чулу, катуу,
түрмөнүн ырларындай ызасы ачуу,
жүк арткан айбан сыңар кашаң, арык,
ач балдардын ак куба жүздөрүнө
окшоп турган колдоруңар!
Дарылардай өнөрлүү, тыным албас,
сүт толгон ак мамадай салмактанган,
табият законундай изден тайбас,
чор теринин астында дос мээримин
сактап турган колдоруңар!
Дүйнө турбайт өгүздүн мүйүзүндө,
колуңардын үстүндө турат дүйнө.
Адамдарым, эх, менин адамдарым,
болсоңор да дайым ачка,
оозуңар нан менен эт сурап жатса,
силерди тойгузушат жалган менен.



Анан силер ак пейил дасторкондон
бир ирет лыкыя жеп тоё албастан,
ар бутагын самсаалап мийва баскан
бу дүйнөдөн мукурап кетесиңер.
Адамдарым, эх, менин адамдарым,
Африка, Азия, Жакын Чыгыш,
Орто Чыгыш, Тынч океан аралдарын
мекен кылган адамдарым!
Өз өлкөмдө өксөгөн туугандарым!
Дүйнө элинин төрттөн үчүн түзгөндөрүм!
Баарыңар өзүңөрдүн колуңардай
картсыңар, тетиксиңер, муңдуусуңар.
колуңардай жашсыңар, ойлуусуңар.
Адамдарым, эх, менин адамдарым,
америкалыгым, европалыгым,
силер куду колуңар сыңарындай
сергек, энөө, унутчаак келесиңер.
Колуңардай тез алданып,
баарына оңой көнөсүңөр.
Адамдарым, эх, менин адамдарым,
антенналар жалган айтса,
жалган айтса ротаторлор,
китептер да жанын жесе,
калп айтса афишалар дубалдагы,
калп айтса мамыдагы жарыялар,
селкилердин жылаңач балтырлары
экрандын бетинен жалган айтса,
жалган айтса куран-дуба,
жалган айтса бешик ыры,
жалган айтса көргөн түш да,
ресторанда скрипка калп сүйлөсө,
үмүтсүз түндөрүңдүн кара түнүн
жарык кылган андагы жалган десе,
үндөр дагы калп сүйлөсө,
сөздөр дагы жанын жесе,

колуңардан бөлөк ар ким,
ар бир буюм, ар бир нерсе,
күн-түн тынбай калп-жалган айта берсе,
анын дагы себеби бар:
колуңар жумшак болуп балчык сыңар,
колуңар сокур болуп караңгыдай,
колуңар аңкоо болуп жаман иттей
кокустан козголоң-бунт этпесин деп,
өлүм да,
өмүр да бар
бу дүйнөдө
алып-сатыш салтанаты,
зулум заман бүтпөсүн деп
бүт баары жалган айтып, жанын жешет.

***1949***

## ТҮРМӨДӨ ЖАТКАНДАРГА БИР АЗ КЕҢЕШ

Дүйнөдөн, ата журттан, адамдардан
үмүтүмдү үзбөйм десең,
асыласың, же болбосо
отурасың түрмөгө сен.
Жатарсың он-он беш жыл,
а балким, андан көпкө.
Ошондо сен: «Мындан көрө
жакшы эле жип учунда
асылып турган» – дебе.
Жашагайсың турмушка тырмышып бек.
Бу, балким, эмес чыгар ырыс-бакыт,
а бирок башыңдагы ыйык милдет:
кас душманым күйүнсүн деп
жашап коюу бир күн ашык.
Жаныңдын жармы калар түрмө ичинде
кудуктун түбүндөгү таш сыңары.



Берки жармы тирүүлүккө аралашып,
кырк күндүк алыс чөлдө бир жалбырак
шырп этсе,
угуп-туюп жатсын аны.
Түрмөдө каттар күткөн,
кайгылуу авандарды каңылдаган,
көзүңдү шыптан албай таң атырган
таттуу нерсе, бирок да коркунучтуу.
Кырынгандан кырынганга
өң-түсүңдү күзгүдөн каранып тур,
сактана көр бит менен жазгы кечтен.
Эч уялба берген нандын
күкүмүн да калтырбай терип жештен.
Эч качан үзүлбөсүн каткырыгың,
ким билет, болбойт деп да айтуу кыйын:
Сүйгөнүң, балким, сени сүйбөй калар,
сен анда: «Урдум аны, кетсе мейли!» –
дей көрбө.
Түрмө ичине кабар
угулат жашыл бутак сынган өңдүү.
Түрмөдө гүлбакчаны ойлоо жаман,
тоолорду, дайраларды ойлоо жакшы.
Акырында берер кеңеш:
окуу, жазуу жагына көңүл бөлүп,
токуучулук ишин да ал үйрөнүп,
айнекчилик иши да жаман эмес.
Жатарсың он-он беш жыл,
а балким, андан узак болор жаза.
Түрмөнүн азаптары, ый-муңдары
өтөр-кетер
эгерде карыбаса
алмазың сол төшүңдүн алдындагы.

***1949***

## АЧКАЧЫЛЫКТЫН БЕШИНЧИ КҮНҮНДӨ

Агайындар!
Айтайын дегенимин баарын бүтүн
айтыш үчүн
жетпей күчүм
кыйналып жатып сөз тапсам,
билерсиңер себебин:
башым ооруйт, кыйын экен
беш күн бою ач жаткан.
Европада, Азияда, Америкада
жашап турган агайындарым!
Мен бүгүн түрмөмдө эмес, ач дагы
эмес,
жатамын көк майсада май таңында,
силердин көздөрүңөр сүйүү төгүп
жылдыздай жылт-жылт этет маңдайымда,
энемдин колу сыңар,
жарымдын колу сыңар,
турмуштун колу сыңар
колума мээрим берет колдоруңар.
Агайындар!
Силер эч мени жалгыз койбодуңар,
мени менен,
элим менен,
жерим менен
дайыма бир жүрдүңөр, бир болдуңар,
аны ар качан тутамын жадыма мен.

Мени кандай көрсөңөр, силерди да
дал ошондой жакшы көрөм.
Агайындар!
Өлгүм келбейт. Бирок мени
тындым кылса баш кесерлер,
силер менен
жашай берем.
Жашай берем



Робсондун абазында,
Арагондун ырынын арасында,
Пикассо тарткан ак кептердин канатында.
Жашай берем, жашай берем
марселдик докерлердин күлкүсүндө,
жашай берем жер үстүндө,
жашай берем калк ичинде.
Агайындар!
Силер бар – дарманым бар.
Силер бар – сыймыгым бар.
Силер бар – таалайым бар.

***1950***

* * *

Кош келипсиң, алганым менин, кош келипсиң!
Чарчагандырсың.
Кантип эми аягыңды жууп берем,
менде жок кырмызы суу, күмүш деген.
Чаңкагандырсың.
Кантем эми, муздаткан шербетим жок.
Ач калгандырсың.
Астыңа бай дасторкон жая албаймын,
өз өлкөмдөй жарды, туткун жаткан жайым.
Кош келипсиң, алганым менин, кош келипсиң!
Аттадың, босогомду –
кырк жылдык катуу бетон
айланды көк майсага.
Күлдүң –
гүлдөр ачылды терезедмин
кара темир торлорунда.
Ыйладың –
ак берметтер
төгүлдү кош уучума.
Кош келипсиң, алганым менин, кош келипсиң!

***1950***

## СҮРӨТ АЛДЫНДА

Мына, көзүм, көр, өнөрүн Балабандын.
Мынакей, май айынын таңындабыз.
Мына, айдың нур:
баатыр, таза, акылман, тири, ынсапсыз.
Мына, булут
каймактай уюп калган.
Мына, тоолор
көгүлтүр, ары салкын.
Мына, таңкы сейили түлкүлөрдүн,
булаңдайт бермети бар куйруктары,
шиштейет кабатырлуу тумшуктары...
Мына, көзүм карап бак,
мына, карды ач,
жүнү тик,
кызыл ооз
тоо башында кынжыйган бир карышкыр.
Өз башыңдан өткөрүп көрдүң беле
ач карышкыр азабын таң алдында?
Мына, көзүм, карап бак: бал аарылар,
мына, кара, көпөлөктөр,
мына, кара, балыктар шапар тепкен,
мынакей, илек-илек
Мисирден жаңы келген,
мына, жейрен:
бир башка көркөм дүйнө айбанаты.
Мына, көзүм карап бак:
чээндин оозунда аюу
ныксырайт уйкусурап...
Сен өзүң арзып-самап көрдүң, беле
аюуга окшоп жер жыттап, майпаң басып,
бал менен алмурутка имерчиктеп,
качырып эңилчектүү караңгыга,
уу-чуудан, оттон алыс жашаганды?



Мына, көзүм, карап бак: коёнектер.
Мынакей, кескелдирик, ташбака, ана!
Мынакей, жүзүм көздүү эшегибиз.
Мына, көзүм, көр: дарактар
көркү адамга аябай окшош келген.
Мына, шалбаа,
аралап бас, жыңалач аяктарым.
Мынакей, жытта мурдум, жалбыз, жекен.
Мына, чууру шилекейим, аткулактар,
гүлкайырлар.
Колдорум менин, колдорум менин,
кармагыла, сыйпагыла,
мынакей, энемин сүтү,
жарымдын дени
баламдын күлкүсү.
Мынакей, айдалган жер.
Мына, көзүм, карап бак, мынаке, адам,
тоонун, таштын, бөрүнүн, куштун ээси!
Мынакей, бутундагы чарыктары,
мынакей, шымындагы жамачылар,
мынакей, буурусуну,
мынакей, капталында боор ачыткан
коркунучтуу жоор бар өгүздөрү.

***1930***

## ТҮРМӨДӨ ЖАЗГАН КАТТАРДАН

* * *

Бүгүн – жекшемби.
Биринчн ирет бүгүн мени
чыгарышты аптапка алып,
асман менден ушунча алыс.
Өмүрүмдө биринчи ирет

ушунча кең,
ушунча көк
болгонуна айран калып,
кыймылдашка шай келбей карап турдум.
Андан соң, ызат менен жерге отурдум.
Тынч турду таш дубалга тийген далым.
Тарс эсимден чыгыптыр баары бирдей:
самаган ой,
азаттык,
сүйгөн жарым...
Жер бар, күн бар, мен бармын,
бактылуумун!

* * *

Каш карайды.
Саат тогуз.
Түрмөнүн короосунда гонг чалынды.
Чырак жанды.
Камералар эшиги бек жабылды.

Бу сапар түрмө ичинде өтөр күнүм
узарды дагы бир аз: сегиз жылга.
Жалжалым, жашоо өзү үмүттүү иш,
сени сүйүш сыңары олуттуу иш.

* * *

Сени ойлонуу эң сонун жумуш,
үмүттүү жумуш.
Дүйнөдөгү эң назик бир көмөкөйдөн
эң мукам бир обон угуш сыяктанган
жыргалдуу жумуш.
Бирок эми үмүт мага аздык кылат,
мен эми обон гана тыңдабастан,
өзүм да ырдасам деп самап турам!



* * *

Шамал эсет,
шамал өтөт.
Шамал эч буйга жерде былгып жатпас.
Бир шамал бир бутакты
эч качан эки жолу кыймылдатпас.
Дарактарда чымчыктар чырык-чырык:
канаттарга
учуу зарыл...
Эшик жабык,
аны күчтөп ачуу зарыл.
А мага сен зарылсың, асыл жарым!
Турмушта сага окшогон бир сулуу жар,
сага окшогон жароокер, сендей дилбар
болушу мага зарыл.
Бүтө элек каран түнү муң-азаптын,
бирок билем кубанычтын таңы атарын!

* * *

Карапаларда соңку гүлдөр гүлдөп турат,
түзөңдөрдө аңыздар айдалды бүт.
Эгиндер да себилди,
зайтундар да терилди,
эми эңкейлеп келаткан кыш камында
казылды жазгы үрөндүн ороолору...
А мен болсом,
үстүмө жүктөп алып
саякаттын сабырсыз зарыгуусун,
жык толуп сага деген куса менен,
якорго бек байланган кеме сыңар
телмирип күтүп турам Бурсада мен...

* * *

Венадан тээп чыккан кан сыңары шуулдаган,

жыпжылуу шамал жүрөт,

Лодос жактан акыркы жүргөн шамал.

Мен абага кулак салам.

Тамыры табияттын солгундаган.

Улудагга кар түшүп,

Кыразлынын жайлоосунда

манчыркаган аюулар уктап жатат

каштандардын кырмызы баригинде.

Жылаңач өрөөндөрдүн теректери.

Жибек курттар

көрүп жатат

кыштын камын.

Күз болсо

мына-мына бүтөмүн деп,

жер болсо

мына-мына тоңомун деп

араң турат.

Ошентип, бу кышты да өткөрөбүз

калдайган каарыбыздын паанегинде

жылынып

ыйык үмүт очогуна.

* * *

Бу түнү жаап салды кар капыстан.

Ак барпаң бутактардан учуп чыккан

каргалардын чуусунан ойгонду таң.

Чар тарабың карасаң – аппак дүйнө:

кыш Бурсанын түздүгүндө,

кыш жумурай жер жүзүндө...

Чексиздик жарк көрүнө түшкөнсүдү.

Сүйгөнүм, ушул экен тиричилик:

табияттын күчтөрү тыным албай



жер алдында тымызын кармашат да,

анан бир күн капыстан бир силкинип,

өзгөртөт жыл мезгилин бир заматта.

Күндөлүк нугу менен

барат турмуш.

* * *

Жантаям да, жерге мен карап турам,

көк майсага карап турам,

коңуз-куртка карап турам,

бутактардын көгүш-төгүш

гүлдөрүнө карап турам,

сени жазгы талаага окшоштурам,

сага, жаным, карап турам.

Чалкалайм да, көк бетин көрүп турам,

дарактын бутактарын көрүп турам,

бараткан турналарды көрүп турам,

сени жазгы асманга окшоштурам,

сени, жаным, көрүп турам.

Түндөсү ай талаага от жандырам,

жанган отту сыйпап турам,

аккан сууну сыйпап турам.

кездеме үстүн сыйпап турам,

зер-күмүштү сыйпап турам,

жылдыздардын түбүнө жандырылган

отко сени окшоштурам.

Сени, жаным, сыйпап турам.

Адамдардын ичиндемин,

адамдарды жакшы көрөм,

аракетти жакшы көрөм,

акыл-ойду жакшы көрөм,

күрөшүмдү жакшы көрөм,

сен менин күрөшүмдүн ичиндесиң,

сени, жаным, жакшы көрөм.

* * *

Деңиздердин эң сонуну
али өтүлбөгөн деңиз.
Балалардын эң сонуну
али жетилбеген бала.
Күндөрүбүздүн эң сонуну
али жашалбаган күндөр.
Мен сага айтмак болгон
сөздөрдүн эң сонуну
али айтылбаган сөздөр.

* * *

«Стамбулдун жакырлыгы,–
деп айтышат,– жазып бүткүс».
«Улутту кырды,– дешет,– ачарчылык».
«Учук оору селдей каптап кирди»,– дешет.
Айтышат:
«Кичинекей жаш кыздарды
өрттөн калган чалдыбарларда,
кинотеатр ложаларында...».
Тырышчаак, намыска бек жакырлардын
шаарынан,
алыс шаарым Стамбулдан
келет кара кабарлар убап-чубап.
Сүйгөнүм, сага мекен болуп турган,
кайда гана сүргүнгө айдалбайын,
кайсы гана түрмөдө отурбайын,
жонумда баштыгымдай көтөрүнүп,
көңүлүмдө бала деген зар сыңары,
көзүмдө мөлтүрөгөн элесиңдей
алып жүргөн шаарым, Стамбулум...



* * *

Алыстагы Стамбулдун
карарыңкы чатырынан,
деңиздин түпкүрүнөн,
мийвалуу бир күз күнүнөн
кирди мага сенин үнүң,
бышкан мийва сыңары ширелүү
үн...

Мунун баары үч мүнөт созулду да,
телефон шарт үзүлдү...

* * *

Таза айнектей тунук бар кыш күнүндө
бир алманын кызыл боорун качырата
тиштесең бир сонун го, чиркин дүйнө!
Эй, сүйгөнүм, сүйгөнүм, сени сүйүш
карагайлуу бир токойдо
дем алуу бактысына барабар иш.

* * *

Аягы жакшылыкча аяктаган
китептерди туруңар берип маган.
Самолет канаттары сынып калган
коно турган жайына консун аман.
Операция үстүнөн доктор чыксын
күлүмсүрөп,
көр баланын көзү ачылсын.

Атыларда партизан кетсин качып.
Он жылы күтүлгөн кат бир саарда
куштар менен барабар келсин шашып,
акындын китеби өтсүн колдон-колго,
сүйүшкөндөр жолугушсун,
жолугушуу топ менен аяктасын,
эч ким эми сагынып, зарыкпасын

нанга, гүлгө, аптапка, азаттыкка.
Аягы жакшылыкча аяктаган
китептерди туруңар берип маган,
анткени мен бек ишенем,
биздин баатыр тарых дагы
дал ошол китептерде жазылгандай
жакшылыкча аяктап калар сөзсүз!

* * *

Алга жылган айдын, нурдун ичиндемин.
Колдорум ишке ынтызар, дүйнө көркөм!
Көздөрүм дарактарга тойбойт такыр,
дарактар али үмүткөр, али жашыл.
Күнөстүү бир жол созулат
тыт багынын арасынан.
Лазарет терезеси алдындамын.
Туйбаймын дары жытын.
Кайдадыр бир чыныгүл ачылыптыр,
жыты келет, ачылыптыр!
Кеп ушундай, Ысмайылым!
Маселе түшкөндө эмес түрмө ичине,
багынып бербегенде бүт маселе!

* * *

Өгүздөрүм мүйүзүндө таң чагылып,
жер айдайм сабырдуу бир ышкы менен –
жалаң бутум баскан жер жылуу, нымык.

Билектерим жалтырайт күн нуруна,
кызыган темир согом кечке дейре –
боёлот караңгылык кырмызыга.

Жапжашыл жалбырактар арасында
зайтун терем кайнаган күн астында –
үстү-башым, бетим, көзүм тунат нурга.



Ар күн кечке бар болот меймандарым,
ыр-аванга дарбазамы коём ачып.
Түндөсү белге чейин сууга кирип,
деңизден торлор тартсам, чыга келет
жылдыздар
балыктарга
аралашып...
Эми мен жоопкермин бардыгына:
бүт дүйнөнүн тагдырына,
жарык менен караңгыга,
жери менен адамына.
Көрдүңбү, менин ишим чачтан арбын,
ал бүтпөс алышсам да далай кылым.
Сөз менен көп арбаба, кой, каралдым,
сага ашык болуу менен алагдымын.

***1942–1950***

## *ТҮРМӨДӨН ЧЫККАН СОҢ*

## ОЙГОНУУ

Ойгондуң.
Каердесиң?
Өз үйүңдө.
Сен али көнө элексиң,
өз үйүңдө ойгонгонго.
Бу да болсо саркындысы
түрмөдө өткөн он үч жылдын.
Жаныңдагы ким ал өзү?
Жалгыздыкпы? Жок, аялың.
Мемиреп периштедей уктап жатат.
Кош каттык келбетине куп жарашып.
Саат нече?

Сегиз.
Демек,
кадыржам бол түн киргиче.
Арийне, полиция
Эч качан күндүз үйдөн камакка
албайт.

## КЕЧКИ СЕЙИЛ

Түрмөдөн чыгып келдиң.
Чыгар-чыкпай
боюна бүтүп калды аялыңдын.
Мына эми кечке маал махаллада
басып жүрөт кыналып колтугуңа.
Курсагы жарашыктуу чедирейет.
Наз менен ыйык жүгүн алып жүрөт.
Сен сыймыктуу момоюп, басасың жай.
Үшүгөн бир баланын манжасындай аба салкын.
Сен аны колуңа алып
дем менен жылытышка ынтызарсың.
Мышык көп эшигинде касапчынын,
үстэтажда катыны анын
эмчектерин текчеге такап алып
көз чаптырат көчөгө ымырт баскан.
Айдын, күүгүм, ачык асман.
Асмандын ортосунда тунгуч жылдыз
жылтылдайт чыныдагы тунук суудай.
Узак турду быйылкы жай.
Тыт дарагы саргайып калса дагы,
анжирлер али жашыл.
Сүт сатар Георгийдин моймол кызы,
улуусу эмес, ортончусу
арип тергич Рафик менен
чыкты кечки сейилге кол кармашып



Чырак жанды Карапеттин дүкөнүндө.
Бу армянин тууганым кечире албайт
армяндардын апаатында
атасынын союлганын.
Бирок сени жакшы көрөт,
ага себеп;
сен дагы түк кечирбейсиң
түрк калкынын маңдайына
кара тамга баскандарды.
Кеселдери махалланын төшөккө бек байланганда
жалдырашат айнектин ар жагынан.
Кир жуугуч Хүрриянын ишсиз уулу
үңкүйтүп кайгы баскан далыларын
кофекана тарапка жай баратат.
Рахим байдын үйүндө радио
бакылдайт телеграф кабарларын:
Алыскы Азияда, Корeяда
ай түспөлдүү сары адамдар
айбат кылат ак түстүү ажыдаарга.
Аякка бизден дагы
солдат кетти төрт миң беш жүз
өлтүрүүгө туугандарын.
Жаалың чыгат, уяттан бет кызарат.
Паланды эмес, түкүндү эмес, куду сени
кол-буту байлалуу бир каар басат.
Ал каар анан сени калчылдатат
бир баччагар ичке тээп
аялыңды боюнан түшүргөндөй.
Же кайра түрмө ичине киргениңдей,
болбосо теги дыйкан макоо желдет
дыйканды сабаганын көргөнүңдөй
каарың кайнап,
ачууга муунасың.
Караңгы капасынан түшүп калды.
Кечкурунку сейил да бүтүп калды.

Кайрылды полиция машинасы
биз турган көчө жакка
Аялың шыбырады:
– Биздин үйгө кеткен жокпу?

## ТҮН, СААТ БИР

Столдун үртүгү көк.
Үстүндө жалган айтпас, баатыр жүрөк
турат биздин китептер күлүмсүрөп.
Мен кайттым, энекебай, туткундуктан,
өзүмдүн өлкөмдөгү туткундуктан.
Түн, саат бир.
Чырак турат жанган бойдон.
Жанымда жатат зайбым,
боюнда бар – беш ай болгон.
Денесине тийсе деним,
курсагына тийсе колум
мен туямын баламдын туйлаганын.
Бутактарда – жалбырак,
суудa – балык,
эне ичинде – бир ымыркай,
Бала!
Апасы уяң жүндөн токуду ага
чакан бир кызыл көйнөк.
Көйнөктүн бою толбойт карышыма,
жеңдери нукум келбейт.
Балам эгер кыз төрөлсө,
окшосун бүт турпаты апасына.
Уул болсо, окшосун бою мага.
Бала!
Кыз болсо, карагат көз сулуу болсун,
уул болсо, көгүлтүр көз.
Бала!



Төрөлүүчү перзентимдин
көргүм келбейт өлгөнүн жыйырмада:
жигит болсо – кан майданда,
селки болсо – подвалдарда
бомба алдында.
Бала!
Балам мейли кыз болсун, уул болсун,
мейли канча жашта болсун,
түшпөсүн эч түрмөлөргө
азаттык,
адилеттик,
тынчтык үчүн.
Бирок, билем,
перзентим, сен
мейли эркек бол, мейли кыз бол,
эгер таңдын атышы кечеңдесе
тартынбастан күрөшкө аттанасың,
керек болсо бересиң башыңды да...
Азыр бир кыйын кесип болду белем
аталык кесиби да.
Түн, саат бир.
Чырак турат жанган бойдон.
Балким, жарым сааттан соң,
а балким таң алдында
алар мында
кайра келер.
Китептерге кошуп мени алып жөнөр.
Тегеректеп айдап алар каракчылар.
Баратканда кайрылып бир карасам:
аялым босогодо карап турар
көздөрүндө ысык жаш мөлт-мөлт этип
жоолугу таңкы желге желп-желп этип.
Муңайым ирмелер суу кирпиктери
баласы курсагында дирт-дирт этип.

## ТӨРӨЛҮҮ

Апасы тууду мага
уул бала.
Бир уулча кашсыз, сары.
Жатат көгүш чүргөгүндө
шоолаланган шар сыңары,
туура үч кило салмагы анын.

Менин уулум дүйнөгө келген чакта
Кореяда төрөлдү канча бала
күн карама сыңары күн сураган.
Макартур кырды бүтүн,
алар өлдү тоё эмбей эне сүтүн.
Менин уулум дүйнөгө келген чакта,
төрөлдү Грецияда, түрмөлөрдө
аталары атылган наристелер.
Көрүштү терезенин темир торун
бу дүйнөгө эң алгач көз
ачканда.
Темир тордон караштык көк асманга.

Менин уулум дүйнөгө келген чакта
төрөлдү Түркияда канча бала.
Кара көз, кой көз, көк көз ымыркайлар.
Ошол замат бит басты, чемен чалды.
Ким билет, дагы камдап кереметтен
канчасы аман-эсен
калар экен?

Менин уулум дүйнөгө келген чакта,
дүйнөнүн ашкан улуу өлкөсүндө
төрөлдү ыңаалаган канча бала.
Бөлөндү төрөлгөн соң таалай-бакка.



Уулум менин жашыма келген чакта
мен жок болом – чөп баскан бейитимде
жапан чымчык бырпырап учуп-конор.
Бирок дүйнө а кезде бешик болор.
Кара, сары, ак
балдарды
бүт терметкен
жашыл атлас төшөктүү бешик болор.

***1950***

## *СЕНИ ОЙЛОНОМ*

### ҮСТҮНГЕЛ ЖОЛДОШКО

Түркиянын коммунисттер партиясы,
ТКП-эм менин,
сени ойлоном.
Сен кечээбиз, бүгүнүбүз, эртеңибизсиң.
Эң улуу усталыгыбыз,
эң назик өнөрүбүзсүң.
Акылыбыз, муштумубуз, жүрөгүбүзсүң.
Дүйнөнү дүңгүрөткөн насилиң бар:
сен иниси болосуң ВКП(б) нин.
Бүгүн сен көрүнөсүң көз алдымда:
жараат тагы – айдыңдуу маңдайыңда,
чынжыр изи – мээнеткеч колдоруңда.
Барасың
шоола чачып кең жолуңда.
Мактанам өмүр бою сени менен,
өмүр бою сабыңда болгонума.

Карындашым көзүндөй көк көз шаарым,
Стамбулум,
сени ойлоном.

Отурасың деңиздин кылаасында
кейиштүү башың таяп бир колуңа,
телмириңки карайсың портко сойлоп
келаткан Америка линкоруна.
Кеселмансың, ачкасың, ачуулусуң.
Линкор да келет сенден көзүн албай,
бирок карайт кожоңдой,
улугуңдай.

Боз чөлдөгү айдоолор, сени ойлоном.
Балким, эски соко менен айдалдыңар.
Аштыгыңар аптапка күйгөн чыгар.
Күйсө да, куурулса да аштык эле,
мына эми Америка төгүп бетон
кылып алды өлүмгө аэродром.

Узун-узун шосселер, сени ойлоном.
Үстүңөрдөн кербен өтпөйт, куштар учпайт.
Силер менен солдаттар өтөт азыр
жалаң гана өлтүрүш, өлүш үчүн.

Токарь Рахим, сени ойлоном.
Балким, бүгүн таңазандан
үйүңө баскынчылык кылышкандыр.
Мүмкүн, азыр жатасың сурак берип.
Эки колуң аркаңа чынжырланган,
бети-башың канжалап кызыл-жаян...
Билем, сен эч айтпайсың
«Тынчтык жолу» журналын кимден
алдың.
Хасан уулу Хусейин, сени ойлоном.
Канчанчы бир аскерлер бөлүгүнүн
неченчи бир солдатысың.
– Честь бербейсиң неге? – деп бети чаар
бир лейтенант жинденип урат сени.



Сен унчукпай үңкүйүп сумсаясың,
бетиңе беш салаанын тагы түшкөн.
Хасан уулу Хусейин, билем сени.
Качасың сен барбайсың өлтүрүүгө
кореялык туугандарды.
Хадича апа, сени ойлоном.
Кадыресе адамга караганда
сен көбүрөөк окшойсуң каксоо жерге,
жок, жаңылам, жерсиздикке.
Беш бала төрөдү элең, үчөө өлдү.
Кембагал дыйкандарды баштап алып
сен бардың найзаларга жашырынган
бай жерин талап-тартып алыш үчүн.
Университеттин студенткасы, сени ойлоном.
Бир жыл болду түрмөдөсүң.
Жатасың эң кеминде үч жыл ашык.
Бир ырымды мага окуп берген элең.
Үнүң дале кулагымда.

Уста Ысмайыл, сени ойлоном,
Америка кылды эле буйрук-амир
ачылды бажыкана дарбазасы.
Сен жаптың дарбазасын дүкөнүңдүн.
Галата-Сарай жакта,
почта алдында
сатып калдың кагаз, пакет.
Анан калдың кайыр сурап.
Анан өлдүң, үй-бүлөң өлдү кошо.

Апаке, сени ойлоном.
Көздөрүңө түштүбү калың кайгы,
калдың бекен караңгыда?

Алганым, сени ойлоном,
сүтүң такыр байыдыбы?

Жетеби, Мемедими эмизгенге?
Бул айдын үй акысын бере алдыңбы?
Жадыңда мен бармынбы?
Көк булуттар көчүп барат
сары алтын куполдордун төбөсүнөн,
кыпкызыл моруларды н,
апакай мунаралардын
үстүнөн көк булуттар көчүп барат.
Москвада күн кечкиртип, таң атырам.
Терезелердин биринен карап турам.
Тууган өлкөм, сени ойлоном.
Тууган өлкөм, Түркиям, сени ойлоном.
Чынын айтсам, сен менин акылымдан,
сарсанааман бир мүнөт чыкпай койдуң.
Эгер мен Москвада жашабасам,
бу жерде сени менден сурашпаса,
ар күн сайын советтик адамдардан
ак пейилден жазылган кат албасам,
мен аларды сүйгөн өңдүү
алар сени сүйүшпөсө,
ата журтум, Түркиям, тууган өлкөм,
сени самап саргайган кусалыкка
чыдоо мага эң кыйын болмок экен.

***1951***

## ЛИДИЯ ИВАННА МЕНЕН СҮЙЛӨШҮҮ

Ыр жазганбыз
биргелешип далай ирет,
анын көгүш тумандан бүткөн колу
жанып турган маңдайымды
сергитти эле нечен жолу...
Сиз айтасыз:
тамекинин зыяны көп.



Коюңузчу.
Кантип эле.
Айыпсыз көк туманда
кандай болсун кара ниет.
Бирок да, Лидия Иванна,
кыялбай көңүлүңүздү,
урматтап илимиңизди
түрмөлөш досум
тамеки менен
коштошом.
Мен макулмун, Лидия Иванна,
ичкенди да токтотом.
Вино-арактуы оозума албайм
жаңы жылдын түнүндө да,
досум туулган күнүндө да,
мейманга барганда да,
майрамда да.
Чынын айтсам, түн жармында,
өзгөчө кыш маалында,
уйкудагы улуу адамдын тынчын албай
өтүп Кызыл Аянттан акырын-жай
Москва дайрасын карап
турганды жакшы көрсөм да,
же болбосо түн ичинде
окуганга көнсөм да,
айла канча? –
дарыланам.
Режимге баш урам.
Сагат онду какканда,
уйкуга балдар батканда,
түнөгүн куштар тапканда,
мен да оорукчан жүрөгүмдү
төшөгүнө жаткырам.
Болуптур.
Жарым жыл,

сүйбөймүн эрдин жарымдын,
сылабайм чачын, жолобойм жакын мен ага,
ансыз деле бөлүп турат
арабызды чегара.
Тунук акыл жолдошум, Лидия Иванна,
айтканыңызды аткаруу керек,– билемин,
антпестен кокус тетири бассам,
тек анда,

ыргыткан гранатадай
чатырап
чарт жарылар
жүрөгүм.

Түшүнөм.
Баш ием.

Бирок да сиз
Кубаныч тамекиден зыян дейсиз
каарды уктабоодон жаман дейсиз.
Маселен
азиз доктор,
аз эле жылдын ичинде
эс-эс-эс-эр
баш багып коммунизмге
калганын көрүп,
мен анан
кубанбай кантип туралам?
Ушул жылы, ушул жазда
шайлоо болуп Францияда
биздикилер жеңип алды -
сүйүнөм да өзүм буга.
Сиз айтасыз:
ачууланыш асти жаман.
Ачкалыктан акактап тууган жерим
кор болуп онтоп жатса,



буга менин
ачуум келбейт кантип анан?
Жарым менен каламбы жүз көрүшпөй,
көрбөймүнбү кайрадан Мемедимди
деген ойлор жадымдан жүрсө түшпөй
кантип сактайм кусадан мен өзүмдү?
Кыскасы, азиз доктор,
болбоңуз капа эч бир,
кетирсем кокус бошко
сиз кылган аракетти.
Лидия Иванна!
Коркутпаңыз.
Баары бир мен
деңиздин жээгиндеги сары аскадай
кайгы жебей, кубанбай, санааркабай
мисирейип жаткан бойдон тура алам
деп
бере албайм убада кеп.

Тим коюңуз, доктор.
Бу жүрөк да.
Угасызбы анын түрс-түрс кагышын?
Каардан же кубанычтан
чарт жарылса –
мен ыраазы –
жарылсын!

*1953*

## МЕМЕДГЕ СОҢКУ КАТЫМ

Бир жактан кас душмандар кирди арага,
бир жактан калайманын салды мага
бу ант урган арсыз жүрөк.
Мемедим, уулум, сени кайра көрмөк
эми мага буюрбай калса керек.

Билемин, болор сенин сымбат-көркүң
буудайдын бышып турган сабагындай.
Мен дагы жаш чагымда
жигит элем ак саргыл, шыңга бойлуу.
Көздөрүң апаңкындай бажыраяр
бирде бир аз ачуулуу, бирде муңдуу.
Маңдайың кең, жарык, айдың,
доошуң дагы болор жакшы –
– меники начар эле.
Ыр ырдарсың биринен бири таттуу...
Колуңан келер дайым сөзмөрлүк да,
мен да кыйла чечен элем
чыргоолонбой турган чакта.
Тилиңен бал турар тамып.
Ох, Мемед, сен тараптан
кыздардын көп көргүлүк
көрөрү анык.
Атасыз кыйын болор эр баланы
жеткирмек жигитчилик катарына,
апаңы капа кылба,
мен күлкүгө тундурбадым анын жүзүн,
уулум, эми күлдүр өзүң.
Апаң сенин
жибектей бышык киши,
жибектей назик киши,
чоң эне болгондо да сулуу болор
мен аны биринчи ирет көргөнүмдөй
Богазичинде
он жетисинде.
Айдын нуру,
күндүн нуру,
бети албырат алма сыңар,
ааламда жок ашкан сулуу.
Апаң сенин...
Таң атарда бир күнү айрылды элек



көрүшөбүз кайрадан деп,
көрүшө албай келебиз куса чегип.
Апаң сенин....
Апалардын нускалуусу,
акылдуусу,
жүз жашка чыккай эле, Кудай берип!
Өлүмдөн, уулум, өзүм коркпойм анча,
ошентсе да кээде-кээде
кызуу иштеп жаткан чакта
жүрөгүм солбуй-солбуй согуп калса,
тунук турган көгүлтүр мунарыкка
түнкү уйкусуз жалгыздыкта
ичер сууң, көрөр күнүң, ырыскыңын
аз калганын айкын сезип туруш кыйын.
Өмүргө тоюп болбойт, Мемед балам,
өмүргө тоюш кыйын...
Бу дүйнөдө квартирант сыңары эмес,
бир күнгө келип кеткен конок эмес,
өз үйүңдө жүргөндөй жашап өткүн.
Үрөнгө, топуракка, деңизге ишен,
адамга ишен баарынан ир алдыда.
Булутту, машинаны, китепти сүй,
адамды сүй баарынан ир алдыда.
Бутактын куурап калган,
жылдыздын өчүп калган,
айбандын чемен чалган
сезе билгин муң-кайгысын,
бирок сез ир алдыда адамдыкын.
Сүйүндүрсүн сени дайым жакшылыктар,
сүйүндүрсүн жарык менен караңгылык,
сүйүндүрсүн сени жылдын төрт мезгили,
бирок да бардыгынан ир алдыда
сүйүндүрсүн адам сени.
Мемед, эгер билгиң келсе,
өлкөлөрдүн өзгөчө ширини экен

Түркия,
биздин өлкө.
Адамы да мээнеткеч,
өжөр, баатыр,
бирок, аттиң, өтө жакыр.
Эмне гана көрбөдү кайран элим!..
Бирок болор жакшына келечеги.
Сен а жерде,
бир боор өлкөбүздө
биргелешип элиң менен
курасың коммунизм.

Сен аны көрө аласың көзүң менен,
кармайсың колуң менен.
Мемед,
мен тилимден, аванымдан,
турпагымдан, туз-нанымдан
алыста сага, апаңа куса чегип,
дос-жолдошко, калкыма куса чегип
өлөт окшоймун.
Бирок эрксиз айдоодо эмес,
же бир чоочун колдордо эмес,
өлөмүн тилегимдин өлкөсүндө,
ак шаарында эң сулуу күндөрүмүн.
Мемедим, шамчырагым,
мен сени Түркиянын
коммунисттер партиясына
аманатка калтырамын.
Келсе дагы эгер өлүм,
кете берем мен ток көңүл,
себеби сен аркылуу көп заманга
калкымда өлүм билбей жашай
берер
мендеги бүткөн өмүр!

*1954*



## ФРАНТИШКОВИ-ЛАЗНЕ

Богемияда, чек ара жанында,
Франтишкови-Лазне деген курорт шаарында
мончодогу айнектей бууга тердеген
асман бети капталган булуттар менен.
Булуттар күн шооласын өткөрөт араң.
Суудан чыккан дененин жытына аралаш
кызыл гүлдүн жыты аңкыйт салкын абада.
Төрөбөстүк дартына, жүрөк ооруга
шыпаа берет бу жерде шыр-шыр аккан суу.
Чартарабың – бүт дарак. Дарактар сулуу.
Тарс атылып чыкчудай сезилип турат
катуу баскан жериңен бышкырып булак,
күкүрттүү булак,
же бир кайың жашыл, апаппак.
Мен болдум «Үч мандалак» отелинде.
Чех акыны Незвалдын айтымында,
картаң Гёте өбөктөп бир үстөлгө
атырыптыр көп ирет таңды мында.
Үстөлгө ийген башын далай жолу
сыдырым жел сылаптыр жай таңында.
Кайсы жылда? Незвал айтат:
«Миң сегиз жүз бешинчи, жок,
миң сегиз жүз болсо керек,
а балким, миң сегиз жүз сегиздедир...».
Так-ачык билбейт экен акын аны.
Бирок биз ар күн сайын эскеребиз
башкача бир датаны – окуяны.
Капталдары ак кресттүү танктар өттү.
«Үч мандалак» отелинин так түбүнөн.
Үстэтажда бир үстөл кулап кетти
солкулдаткан дүбүрттүн эпкининен.
Түрмөдө элем а кезде Стамбулда.
Варшавадан, Париждеп танктар өттү
капталдары ак кресттүү.

Түрмөдө элем а кезде Чангырыда.

Андан соң Москванын так алдында
танктардын издеринен кан чубуруп,
кыштактар алоолонду караңгыда...
Түрмөдө элем а кезде Бурсадагы.
Адамдарды көп көрдүм өмүр бою:
алар келген алыскы көчөлөрдөн,
үстүнө
асфальт менен таш төшөлгөн,
жаанчыл, аптапорой, кууш, кенен
алыскы көчөлөрдөн
келген алар.
Башка-башка дарактын саясында
көлөкөлөп көргөн алар.
Кээси иштеген бураган саат сыңар.
Кээси – айлакер, ашкан кыяр,
кээси үрөндөй ичи бүт үмүткө жык,
кээ бири алдейлеген ырдай назик.
Кээ бири ачуу – заар калемпирдей,
кээси өжөр Насрединдин эшегиндей.
Кээси сараң, кээси жоомарт,
кээ бири аялга өч, кээси – аракка.
Бар болчу арасында жаштары да
жаңы эле жандырылган оттой жанган.
Бар болчу жер сыяктуу карттары да
жер сыяктуу акылман, жердей балбан.
Бир сөз да билбей турган көбү орусча,
алардын абдан жакшы билген сөзү
«хорошодур»;
а балким «товарищ» да.
А бирок кырк биринчи жылдын кышы
танкалардын баары бүтүн
Москвага жутунуп жарышканда,
ал адамдар апакай бир шаар



үчүн кайыл эле кандарын агызганга.
Ал шаар кирер эле түштөрүнө:
бир курулуш аянты болгон шаар
шыкалып машинасы, крандары
жер жайнап кумурскадай адамдары.
Ал шаар кирер эле түштөрүнө:
Кызыл Аянт көзгө сүйкүм,
кыпкызыл мунаралар аны курчап,
ортосунда бир күмбөз бар,
анда жатат Ленин уктап.
Ойгонушчу көздөрдө жашы менен,
каардан жүрөктөрү титиреген.
Түштөрүндө көргөн аны:
ал шаар дарак эле гүлү ачылган
шактарында салбырап алмалары.
Мен үчүн бул асыл шаар
көбүргөн үмүттөрдүн шаары эмес,
жайкы таңдын жарыгында,
ачык деңиз кыйырында
көрүнгөн булуттардын шаары эмес.
Мен эски москвалыкмын,
эски бир стамбулдук болгон сыңар.
Красная Пресняда бир завод бар.
Мен аерде алгачкы ирет
жумушчулар кашына чыгып алып,
ыр окудум тердеп, сүрдөп.
Тизелери үстүндө чоң колдору,
ырайымдуу сабыры көздөрүндө,
кырк беш мүнөт турушту кулак салып
түрк тилине түшүнчүдөй.
Алкыштап кол чабышты.
А күндөр дале эсимде бүгүнкүдөй.
Дердейип мурдум өйдө караса эгер,
чуулдап ал алкыштар кулагыма
кийирет мени кайра өз кыныма.

Пушкин турат маталып өз жайына,
ийнинде баягы эле пелерина,
башы да баягыдай жалаң, ачык.
Баягыдай капкара, шыңга бойлуу,
баягыдай акылдуу, муңдуу, ойлуу
Петербург сатаңындай эң жарашык.
Аптасына бир нече ирет
таң эртеңде, болбосо кечкурунда
эң улуу китептердин
бирөө дайыма колтугумда,
оозум толо семичкеге,
бара турган жолум кыска:
отурчумун жакынкы бир орундукка,
солдогу экинчи бир орундукка.
Кышында мында таза кар жыттанат,
жайында – көк жалбырак.
Биердин бар эле бир шарапаты:
китебими ачар-ачпай
КУТВ да, сабактын учурунда
башыма түшпөгөндөр түшчү мында.
Бир короо бар Арбаттын бержагында,
кышында кызыл
кирпич дубалында
түндөсү катар-катар чачат жарык
терезелер кызгылтым, жашыл-сары.
Стамбулдук бир жигит күтүп турат,
короодо карды тепсеп,
калч-калч этет.
Тамаранын көлөкөсү жогоруда,
көк жашыл бир терезеден
карарып көрүнөт да, кайра кетет.
Бу шаар – менин шаарым.
Он тогуз жашымда мен
бу шаарга Киевдин вокзалынан
үч саатка кечигип кирген элем,



Кепкачан бир адамды көргөн элем,
ал кетпейт алигиче көз алдыман.
Ал дубалдар бетиндеги
афишанын биринде эле,
же перрондун кырында эле,
же сынык терезенин түбүндө эле.
Кайда болсо анда болсун,
бирок да анын башы
бир башчылык өйдө болчу
баштарынан башкалардын.
Мен жакындап бир-эки кадам бастым,
папагымы баштан алдым,
шаардын жаңы ээсине салам айттым.
Жыйырма экинчи жыл
болчу а жыл.
Жаш элем жашыл-жашыл!
Жүрөгүм балык болуп тыбырчылап,
тепкен кандан каңгып башым,
басып өтүп Батум жолун
Анатолу аралы тараптан мен
келатам...
Ленинге бар бир соболум...

***1954***

## РЕЦЕПТ

Сыркоолор,
агайындарым,
айыгасыңар.
Сыздаткан оору-дарттан арыласыңар.
Жаздын бир жылуу, жумшак кечи сыңар
оор, жашыл бутактар арасынан
мамырчылык түшүп келер,
сеп алдырар.

Сыркоолор, агайындарым,
кылгыла бир аз сабыр, бир аз чыдам,
силерди өлүм эмес, өмүр күтөт
дарбазанын наржагынан.
Дарбазанын сыртында дүйнө күтөт,
кулпуруп шуулдаган сулуу дүйнө.
Төшөктөрдөн турасыңар,
басасыңар.
Туздун, нандын, күндүн даамын
кайра баштан ачасыңар.
Саргайып лимон өңдүү, эрип шамдай,
кулайбызбы чириген морт чынардай?
Сыркоолор,
агайындарым,
биз лимон да, чынар да, шам да эмеспиз,
шүгүрчүлүк, биз адамбыз,
шүгүрчүлүк, дарыбызга
үмүт кошуп иче алабыз,
«Жашаш керек!» – деген бир ишеничтен
өзүбүзгө күч алабыз...
Сыркоолор,
агайындарым,
айыгасыңар.
Сыздаткан оору-дарттан арыласыңар.
Жаздын бир жылуу, жумшак кечи сыңар
оор, жашыл бутактар арасынан
мамырчылык түшүп келер,
сеп алдырар.

***1954***



## КАН МЕНЕН ТЕР АРАСЫНДА

Чаргытып куруучулар ырдайт ырын,
а бирок ырдай оңой чаргып учпайт
имарат.
Чынында аны курмак кыйын.
Куруучулар жүрөгү майрамдагы
көчөлөрдөй гүүлдөп албайт тыным.
Анткен менен курулуш майдандары
гүүлдөгөн көчө эмес майрамдагы.
Курулуш майданында бардыгы бар:
чаңы бар, кары да бар, балчыгы бар,
аерде колуң канаар,
бутуң сынаар.
Азан-казан курулуш майданында
боло бербейт татты, ысык чай дайыма,
ак кебезге окшобойт нан дайыма,
ар бир адам эр жүрөк боло бербейт,
достор дайым сөзгө бек боло бербейт.

Имарат ырдай чаргып көкөлөбөйт,
Курулат зор күч менен жакшы имарат.
Болсо да канча кыйын, имараттар
көкөлөп кетип барат көктү карап.
Коюлду гүл өстүргөн карапалар
текчелерге астыңкы кабаттагы.
Адеп бүткөн татына балкондорго
аптап ташыйт карлыгач канаттары.
Жүрөктүн түрс-түрс соккон дабышы бар
ар бир кышы, устуну, ар ташында.
Көктү карап
көкөлөп
кетип барат
жакшы имарат
кан – тердин
арасында.

***1955***

## ЯПОН БАЛЫКЧЫСЫ

Деңизде булуттардан болду курман
бир япон балыкчысы, бир жаш адам.
Бул ырды мен эшиттим досторуман.
Саргайды, күүгүм түшүп, Тынч океан.

Балык туттук, жеген өлөт.
Этибизге тийген өлөт.
Бу кеме бир кара табыт –
капысынан кирген өлөт.

Балык туттук, жеген өлөт.
Мүрт өлбөстөн аста-асталап
эти чирийт, тартат азап...
Балык туттук, жеген өлөт.

Колубузга тийген өлөт.
Туз менен күн какжыраткан,
бул иштерман, бул кайратман
колубузга тийген өлөт.
Мүрт өлбөстөн аста-асталап
эти чирийт, тартам азап...
Колубузга тийген өлөт.

Бадамкөзүм, мени унут!
Бу кеме бир кара табыт.
Капкасынан кирген өлөт.
Үстүбүздөн көчөт булут,
Бадамкөзүм, мени унут!
Кучактаба, мени, гүлүм!
мага сенден өтөт өлүм.
Бадамкөзүм, мени унут!



Бу кеме бир кара табыт.
Бадамкөзүм, мени унут.
Бир сасыткы жумурткага
окшор менден бүткөн бала.
Бадамкөзүм, мени унут.
Бу деңиз бир өлүк деңиз.
О, адамдар, кайдасыңар?
Кайдасыңар? Үн катыңар!

***1955***

## КИЧИНЕКЕЙ ӨЛҮК КЫЗ

Эшиктерди такылдатам
эртели-кеч, эртели-кеч.
Көзүңөргө көрүнбөймүн –
өлүк көзгө эч көрүнбөс.

Өлгөн элем Хиросимада,
өттү кайкып кыйла заман.
Жетиде элем, жетидемин –
чоңойбойт да өлгөн адам.

Өрт көзүмдү куйкалады,
шыркыратты чачымды.
Күйүп бир ууч күлгө айландым,
күлүмдү жел сапырды.

Өзүм үчүн мен силерден
сурабаймын түк эчтеме.
Кагазга окшоп күйгөн бала
нават-шекер жемек беле?

Ата-энелер, суранамын,
кол койгула, тынчтык болсун.
Өрттөнбөсүн балдар мендей,
нават-шекер жеп чоңойсун!

***1955***

## БУЛУТТАР АДАМДАРДЫ ӨЛТҮРБӨСҮН

Адамды адам кылган эне гана,
ал окшойт жарыкчылык нурларына.
Бир эне туубадыбы силерди да?
Мырзалар, эне өмүрүн кыйбагыла!
Булуттар адамдарды өлтүрбөсүн!

Бир бала чуркап барат алты жашар,
көкөлөйт бакты аралап батпарагы.
Силер да бир кезекте чуркадыңар.
Мырзалар, кыйбагыла жаш баланы!
Булуттар адамдарды өлтүрбөсүн!

Таранып колуктулар күзгү алдында
күтүнөт күлмүң, карап тарагына.
Күткөндүр ошен этип силерди да.
Мырзалар, келиндерди аягыла!
Булуттар адамдарды өлтүрбөсүн!

Адамдар картайганда бүт өмүрүн
эскерип, батат сансыз таттуу ойго.
Не жазык карыларда – көрсүн күнүн,
мырзалар, силер деле картсыңар го.
Булуттар адамдарды өлтүрбөсүн!

***1955***



## ЖЫЛ БАШЫ

Түнү бою жаады, жаады кар,
жаткансыды жылдыз тамчылап.
Бир шаар бар, көчө бар, үй бар,
бир жыгач үй – эң узак, узак.

Жатат бала төшөктө элкин,
менин уулум, болук, ак саргыл.
Меймандар жок. Үйдө жок эч ким.
Терезеде – байкуш Стамбул.

Чыңырды кеме – чыкты ачуу үн.
Бу жалгыздык түрмө сыңары.
Мюневвер шарт жаап китебин
ыйлап ийди. Бүлк-бүлк ыйлады...

Бир шаар бар, көчө бар, үй бар,
бир жыгач үй – эң узак, узак.
Түнү бою жаады, жаады кар,
жаткансыды жылдыз тамчылап.

***1956***

## ТЕРЕК

Түндө көрсөң суудa дарак
күмүш арча сыяктанат
дечү биздин Надим акын.

Сүйчү муңдуу айымдарын –
ак көйнөкчөн кайыңдарын
рязандык да бир акын.

Менде да бир жалгыз терек,
кайда жүрсөм табыш берет
мен мусапыр күндөн бери.

Бүт дарактай терегим да
турат сыңар аягында
күтүп-күтүп бирдемени.

Карап турат чоң жолдорго,
карарыңкы ой-тоолорго
жайдын ысык түн маалында.

Мени да бир терек дайым
айгай салып ар түн сайын
күтүп турчу түрмө алдында.

Бактыбызга, айбыбызга,
үмүттөргө, кайгыбызга
күбө болуп, карадың жай,

күбө болдуң битибизге,
жердеги бүт ишибизге
эх, терегим, терегим ай!

Терегиңди сүйсөм дагы,
аны мактап жүрсөм дагы,
Ата журтум, бар арманым:

Мен эңкейип кара жерге,
денем балкып кара терге
бир түп терек эге албадым.

***1956***



## ШАЙТАНГА ЭЛЕГИЯ

Итимин аты Шайтан эле.
«Эле» сөзү атына тиешесиз.
Эч балакет алган жок анын атын.
Деги аты затына да окшочу эмес.
Шайтандар залым болот.
Залымдар: ашкан кыяр, жалганга дос.
А бирок залымдарда акыл болбос.
Итимде бар эле акыл.
Итим бир аз мурдараак өлүп калды.
Жакшылап бага албадым.
Эл айтат:
«Багалбасаң дарак экпе».
Эгип алып куураткан дарак сенин
жүрөгүңдү өйкөгөн дартка айланар.
Сен айтарсың:
«Сүзгөндү сууда үйрөнөт».

Аның туура.
Бирок чөксөң
бир өзүң чөгөсүң да.
Таң атарда дайыма ойгономун.
Айланама кулак түрөм.
Дарбазамы тырмалаган тирүү жан жок.
Ыйлаганга аз-аз калам.
Уялам көзүмөн жаш чыкпаганга.
Менин итим адамга окшош эле.
Айбандын көбү адамга окшош болот,
болгондо да адамдын жакшысына.
Аябай бекем эле досчулукка.
Азаттыгы буту менен тишинде эле,
сылыктыгы – чагарак куйругунда.
Калчу элек сагынышып көрүшпөсөк.
Эң улуу иштерден ал баян этчү:
ачтыктан, токчулуктан, махабаттан.

Бирок ал билбейт эле ата журттун
ич бышырган сапсары сагынычын.
Бу сагыныч бир мага тагдыр болду.
Акынды бейишке алып барышса да,
«Ата журтум!» – деп ыйлап какшаныптыр.
Өлдү,
бу дүйнөдө бүт баары кандай өлсө,
а дагы өлдү дал ошондой
Адамбы, айбанатпы, өсүмдүкпү,
абадабы, жер-суудабы, төшөктөбү,
кокуспу, сүзөктөппү, уйкудабы,
кыскасы, бу дүйнөдө кандай өлсө,
кандай өлсөң,
кандай өлсөк...
а дагы өлдү дал ошондой.
Көлөкөдө бүгүн ысык отуз сегиз
айбандан карап турам чер токойго,
шыңга кызыл карагайлар асман мелжийт,
асман бети көгүлтүр болот сыңар.
Адамдар боргул-боргул тердеп алган.
Иттер тилин бир карыш салаңдатып,
көлмөлөргө чөмүлгөнү баратышат.
Оору-дартын кашатка коёт алар,
балыктардын бактысын туят алар.

***1956***

## ЖЫЙЫРМАНЧЫ СЪЕЗД

Жыйырманчы съездге келди Ленин,
күлүп турду бадамы көк көздөрү.
Ачылыштан мурдараак кирди ичкери.
Тепкичке трибунанын түбүндөгү
отурду да, жазышка үңүлдү эми.
Байкабай калды өзүнүн эстелигин.



Кандай улуу бакыт бу, кандай бакыт
Ленин менен бир саам кол кармашып,
колубузда акылдуу колдорунун
адамдык касиетин туюп туруу!..

Жыйырманчы съездге Ленин келди.
Советтер өлкөсүнүн асманында
берекелүү үмүттөр жаз таңында
ак булуттар сыңары көрүндү эми.

***1956***

## ЖАШТЫГЫМ

Москва дегениң бир күмүш күзгү,
карасам, ал көрсөтөт
он тогуз жашымдагы мени мага.
Так түйүлгөн секирик сыяктанам,
курт жей элек отуз эки тиш баштанам,
дүйнө болсо капкатуу жаңгак мисал.
Өзүм үчүн мен эчтеме сурабаймын,
бир гана сүйгөн кызым
сыйпаласын беш манжамы,
манжасында болсун мейли
дүйнөнүн эң улуу сыры....
Колдорум токоч бөлөт:
досторума – көбүрөөк,
өзүмө – аз.
Трахомалуу көздөрдүн баарын өбөм
Анатолу кыштактарында.
Дүйнөлүк революция деп окко учамын
дүйнөнүн бир жеринде.
Бир жастыкка тагышат жүрөгүмдү
Кызыл Туу орденindей.
Оркестр аза маршын уңулдатат.

Өлгөндөрүбүздү дубалдын түбүндөгү
бир жерге көөмп салдык
берекелүү үрөндөр сыңарындай.
Жер үстүндө калат биздин ырларыбыз,
түркчө эмес, орусча эмес, немецче эмес,
бир гана абандардын тилдеринде.
Кар баскан бир токойдо Ленин жатыр,
өзү кесел, чытылган кабактары,
адамдарды ойлонот түнгө карап,
караңгыдан келечек күндү көрөт.
Так түйүлгөн секирик сыяктанам,
курт жей элек отуз эки тиш баштанам,
дүйнө болсо бир жаңгак темир кабык,
бирок ичи толтура сүйүнчүгө.

***1957***

## СОҢКУ АВТОБУС

Түн ортосу, соңку автобус.
Билетим жанымда бар.
Күтпөйт мени үйдө бир арак сыйы,
болбосо бир жаман кабар.
Үйдө күтөт мени айрылуу.
Айрылууга бара жатам
сезип койбой коркууну же кайгыны.
Улуу түн лап деп келди мага жакын:
күйүнтпөйт да сүйүнтпөйт мени дүйнө,
эми мен көз чаптырам ага салкын.
Эми мен таң калбасмын оозуму ачып
досумдун кыянатка барганына,
болбосо колумду бек кысып жатып,
капыстан канжар уруп калганына.
Козгой албас каарымы душман менин.
Мен өттүм буркан таштар токоюнан,



жыга коюп алдыман туш келгенин,
опоңой көмөлөнду бардыгы тең.
Кайрадан тиштеп, чертип сынап көрдүм
мен ишенип жүргөн бүт нерселерди.
Чыкты көбү накта, таза.
Шүгүр, көбү чыкты чыпчын.
Өзүмдү сезбегемин мен эч качан
мынчалык шат, мынчалык
ээн-жайкын.
Улуу түн лап деп келди мага жакын:
күйүнтпөйт да сүйүнтпөйт мени дүйнө,
эми мен көз чаптырам ага
салкын.
Ишимен баш көтөрүп, каранамын,
көрүнөт өткөн күндөй мага дайын
бир сөз,
бир жыт,
бир колдун ишаараты.
Сөз болсо – достун сөзү,
жыт болсо – жыпар жыты,
булгаган кол – сүйгөнүмкү.
Мени эми капалантпайт эскерүүлөр.
Даттанбайм кайрылбайт деп жакшы
өмүрлөр.
Эч кандай жөнүм да жок даттанууга.
Атүгүл даттанбаймын жүрөгүмдүн
курт түшкөн бир залкар тиштей
тынымсыз зыркыратып жатканына.
Улуу түн лап деп келди мага жакын.
Ардантпас эми мени
министрдин текебери,
секретардын көшөкөрү.
Башым ылдый нур төгүлөт кучак-кучак.
Карай алам күнгө тик көз ирмебей.
Жүрөгүм бейпил тартты, эми мени

эң жароокер жалган да азгыра албас.
Башканын сөзүбү же өзүмкүбү,
айтор, эми сөз мени мас кыла албас.
Ах, жалжалым, мынаке, мына, мына,
өлүм жаман жакындап келди мага.
Дүйнөнүн көркү сонун абалкыдан.
Бу дүйнө ич кийимим болуп келген –
киріштим мен мына эми чечингенге.
Мен башта бир вагондун айнеги элем –
эми болдум бир перрон кишиси жок.
Мен башта бир үйдүн бир төр жагы элем –
эми болдум бир эшик кулпусу жок.
Мейманды мурдагыдан терең сүйөм.
Саратан демейкиден саргычыраак,
кар болсо аппагыраак демейкиден.

***1957***

## СЕБАСТЬЯН БАХТЫН ДО МИНОР КОНЦЕРТИ

Күз таңында жүзүмзарда
катар-катар тизилип, кайталанат
жүзүмдүн ийри-муйру сабактары,
сабактарда шиңгилдери,
шиңгилдерде мийвалары,
мийваларда күндүн нуру.
Түндөсү заңкайган бир аппак үйдө
ар биринен өзүнчө жарык чыгат.
Терезелер кайталанат.
Жааган бардык жамгырлар кайталанат,
дарак менен деңизге, жер үстүнө,
колум менен жүзүмө көздөрүмө,
айнегиме тамчылайт кайталаныш.
Күндөрүм да кайталанат,



бири-бирине окшоп кеткен,
бир-бирине окшобогон ай-күндөрүм.
Өрүлгөн чачтардагы кайталаныш,
жылдыздуу асмандагы кайталаныш,
кайталанат бүт тилде «сүйөм» сөзү,
кайталанат даракта жалбырактар,
кайталанат өлүмдүн төшөгүндө
ачуусу бачым өткөн тирүүлүк да...
Жааган карлар кайталанат,
майда-майда жааган карлар,
балак-балак жааган карлар,
этек-этек жааган карлар.

Бороондордо уюлгуган
тороп калган жолумду улам
ак кардагы кайталаныш.
Балдар жүрөт короодо ойноп,
короодо ойноп жүрөт балдар.
Картаң аял өтүп барат бир көчөдөн,
көчөдөн картаң аял өтүп барат,
өтүп барат көчөдөн картаң аял.
Түндөсү заңкайган бир аппак үйдө
ар биринен өзүнчө жарык чыгат –
терезелер кайталанат.
Сабактарда шиңгилдер кайталанат,
шиңгилдерде мийвалар мөлтүрөгөн.
Жакшыга, адилетке, чынга бармай,
күрөшмөй жакшы, адилет, чындык үчүн,
жакшыга, адилетке, чынга жетмей...

Кайталанат дайыма, сүйгөн жарым,
үнсүз аккан көз жашың, жылмайганың,
эчкирип ыйлаганың, каткырганың,
ак тишиң жарк-жарк этип каткырганың.
Күз таңында жүзүмзарда
катар-катар тизилип, кайталанат

жүзүмдүн ийри-муйру сабактары,
сабактарда шиңгилдери,
шиңгилдерде мийвалары,
мийваларда күндүн нуру,
күн нурунда менин көңүлүм.
Кайталанбас кайталаныш,
жаным, бул бир керемет бейм –
кайталаныш керемети.

***1958***

## КЕЛИП, КАЙРА КЕТИП БАРАБЫЗ

Мына, келип, кетип барабыз,
саламат кал, курдашым деңиз!

Алдык бир аз шагыл ташыңан,
бир азыраак көгүш тузуңан,
бир азыраак чексиз кыйрыңан,
анча-мынча кайгы-зарыңан.
Аздыр-көптүр бизге билдирдиң
деңиз болуу ыкыбалынан.
Дагы бир аз үмүткө толдук,
дагы бир аз адам да болдук...
Мына, келип, кетип барабыз,
саламат кал, курдашым деңиз!

***1958***

## АТА ЖУРТУМ

Ата журтум, ата журтум, ата журтум!
Калбады сенде кийген баш кийимимен,
өлчөгөн жолдоруңду бут киймимен.
Мен сенден кийип чыккан бешмантым да



эскирди, дал-дал кетти, түштү
ийнимен.
Сен эми калдың жалаң
чачтарымдын актарында,
жүрөгүмдүн инфаркында,
маңдайымдын бырышында,
Ата журтум, ата журтум, ата журтум!..

***1958***

## ҮМҮТ

Тынымсыз иштейт атом казандары,
спутниктер учуп өтөт таң атканда,
таң атканда мусорчу машиналар
бурч-бурчтан терип алат өлүктөрдү,
өлүктөрдү ачтан өлгөн, ишсиз өлгөн.

Тынымсыз иштейт атом казандары,
спутниктер учуп өтөт таң атканда,
таң атканда бир дыйкан үй-бүлөсү:
бир эркек, аял, эшек, жаман соко,
сокону аял менен эшек сүйрөп
айдашат алакандай тилке жерди.

Тынымсыз иштейт атом казандары,
спутниктер учуп өтөт таң атканда,
таң атканда Хиросима калаасында
жан берет он экиге чыккан бала,
ал өлбөйт менингиттен, дифтериттен.
Элүү сегизинчи жыл жай айында өлөт
бир япон бала, бу дүйнөгө
кырк бешинчи жылында келгени үчүн.

Тынымсыз иштейт атом казандары,
спутниктер учуп өтөт таң атканда,
таң атканда бир болпоч адам туруп,
манчыркап кийинет да, ой жүгүртөт:
«Бүгүн мен кимди кимге сатсам экен?
Канетип начальникке жаксам экен?»

Тынымсыз иштейт атом казандары,
спутниктер учуп өтөт таң атканда,
таң атканда даракка жол боюнда
бир шофер негрди шарт асышат да,
өрттөшөт денесине бензин куюп
андан соң бири жөнөйт кофе ичкени,
дагы бири чачтарачта чач алдырат,
дүкөнүн ачып бири таңертелеп,
маңдайдан жыттайт кызын дагы бири.

Тынымсыз иштейт атом казандары,
спутниктер учуп өтөт таң атканда,
таң атканда, таң атканда, таң атканда,
таң атканда бир аялды кайыш менен
столго далысынан байлап алып,
жылаңач ак мамасын канга боёп,
жатышат бир зынданда суракка алып.
Сурак чегип жаткандар чылым чегет,
алардын бири абышка, бири жапжаш,
кум баштык, электроддор колдорунда.

Тынымсыз иштейт атом казандары,
спутниктер учуп өтөт таң атканда,
таң атканда күн чыгып, гүл ачылып,
учкучтар тил катышпай сумсайышып
водород бомба ташыйт самолетко.



Таң атканда, таң атканда огуна
автоматтын шарт кыйылат
студенттер, жумушчулар,
бульварда акация дарактары,
айнектер, балкондогу карапалар...

Таң атканда үйүнө зыяпаттан
өкмөттүн бир кишиси кайтып келет.

Таң атканда сабалап куштар өтөт.
Таң атканда, таң атканда, таң атканда
бир жаш эне бөбөгүн эмиздирет.

Тынымсыз иштейт атом казандары,
спутниктер учуп өтөт таң атканда,
таң атканда дагы бир узун түндү,
узун түндү тук эткен уйку көрбөй
өткөрдүм оору менен алпурушуп.
Ойлондум өлүм менен кусалыкты,
дүйнөнү, ата журтту жана сени.

Тынымсыз иштейт атом казандары,
спутниктер учуп өтөт таң атканда,
таң атканда жокпу, эмне, эч бир үмүт?
Үмүт, үмүт, үмүт
адамга бар, адамда үмүт!

***1958***

## М. РАФИЛИГЕ

Башталды барик төгүмү катарымын.
Катарым жалбырагын төгүп жатат.
Көбүбүз калбайбыз го кышка чейин.
Нес басып эңгиредим, Рафили,
өлүмүңдүн кабарын алганымда...
Не дей алам...
Ээ, Мыкайыл, жадыңдабы?
А баса, эми сенин жадың да жок,
кол-бутуң көзүң, мурдуң, кашың да жок,
тууганым, сен бир додо сөөк болдуң
Бакуда,
бир көрүстөн аймагында...
Не дей алам....
Эсимде: баягыда биздикинде,
Москвада жаңы жыл кечесинде
жасалуу ёлка алдында столдо сен
отурдуң опсуз чоң бир оюнчуктай.
Көздөрүң
кашка башың сыяктанып
жалт-жалт этип жалтырап
жанып турду,
курсагың кадыресе салабаттуу...
Боёлгон караңгыга кардуу токой.
Сага карап мен ойго чөккөн элем:
эски шарап бочкасындай күүлдөгөн,
эски шарап бочкасындай бышык-бекем.
Ойлогом: менден далай кийин өлөт,
артыман жазып калат бир макала,
болбосо бир эскерген ыр:
«Назым менен Москвада
жыйырма төртүнчү жыл таанышканбыз».
Ээ, Мыкайыл, илгери сен
акын болом деп жүрчү элең,



болдуң акыр профессор...
Бирок кеп анда эмес да.
Бизден соң жашап калат
ишибиздин жакшысы.
Жаманы да.
Сеники да, менимче, меникиндей
орточо эле болсо керек.
Үнүбүз бу көмкөрүлгөн көк алдында
калат деп өзүбүздү алдабайбыз.
Мен болсом тагдырыма кейибеймин,
өзүмдү алдап жубатпай өмүр
сүрдүм.

Эми мен, Рафили, сен сыңары
жубатуу күтпөстөн тек жан беремин.

***1958***

## МАРКУМ НЕЗВАЛ МЕНЕН МАЕК

Сен кеткен соң суук түшүп,
жаады жаздын суу кары.
Мындай кезде эл кеп кылат:
«Өлгөнгө асман ыйлады».

Жаздын иши жаз экен да...
Күн чыкты апрелдин он үчүндө.
Прага күлмүңдөдү кылаң этип
бу жерде да, көрүстөндө.
Эми сени, эскерген сөз
дубага аз-маз окшосо да,
бу күнөстүү жаз айында,
кара оронгон сүрөттөрүң
турат, ана, витриналарда.
Бузулар, балким, дагы аба-ырайы,
бирок бар алдыбызда жаздын айы.

Прагада, билесиң, май жапжашыл,
кийинип кызыл-тазыл
чыккан кезде көчөлөргө
жаш кыздардын кайгы-муңу
жуулат терезенин айнегиндей.
Сен жоктуктан туулган кайгы дагы
Прагадан кайып болор көлөкөндөй.
Дүйнө чиркин ушу экен... Ошентсе да
турмуш сүйгөн, зирек акыл,
өлүктөр бар жүрөгү асыл,
алар элди кырк күн аза күтсүн дебейт,
менден соң дүйнө кыйрап бүтсүн дебейт.
Алардан мурас калат:
бир кеп-сөз,
бир жылмаюу,
бир түп дарак.
Тирүүлөргө орток кылбайт
мүрзөсүнүн кара түнүн,
өз жонуна көтөрөт ал
мүрзөсүнүн оор жүгүн.
Тирүүлөрдөн эчтеме үмүт кылбайт,
ошон үчүн тирүүдөй унутулбайт.
Билемин, сен да, Незвал,
ошондой бир өлүүсүң сен.
Праганын жүрөгү асыл,
дүйнөгө ашык, тунук акыл
өлүгүнүн бирисиң сен.
Телефон чыр-чыр этет,
аттиң, мына, айрылабыз.
Кош бол, боорум Незвал эми.
Биздин ушу дүйнөдө деле болсо
эң ширин мийва экен го: жарыкчылык.

***1958***



## «СЛАВИЯ» КАФЕСИНДЕ АКЫН ДОСУМ ТАУФЕР МЕНЕН МАЕК

«Славия» кафесинде Тауфер менен
Вылтава дайрасынын маңдайында
сүйлөшүп олтурганды жакшы көрөм,
айрыкча жазгы баар таң маалында.

Айрыкча жазгы баар таң маалында
артынан аңгеменин алыс кетип.
Бирибиз бирибизден адашабыз,
акыры табышабыз биз кайрадан.

Айрыкча жазгы баар таң маалында
Прага туман го бир нурдан бүткөн.
Ошондо бир чоң кызыл алма мисал
Незвал чыгат жапжаңы мүрзөсүнөн,
колунда жүрөгү бар чарт жарылган.
Алдынан чыга келет Орхан Вели.
Сом темир кабырынан чыгып келген
Орханым күмүш терек сыяктанат,
жүрөгү тешик-тешик ар жеринен.

Биз дагы ошол эле өнөрдөнбүз,
Тауферим, биз билебиз, өнөрлөрдүн
опурталдуу кыйыны – акындык го:
сырлардын сырын билип чыгыш үчүн
ашайсың жүрөгүңдү алгач өзүң,
андан соң бирөөгө да жедиресиң.

Прага туман го бир нурдан бүткөн.
Вылтава толкунуна келип конот
кошулуп чардактарга Стамбулум.

Каармандар көпүрөсүнө барып,
Тауфер, таштайлык нан күкүмүн чардактарга.

***1958***

## БЫЙЫЛ КҮЗДҮН БАШЫНДА

Быйыл күздүн башында, түштүк жакта
деңизге, кумга, күнгө буланамын.
Бак-даракка буланамын,
бал ичине булангандай
алмаларга буланамын.
Асман түндө жыттанат эгин мисал,
асман түндө эңкейлеп түшүп келет
бурт-бурт эткен чаңы ысык кара жолго,
жылдыздарга буланамын.
Деңизге, кумга, күнгө, алмаларга
байыр алам, жан секетим.
Болгонунча байыр алам.
Деңизге, кумга, күнгө,
жылдыздарга, алмаларга
аралашып кетчү кез келди мага.

***1958***

## НЕ БОЛГОН ОҢ

Деңиздин үстүндө бир ала булут,
бетиңде күмүш кеме,
ичинде сары балык,
түбүндө көпкөк балыр.
Жээгинде жылаңач бир адам туруп,
ойлонот:
«Мен не болсом,
деги жакшы не болгонум:
булутубу, балыгыбы?
кемесиби, балырыбы?
Жарабайт анысы да, мунусу да.
Балам, сен андан көрө деңиз болгун,
булуту бар, балыгы бар,
кемеси бар, балыры бар
чалкайган бир айкөл деңиз!

***1958***



## ТЕРЕЗЕЛЕР

Таң агарып атты беле,
же күн небак батты беле,
болбосо түн жармы беле,
биле албадым.
Бөлмөмө толду бүтүн терезелер
пардасыз, пардасы бар.
Гүлдүү чыт пардаларды жакшы көрөм,
бирок тор пардалар да бар болучу.
Капкара шторлор да.
Шторлорду мен көрдүм тартып-тартып.
Кээ бирлери түшпөдү шыпырылып,
кээ бирлери чыкпады өйдө жылып.
Айнектери сынып калган терезелер
колуму кетти тилип.
Көздөрдүн кээ биринде жок эле айнек.
Айнексиз терезелер муң туудурат
айнеги түшүп калган көз айнектей.
Терезелер!
Айнегиңерди жамгыр жууду
сапсары чачтары узун, убайымдуу.
Ууртумда өчүңкү чылымым бар,
ичимен бир аванды кыңылдаймын.
Жамгыр доошун жакшы көрөм өз
доошуман.

Терезелер,
бешинчи этаждагы
күнөстүү боштугунда бир деңиз бар,
бир деңиз бар шакектин көк ташынан.
Шакекти алдым,
абайлап аны салдым ортонума.
Өптүм аны үч ирет ыйлап-ыйлап,
тийгиздим үч мертебе маңдайыма.
Терезелер....

Атып турдум мен кызыл жуурканыман,
баланыкы сыңары мурдуму мен
такадым терезенин айнегине.
Бөлмөм ысып турган эле.
Бөлмөдө жаш апамдын атыры аңкып,
Эшикте кар бапалактап,
мага болсо кызылча чыгып жаткан.

Терезелер!
Таң кылайып атты беле,
же күн небак батты беле,
болбосо түн жармы беле,
биле албадым.
Жылдыздар бөлмөмө жык толуп алды
Айнектериме урунду алар
көпөлөктөр сыңарындай.
Аларга катылгым эч келбей турду.
Жылдыздарды агыттым түн койнуна,
айдыңдуу асманы ачык азат түндүн
спутниктер жарып өткөн коюнуна.
Бөрүлөр турат айдын жарыгында,
оору чалган ак бөрүлөр.
Терезенин тушунда бөрүлөр бар,
макмалдан пардаларды ачсак шарт-шарт,
билем, алар мени аңдып күтүп турат.
Терезелер,
жыгылдым терезеден
бир сулууга таңыркап карап жатып.
Мени көрүп эл күлдү кыраан-каткы,
сулуу мага кылчайып карабады,
балким, мени көргөн да эмес чыгар.

Терезелер....
Терезелер....
Кырк үйдүн терезеси кирди мага,



мен отурдум кырына бир терезенин,
салаңдатып бутуму булуттарга.
Бактылуумун
деп, балким, айта алармын...

***1958***

## БАЯЗИД МАЙДАНЫНДАГЫ ӨЛҮК

Окко учкан бир өлүк жатат
келишкен он тогуз жаш курагында,
күндүздөрү күн алдында,
түндөрү жылдыз толгон түн
алдында.

Стамбулда, Баязид майданында
Окко учкан бир өлүк жатат
бир колунда окуу китеп – дарс китеби,
башталбай бүткөн уйку бир жагында.
Миң тогуз жүз алтымыштын апрели,
Стамбулда, Баязид майданында.
Окко учкан бир өлүк жатат
коргошун тешип өткөн жарасы анын
кызыл гүлдөй ачылып маңдайында.
Стамбулда, Баязид майданында.
турпакка тып-тып таамп мойнунан кан
жата берет алиги өлүк
ыр менен, курал менен элим келип,
эркин-азат болгуча
улуу майдан.

***1960***

## АЙРЫМ ЫРЛАРГА ТҮШҮНҮКТӨР

**Он беш жараат.** Бул ырдын жазылышына Турциянын коммунисттер партиясын адеп уюштурган Мустафа Субхинин жана анын он төрт жолдошунун Кара деңизде, Трабзон (Трапезунд) деген түрк порту-нун жанында улутчул реакционерлер тарабынан мыкаачылык менен өлтүрүлүшү себеп болгон. Турцияда бул кыянатчылык «он бештин өлүмү» деген ат менен белгилүү.

**Анатолу.** Орустар «Анатолия» деп атаган жарым аралды түрктөр «Анатолу» же «Анадолу» деп айтат. Хикмет он сегизге чыкканча Турциянын Стамбулдан башка аймагын көргөн эмес. 1920-жылы ал биринчи жолу Анатолу аралына өтүп, жөө кыдырат. «Анатолуга барганга чейин менин өлкөмдүн турмушу ушунчалык жаман экенин билбептирмин» – деп эскерген акын. Ошол саякаттан алган таасирлерин акын кийин Москвада ыр кылып жазган. Баса, бул ырда жолуккан ПЬЕР ЛОТИ деген ат – Күн чыгыш элдеринин турмушун бүтүндөй экзотика кылып сүрөттөгөн француз жазуучусунун аты.

**Кусалык.** Москвада эмиграцияда жүргөндө жазылган. Деңиз түрк поэзиясында ата журттун, тууган жердин символу катарында колдонулат.

**Он тогуз жашым.** Акын он тогуз жашында Москвага келген. Ыр ошол кайталангыс жаштык күндөрүн эскерүү иретинде жазылган.



**Керем өңдүү.** Акындын эң атактуу ыры. Керем – түрк фольклорундагы сүйүүнүн айынан күйүп өрттөнүп кеткен каарман.

**Түндө келген телеграмма.** 1932-жылы Назим Хикмет түрмөдө жаткан эски досу Исмаил Билендин өлтүрүлгөнү жөнүндө телеграмма алат. Ыр жарыялагандан кийин Билендин өлгөнү тууралуу кабар жалган болуп чыгат.

**21. 1. 1924.** В. И. Лениндин өлгөнүнө сегиз жыл толушуна карата жазылган. Цензуранын айынан улуу адамдын атын көмүскөдө калтырууга мажбур болгон.

**Аялыма кат.** «Коммунисттик үгүт үчүн» деген айың менен камалып, өлүм жазасын алат-алат деп турганда, Бурса шаарындагы түрмөдө жазылган.

**Жеңиш.** Фашисттик баскынчылар 1941-жылы Москвага жакындап келген учурда, Анкара радиосунан: «Бир нече күндөн кийин немец танкалары Кызыл Аянттан өтөт» – деген кабарды уккан акын ошо күнү эле ушул ырын жараткан.

**Силер сүйгөн бир коммунист.** Камалганына он жыл болгондо жазылган. Бул ырда Бедреддин деген ат окуучуларга чоочун учурашы мүмкүн. Шайык Бедреддин Симави деген адам 16-кылымда түрк дыйкандарынын көтөрүлүшүнө башчылык кылган, ал материалдык байлыктардын баары жалпы элдин энчисине өтүү керек деген идеяны жактаган.

**Ачкачылыктын бешинчи күнүндө.** 1950-жылы көп жыл бою түрмөдө жаткан Хикмет айыпсыз камалып жатканына, түрмөдөгү оор шарттарга, көп жолу суранса да ишин кайра карабай койгон соттордун зомбулугуна наразылык иретинде бир нече күн тамак ичпей коюуну чечкен. Наразылыктын бул формасы цивилизациялуу элдерде «ачкачылык жарыялоо» (объявление голодовки) деп аталат. Ошо сапар Назым Хикмет он жети күн ач жаткан. Бул ыр ошо ач жаткандын бешинчи

күнү жазылып, партиялаш жолдоштору аны Францияга жеткирип «Юманите» газетасына бастырган.

**Сүрөт алдында.** Бул ыр Назым менен 1948-жылы түрмөдө бир жаткан сүрөтчү Ибрагим Балабандын бир сүрөтүнүн таасиринде жазылган. Азыр Балабан белгилүү художник болуп калды.

**Түрмөдөн каттар.** 29-майда лирикалык ыр 1942-жылдан 1950-жылга чейинки убакыттын аралыгында түрмөдө жазылган. Алар ошол жылдары кээде акындын өз ысмы, кээде псевдоним менен демократчыл түрк газета-журналдарында басылып турган. Бул жыйнакка алардан тандамал он беш ыр гана киргизилди.

**Түрмөдөн чыккан соң.** Бул цикл жаңы эле азат болгон Назымга кайрадан камалуу коркунучу туулуп, бир чети америкалык генерал Макартур уюштурган демократтык Кореяга каршы согуш эл аралык атмосфераны кыйын кылып турган чакта жазылган.

**Сени ойлоном.** Бул ыр белгилүү түрк коммунисти «Туткунда жана азаттыкта» деген китептин автору Үстенгелге арналган.

**Лидия Иванна менен сүйлөшүү.** Жүрөгү инфарк болуп болуп ооруканада жатканда жазылган. Лидия Иванна – акынды дарылаган врач.

**Мемедге соңку катым.** Жүрөк оорусу кайра тутуп калганда кара чечекей уулу Мемедге керээз иретинде жазылган.

**Япон балыкчысы. Кичинекей өлүк кыз.** Булуттар адамдарды өлтүрбөсүн. Америка Кошмо Штаттары Тынч океандын бир аралында водород бомбасын сынаганда, япон балыкчылары сыноо зонасында болуп калат да, радиация менен аябай шоолаланышып, кейиштүү өлүм табышат. Бул кабар акынга катуу таасир калтырып, ушу ырларын жазышка себеп болот. Булар музыкага салынып, дүйнөнүн көп жерлерине тарайт.



**Жыл башы.** Москвада эмиграцияда жүргөндө өз үйүн, уулун, аялы Мюневверди эскерип жазган.

**Терек.** Надим – туулган жылы белгисиз, бирок 1730-жылы өлгөн, түрк султанынын сарайында жашаган таанымал акын. «Рязандык да бир акын» деп Сергей Есенинди айтып жатат.

**Себастьян Бахтын до минор концерти.** Улуу немец композитору Бахтын музыкасынын поэтикалык интерпретациясы катарында жазылган ыр.

**М. Рафилиге.** Мыкайыл Рафили – азербайжан окумуштуусу, Назымдын досу.

**Маркум Незвал менен маек.** Витезслав Незвал (1900-1958) улуу чех акыны, Хикметтин кесиптеш досу.

**«Славия» кафесинде акын досум Тауфер менен маек.** Иржи Тауфер – азыркы күндөгү таанымал чех акыны.

**Баязид майданындагы өлүк.** 1960-жылы Стамбул шаарындагы борбордук аянт болгон Баязид майданында демонстрацияга чыккан студенттерди реакционер Мендерестин өкмөтү аттырган.

## АКЫНДЫН ӨМҮРҮНҮН УРУНТТУУ ДАТАЛАРЫ

**1902-жыл.** Турция империясынын карамагындагы Салоники деген шаарда акын дүйнөгө келет. 1917-жыл. Назым Стамбулдагы аскер-деңиз окуу жайына курсант болуп кирет.

**1919-жыл.** Аскер-деңиз окуу жайын бүткөн соң кораблдеги бунтка катышып, кызматтан айдалат. 1920-жыл. Анатолу аралына саякат жасап, укмуштай жакырчылыкта жашаган түрк дыйкандарынын революциялык кыймылына катышат.

**1921-жыл.** Москвага келип, Күн чыгыш эмгекчилеринин коммунисттик университетине (КУТВга) кирет. 1924-жыл. Өз ата-журтуна кайрылып барат. 1925-жыл. Кайрадан СССРге эмиграцияга келет.

**1928-жыл.** Турцияга жашырынып кайра барат да, визасыз келгени үчүн үч айга камакка алынат. 1931-жыл. «Үнү бүткөн шаар» деген жыйнагы үчүн сотко берилет. 1932-жыл. «Түндө келген телеграмма» деген жыйнагы үчүндагы иши сотко түшөт.

**1933-жыл.** «Коммунисттик пропаганда үчүн» деп айыпталып, камакка алынат.

**1938-жыл.** Революциячыл иши жана чыгармачылыгы үчүн 28 жылга кесилет.

**1950-жыл.** Турцияда акындын бошотулушу үчүн кыймыл күч алып, дүйнөнүн прогрессивдүү калкы да бул талапка өз үнүн кошот. Назым өзү да ачкачылык наразылыгын жарыялайт. Акыры дүйнө элинин коомдук пикиринин кысымына туруштук бере албаган түрк өкмөтү акынды азат кылат.

**1951-жыл.** Кайра камалуу коркунучу башына түшкөндө, Назим Хикмет СССРге качып келет.

**1963-жыл.** Акын Москвада дүйнөдөн кайтат.



## МУСТАЙ КАРИМ

*Башкыр акыны*

Мустай Карим (чыныгы аты-жөнү Мустафа Сафич Каримов), 1919-жылдын 20-октябрында Башкыртстандын Чишмин районуна караштуу Кляшев кыштагында төрөлгөн. Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучусу. Башкыр АССРинин Эл акыны, бир катар Мамлекеттик сыйлыктардын лауреаты. Чыгармалары көптөгөн тилдерге которулган. Ал Чыңгыз Айтматов менен терең достук жана чыгармачылык мамиледе болгон. Кыргыз тилине аны Салижан Жигитов которуп, өзүнчө китебин чыгарган.

### КҮЗ

Тунук көл боюн жайлаган
өрдөктөр кетти алыска.
Кош айтып калды аларга
бирге өскөн сулуу камыштар.

Күз күнү тайып алынан
шамалдар ойнун баштады.
Кайыңдар жашыл жоолугун
саргартып, жерге таштады.

Карт терек үйдүн астында
бүтсө да төгүп жалбырак.
Өмүрүм кызыл гүл ачып
кызгалдак мисал албырат.

***1936***

### ТУКАЙ

Жарык күнгө жетпей түпкүрдө
калып калды шахтер сыяктуу,
монологун айтып бүтө албай
эстен танды актёр сыяктуу.

## АКЫНДЫН ӨМҮРҮНҮН УРУНТТУУ ДАТАЛАРЫ

**1902-жыл.** Турция империясынын карамагындагы Салоники деген шаарда акын дүйнөгө келет. 1917-жыл. Назым Стамбулдагы аскер-деңиз окуу жайына курсант болуп кирет.

**1919-жыл.** Аскер-деңиз окуу жайын бүткөн соң корабльдеги бунтка катышып, кызматтан айдалат. 1920-жыл. Анатолу аралына саякат жасап, укмуштай жакырчылыкта жашаган түрк дыйкандарынын революциялык кыймылына катышат.

**1921-жыл.** Москвага келип, Күн чыгыш эмгекчилеринин коммунисттик университетине (КУТВга) кирет. 1924-жыл. Өз ата-журтуна кайрылып барат. 1925-жыл. Кайрадан СССРге эмиграцияга келет.

**1928-жыл.** Турцияга жашырынып кайра барат да, визасыз келгени үчүн үч айга камакка алынат. 1931-жыл. «Үнү бүткөн шаар» деген жыйнагы үчүн сотко берилет. 1932-жыл. «Түндө келген телеграмма» деген жыйнагы үчүндагы иши сотко түшөт.

**1933-жыл.** «Коммунисттик пропаганда үчүн» деп айыпталып, камакка алынат.

**1938-жыл.** Революциячыл иши жана чыгармачылыгы үчүн 28 жылга кесилет.

**1950-жыл.** Турцияда акындын бошотулушу үчүн кыймыл күч алып, дүйнөнүн прогрессивдүү калкы да бул талапка өз үнүн кошот. Назым өзү да ачкачылык наразылыгын жарыялайт. Акыры дүйнө элинин коомдук пикиринин кысымына туруштук бере албаган түрк өкмөтү акынды азат кылат.

**1951-жыл.** Кайра камалуу коркунучу башына түшкөндө, Назим Хикмет СССРге качып келет.

**1963-жыл.** Акын Москвада дүйнөдөн кайтат.



## МУСТАЙ КАРИМ

*Башкыр акыны*

Мустай Карим (чыныгы аты-жөнү Мустафа Сафич Каримов), 1919-жылдын 20-октябрында Башкыртстандын Чишмин районуна караштуу Кляшев кыштагында төрөлгөн. Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучусу. Башкыр АССРинин Эл акыны, бир катар Мамлекеттик сыйлыктардын лауреаты. Чыгармалары көптөгөн тилдерге которулган. Ал Чыңгыз Айтматов менен терең достук жана чыгармачылык мамиледе болгон. Кыргыз тилине аны Салижан Жигитов которуп, өзүнчө китебин чыгарган.

### КҮЗ

Тунук көл боюн жайлаган
өрдөктөр кетти алыска.
Кош айтып калды аларга
бирге өскөн сулуу камыштар.

Күз күнү тайып алынан
шамалдар ойнун баштады.
Кайыңдар жашыл жоолугун
саргартып, жерге таштады.

Карт терек үйдүн астында
бүтсө да төгүп жалбырак.
Өмүрүм кызыл гүл ачып
кызгалдак мисал албырат.

***1936***

### ТУКАЙ

Жарык күнгө жетпей түпкүрдө
калып калды шахтер сыяктуу,
монологун айтып бүтө албай
эстен танды актёр сыяктуу.

Сокур түндө айсыз, жылчыксыз
чагылгандай өчтү жарк күйүп,
чөлдөгү бир жазгы булактай
ташыды да, тынды жаш жигит.

Жазгы суук кыроо түшүрүп,
жакшы ачылбай соолгон гүл өңдүү.
Быкшып турган жаман абадан
жигит өлдү – деми түгөндү.

Добул жүрдү – кара булуттан
асманыбыз такыр арылды.
Тайфун болуп өттүк өзүбүз,
эл-жерибиз кайра жаңырды.

Тукай ыры келди биз менен,
жашай берет дайым элинде.
Тукай... Ал бир жанган чолпон го
ырыбыздын чаңкай көгүндө.

***1938***

## АЙ ЖОЛУ

Тынчы жок деңиз бетинде
Ай жолу калды тартылып...
Кез келди, эркем, кетели
кашаттын башын калтырып.

Толкунга карап кашатта
телмирдик көпкө экөөбүз.
Кел, эми айкөл деңиздин
кеңдигин көздөп кетебиз.

Ай жолу менен баратат
биз түшкөн кайык чайпалып.
Шор суугa шоола киринет
толкунга толкун айкалып.



Термелип деңиз бешиктей,
ээрчитип барат ай жолу...
Ай жолу сындуу сызылып
кашкаят үмүт ойдогу...

***1940***

## МАЙДАНГА КЕТЕМ, ЖОЛДОШТОР

Жалын өрүп, токуйт атакем
Акбоз аттын сүттөй аппагын,
Апам болсо сунат кылычтын
далай жоону жеңип кайтканын.
Кан майданга кетем, жолдоштор.

Ишен, ата, аскер сабында
Акбоз атың туйлап алкынар.
Апа! Жашың тамган кылычтан
кас душмандын каны тамчылар.

Жуурмун мен фашист канына
жерибиздин ыйык жарасын.
Добулда да сынып кайрылбас
өч менен кек берген канатым.

Заманамын коргоп актыгын
карылардын коргоп карттыгын,
көркүн коргоп гөзөл Эдилдин,
сулууларын сактап элимдин.

Бийик шаңын коргоп Уралдын
алчыланып жоого чыгармын.
Кайрылар жаз, атар таң үчүн,
төрөлүүчү перзент-бала үчүн,

Жазда чайыт ачар гүл үчүн,
ырдалуучу назик ыр үчүн,
эл-журт үчүн, бейпил күн үчүн
Кан майданга кетем, жолдоштор!

***1941***

## ТЕРЕЗЕҢ АЧ ДА...

Жашырынба чагылгандан,
добулдан качпа,
жайдын бүркөк түндөрүндө
терезең ач да,

көккө кара көздөрүңдөн
чачып отуңду,
эске түшүр жакын көрүп
алыс досуңду.

Чагылгандар бөлмөңдөгү
түндүн карасын
серпип өтсүн. Саамайыңды
добул тарасын.

Добул, добул – тирүү деген
менин кабарым,
жаркылдаган чагылгандар –
менин саламым.

Мен жашармын, күч тайбаса
жаңкы добулдай,
мен жанармын, өчкүчөктү
соңку чагылган.

***1941***



## МЕНИН АТЫМ

Каз канаты кат-кат болот,
Эр канаты ат болот...

Акбозумду көрдүм түшүмдө:
кең талаанын кыйрын тарсынып,
палатамдын ачып эшигин
кирип келди капыс алкынып.

Тилге кирди: «Үч ай башымда
шалдырт-шалдырт ыйлайт жүгөнүм.
Үч ай болду, батып көбүккө
ай талаада каңгып жүрөмүн.

Желпилдетти шамал жулгулап
сен жалыма өргөн тасманы,
үч ай болду. Бирок жат киши
үзөңгүмө аяк баспады.

Токойлорго карап ант бердим,
көлдөргө да карап ант бердим:
– Жалгыз гана сага түз калам! –
– Ошон үчүн сага салт келдим.

Айыксаңчы. Доссуз кыйналдым,
издеп келдим жаным ачынып.
Каның үчүн душман тобуна
тийгим келет октон атылып!

Үзөңгүмө тепсең секирип,
калар эле жарпым жазылып,
көөдөнүмө сыйбай жүрөгүм
кирер элем жоону качырып.

Бирок алыс, алыс, алыссың,
күтө-күтө кыйын зарыктым,
көңүлүм зилдеп болдум мен куса...»
Кайып болду атым аңгыча...

Доктор, доктор, мени сакайтчы,
ооруганга кандай акым бар?
Жайдакталбай жалгыз талаада
желип жүргөн тулпар атым бар!..

***1942***

## ЖАМГЫР

Жай жамгыры төгүп турду
бир калыпта, бир үндүү.
«Өсөмүн» деп ойлоп бала
жыпжылаңбаш жүгүрдү.

Өстү бала. Жайкы жамгыр
төгүлгөндө ой-тоого,
төшүн ачып, шапкеси жок
турду жыргап айдоодо.

Кургакчылык кыйнаганда
акактатып жер-сууну,
булуттарды деми менен
оп тартчудай умсунду.

Бүгүн дагы көктөн жерге
күмүш жамгыр бүркүлөт,
турпак сууга кана тоюп,
талдар турат шүмтүрөп.



Бирок бүгүн солдат капа,
кубанбайт ал жамгырга.
Шинели суу. Окобу суу.
Суу чылкылдайт алдында.

«Асман түбү, караң калгыр,
айланганбы калбырга!»
Өмүрүндө биринчи ирет
тил тийгизди жамгырга.

Жарк этkенде от-чагылган
кара булут сөгүлүп,
айлындагы буудай аңыз
кеткенсиди көрүнүп.

Айлын көрдү: куят жамгыр
адам чыдап тура албас.
Илгиз аттуу тун баласы
чуркап барат жылаңбаш.

Кусаланды, тууган айлын
келип кетти көргүсү.
Суу шинелин кымтынды да,
деди: «Жааса мейличи!»

***1943***

* * *

Биринчи кар жаап жаткан кезинде
чоочун жерде басып турам кечинде.
Дал ушундай качанкы бир кечки убак
дале турат эскирбестен эсимде.

Жааган карга жетине албай кубанып,
бир баскамын селкиге мен кыналып.
Туңгуч карда чыйырындай бакыттын
кош из катар калган эле чубалып...

Байыр кылып кечтин көкчүл кечтерин
карга далай из калтырып өткөмүн.
Бирок, чиркин, андан кийин эч качан
андагыдай жаным жыргап өппөдүм!

***1943***

* * *

Тумандар каалгып
жайылат камышка,
солдаттын кыялы
зымырайт алыска!

Тууган үй оттору
жылтылдайт ыраакта.
Жарымдын кылыгы
Жадымда турат да.

Камыкпа. Очокто
От күйдү балбылдап.
Жалындан көрүнөт
Көздөрүң жалжылдап.

Кармашта карышып
канатың талбасын.
Көр, ана: чай койдум,
шарактап кайнасын.

Камышты камтысын
тумандар кучагы.
Биз кайнак чай ичип
басалык кусаны.

***1943***



* * *

Текчеңдеги гүлдөрүңдү таңкы убак
желбиретип кең бөлмөңө жел кирсе,
учуп келип, канаттарын каккылап,
терезеңде ак көгүчкөн желпинсе,

жүрөгүңө бекем катып кусаңы,
самай-самай мени эстесең таңертең:
Ак көгүчкөн – жакшылыктын
жышааны,
Согуш бүтөт, мени күткүн, жан эркем.

***1944***

## ӨМҮР БАШАТЫ

*Сайфи Кудашка*

Таштан ташка так секирип
суу агат,
адырандайт өзүн өзү
кубалап.

Бирок анын башталышы
бир булак,
үн чыгарган хрусталдай
шыңгырап.

Башат суусу айнек мисал
туптунук,
куштар келип суу ичишет
саксынып.

Өмүрүмдүн дайрасы да
шар аккан,

мен билемин, башталган бир
булактан.

А кезде мен сыйкыр уста
баламын,
Таштан салгам жомоктордун
сарайын.

Мен издегем бойлоп айыл
өзөнүн,
алтын чачтуу сууперинин
шакегин.

Кыялымды чын турмуш деп
ойлогом,
сарайымды бузуп, куруп
ойногом.

Жандай өтүп баратып бир
жаш жигит,
мага бир аз карап турду
көз тигип.

Колун сунуп сарай салган
балага,
ээрчитти да, алып кетти
калаага.

Калаа мага жаштык ырын
ырдатты,
кыялкечтик ышкымды да
ырбатты.

Алыс кетип, кайрылып бир
карадым,



мунарыкка көмүлүптүр
сарайым...

Сен болчусуң, акын агаң,
а киши.
Айткан элең: «Биз – бир жердин
жемиши.»

Калем кармап катыга элек
колума,
Ыр чыгарып, түштүм сенин
жолуңа.

Аркырады жаркыраган
замандар,
Күүлдөдү күркүрөгөн
шамалдар.

Шуулдады ак кайыңдар
ыргалып,
шамалдарга кошулуп биз
ырдадык.

Кайталанбас күндөр алыс
калды, ана.
Шылдыр булак айланды го
дайрага.

Бирок дайра агымынын
төркүнү –
Кашка булак, анын тунук
мөлтүрү.

***1944***

## ТАШКА ЧЫККАН ГҮЛДӨР

Сен жазасың: «Жылдар жылга чиркешип,
жолдор улам алыстатып араны
барган сайын каттарыңдан кунт кетип,
мээримиң да бөксөргөнсүп барабы?

Илең-салаң күнүм өтүп, кеч кирип,
көңүлүм болду сарсанаанын түнөгү.
Кокус эркек калса тышта көп жүрүп,
таштай катып калат белем жүрөгү...»

Жаз маалында Урал жакка бир барып
сен экөөбүз тоо аралап жүргөндө,
эсиндеби, карар элек таңданып
таш үстүндө өсүп турган гүлдөргө.

Сабактары жарылса да чатынап,
Күн ысыгы күйгүзсө да бүрлөрүн,
алар турчу жайды жайлай жадырап,
желбиретип керимселге гүлдөрүн.

Кан майдандын тозогуна какталып
катуу ташка айланса да жүрөгүм,
сага деген махаббатым таш жарып
өнүп чыгып, гүл ачарын билемин.

***1945***

## САЛАМ АЙТАТ ГҮЛДӨР МАГА

Мен кайрылып келе жатам ыраактан
өз айлыма жетине албай сүйүнүп.
Жата калып суу ичемин булактан,
бүлдүркөнүн терип жеймин ийилип.



«Аманбы! – дейт гүлдөр мага. – Аманбы!»
Мага карап баш ийкешкен түрүн көр.
Мен аябай сагынгамын аларды,
мени дагы сагыныптыр бу гүлдөр.

Мени гүлдөр коштоп жүрдү түгөнбөй
узак сапар мүшкүлүндө жүргөндө.
Ошентсе да туш болбодум силердей
жыты аңкыган татынакай гүлдөргө.

Бүгүнкүдөй дале менин эсимде:
турган эле гүлгө тунуп кең мейкин.
Мен ошондо – эңги-деңги кезимде
сүйгөнүмө гүлдөр үзүп бербепмин.

Ашык болдум. Бирок анда анымды
айта албадым ашкан кооз тил менен.
Салыштырган эмес элем жарымды
талаадагы кыска өмүрлүү гүлгө мен.

Азыр гүлдөр мени тосуп, албырып,
«Аманбы!» деп күлө багып сүйлөдү.
Элжиредим сагынычка алдырып...
Саламатпы, тууган жердин гүлдөрү!!

***1946***

* * *

Асманда күн алоо чачып жанса да,
кырк жумушум кылынбастан калса да.
Мезгил келер – көрөр күнүм түгөнүп,
мен кетермин бу дүйнөдөн түбөлүк.

Мен кеткенде жер козголбос, былк этпес.
Жер бетинде чырпык башы шырп этпес.

Соңку жолго достор алып кетишер,
Табытымды көтөрүшүп өтүшөр.
Көтөрүшсүн! Тирүү чакта менин да
тоодой жүктөр жүргөн эле жонумда.

Жер бетине күүгүм түшүп келгенде,
достор кайра отурушар бөлмөмдө.
Караңгыда сүртүнбөстөн көз жашын
айтып калар арман менен курдашым:

– Арабыздан бир кишибиз бөлүндү,
толо дүйнө бир чайпалып, төгүлдү...

***1948***

## ОЗДУ АТАКА

Озду атака оозунан от бүркүлүп,
так секирип аттан түштү бир жигит.

Ал чөгөлөп жазгы жашыл өзөнгө,
кылычтагы канды сүрттү өлөңгө.

Көз карашы көгүш гүлгө кадалды,
ойго батып кылычына таянды.

Бирде көрдү Уралынын көктөрүн,
бирде көрдү мөлмөлүнүн көздөрүн.

Гүлгө канып кулады жаш тамчысы
атка минип, басып алды камчысын!

Кирип кетти от, түтүнгө соронтоп.
Ошол жигит кеткен жокпу мага окшоп?

***1918***



## СЕН ТӨРӨЛГӨН ЖЕРДЕ БОЛДУМ

Жаркын жаздын жадыраган чагында
келдим, мына, сен төрөлгөн айылга.
Таазим кылам изиң түшкөн жолдорго,
салам берем сага жашташ кайыңга.

Жылып турат кун нуруна жол чаңы,
бийик турат кайыңдардын учтары.
Жакшысыңбы, жалжалымдын турпагы!
Амансыңбы, алганымдын кыз чагы!

Кутман жердин мейкиндери, кырлары,
Каштай тунук Сармасандын суулары.
Айдарым жел, жадыраган жаш гүлдөр,
Ай жарыгы, күндүн күмүш нурлары,
баарыңарга алкыш айтып турам мен.
Ал – анткени менин жарым силерден
өмүр таап, койнуңарда көгөргөн.
Нуруңарды, мээриңерди ал өзү
күлмүңдөгөн көздөрүнө чөгөргөн.
Кызыңардын кыялынан силердин
кыйрыңардын кенендигин көрөм мен.

Мен айтамын: Амансыңбы, жашчылык!
Келдим сенин жамалыңа тартылып.
Табыштык ко кайра дагы эсен-соо
далай жылды артыбызга калтырып.
Өргө чаап өрөпкүсө кыялым,
өзгөчө бир жашаргансып турамын.
Өзүмдү мен өрт-жалынга күйбөгөн,
Он сегизге жаңы келген курагым,
суу кечпеген, күйүт уусун татпаган,
шаттыктардын дарбазасын ачпаган
тентек мүнөз жаш уландай туямын.

Бирок билем: кайтпайт кайра жаш күнүм.
Байчечекей ачпайт жайда ак гүлүн.
Жалгыз толкун мөңкүсө да канчалык
бир кашатка эки жолу урунбайт,
кайра толбойт төгүлгөн суу чайкалып,
кеткен шамал кедерине бурулбайт...
Билем аны...
Ошентсе да тигинде,
тоо этектеп күнүндө да, түнүндө
булак агат шылдыраган бир үндө,
балатылар өсүп келет жарышып
бойго жеткен ак кайыңдын түбүндө.
Куштар болсо өз тилинде кужурап
балапанын уясынан учурат...
Кайра артына жанбаса да жаш күнүм,
Жаштык өзү келет экен кайрадан:
тигинекей, жаш селкилер шат күлүп,
бураң этип суу алышат дайрадан.
Сулуу кыздар суу алышып оштонот,
алар кимдин жүрөгүнө өрт коёт?

Менин дагы жүрөгүмдө от-жалын
жанып-күйөт – өчпөйт өзүм өчпөсөм.
Биздин жаштык, барсыңбы? – деп айтамын.
Кыз жаштыгы, аманбы! – деп заңк этем.

***1955***

## ҮЧ КҮН КАТАР ЖААЙТ КАЛЫҢ КАР

Жаайт калың кар, жаайт калың кар,
үч күн катары асман ачылбайт.
Жаным ачышат – эски жарам бар,
үч күн катары ооруп басылбайт.
Үч күн катары жаайт калың кар...



Темир сыныгы жараат түбүндө,
темир сыныгы жүрөт денемде.
Жарам оорутат. Көңүл-дилим суз
жаайт калың кар үч күн тынымсыз.

Темир сыныгы ооруу козгоду,
а да көп жатып жадайт окшоду.

Алгач ал сынык болгон руда,
жердин түбүнөн аны казышкан.
Анан фашистке – бир бай зулумга
ок жасасын деп аны сатышкан.
Мина коюшуп андан Рурда,
Днепр боюнда маган атышкан.

Оттой кызарып киргил атып таң,
октор чуулдап, мина улуду.
Эки кишиге тийди капыстан
сыңар минанын эки сыныгы.
Калды бир сынык сержант Фоминде,
Калды бир сынык менин этимде.

Фомин сап болду жердин түбүндө,
а мен жүрөмүн жердин бетинде.

Өлдү жолдошум – сынды канатым,
өксүп түгөнбөс көңүл зарым бар.
Он жыл тынымсыз ооруйт жараатым,
үч күн тынымсыз жаайт калың кар.

Жата берет кар көктөм келгенче,
эрип кетет ал жайнап жаз келсе,
такыр эрибейт темир сыныгы,
өйкөп жарамды жүрөр өлгөнчө.
Жүрөр денемде өлөр-өлгөнчө.

Жаайт калың кар, тынбай лапылдайт.
Жарам сыздатат, сыздап басылбайт.
Үч күн тынымсыз жаайт, жаайт кар,
жаайт калың кар – асман ачылбайт.
Жарам сыздатат, сыздап басылбайт...

***1955***

## БАРДЫГЫ ТЕҢ ЖАНДУУ МЫНДА

Ак сарайдын жез туткалуу
дарбазасын ачканым бар.
Килем салган ак мрамор
тепкичтерин басканым бар.

Жүргөнүм бар таш үйлөрдө
Асман тиреп кекирейген.
...Бейпил Дёма кашатында
жыгач үй бар жепирейген.

Ошол үйдө көргөн элем
күндөрдүн эң жакшыларын.
Ошол үйдө уккан элем
үндөрдүн эң таттыларын.

Атам үйү! Жепирейет
моюлдарга чылк көмүлүп.
Бирок анын айнегинен
турат дүйнө бүт көрүнүп.

Анын ар бир устунуна
атам колу тийип чыккан.
Кайгы дагы, шаттык дагы
ага далай кирип чыккан.



Жамал да бар, жан дагы бар
тамдын бардык байлыгында.
Баары бүтүн шаңдуу мында,
Жандуу мында.

Ачык айнек текчесинде
термелет гүл таажылары,
алар, эмне, бакчадагы
фиалкага наз кылабы?

Бал аарысы шире сорот,
гүлдөн гүлгө коно калып.
Мунусу тек талаалардан
Келгени го салам алып.

Төрдө илинген сүлгүлөрдүн
саймасы бар дүйүм албан.
Ар саймада апакемдин
көздөрүнүн нуру калган.

Дубал сааты тынбай жүрүп
күндүр-түндүр чык-чык этет.
Жалгыз өзү замананы
жылдыргансып тынчы кетет.

Тек дубалда жоону жеңип,
кайтып келген кылыч турат.
Ошол гана өз кынында
кыймылдабай тынып турат.

## ЫРДАЛГАН БИР ЫР МАГА

Бул ырды ырдачу экен
мени апам терметкенде.
Бул ырды айтып берген
алыска мен кеткенде.

Апамын ошол ырын
көңүлгө бек каткамын.
Даанараак уккансыймын
ыраактап кеткен сайын:

«Учкундан от тутанып,
жалын чыгат.
Чачырап кеткен учкун
сөнүп тынат.

Тамчыга тамчы тамса,
сууга айланат.
Чачырап кеткен тамчы
бууга айланат.

Азамат баскан изден
көптөр басат.
Жалгыз бир кыйшык изди
чөптөр басат.

Талаанын гүлдөрүн эл
мактап өтөт.
Жолдогу сыңар гүлдү
таптап өтөт.

Гүл болуп чыксаң кокус
жолго чыкпа.
Жарк эткен учкун болсоң,
жалгыз учпа.



Тамчы бол, дайранын бол
арасында,
Изиңдин чөп баспасын
Салаасын да.

Өмүрүң өтпөсө экен
желдей көйрөң.
Дүйнө сендик, мен ага
сени бергем!»

Бир ырды ырдачу экен
мени апам терметкенде.
Ал ырды айтып берген
алыска мен кеткенде...

## БАШТАЛАТ ЖАШОО УШУНДАЙ

Жөрмөлөгөн эркек бала
топ сыңары тумаланып.
Сыртка чыгып, кең короодо
там-туң басат тура калып.

Эзелтеден эскирбеген
турмуш заңы ушу белем:
адам болуп туулган соң
басуу керек буту менен.

Бут токтотуп араң зорго,
көзүн бир аз жумуңкурап,
балапанча оозун ачып,
Күнгө карай колун сунат.

«Жерге түшсөң – дегенсип ал
Кол булгалайт жарык күнгө,–

Кел, бери түш, бир ойнойлу
кубалашып чөп үстүндө!»

Бас, бас, тайым! Төрөлгөнсүң
алыс чуркап барыш үчүн».
Алтын канат бакыт кушун
жазбай кармап алыш үчүн.

Бу короодон кичине жол
алып чыгат кара жолго.
Кеңейгенсип кетет дароо
дүйнө чеги дал ошондо.

Кош аяктап басуу керек
адам наамын алуу үчүн.
Ушинетип баштайт адам
жашоо деген улуу ишин.

Эне турат жетине албай
көздөрүнөн төгүп мээрим:
«Дүйнө сендик, анткени мен
бу дүйнөгө сени бердим...»

## ҮЧ ЖҮЗ ЖИГИТ

Аткан чакта кызыл канга батып таң,
кирген чакта бизге душман батыштан,
Ата Мекен айгай салды ураанын,
ал ураанды кайталады Уралым.
Келди бизге ошол ураан дүңгүрөп:
– Аттангыла, башкырттарым, эр жүрөк!
Калк башына көңтөрүлдү кыйын күн.
Үч жүз жигит балдары бир айылдын
алчыланган үч жүз атты бат токуп,



Жөнөп калдык эл-журт менен коштошуп.
Сүйгөн жарлар көздөн жашын көлдөтпөй,
кайгы-муңун кабагынан көргөзбөй,
күлүктөрдүн кабагынан сүйүшүп,
кош айтышты ичтеринен күйүшүп.
Шылкыйган жок күмүш сакал аталар,
ый чыгарбай катып калды апалар.
Чолок жашын көрсөткөн жок бирөөсү,
дал ушундай биздин элдин мүнөзү.
Жигит кетсе кырчылдашкан кармашка,
анын жолун көлдөтүшпөйт ый-жашка.
Кетпесин деп эл-жеримен бак-таалай,
кан майданга кирет жигит жалтанбай.
Өзү калса, аты кирет чамынып,
аты калса, даңкы кайтат жаңырып.
Мына ушундай уулдарды төрөгөн
бу төрт жылда чач агарткан энелер.
Үч жүз элек – бир айылдын жаштары –
жүз элүүбүз кан майдандан кайтпады.
Ата үйүнүн каалгасын какпады.
Чоочун жердин турпагында калды алар,
бирөө дагы жоголгон жок бейкабар.

## ТҮШТӨ ЖААГАН ЖАМГЫРДАН СОҢ

Айтор, менин терс кыялым жок белем:
дүйнө менен мамыр-жумур жашадым.
Ырк бузушпай ынак жүрдүм от менен,
суу менен да болгон жок эч чатагым.

Дүйнөнү мен муңайтпайын дейимби,
же калганбы адат болуп жашыман:
каржалсам да бийик кармап көңүлдү,
кайгым болсо кайра терең жашырам.

Достор айтат: «Бу кылганың ийги эмес,
ырың такыр ый-кайгыны тата элек».
Мен актанам: «Жолдун баары ийри эмес,
ар бир гүлдө боло бербейт тикенек».

Келгенимче ушу жашка бүкүлү
дүйнө мага карап келди кайрымдуу.
Кээде мактап жарыбаган ишими,
кээде жапты килейген чоң айбымды.

Бирок бүгүн жарык пейлим түгөнүп,
чөгө түштү көңүлүм жаман түнөрүп.

Бул ырымды жазбайт белем, ким билет,
эгер жүрөк мага буйрук этпесе.
Жүрөк деле дебейт беле эчтеке,
эгер бая чаңкай түштө үлдүрөп
дыбыр-дыбыр жамгыр жаап өтпөсө.

Күн күркүрөп, чагылганы соймоңдоп,
добул болду! Сүрүнөн жер калтырап...
А жамгырчы? Жарытылуу жааган жок,
дыбыр-дыбыр жаады бир аз тамчылап.

Эх, ырларым, силерди мен аядым:
чыксаңар да добул кагып жаркырап.
Тууган жерге жамгыр өңдүү баягы
Жаапсыңар араң-араң тамчылап.

Нөшөр келет. Келери анын анык-чын,
келер маалы жакынбы же алыспы?...
Анткен менен тиги сараң булуттай,
өмүрүмдүн тең жарымын арыттым...

***1956***



## ДОС ЖӨНҮНДӨ МУҢДУУ АҢГЕМЕ

*Назар Нажмиге*

Уфада бар кыйышпас бир жан досум,
жүрөгүмдө жүрөт дайым ал досум.

Ал экөөбүз кыйын күндө ант берип,
ажырабас дос бололу дешпедик.
Табышпадык шарап ичип отуруп,
же зор сыноо башыбыздан өткөрүп.

Бир турпактан өнгөн элек кош талдай,
өскөн элек бир тамырдан чыккандай.
Кеткен элек бир айылдан калаага
бир уядан кош балапан учкандай.

ВУЗ жылдары. Сонун мезгил жигиттик!
Бир табактан, бир кашыктан жеп-ичтик.
Чөнтөгүбүз бош болсо да, турчу эле
шаттыгыбыз көңлүбүздү элиртип.

Андан кийин кан майданга бир кетип,
бирге жүрдүк от аралап, суу кечип.
Өлгөн жокпуз, денелерге так салып
кайра кайттык өлүм менен кездешип.

Өмүр акты. Жаш төрөлдү. Кары өлдү.
чачыбыз да ак тозоңго бөлөндү.
Биз экөөбүз бирге болдук дайыма
катар чыккан тамыры бир тал өңдүү.

Шаттык болсо, жүрдүк аны бир көрүп,
кайгы болсо, жүрдүк аны тең бөлүп.
Мен оорусам, түн күзөттү уктабай
баш жагымда бир тууганым өңдөнүп.

Үйгө келсе отурбастан созулуп,
ойноп кетчү балдарыма кошулуп.
Менин апам кирип келсе эшиктен
ага дайым орун берчү озунуп.

Узатчу эле сапар тартсам алыска,
кошо чыкчу мени тосуп алышса.
Жетип келчү өзү сезип, айттырбай
биздин үйдө казан-аяк кагышса.

Муну уккандар кеп кылышар шыпшынып:
«Сел алса да кебелбес бул досчулук!»
Бирок, аттиң, көзгө илешпес мителер
коёт тура дөөнү дагы мерт кылып.

Капысынан мен чоң болуп калдым да,
досум болсо иштеп калды алдымда.
Бирок андан доо кеткен жок достукка,
баары калды баягы эле ордунда.

Ал узатты жолго чыксам аттанып,
кайра кайтсам, жүрдү дайым каршы алып.
Кайгырганда карыш жылбай жанымдан,
кошо болду турганымда шаттанып.

Үйгө келсе отурган жок созулуп,
ойноп жүрдү балдарыма кошулуп.
Менин апам кирип келсе эшиктен
мурдагыдай орун берди озунуп.

Мунун баары себеп болду чагымга,
кеп тарады биз экөөбүз жайында:
«Бири – төрө, экинчиси – көшөкөр
бөйпөңдөгөн төрөсүнүн жанында.»



Чыккан ушак отуз тиштүү пендеден
отуз жакка тарап кетти жел менен.
Ал ушакты дуулдатты аламан
ак-каранын айырмасын көрбөгөн.

Бош ооздор экөөбүздү аябай
көпкө дейре эрмек кылды жадабай.
Чоңдор дагы баш чайкады сурданып:
«Абайлабай калыптырбыз, ай, ай, ай!»

Ал күндөрдө дос экөөбүз тиштенип
араң бастык жаалыбызды ичтеги.
Айткылачы, жаманатты болгудай
айып-күнөө кылдык беле биз деги?

...Уу-дуу тынды. Силер, балким, өкүнүп
айтарсыңар: «Болгон экен чекилик,
Атаганат, сүттөй таза достуктун
Коюшкандыр ыраспаасын кетирип?!»

Шүгүрчүлүк, катуу шамал зуулаган
жапырса да достугубуз турду аман.
Биз чынында эмес элек эгиз тал
тамырыбыз алда качан куураган!

Мамилебиз баягыдан калса да,
достун көзүн бир көлөкө капкара
чалгансыды. Таш ыргытып түбүнө
тунук сууну ылайлашты тек гана.

Уфада бир жашайт менин жан досум,
Жүрөгүмдө жүрөт дайым ал досум.

***1956***

## КАВКАЗ МЕНЕН КОШТОШООРДО

*Гамзатов Расулга*

Ушу тапта Уралымда кара күз,
кара аңыздар кар сагынып чыйрыгат.
Мында болсо көз талдырат сары аңыз,
сары бактар салмактанат зыңгырап.

Сары боёк алтын мисал өң берип,
жалбырактын жашылына бүркүлдү.
Эрте түшкөн аппак кыроо өңдөнүп
сенин кара чачыңа да ак кирди.

Деңиз көпкөк... Тоолор бийик көк тиреп...
Алар сени көз алдыма келтирет:
тоолор сендей ойго батат мелтиреп,
деңиз болсо тынчый албайт сенчилеп.

Бутактарда бышып турган мөмөлөр
эске салат ырларыңды акылман.
Ырыңды да мөмөлөтүп эне-жер,
албырган күн нурун берип бышырган.

Бүгүн, мына, жериң менен коштошуп,
Өз элиме кайтып кетип барамын.
Токто, поезд! Тоолорго көз токтотуп,
деңизди бир кайра карап алайын!

Кавказ! Кавказ! Сырдаш акын досумдай
сен да менин жүрөгүмөн жай алдың.
Ошон үчүн «Кош» дегенге батынбай,
кыңырылып кылчак-кылчак караймын...

**1956**



* * *

Көп какшайсың: «Деги өзүңө карасаң,
жүрө бербей жанды сабап, чапкылап».
А мен болсом өмүр бою келатам
чоң байгеге чабылган бир ат сымак.

Бу дүйнөдө тирүү калган бар беле?
Өлүм келер өчү менде барчылап.
Ошондо мен дүңгүрөгөн байгеде
эт жүрөгү чарт жарылган ат сымак
Өлсөм экен мүрт үзүлүп, тарс кулап...

**1956**

## КЫШ ЧИЛДЕДЕ ЖЫЛУУ ШАМАЛ

Бу кандай жыл?
Ушундай да болчубу?
Кыш мезгили өз жолунун жарымын
өтө электе, көк деңиздин толкуну
айдап келди жылуу шамал агымын.

Жылуу шамал кышты кыйын кыстады.
Жаткан карды жалап-жуктап жиберди.
Даугава дайрасынын муздары
дабыш бербей эрип-эрип түгөндү.

Күн күркүрөп, жамгыр жаады шатырап...
Керимселдин кереметтүү күчүн көр:
«Жаз келди!» деп чөптөр чыкты чытырап,
«Жаз келди!» деп көзүн ачты бүчүрлөр.

«Жаз! Жаз!» деди ырчы чымчык кара баш
таңда талдын бутагында отуруп.
...Ошо күндүн кечи менен аралаш
кар бороону келди кайра кутуруп.

Кыш кыштыгын кылды белем мында да,
Жаз жөнүндө кыял калды бир гана.

Көрөр замат көздөрүңдүн нурларын,
мен дагы ошол чымчык өңдүү сайрадым:
«Махаббат!» деп көңүл эргип ырдадым,
«Махаббат!» деп көңүл чөгүп зарладым.

«Махаббат!» деп көккө чыгып, тоо аштым.
«Махаббат!» деп делбиреди этегим.
...Билбептирмин сенин ошол караанын,
кышта адашкан жылуу шамал экенин.

Күнөө менде болушу да ыктымал,
калды менде махаббаттан тек кыял.

***1957, Рига шаары***

* * *

Кайгы түсү топурактан карараак,
бирок андан капкара чач агарат.

Капкара түс болсо дагы топурак,
ага чыгат аппак гүлдөр жадырап.

Кайгы басып кара чачың агарса,
– Бүт дүйнөнүн чачы агарды,– деп айтпа.

***1957***

* * *

Баатыр көрсөм, баатырлыктын
терең сырын билгим келди.
Көрсөм даңктын дарбазасын,
кагып аны киргим келди.



Куш сайраса, ошол куштун
назик жаны болгум келди.
Сулуу көрсөм, а сулуунун
ашык жары болгум келди.

...Үчүнчү ай жамгыр жаабайт,
Көмүр жаккан Дандыр болуп
Жерим күйөт...
Төгүлсөмчү
Күйгөн жерге жамгыр болуп!

***1958***

## БӨБӨК МЕНЕН МАЕК

Кичинекей кыбыраган бир нерсе
быш-быш этип уктап жатат чүргөктө.

...Жерде моюл бажырайтса ак гүлүн,
көк асманда Ай көрүнөт бир тилим.

Ай менен гүл экөөнөн тең кичүүсүң,
анткен менен кадыресе кишисиң.

Көздөрүң бар, бирок али нур көрбөйт,
көөдөнүң бар, бирок ага үн кирбейт.

Айта турган сөзүң али тилинде,
жана турган отуң али дилиңде.

Жер үстүнө туулганың – чоң бактын,
кийин буга эч бир арман кылбассың.

Көзүң көрөр жер үстүндө жакшылык,
көөнүң сүйөр көп нерсени жактырып.

Келер сенин күркүрөгөн убагың,
жаңы-жаңы күүлөр угар кулагың.

Махабаттын кызыгына батаарсың,
жашаң чөптө чалкалап да жатарсың.

Ушу менен тамам болот аңгеме...
Токто, токто! Кошумчасы бар беле?

Көкүрөктө жаткан тура жумулуп
эки муштум – эки чакан жудурук.

Дурус, уулум, жаракчансың сен эми,
муштумдун да тиер кийин кереги.

**1958**

* * *

Деңиз бойлоп бала барат жыңайлак.
Чуркап барат чымын-куюн зымырап.
Таманынан жылдыз мисал жымыңдап
шагыл таштар үн чыгарат шыгырап.

Бу баланын көрөрү бүт алдыда,
көрөр барып Саманчы өткөн жолду да.
Ал басканда таманында шыгырар
топ жылдыздар шагыл таштар ордуна.

**1961**

* * *

Жалбырактар шамал-жел соккон сайын
түшөт-түшөт кайыңдын шактарынан.
Кубалашып жылдан жыл өткөн сайын,
мен да айрылып келатам досторуман.



Жылдар – шамал. Дирилдеп жалбырактар
төмөн кулайт шактардан тайып улам
жалбырактай үзүлөт кай бир аттар
жүрөгүмдүн бутактуу кайыңынан.

Жалбырактын кай бири далай ирет,
кышкы аяздын кайрымсыз капшабында,
тоңсо дагы бүрүшүп, кала берет,
жашыл бойдон жабышып шактарында.
Өткөн сайып арадан замана көп
сейрек тартып баратат досторум да.

Балким, биздин күнүбүз табы кайтып,
бараткандыр эңиштеп күз тарапка?
Озгон сайын алдыга өмүр артып
же киреби акыл-эс бизге башка?

**1962**

## БИЙИК ЖЫЛДЫЗ АСТЫНДА

*Кулиев Кайсынга*

Алыскы күн, бийик жылдыз астында
араладым эл-жериңди мен жыргап.
Алыскы күн тиет экен нурдуураак,
бийик жылдыз жанат экен сырдуураак.

Алыскы күн, бийик жылдыз астында,
гүлдөр чайыт ачат экен наздуураак.
Көңүл кушу сайрайт экен шаттуураак,
көздүн жашы агат экен туздуурак.

Алыскы күн, бийик жылдыз астында
таш айылдар көрүстөнүн көз көрдү.

Каргашалуу добул мындан өткөнбү?
Же шамалдар ойрон салып кеткенби?

Алыскы күн, бийик жылдыз астында,
от өчсө да, очогунда күл калган,
көз жашынан күлдө бөрткөн гүл калган,
гүлдү түндөн коргой турган күн калган.

...Күзгү шамал сокту тоолор жагынан,
кара таштар тирилишти жаңыдан...
Бышкан алма үзөм балкар багынан
алыскы күн, бийик жылдыз астында.

***1962***

## ТООНУН ЖОЛУ

Жүргөнүм бар, мен тоолордун
пейил-куюн билемин.
Чыкканым бар тоо башына,
анын сырын билемин.

Сырын билем, тоо башына,
тиет эрте күн дайым.
Тарак мисал туу чокулар,
тарайт күндүн саамайын.

Чокуларга түн ичинде,
түшүп келет көктөн ай.
А күндүзү күмүш күнгө,
жаркып турат жарык дүйнө.
Жарык дүйнө – ак сарай.



Ким батынат: «Бу сарайдын
ээсимин!» деп айтканга.
Болсом ага сакчы гана,
төбөм тиймек асманга.

Четтеп чыгат бу дүйнөгө
чатак-жаңжал салчулар.
Ошондуктан эң оболу
ага керек сакчылар.

...Оюм мени ала качты
башка жакка азгырып.
Баса, баса, жаттым беле
Тоо жөнүндө сөз кылып?
Башталган сөз бүтпөй калып
бөөдө убал болбосун.

Тоого кеттик. Тоо ырчысы
Кайсын эле жолдошум.
Таңкы мезгил. Капчыгайлар
жатат туман кийинип.
Булут-асман арасында
бүркүт турат илинип.

Булуттан да, бүркүттөн да
тоонун жолу өйдөрөөк.
Мындай жолдон өтүш үчүн
кош жүрөктүү жай керек.

Асты жакта – туңгуюк жар,
үстү жакта – көк асман.
Кайсын ырдайт кенеп койбой,
Мен «кудайлап» баратсам.

Жол өйдөлөйт. Бир оокумда
түшүмдө эмес, өңүмдө
шалбаа көрдүм. Жашыл шалбаа
бийик тоонун төрүндө!

Ал-аңгыча булуттан да,
бүркүттөн да жогору
бийик жерден чалгылардын
доошун уксам болобу!

Жаш жигиттер төшүн ачып,
чалгы чаап жүрүшөт.
Кыздар болсо ыр ырдашып,
чөмөлөлөр үйүшөт.

Көрбөгөндөй кыйын күндөр,
тартпагандай кайгы-азап.
Кыздар жаркын көңүл менен
шаттык ырын ырдашат.

Досум! Сенин калкыңда бар
Эки жүрөк, кош канат.
Канча кыйын жолдон өттү
туңгуюкка тик карап!
Буту тайса – кулаган жок,
кырсык басса – ыйлаган жок.

***1962***



## ЫРЫМ МЕНЕН МАЕК

*...Чувства добрые я лирой пробуждал*
А.С. Пушкин

Ырыма айтам: – Үйрөт, досум,
ар өнөрдү кишиге,
көөрүк басып көмөк көрсөт
усталардын ишине.

Кантип эгин эгиш жайын
айтып бергин дыйканга,
бычмачыга кол кабыш кыл
кийим-кечек бычканда.

Нефтичиге жаңсап көрсөт,
кендүү жердин куйкасын.
Келиндерге үйрөтө көр
кымыз бышуу ыкмасын...
Куруучу да, саанчы да
көз кырыңдан чыкпасын.

Ырым менин – кулум менин,
тыңшайт мени телмирип.
Токто! Ырым кыбыңдайбы
Жылмайганын билдирип?..
Ал аңгыча ырым сүйлөйт
капысынан тил кирип:

– Кишилер, дейт, менсиз деле
ишин жакшы бүтүрөт.
Алар менден кантели деп
сурап турбайт масилет.

Жетимишке жетпес менин
өнөрүм да, акылым.
Мен бир желмин жалбыракты
термеп өткөн акырын.

Кусаланган көңүлдөргө
үмүт болуп түшөмүн.
Күмөн чалган жүрөктөргө
чөгөрөмүн ишеним.

Көз жашын мен көрүп калсам
сүртүп өтүп, кургатам.
Солгундаган аң-сезимди
чертип өтүп, чыйратам.

Жазгы түндө ай нурунан
сан тасмалар өрөмүн.
Өрөмүн да, чырмап салам,
ашыктардын жүрөгүн.

Бир тамчы нур, бир тамчы күү
адамдарга күн сайын
берип турсам,
ырдалууга
акым бар деп айтамын

Ушул менин бар өнөрүм,
башкасы артык мен үчүн.
... А адамдар менсиз деле
жакшы кылат өз ишин.

***1963***



* * *

Жол үстүндө – буттарым, көңүлүм – ырда.
Мен өмүрдү ушундай сүрүп келем.
Күнгө карап күндүзү, караңгы да –
жылдыздарга карап мен жүрүп келем.

Шамал кесип эрдимди, чачтарымды
кара кылдар, ак кылдар аралашкан.
Эшиктерди каккылап ачамын да,
жүрөктөрдү каккылап салам айтам.

Бирок кээде көк бетин булут чалып
Күн көрүнбөйт, жер үстүн туман басат.
Жылдыздар да ошондо сөнүп калып
караңгыда сокурдай карайлатат.

Анткен менен бактым бар ченебеген:
Күн ачыкта, күн бүркөө кездерде да,
караңгыга жылдыздар чөккөндө да,
өмүрүмдү сабалап бара берем.

Жылдыздардан көрүп мен кишилердин
көздөрүнө, каралап бара берем.
Жолумдан тек адашып калбас үчүн,
ырларымда калп айтып салбас үчүн.

Үмүт, шаттык, муң төгүп жадыраган
көздөргө мен каралап бара берем.

***1963***

* * *

Алыс жолго даярдашат
жылкынын да жылкысын.
Жиберишет зор иштерге
жигиттердин мыктысын.

Конокко деп кастарлашат
тамактардын таттысын.
Майрам күнү жандырышат
шамдардын да жакшысын.

«Улуу жолго айдайт,– дебе,-
күлүктөрдүн бирөөнү».
Терге батып, соко тартып
аттар сейрек жүрөбү?

Эгер айтсаң: «Улуу ишти
баатыр гана аткарат»,
Анда кимдер эгин эгет,
темир ийлейт, там салат?

Сый конокто отурганда,
күлө бербе хахалап.
Эгер антсең, мээнет наны
тамагыңа такалат.

Майрам шамы жарык күйсө
карай бербе кадалып
өчүп калса, көзүң көпкө
көрбөй турар кашайып.

Аттын аты, шамдын шамы,
эрдин эри даңк алсын.
Арзып турса алар ырды
асмандата макталсын.



Бирок бизди кийиндирип,
тоюндуруп турганды
баарынан көп ызат кылып,
баарынан көп ырдайлы!

***1963***

* * *

Кышкы аязда акбоз келет
кызый-кызый таскак уруп.
Учат чана – оңго-солго,
ак кар калат аңтарылып.

Тизгинди ороп колуна бек,
бөркүн кийип кыйшыгыраак,
төшүн ачып, атын сүрөп,
көчүр жигит чыкчырылат.

Ат кызыган! Учат чана.
Көчүр жигит, артка кара!
Ичик кийген бирөө келет,
бирөө келет ал чанада.

Ал жүргүнчү аккан жолго
бейгам гана карап барат.
Жолдун өңгүл-дөңгүлдөрүн
кабак чытып санап барат.

Ал ойлонот кыжырланып:
«Жол азабы – көр азабы...
Бул азаптар качан бүтөт?
Бүтсө экен тез жол аягы!..»

Кышкы жолдо акбоз келет
кызын-кызый таскак уруп.
Учат чана – оңго-солго,
ак кар калат аңтарылып.

Өмүр дагы зуулап учат,
өрөпкүтүп заман атын.
Бирөөлөрдүн даңкын ачат,
бирөөлөрдүн – жаманатын.

Эй, заманым! Эпкин желиң
уруп турса беттериме,
өкүнбөймүн бу дүйнөгө
келгениме, кеткениме.

***1963***

## УБАДАЛАР БЕРБЕ

Бутактарын бубак чалып, ширеп кар,
кышкы уйкуда ыңгыранат жыгачтар.
Шамал келип урунганда аларга,
сапырылат уюлгуган бубактар.

Кечеңдебей күндөр агып, ай жылып,
келет бизге Жаңы жыл да кайрылып.
Өткөн жылдан муң калтырып көңүлгө,
келер жылдан үмүттөргө бай кылып.
Келет, келет Жаңы жыл да кайрылып.

Кышкы аязда калаадагы майданда,
сыйкырдуу бир дүйнө ачылып балдарга,
муз сарайлар, көпүрөлөр жаркырайт.
Санжыргалуу ёлкасы бар айланма.
Сыйкыр дүйнө! Сонун, сонун балдарга!

Бир бутакта картон аттар зырылдап,
бир бутакта ракеттер зуулдап,
бир бутакта күн шооласы чачырап,
бир жагында жылдыз жанат жымыңдап.



Бөрү, коён кучакташып бир жакта
баары айланат жалтыр-жултур куюндап.
Буга балдар кубанышат кудуңдап!

Баары сонун... Бирок, аттиң, бир өкүт:
муз сарайлар эрип кетер күн өтүп,
карагай да тамырларын жая албай,
куурап калар жашыл бүрүн түлөтүп.

Азыр менин кыялдарым көк жашык,
мурдагыдай картон атка учкашып
чаргып учпайт. Күчүм артат жер үстүн
турсам гана таканчыктап, бек басып.

Алыс досум! Ойлоп сени жүрөмүн,
мен да сенин оюңдамын – билемин.
Кезек-кезек келет мага саламың,
ак пейилден атып чыккан тилегиң.

Тилегиң бул: зарыктырбай маалында
аймагыма жамгыр жаасын жайында.
Уулум оору. Жылуу жамгыр дарыдай,
сергүү берсин сыркоосуна анын да.

Ой-тилегиң, досум, жакшы... Бирок да,
көп убадаң көңүлүмдө турат да.
Ёлка жашыл! Анткен менен, аттиң ай,
тамырлары калган анын ыраакта...

Жаңы жылда келериңди эстетип,
кат жазыпсың. Жол караймын көз тешип.
Келер болсоң кур убада көп бербей,
кирип келгин күтүүсүздөн жарк этип.

Тоолор ашсаң тырмыш бийик кыяга,
ашам десең, аны эч кимден сураба.
Кечип өтөм деңизди деп ант бербе,
бере көрбө кур насыя убада.
Кур убада – курулай бир убара!

Мен да элиме убаданы көп бердим,
эң жакшы ырым ырдала элек деп келдим.
Ал ыр кайда? Актанар сөз табылбай,
кайпактаймын кашында эми жалпы элдин.

Сүйгөнүмө убадам көп баарынан,
качан эми кутуламын аныман?
Балдарыма тартуу кылам бирден ай
деген элем. Жыл өтсө да бир далай,
Жылдызга мен кол сермедим жаңыдан.

Бербе, досум, убадалар карандай,
мезгил өткөн кур сөздөргө таянмай.
Кур убада куурап калат ёлкадай,
тамырларын жерге терең жая албай.

Азыр биздин ой-кыялдар көк жашык,
мурдагыдай картон атка учкашып,
чаргып учпайт. Артат биздин күчүбүз,
турсак гана жердин үстүн бек басып!

***1963***



## КАШАТ КАЛАТ

Түтөй-түтөй толкун түрүп
Агиделде кеме барат.
Палубада топу кийип,
чарыкчан бир бала барат.

Бала барат. Кайда барат
баштык асып арт жагына?
Баамы жетпейт өзүн тагдыр
кайда алпарып таштаарына.

Айланасын бала карап
сонуркайт да, айран калат:
«Мен турамын – тоолор агат,
кашат агат, талдар агат...»

Ал бала – мен. Көп жылдан соң
кыйкырамын ага карап:
«Биз сүзөбүз – тоолор калат,
Кашат калат, талдар калат...»

Азыр мына басып турам
Тагдыр-кеме канатында.
Чайпалат тек турмуш-дайра
кашаттардын арасында.

Мен турамын. Толкун дүргүп,
өтөт улам кагып канат.
Мен турамын – күндөр агат,
айлар агат, жылдар агат.

Тиги бала оо алыстан:
«Эй, агай! – деп мага үн салат,–
Биз сүзөбүз – күндөр калат,
айлар калат, жылдар калат.

Заман калат. Жооп бер, сен
тике карап ыманыңа.
Эмне бердиң, кандай белги
калтырдың сен заманыңа?»

Жаңырык үн улам-улам,
заң-заң этет кулагыма:
Заманыңа... заманыңа...
Заманыңа... заманыңа...

***1964***

## ТООЛОР

Тоолор окшош кишилерге:
улам бийик болгон сайын.
Өмүрлөрү опурталдуу,
тагдырлары андан кыйын.

Булут консо – тоолор башын,
көпкө дейре конуш кылат.
Муз каптаса тоолор башын,
көпкө кетпей тоңуп турат.

Тоо башына илеби ачуу
шамал урат улам күчөп,
Добул согуп, күн күркүрөп,
чагылгандар кулап түшөт.

Бирок тоолор ноюп койбойт,
баарына тең кайыл болот.
Эң биринчи күндү көрөт,
бүркүттөргө байыр болот.



Кишилер да тоолор өңдүү:
улам бийик болгон сайын
турмуштары опурталдуу,
тагдырлары андан кыйын.

Мен айтпаймын мансап жайын,
мен айтпаймын бийлик жөнүн.
Адам бийик, эгер анда,
болсо гана бийик көңүл.

Бийик көңүл качан болсо
ачык күндөй жанып турбайт.
Кээде кыйнайт кусалыктар,
санаа-шектер аны тырмайт.

Замандардын добулдары
ага тиет эң алдында.
Анткен менен күн чыкканын
көрөт дайым элден мурда.

Дөңсө жерге добул урбайт,
дөңсө көрбөйт булут жүзүн.
Тагдырыңды оор санап
наалый көрбө, бийик кишим!

***1964***

* * *

Күн жашынып, асман-жер карарганда,
гүл тартуулайт эркектер аялдарга.
Ошон үчүн агарып таң атканын
соолгон гүлдөр утурлап алат дайым.

Оттой жанып оолуккан кезимде мен
ошондойду көп көрүп көзүм менен,
өзүм дагы күн өңү түнөргөндө,
сокур гүлдөр ташыгам бирөөлөргө...

Чыгам азыр талаага үрөң-бараң,
шүүдүрүмдүү гүлдөргө турам карап...
Күн чыкканда үйүмө кайтып келем,
гүл коёмун ал жаткан жастыкка мен.

***1964***

## АЙСУЛУУНУН КӨЗ ЖАШЫ

Толукшуган он алтыда Айсулуу.
Айсулуу кыз аккуу белем айтылуу?
Же болбосо аккуулардын үйүрүн
ала келген жайдары бир жазбы бу?

Айсулуунун кыялы бар жазга бап,
кийгени анын киргили жок ак халат
танды кечке, жазды күзгө жеткирип
тоо тарапта тоок, жөжө, каз багат.

Күз да келди тоо-талааны аралай,
кез да келди жөжөлөрдү санамай.
Эки жөжө жетпей калып, ошондо
тоок перме ызырынды аябай.

Пермең түшкүр кызды жаман ашатты,
кызырканып кыздын жанын кашайтты.
Нур чачырап жайнап турган көзүнөн
муң төгүлүп, булак-булак жаш акты.

Тилдегендин бардыр, балким, жүйөөсү,
жок эместир кыздын дагы күнөөсү.
Тоок перме не десе да акылуу,
баарына тек жооп берет бир өзү.



Ошентсе да той көйнөгүн айдан ак
кыйын ишпи булгап салыш чалмалап?
Кыйын ишпи жаш баланы ыйлатып,
Көңүлүнөн кубанычын айдамак?

Ыйлабачы, ыйыңды тый, жаш сулуу,
күлүп ийчи жарк этип бир бактылуу!
Оо, адамдар!
Неге кээде мереспиз,
же боорубуз таш сыңары каттыбы?

Баарын текши эсеп-чотко алабыз,
эсеп менен өнүп-өсүп барабыз.
Эсеп жакшы – ишенебиз ага биз.
Бирок неге каз жоголсо короңдоп,
жөжө өлгөндө катуу айгай салабыз?

Ал эми биз көз жашын көп көрөбүз,
көтөрөбүз ызаларды ченегис.
Көңүл сынат... жаш агылат кур бекер...
Аны неге эсеп кылбай келебиз?
Санабайбыз ый-капаны неге биз?

Айсулуунун көздөн аккан жаштарын
баала дешсе, мамындай деп айтамын:
Булар өзү – алтын булак эмеспи,
көрдүңөр го анын текке акканын.

Адам көөнүн сындырбайлы – сыйлайлы,
көз жаштарын кур ысырап кылбайлы,
алар өзү, тереӊ ойлоп карасак,
өлкөбүздүн зор байлыгы турбайбы.

***1966***

## БААРЫ ТЕГИЗ ЖАЛАҢ, АЧЫК

Бак-дарактар теребелге
төгүп бүттү сары теңге.
Ак кар жаайт кара жерге,
жаш кар жаайт кары жерге.

Эртелебей, кечеңдебей
жыл мезгили турат келип.
Сагынычтан саргайган жер
ак уйкуга барат чөгүп.

Мага жыргал, мага жеңил,
баары тегиз жалаң, ачык.
Айныдым кур кыялдардан
кур үмүттөр кетти качып.

Өзүм күткөн жакшы кабар
өз маалында тийди колго.
Балакеттер мени издеген
адашыптыр ийри жолдо.

Күлүк атты чапса бала,
ага карап умсунбаймын.
Боюм жетпес дарактардын
мөмөсүнө кол сунбаймын.

Жашаң эмес, картаң эмес
турган чагым өз жашымда.
Ачуу эмес, таттуу эмес
азыр менин көз жашым да.

Баары тегиз жалаң, ачык,
көңүлүмдө ырахат бар.
Кара жерге жаайт ак кар...
кары жерге жаайт жаш кар...

***1967***



## АКЫНДЫН КУБАНЧЫ

Айтканы шаттык-кубанчын
Акынга бирөө келеби?
Сүйүнүп жүргөн пендеге
түк тийбес анын кереги.

Кишилер келет акынга
кайгы-зар, мүшкүл, дат менен.
Күйүттүн мөлтүр белгиси
кирпикке конгон жаш менен.

Жубатар эле бүт элди,
акын же Алла-таала эмес.
Баарына тилип бергидей
жүрөгү бышкан алма эмес.

Келгендер зарын бөлүшүп,
түйшүккө кетет чөгөрүп...
Ошондон акын көзүндө,
ой-санаа барат көбөйүп.

Бир сапар кечте акындын,
көзүнөн шаттык төгүлдү.
Күүгүмдө кайра таң атып,
Күн чыккан өңдүү көрүндү.

Акындын кабинетинде
кызык иш болду, карагын:
кетиптир таштап бир кемпир
таянып келген таягын.

***1968***

* * *

Жаным туйлайт көргөндө көк майсанын
кыроо чалып капыстан карарганын.
Жаным өксөйт көргөндө көрүстөнгө
кулап түшкөн жылдыздын кадалганын.

Опаа кайда? Эмне үчүн көпкө турбайт
Жер үстүндө жаралып өскөн нерсе?
Келген келет эмнеге кетиш үчүн?
Неге кайра кайрылбайт кеткен нерсе?
Тыбырчылап кыйналат жаным неге?
Неге баары опаасыз бу дүйнөдө?

Акылым жай. Апачык баары тегиз:
Өмүр заңын ал жетпейт башкарышка.
Дүйнө опаасыз. Бир кеткен кайра келбейт.
Келген келет кайрадан аттанышка.
Алда качан бүтүптүр өкүм чыгып,
Акыбыз да калбаптыр даттанышка.

***1968***

## ЧАКЫРБАҢАР, ТООЛОР

*Гамзатов Расулга*

Чакырбаңар, тоолор, мени,
азгырбаңар аптыктырып!
Мен өрөөндө турам азыр,
мында тынчтык, бейкутчулук.

Мында чыгат күн кечигип,
кайра бирок эрте батат.
Эртели-кеч түшкөн ымырт
жолго чөгүп көпкө жатат.



Дүйнөгө мен ыраазымын,
шүгүр деймин кылганыма.
Жел урунбайт чачтарымдын
буурул тарткан кылканына.

Укуруктап калдым, мына,
кыялымдын тулпар атын.
Сүйүү кайтты уясына
солгун сермеп кош канатын.

Чакырбаңар, тоолор, мени,
азгырбаңар аптыктырып!
Мен өрөөндө турам азыр,
мында тынчтык, бейкутчулук.

Тоо жолдорун калды бөгөп,
көчүп түшүп аска бүтүн.
Калың карга көмүлгөндүр,
жаш чагымда баскан изим.

Тоодо добул, бороон-чапкын,
бут шилтейсиң араң гана.
Жаза бассаң, сен тараптан
келер жалгыз кабар гана...

Мында жыргал. Бу жыргалга
көңүл-жаным тойду белем.
...Тоолорго мен кетем бүгүн,
кош, аман кал, бейпил өрөөн!

***1968***

## ГАРМОНИСТ БОЛУП КАЛСАМЧЫ

Кирди Агидел, кирди Дёма
ашып-ташып суулары.
Кирген суудай кукуктөнүп
көңүл чиркин дуулады.

Келди жаштык, келди балкып
Күн күркүрөп жатканда.
Жармашып мен таң нуруна
чыгып барам асманга.

Тоо бетинде кыздар бийлейт
мончок мисал тизилип.
Ошол чакта сүйүп калса-ээ
сени бир кыз сүзүлүп!

Көгүш күүгө аба тунду,
кыздар болсо жанагы
кызый-кызый бийге түшүп,
кулпундурду абаны.
Эх, гармонист болсом эгер
ырдаар элем, ойноор элем
жаңыртып ой-талааны!

...Кашатына кайтты суулар,
тыйды добул дабышын.
Жалбырактар саргыч тартты,
көгөрөт тек алысың.

Көз байланып, тынчый түштү,
баскан элдин аягы.
Неберге жомок айтат,
бийчи кыздар баягы.



Салам бербейт – жаштык менден,
калган белем түңүлүп.
Түшөт, түшөт аккуулардын
чалгындары кубулуп...

Кетип барат аккууларым
канаттарын каккылап.
...Эх, гармонист болсом эмне,
Ойноп-ойноп көксөгөндө,
ыйлаар элем буркурап...

***1969***

## КҮЗДӨГҮ ЫРЛАР

*Айтматов Чыңгызга*

* * *

Өмүрүм оюн болду илме кайып,
көңүлүм бирде тоңуп, бирде жанып.
Кээде утуп, кээде утулуп келе бердим
тагдырдын таштарына тайгаланып.

Жазмышым оюн болду илме кайып,
жабыктым күндүз үшүп, түндө жанып.
Алмашып так менен жуп өмүрүмдө,
кубулдум бир агарып, бир карарып.

Жөө бастым адыр менен колоттордо,
тапканым тете болду жоготконго.
Дайыма махаббатым жалгыз жүрбөй,
кайгы-муң илештирип алат жолдо.

Жаңыдан ынсап кылып келе жатсам,
азгырды кайра мени кара шайтан.

Маскарам чыкпасын деп чочуладым
макталып жатканыма карабастан.

Сезимге күн менен түн тамга басып,
тез өттү жүрөгүмөн жай талашып.
Шаттыгым жетти бакыт деңгээлине,
Кете элек анткен менен андан ашып.

Өмүрүм оюм болду илме кайып,
көңүлүм бирде тоңуп, бирде жанып,
кээде утуп, кээде утулуп келе бердим,
Тагдырдын таразасын кармап алып.

Ооматым мени сүйрөп кылды жигит,
баркымды табылгалар койду бийик.
Бирок да мени чындап акын кылды
жоготуу, азап-жапаа, кайгы-күйүт.

* * *

Деңиз бойлоп бу сапар мага келдиң,
таманыңда калың кум тебеленди.
Кумдун үстүн тебелеп келе бердиң,
кум алтынга айланып кала берди.

Ак чардактар көгүлтүр канаттарын,
алтын ыраң туманга каккылады.
Колуңа алсаң үлүлдүн чанактарын,
янтарь болуп кубулуп жалтырады.

Сен келатып жай гана кылаа менен,
толкундарга эңилдиң көгүш жалдуу.
Толкун жалын акырын сылады элең,
Деңиз бүтүн алтынга чөгүп калды.



Күн көктө эмес, бир жүрдү өзүң менен,
алтын седеп сыңары төшүңдөгү.
Бул укмушту мен көрдүм көзүм менен,
өңүмдөбү? Биле албайм. Түшүмдөбү?

Токой ичин аралап кеттиң кайра,
алтын жолго айланып изиң калды.
Дарактарды чырмады алтын сайма...
Бу күз эле... Мага ушу күзүң калды...

Араң айттым: «Кызарып жемиш бышты
жалбырактар арасында».
Үмүт менен кусалык аралашып
турган эле карашыңда...

Күздүн айы жаадырып жалбырагын,
Жер чыйрыгып үшүп турду.
Өмүрүмө күз келип менин дагы,
жалбырагым түшүп турду.

Сага келдим айтам деп маанилүү сөз –
өкүнүчтүн ачуу сөзүн.
Бирок аны тиштенип айтканым жок,
Кармап калды акыл-сезим.

«Дарактарды ак бубак чалды...» дедим,
карай салсам жалт бурулуп:
Бетиң ылдый туруптур салаа-салаа
ап-апакай жаш куюлуп...

## *КАЙСЫН КУЛИЕВ*

*балкар акыны*

### САГА МЕН, ТУУГАН ЖЕРИМ...

Тууган жерим, сага мен кагылайын,
түшүмдө да мен сени сагынамын,
Алыс кетсем зарыгып сабыламын,
Тууган жерим, сага мен кагылайын!

Дүлөй болуп калсам да уга берем,
шуулдашын кайыңдын тоолоруңда.
Кор болсом да адашпай бара берем
кызыл каным боёгон жолдоруңда.

Сенсиң менин күнүм да, жарык айым,
Тууган жерим, сага мен кагыламын!

Кайда жүрсөм кулагым эшиткенсийт,
баскан кезде карыңдын кычырашын.
Кайда жүрсөм көзүмө көрүнгөнсүйт,
төрт мезгилиң: жай-күзүң, кышың-жазың.

Ырыскым деп билемин сени дайым,
Тууган жерим, сага мен кагылайын!

Жолдоруң да ырларым тизмегиндей
өтөт менин аралап жүрөгүмдөн.
Куштарыңдын тилин да билгенимдей
токтоп калып кулагым түрөмүн мен.

Түн уйкумда мен сени издеп чыгам,
өңүмдө мен бооруңа из калтырам.
Айдың түндө каткырат кыз-жигитиң,
каткырыгын колумда уучтап турам.



Көрөр күнүм, ичер суум, жыргал кеним,
кагылайын, мен сага, тууган жерим!

Билектерде жүргөн кан – сенин каның,
жүрөктөрдө күйгөн жан – сенин жаның.
Көңүлдөгү ырыбыз – сенин ырың,
жалгыз сенсиң – сыйынып табынганым.

Күндүр-түндүр кайталап жалынамын:
сенсиң менин күнүм да, жарык айым,
тууган жерим, мен сага кагылайын!

### БИЙИК ЖЫЛДЫЗ

Бирге өнөбүз, барды-жокту көрөбүз,
анан бир күн бирөөбүздү көмөбүз.
Аңгыраган көрүстөндү калтырып
демейдеги ишке кайра келебиз.

Күзгү айдоонун топурагы таманды
ичиркентет. Биз ташыйбыз саманды.
Там салабыз. Там чатырын жабабыз.
Ыр жазабыз түшкөн кезде караңгы.

Суулар шашат, токтошко жок чамасы,
Заман суудай агып барат, карачы!
Бирөө кетет кайра ойгонбос уйкуга,
Атасынын ордун басат баласы.

Кайгы басып, думукканда күйүттөн
кол сунабыз, а сен болсоң бийиктен
Жылдыз болуп бизге карап турасың...
Жылдыз барбы
жарык жанган
үмүттөн!

## БИР УУЧ ТОПУРАК

Жеримдин ууччап турам ным турпагын,
кубанам анын тааныш жытын жыттап.
Канча ирет өмүр кыйын, кечтик жалын,
жамандык көрбөсүн деп ушул турпак!

Өтсө да нечен адам, нечен заман
жамгыр, тер аралашкан жыт чыгарып
жер жатат. Дыйканын   да соко айдаган
жатат ал кучагына кымтып алып.

Далайлар кыйнап, өрмөп жатса дагы
баарын жер өз койнуна ала берет.
Үстүн бүт өрттүн кулу жапса дагы
жер дайым жер боюнча кала берет.

Кыйкырып согуш ачам деп сес кылган,
үндөрдү  тоготпоймун бирин деле.
Анткени турпагын мен ууччап турган
жеримден алдуу күч жок бу дүйнөдө!

* * *

Мергенчи канжары бар курч болоттон,
бир уруп карышкырды көмөлөтөт.
Бирок ал кара үңкүрдө күйгөн оттон,
калкалап, көпөлөккө көмөк этет.

Өмүрдү мен да ошентип сүрүп келем:
күйгөнүн көргүм келбейт көк шибердин.
Тунук суу мөңгүлөрдөн эрип төмөн
тынымсыз акса экен деп көп тилеймин.

Олтурсам, улам өтөт терезеден
бир бала күчүк менен кубалашып.



Купуя бакыт тилейм балага мен.
Жанында бакыт турса – бу да бакыт!

Мен  үйдө жазып жатам. Ойго чөккөн
тал турат. Тал түбүндө чал олтурат.
Чал үнсүз. Тал да үнсүз. Ал экөө тең
алыска камырабай карап турат.

Эгерде талды шамал кетсе жыгып,
чал күйсө жалынына ый-армандын,
же бала жетим калса...
ыйга бугуп,
эч качан мен бактылуу боло албаймын!

* * *

Ракеттер алкынып Айга кетет,
аңгыраган абасыз жайга кетет.
Самолеттор күркүрөп көтөрүлүп
көзгө илешпей көкөлөйт өтө бийик.
А төмөндө калдайып жер карарат,
дүйүм куштар учса да жерде калат,
дарыялар акса да жерден агат.
Жерде биздин түгөнбөс кешигибиз
жерибеген жер биздин бешигибиз.

Жер бетинде күн сайын жаңылыктар,
күз артынан кыш келет жамынып кар.
Жамал төгүп жадырайт жазгы убактар,
чөп кулпурат, шуудурайт жалбырактар.
Жер бетинде өксүбөйт майрамыбыз,
асти биздин арылбайт арманыбыз,
жарык көрөт бакырып балдарыбыз.

Ракеттер зымырайт көктү аралай
жыбыраган жылдыздуу чекке карап.

Адам келет байыртан самап-дегдеп
асман жакка талпынып, канат сермеп.
Анткен менен миллиард чакырымда
турган Күндүн ысыгы, Ай жарыгы,
жылдыздардын жылытпас шоола-нуру
жерге келип урунат акырында.

Бүткөн экен жер биздин бактыбызга,
жерде гана жамандык, жакшылык да.
Ракеттер ыраакка бара берсин,
баарына тең бир өзүң эне-жерсиң,
Жалгыз сенсиң уясы үмүттөрдүн,
жалгыз сенсиң таянчы бийиктердин.

Көздөн тайды самолёт көктү сөгүп,
ракет да кайдадыр кетти төнүп...
Бирок жерде жасалган ал самолёт
жер күчүнөн учту деп айтса болот.
Ракетти жараткан – адам башы,
адам башы жерге окшош топтомолок.



## ДАВИД КУГУЛЬТИНОВ

*калмак акыны*

## КАЙЫП ЫР ДААРЫГАНДА

*Чыңгыз Айтматовго*

«Жан-дилим жасарыңды жасадыңбы?»
М. Дудин

**1**

Капылес карбаластап ишке кирдим,
кагазга кеч бешимден кадаланып,
Үстүнөн баш көтөрбөй үстөлүмдүн
ыр жаздым аткычакты таң агарып.

Элестер бүлбүлдөгөн узак-узак,
эрбеңдеп мени карай жыла берди.
Кай бири кармалып бат тузагыма,
жарк этип сүрөт мисал тура келди.

Ал эми колдон тайып качкандарын
артынан кууп жүрүп тайган өңдүү
акыры тап жылдырбай аркандадым
азоону укуруктап алган өңдүү.

Кыйналбай ыр куштарын байлап аттым,
кай бири далбас урса бошонууга,
буйдалтпай канатынан кармап аттым,
компойдум корстон болуп ошонума.

Бүттүм да окуп чыктым. Жазганымда
байкасам бар өңдөнөт ыр элеси.
Баары эле турган окшойт өз жайында.
бирок да өксүгөнсүйт бирдемеси.

Кыналган бойго бекем мундир өңдүү,
кеп-сүйлөм кыналыптыр ойго бекем.
Антсе да сырдуу добуш күнгүрөндү:
«Жазбай-ак койсоң деле болмок экен!

Жанбаптыр жалын менен кошо жаның,
жол-сабың каныкпаптыр музыкага,
тек гана жарты кылым жашаганың,
темингтип жаздырыптыр муну сага».

Таң сүрүп, жылдыздар да өчтү, мына,
бүрлөрү ой-мүдөөмдөн бүт күбүлүп,
тирелди ачуу ызам алкымыма,
анан мен жатып калдым үшкүрүнүп.

Купуя шыбыраган кулагыма,
алиги дабыш дүрбөп толкун өңдүү.
Алыска узап барып кулады да,
басылды... Мага таттуу уйку келди...

**2**

Түш көрөм. Көрүп турам түшүмдө мен:
ак буурул аткан таңдын жарыгында
үңүлүп үстөлүмө бетим менен
олтурам баягы эле калыбымда.

А бирок дубалым жок, айнегим жок.
Көчүпмүн тар бөлмөдөн башка жайга.
Үстөлүм жону жалпак жейрен окшоп
төрт буттап турат мына ай талаада.

Тартайып ал үстөлүм турган эле,
талаанын арасында бир дөбөдө.
Таң калбайм. Өөн көрбөйм. Ойлоп койбойм:
теги мен олтурамын мында неге?



Айланам айдың эле, көркөм эле,
ага мен жип-шуусу жок байланамын.
Асти бир таң калбаймын эчтемеге,
бир гана ошонума таң каламын.

Серпилтип оор мээнет мүшкүлүнөн
сеп алган акылымды учурамын.
Бирде аны көрөм деңиз түпкүрүнөн,
бир туруп чыгат көккө сызып аным.

Алкынган кыялымдын аргымагы,
акыры келди мага илкип-арып...
Аңгыча таң чолпону жанды дагы,
асмандан шам чырактай төктү жарык.

Шыкалып шыгыраган сырларга мен,
шык даарып шымаланып олтурамын.
Эл эңсеп, Жер зарлаган ырлар менен,
ак кагаз барактарын толтурамын.

Дилимди сыйкыр нурлар жарык кылат,
көңүлүмөн ыйык күүлөр агып чыгат.
Саманчы жолундагы жылдыздардай,
саптарым жылт-жулт этип жанып турат.

Саптарым сан жетпеген, чен жетпеген,
көбүрөт көөдөнүмөн көлкүп чыгып.
Мукамдуу мааниси бар көлдөн терең,
муңу бар көз жашындай мөлтүр тунук.

Жашыл чөп, курт-кумурска текши мага
жайнатып ачып берет сырларын бүт.
Терең да, таасирдүү да, жакшына да
терилип чыгып жатат ырларым бүт!

Бүт баары болду мага ачык-айкын.
бир башка күүгө келди бар өнөрүм:
Ачылган каухарларын акыйкаттын
ашыгып ак кагазга чөгөрөмүн.

Акыйкат каухарларын көрөр замат,
адамдар жашарат да арууланат.
Жаңыдан жазгандарым жагалданат!
Жалтайлап эски ырларым саргууланат...

Жаңы ырым – жалын бекем тынч жатпаган.
Жайнатат чар тарапка учкундарын.
Шолоктойт жашын төгүп буурчактаган,
шарактайт чачып шаттык толкундарын.

Капырай, кайнаган эл арасынан
кантип мен – бир жай акын карапайым,
Жер бетин жашартканга жарай турган
берметин көркөм сөздүн жаратайын?!

Ырымда аткан таңдын кызылындай,
ысык кан агып турат сызылып жай.
Балким, ал – азаттыктын ыры чыгар?
Балким, ал – ашыглыктын сыры чыгар?

Билбеймин... Бир билгеним: жазган ырым,
калыптыр шаанилешип өзгөчө бир.
Мээрими жадыраган жаздай жылуу
мен эмес, жаратакандай Көкө Теңир.

Баржаңдап көңүл-пейлим кең эмеспи,
жар салып жарандарга мен кайрылам:
Бул ырда касиет бар кереметтүү,
бүт жерди куткарат ал муң-кайгыдан.
Ачылат айдың саптар алдыңардан,



алгыла, айланайын айылдаштар!
Төгүлөт төтөн сөздөр төбөңөрдөн,
тергиле, тең курбулар жана жаштар!

Кайып ыр калктын баарын даарып чыкса,
төрт бурчун төгөрөктүн жарык кылса.
Адамзат азат болот жалпысынан,
акмактан, алдамчыдан, калпычыдан.

Улуу ыр уурдабастан өзүм жазган,
улуу ыр уктап жатып өзүм тапкан,
тамырын жамандыктын жулуп салат –
тар дүйнө жакшылыкка тунуп калат.

Жаркыган улуу ырдын асыл ташын,
жарайт деп жайдыр-кыштыр керегине,
тамызып кубангандан ысык жашым,
тапшырам Жер шарына, Жер элине.

Таалай-бак тартуу кылам таазим менен!
алгыла, адамдарым, анын баарын!
Анан мен элден озуп таасын көрөм
ай-аалам азаптардан арылганын.

### 3

«Жамандык жылас болот жер үстүнөн
гүл чыгат кумга тамган тер үстүнөн».
Уйкашы учкай гана кайчылашкан
ушундай ыр жолдорун айтып атсам,
эзилет элжиреген эт жүрөгүм,
эмшеңдеп ысык жашым сүртүнөмүн.

Өзгөчө кубанычтан боюм балкып,
өрөпкүп өпкө-боорум, көңүл чалкып,
Ай талаа арасында олтурамын,

сыдырым балтырыман сылап өтөт
сыдырып кең мейкиндин көк тулаңын.

Чөп-чарлар, көпөлөктөр, гүлдөр бийик,
чочубай мени менен маектешет.
Сырдана ынагындай кепке кирип,
сырларын маңдайыма коёт төшөп.

Жаны бар, жаны жоктун сырлары бүт
жан табат жабалактап ырга кирип.
Алардын улутунуп дем алганын,
айтылбай ичте калган көп арманын
астыртан туюп турат менин жаным.

Тирүүлүк күнүн көрүп жүргөндөргө,
кыбырап кыйын өмүр сүргөндөргө
дос-тууган болгонума канааттанып,
карасам – көктөн мага салам айтат,
калдайган кара бүркүт канат кагып.

Каламым кайкып-ойкуп баракка бат
капыстан ыр саптарын кадай салат:
«Тес бербей шамалга да, адамга да
Төбөмдө бүркүт шаңшып канат кагат».

**4**

Түшүндө нелер көрбөйт тирүү киши!
Ошентип, дүйнөдөгү ыр аттуунун
орошон сопсонуну, биринчиси
оргуштап турганына ыраазымын!

А бирок түшүмдө да акыл-эстен
айныбай, ойлоп калам капылестен:
Ырымдын тамшансам да саптарына,
ынанбайм ушул өзүм жазганыма.



Мен эмес, кудуреттүү, терең эстүү
бир акын жасады го кереметти.

Унутуп уят-сыйды түшүмдө мен
уурулук кылсамбы деп бушуркөнөм:
ойгонсом кур алакан калбаймынбы,
бул ырдан өөнөп-тоноп албаймынбы?
Бүт эмес, анча-мынча ыр саптарын,
беш-алты, жок дегенде, уйкаштарын,
түшүмөн ала чыксам өңүмө деп
түйшөлүп түйшүктөнөм жаным үрөп.

Жармашып уйкалышкан сапка бекем,
жакадан алайын деп кереметти
кол сунсам, тарс ойгондум... Жаткан экем
кучактап кең бөлмөдө керебетти.

Ойгонсом бош чакадай баш кангырап,
оорсуп өнө боюм дир-дир этет.
Мээмде өчкөн өңдүү жаккан чырак
ойлордун караандары бүл-бүл этет.

Калбаптыр баягы ырдын маанисинен,
каңгыган аң-сезимде бүдүр дагы.
Качыптыр касиет-көрк шаанисинен,
кетиптир дал-далынан бүтүн баары.

Басыптыр ыр саптарын кара туман,
башым маң акыл жетпей ой учуна.
Жумулуу көзүм менен карап турам,
журту жок аңгыраган конушуна...

Кайгырып кабак бүркөп турам, мына,
кайышып кыркылгандай бир канатым.

Болбосо ыр жарышта ир алдыда,
келатып мүргүгөндө минген атым
куланып жер кучактап жаткан өңдүү
башыман бак-таалайым качкан өңдүү...

Жогунан түшүмдөгү сонун ырым
түтөгөн илеп чачып каңырыгым,
Космоско кеме минип барганымдай,
кокустан аны бузуп алганымдай.
Кайрылып Жерге келбей калганымдай,
апкаарып, айлам куруп, туталанам.
алдастап, жан кашайып, кусаланам...

Бирок да ачык айтсам жүрөк сырын:
укмуш түш көргөнүмө ыраазымын.
Түшүмдө бакыт даамын татканым чын.
Түшүмдө орошон ыр жазганым чын.
Тек гана аны мага ыраа көрбөй
Көйкапка ала кетти качкан уйкум.

Ал ырым, балача айтсам, аяй эле.
Ааламды жашартканга жарар эле.
Каякта каңгып жүрүп чыга келди?
Кабылды капысынан мага неге?

А балким, ошо мага кабылган ыр,
алыскы түп атамдын кыялында
жарк этип чагылгандай чагылгандыр,
а балким, кат таанıбас байкуш бабам
ал ырын жаза билбей зарылгандыр,
анан да аталардын каны менен
акырын мени карай агылгандыр,
укумдан тукумга өтүп, мага жетип
уйкуда кулагыма чагылгандыр?



А балким, ажайып ыр кылаң эткен,
аттанып алыскы бир планеттен,
арытып мейкиндерди болжолу жок
акылдын шооласыдыр мага жеткен?

Билбеймин келди кантип, келди кайдан?
Буга мен жооп таппай болдум айран.
Жүрсөм да кол бошобой мүшкүлүмөн,
жабыркап ыр жазгандын түйшүгүнөн,
кээ-кээде капылестен эстеп коюп,
кубалап күлүк ойдун аркасынан
түшүмдүн сырын билбей баш катырам.

Антсе да астыртадан үмүт кылам:
акыры барып көңүл зарыкканын,
бир күнү тарс ойгонуп түн уйкуман,
табармын сырдуу түштүн табышмагын.

Ыр гана – жайлап-кыштап баккан малым,
ыр гана – жанталашып тапкан наным.
Түшүмдө көргөн ырым өтө бийик
турса да, аста-астадан көтөрүлүп
бaратат
ага карай жазгандарым.

Жалган түш көрүпмүн деп анда бекер,
жалакор жан эмесмин арман этер.
Жадымда ошол ырдан калган экен,
Эрксизден эске түшөт кабат-кабат:
«Тес бербей шамалга да, адамга да
Төбөмдө бүркүт шаңшып канат кагат».

## *АСХАД МУХТАР*

*өзбек акыны*

### ВАГОНДО

Селт ойгонуп карайсың терезеден,
сыртта болсо купуя эркин дүйнө.
Вагон чайкайт. Секирип серең-серең
зым карагай култ этет көк күүгүмгө.

Вагондо түн көңүлсүз. Сырт караңгы.
Укта жаздап жаздыкты баш жагыңа.
Бирок канча учурлар артта калды,
өттү-кетти сен уктап жатканыңда!

Түн каякта? Карайсың көз ушалап,
түн дарексиз. Таң кайра аткан экен.
Сен жатканда уйкуда арачалап,
поезд түндөн сени ала качкан экен.

### КҮЗГҮ БАКТАР

***Билгенимди кызганбаймын калкыман,***
***Ал дүйнөгө алып кетпейм, калтырам.***
Навои.

Күздүн өртү дүрт от алды туганып,
күзгү бактар күйүп барат кызарып.
Күбүйт, күбүйт күнү-түнү тынымсыз,
күбүйт бактын жалбырагын күч алып.

Күн, суу жердин тулкусуна топтолгон
ырыскысын бизге берип бүт бойдон.
Кышка болсо калтырды окшойт бир гана
бутактарын жыпжылаңач сопойгон.



Жашап өтсөм өмүрүмдүн калганын
дарак өңдүү – калбас эле арманым!
Күзгү бакты көргөн сайын оюма
Навоинин сөзү келет ар дайым...

### СЕНИ ОЙЛОНОМ

Улам сени ойлоном, ойлорумдун
уч-кыйры узун... Көз менен таба албассың.
Дал ошондой дайыма болсун узун
сен купуя самаган таалай-бактың.

Улам сени ойлоном, ойлорумдун
түбү терең күнөөсүз көздөрүңдөй.
Көздөрүңдүн түбүндө, мезгилинде
Күн шооласы чачырайт өзгөрүлбөй.

Улам сени ойлоном, ойлорумдун
жиптери бүт чаташкан, жандырамын.
Тор жасайм да, кааласаң торума мен
жылдыз тутуп, колуңа кондурамын.

Улам сени ойлоном, ойлорумда
сен экөөбүз жүрөбүз шынаарлашып.
Мени ушундай ойлонсоң, мен дагы анда
тунар элем бактыга кумар жазып.

## *НИКОЛАЙ НЕКРАСОВ*

*орус акыны*

## УНУТУЛГАН КЫШТАК

**1**

Кемпир сурайт бурмистрден, Властан:
«Там кыйрады, кайрылышчы жыгачтан».
«Жыгач жок!» – деп осол Влас короңдойт.
Кемпир болсо: «Төрө келсин, – деп ойлойт:
Төрө келсе, жаман тамды көрөтко,
Жардам кылып жыгачынан беретко».

**2**

Бай кошуна – нысабы жок бир акмак
дыйкандардын жерин алды карактап,
ал акмактын зордугуна айла жок.
«Төрө келсин,– деп дыйкандар ойлошот. –
Төрө келип, бир сөз айтса салмактуу,
Жерибизди кайра берет бай коңшу».

**3**

Наташага дыйкан жигит сөз айтат.
Кыштак бийи немец дагы көз артат
ал селкиге. «Сабыр кылчы, Игнаша,
Төрө келсин!» – дейт жигитке Наташа.
Кары-жашы чыга калса талаш-чыр
Кайталашат: «Төрө келсин, карап тур!»

**4**

Кемпир өлдү; оомат келди эгинге
бай коңшунун зордоп алган жеринде.
Басты сакал баягы жаш балдарды.
Дыйкан жигит солдат болуп айдалды.



Наташанын үмүт-оюу кесилди...
Төрө келбейт... Жол карай көз тешилди!

**5**

Анан бир күн табыт тарткан араба
жолдон чыкты; ал табытта төрө бар.
Төрө өлүптүр. Арт жагынан көрүндү
жаңы төрө, эски төрө көмүлдү.
Жаңы төрө сүртүп алып көз жашын
жөнөп кетти: «Кайран Питер кайдасың!».

## ЛЕСЯ УКРАИНКА

*украин акыны*

### МЕНИН ЖОЛУМ

Жолго чыгып жаз жаңы кылтайганда
ыр баштадым сүрдүккөн үнүм менен.
Каршы алдыман карпа-күрп чыккандарга
салам айттым ак пейил дилим менен:
жалгыз калсак жакшы жол табалбайбыз,
бирге жүрсөк түз жолдо кадамдайбыз!

Ох, жол алыс, айтпа жол азаптарын!
Азабы бар жеке адам көтөрө алгыс.
Бирок жолдо тирүүлөр басат дайым,
баратпаймын мен деле жапажалгыз.
Мен эл менен бир басып баратамын,
жалгыз калсам жолдон бат адашамын!

Ырлар ырдап тынымсыз барам жолдо,
ырымда жок ой-акыл кучак-кучак,
үнүм да пас – угулат араң зорго!
Бирок уксам ырды мен бышак-бышак,
«Кошо ыйлашам, боорум» деп айтамын да,
үнүм кошом шолоктоп жаткан ыйга.

Бөлүштүргөн кайгынын жүгү жеңил...
Алыс жолдо баратсам чарчап-арып,
ырлар улам эркин-шат не бир, не бир
ыр жаңырат көөнүмдө кайталанып.
Бекем катып ошондо зарымы мен,
кайгы-муңга бастырбайм ырымы мен.



Көк асманга көз салып мен кечкурун,
Күн шооласын акмалап эмне кылам?
Боордоштук, азаттык, теңдик нурун
көргүм келет булуттун аржагынан.
Ал үч жылдыз элдерге далай кылым
төгүп келет үмүттүү уяң нурун.

Ал жылдыздар жарк этсе аян кылып
ар ким тосот ыр менен, мактоо менен.
Түшсө дагы башыма караңгылык,
ырдаганга ат койбойм «мактоо» деген.
Жарык нурду кээ-кээде будамалап,
жолдун чаңы көрсөтпөй чулгап алат...

Тикенекке жолдо мен чалынамбы,
же көрөмбү гүлдөрдү не бир сонун.
Максатыма акыры кабыламбы,
үзүлөбү эртелеп өмүр жолум,
Не болсо да өмүрүм күн астынан
өтсө экен деп ыр менен тилек кылам.

### ЖОГОЛ, САНАА!

***Үмүт кылбай үмүттөнөм.***
Латын макалы

Жолобо, күзгү санаа! Кет, түгөнгүр!
Жаз келди жадыратып чар тарабын.
Өтөбү жаштык өмүр – кырчын өмүр
түнөрүп, бир дагы ачпай каш-кабагын?

Жок, ырдайм батсам дагы күйүткө мен,
Жылмаям бүркөө түнгө капкараңгы.
Жашаймын! Үмүт кылбай үмүттөнөм!
кубалайм «жолобо» деп сарсанаамды.

Томсорот кутсуз жерим, муңдуу жерим,
мен ага гүлдөр эгем кышындасы.
Сугарат а гүлдөрдүн үрөндөрүн
күйүттүү көздөн аккан ысык жашым.

Ошондо, балким, тоңгон карлар эрип,
муз кетип, дүйүм гүлдөр жайнап чыгар.
Жаз келип, күн чачырап, жер көгөрүп,
көңүлдүн чер-кайгысын айдап чыгар.

Кыязы, жалама таш тоо башына
таш ташып кыйналсам да кайгырбаймын.
Түшсө да зыңгыраган шор башыма
жолдо мен шайыр ырдан айрылбаймын!

Алдымы каптаса да кара туман
караймын карайлаган көздөр менен,
калдайган кара туман арасынан
жылдызды жол көрсөтөр издей берем.

Турса да ажал менин как үстүмдө,
көңүлдө көбүрсө да курчуп кайгым,
уйкуга жетелеген узун түндө
уктатпайм жүрөгүмдү, тынчытпаймын.

Ажалга калганымда тебеленип,
тунарган көздөрүмөн жарык качар.
А балким, жүрөк соксо демеленип,
карт ажал кайра менден алыс качар.

Ырдаймын куйсөм дагы күйүткө мен,
жылмаям, бүркөө түнгө капкараңгы.
Жашаймын! Үмүт кылбай үмүттөнөм!
Кет, жогол, күзгү санаа капсалаңдуу!



* * *

Бир ишти бүтөмбү же баштайымбы,
негедир кээде менин жаш жанымды
күздөгү булуттардай кабат-кабат
түнөргөн түркүн ойлор ороп калат.

Шалдайып, айла таппай чакчаямын,
ый төгүп, азап чегет чар тарабым.
Ошондо күнөм-шекке чөмүлөмүн:
эмгегим кимге керек деги менин?

Мен түгүл, адамдар да далай кыйын
өтүптүр өзгөртө албай заман нугун.
Аны ойлоп, ишимен терс буруламын
башка ойго бирок дароо урунамын.

А балким, ыр ырдасам дилим менен
үмүттөр кайра күйөр үлүңдөгөн?
Турса эгер ырларыман учкун жанып,
кубанар кубат алып мискин-карып?

Ырыман аздыр-көптүр бар үмүтүм:
а балким, пайда берер элим үчүн?
Ошондо качып шегим, кайгыларым,
кайрадан ишиме мен кайрыламын.

***Александр ПУШКИН***

*орус акыны*

## БАЛЫКЧЫ, БАЛЫК ЖОМОГУ

Жок экен да, бар экен,
Бир кемпир, бир чал экен.
Көк деңиздин жанында,
Жер төлөдөй тамында
Отуз үч жыл чал, кемпир
Өткөрүптүр тиргилик,
Балык кармап бакыр чал,
Бакыр кемпир жип ийрип.

Бир күнү чал эртелеп
Деңизге тор чөгөрүп,
Тартып алса энтелеп,
Балыр чыкты көгөрүп.
Кайра торун салды чал,
Кайра тартып алды чал.
Тордон суусу шорголоп,
Тордо ныпым олжо жок!

Дагы торун салды чал,
Дагы тартып алды чал.
Карап бакса бир балык,
Жарк-журк этет нурланып.
Алтын экен ал балык!
Сүйлөп ийди жалбарып:
«Кое берчи карыя,
Сууда күнүм көрөйүн,
Кое берген акыңа,
Не тилесең берейин,
Салык салсаң төлөйүн».

Чал алдастап ылжайды:
Отуз үч жыл тор салып,



Көргөн эмес мындайды!
Алтын тура бул балык,
Сүйлөйт дагы турбайбы!

Койдой момун абышка
Кое берип жатканда
Кобурады балыкка:
«Алтын балык, мен сенден
Алгым келбейт эчтеме,
Көк деңизде көйкөлгөн
Сайранда да эркеле!»
Үйүнө тез кайтты чал,
Ушул көргөн укмушун
Кемпирине айтты чал:
«Алсам кармап бир балык,
Алтын экен, акетай,
Албан түстө нурланып,
Сүйлөп куду кишидей
«Коё бер!» дейт жалбарып
Кое берсең, акыңа
Каалаганың берем дейт,
Канча салык буюрсаң,
Буйругуңа көнөм дейт.
Салбаймын деп салыкты
Коё бердим балыкты».

Анда кемпир жиндеди,
Айраң калып делдейген
Абышкасын тилдеди:
«Оңбогон чал, неге сен
Олжо таап берешен,
Сурап калбай бирдеме
Бекер коё бересиң?!
Сыртта, очок алдында
Сынып тепшиң турат, көр.

Балыгыңа баргын да,
Бүтүн тепши сурап бер!»

Чал деңизге барганда,
Деңиз толкуп көбүрдү,
Чал чакырып калганда,
Балык суудан көрүндү.
Жаркып сүйлөп жарыя
Алтын балык сурады:
«Не тилейсиң, карыя?»
Чал жүгүнүп сүйлөдү:
«Балык таксыр, кайрым кыл,
Кемпир мага жиндеди,
Жан кейитип тилдеди,
Тепшим сынып калыптыр,
Жаңысын сурап кел деди».

Анда балык айтканы:
«Бара бер үйгө, карыя,
Тепшиңер болот жапжаңы».
Чал үйүнө келгенде,
Эски сынык тепшинин
Жаңырганын көргөндө,
Жалгагандын ордуна
Каарып кирди кемпири:
«Атайын барып балыкка,
Сураганың тепшиби?
Алжыган аңкоо абышка,
Кайра бар да, балыктан
Сурап келгин сонун там!»

Деңизге кайра барды чал,
Балыкка дабыш салды чал.
Алтын балык дагы да
Адамча сүйлөп сурады:
«Не керек сага, карыя?»



Кулдук уруп балыкка
Муңун төктү абышка:
«Балык таксыр, кайрым кыл,
Кемпир кайра жиндеди,
Жан кейитип тилдеди,
Сонун там сурап кел деди».

Анда балык айтканы:
«Бара бер үйгө, карыя,
Үйүңөр болот жапжаңы».

Чал үйүнө келатып
Көрдү дароо ыраактан:
Жаман там жок, ордунда
Заңгыраган бир ак там,
Эшиктери эң кымбат
Жасалыптыр жыгачтан.
Дубалдары-бышык кыш,
Кыналыптыр бир укмуш.
Кымындай жок кынтыгы,
Кенедей жок кемтиги.
Терезенин түбүндө
Текеберлүү түрүндө
Отуруптур кемпири.

Кемпир чалын көрдү да,
Жалгагандын ордуна
Ачууланып алкынды:
«Сурап келген бул үйүң
Жаза албады жарпымды!
Акылы жок абышка,
Айткын барып балыкка:
Болгум келбейт дөөлөттүү
Жөнөкөй бир жай катын,
Мени кылсын сөөлөттүү
Асылзаада бай катын»

Көк деңизге барды чал,
Кейиштүү үн салды чал.
Деңиз бети чайпалып,
Балык суудан баш багып
Сурап койду дагы да:
«Не тилейсиң, карыя?»

Чал жүгүнүп сүйлөдү:
«Балык таксыр, кайрым кыл,
Кемпир кайра жиндеди.
Болбойт имиш дөөлөттүү
Карапайым жай катын,
Болот имиш сөөлөттүү
Теги жакшы бай катын».

Балык айтты: «Карыя,
Бара бергин үйүңө,
Келет баары жайына».

Кемпирине келди чал,
Келди дагы көрдү чал:
Асман тиреп шаңкаят
Аппак сарай көрктөнүп.
Турат кемпир алдында
Текеберлүү керсейип,
Кундуз тону кулпуруп,
Суусар бөркү сеңселип.
Шурулары моюнда,
Шакектери колунда,
Кызыл өтүк бутунда,
Кооз чачпак жонунда.
Көзүн карайт малайлар
Оңунда да, солунда.
Бир малайы алдастап
Чыга калса кашынан.



Кемпир аны төпөштөйт
Бурдай кармап чачынан.

Кемпирге чал кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат:
«Баракелде, байбиче,
Башыңа кут кондубу?
Көөнүң эми тойдубу?»

Кемпир чалга жулунду:
«Атканага баргын да,
Ат баккын!» деп буюрду.
Көпкөн кемпир көп өтпөй,
Чалын кайра чакырып,
Коё берди бакырып:
«Болгум келбейт бай катын,
Болгум келет падыша!
Тапсын мунун айласын,
Айткын барып балыкка».

Угуп көпкөн катынды,
Чал жинденип бакырды:
«Дени-кардың сообу, ыя?
Отурасың канетип
Падышанын ордуна?
Сүйлөгөндү билбейсиң,
Бийлегенди билбейсиң,
Капкараңгы бир жансың,
Калкты кантип бийлейсиң?»

Кемпир келип каарына,
Чалын чаап жаагына
Алкынды да, желпинди:
«Байбичеге каяша
Айтчу бакыр сенсиңби?
Балыгыңа барып айт

Баштагыдай жай басып,
Барбайм десең, бардырам
Байлатып же айдатып».

Көк деңизге келди чал,
Келди дагы, деңиздин
Түнөргөнүн көрдү чал.
Чал чакырса үн салып,
Балык суудан баш багып
Суроо берди дагы да:
«Не тилейсиң, карыя?»

Таазим кылып балыкка
Арзын айтты абышка:
«Балык таксыр, кечиргин,
Ала көөдөн кемпирдин
Алкы кайра бузулду,
Байбиче эмес, падыша
Боломун деп кутурду»

Айтты балык: «Карыя,
Кейибестен бара бер,
Келет баары жайына»

Кемпирине келди чал,
Келер менен көрдү чал:
Заңгыраган сарайдын
Салтанаттуу залында,
Отуруптур кемпири
Санжыргалуу тагында
Шарап ичип койкоюп,
Бал токочтон жеп коюп.

Кызмат кылат жанында.
Байлар менен жакшылар.
Турат эки жагында



Айбалталуу сакчылар.
Көргөнүнүн сүрүнөн
Чал аптыгып калды да,
Кобурады жыгылып
Кемпиринин алдына:
«Таксыр пааша, аманбы?
Тойдуңбу да оңдуңбу,
Эми ыраазы болдуңбу?»

Кемпир чалга бул саам
Көңүлүн да бурбады,
Тетир карай күбүрөп,
«Жоготкула муну!» деп
Жан-жөкөргө ымдады.
Чалды сабай баштады
Чалагайым жакшылар,
Аз жеринен өлтүрүп
Коё жазды сакчылар.

Чал ыйласа эчкирип,
Аны көргөн көпчүлүк
Табалады: «Кемпириң
Сендей кемпай немени
Ырас кылды!» деп күлүп.

Эки жума өтпөстөн
Кайра жиндеп карт мастен
Жөкөрлөрүн чакырды,
«Чалды таап тезирээк
Келгиле!» деп бакырды.
Чал бат эле табылды,
Кемпир чалга чамынды:
«Балыгыңа барып айт,
Болгум келбейт падыша,
Болгум келет деңизге
Кожоюн да каныша.

Океанда сайрандап
Өмүр сүрүп өтөйүн.
Алтын балык түбөлүк
Болсун менин нөкөрүм»

Кемпирине кесирлүү
Кесе жооп беришке
Жарабаган абышка
Келди басып деңизге.
Келсе, деңиз жөн турбайт,
Уйгу-туйгу толкундайт,

Улуп-уңшуп солкулдайт.
Чал жалтайлап, чочулап
Табыш салса балыкка,
Балык чыгып сурады:
«Не тилейсиң, абышка?»
Чал бүжүрөп сүйлөдү:
«Балык таксыр, кайрым кыл,
Кемпир кайра жиндеди.
Болбойт имиш падыша,
Болот имиш деңизге
Кожоюн да каныша.
Балык мени деңиздин
Шаасы кылып койсун дейт,
Алтын балык анан да
Мага нөкөр болсун дейт»

Алтын балык жарабай
«Ай, карыя!» дегенге,
Чаап суугa куйругун
Чөгүп кетти тереңге.
Чал деңизге үңүлүп
Күттү көпкө күрсүнүп,
Акыры чал түңүлүп
Кайтты үйүнө үңкүйүп.



Келсе, жылас болуптур
Санжыргалуу сарайы,
Жепирейип туруптур
Жер төлөсү баягы.
Босогодо кемпири
Отуруптур камыгып,
Жыртык чапан жамынып,
Жаман тепши жанында
Жатыптыр тең жарылып.

## МАЗМУНУ


«Шуулдаба, терегим, теректерим»... 3

**Ырлар**

Жаштыктын атынан 7
Кыз мээрими 7
Сүйкүмдүү күн 8
Чакырык 9
Сагыныч 10
Сен 10
Жайкы түндө 10
Төрт саптар 11
Жооп берчи 12
Сага 13
Соңку бир түн 14
Мен барам 15
Бий 16
Бир акын бар 17
Хади Такташ темасына 18
Калгым келбейт 19
Ооруканада жазылган ыр 20
Кошоктор 21
Достук кеңеш 22
Өткөн бир күн эске түшүп 23
Жаз 25
Ысык-Көл 26
Күз маалы 27
Кеч күздө 27
Токойчунун тамында өткөргөн түн 28
Карагат көз 29
Бөбөк 29
Революция 31
Кышкы кайың 34
Булбул, Дзержинский жана тоту куш 34





Сүйүнбай Эралиевге 38
Бир досум бар... 40
Мен бешикте жатканда 41
Поэзия 43
Түнкү сапар 43
Шуулдаба, терегим, теректерим 45
Түгөлбайга кашка баш калемгер
Салижандан жаңы секетпай 47
Аккан суудай, качкан куштай 51
Кытыгылуу кыска баяндар 52
Өмүр өттү... 53
Сен жөнүндө 55
Адамзаттын чынары 56
Ыр которуу убарасы 58
Назым Хикмет 59
Туткун ыры 62
Медербектин Эсенбегине 64
Таберик каттын тарыхы 67
Тамашалуу саптар 69
Дарбыздан дарбыган сөз 69
Дарбыздарга саякат 69
Согуш жана дарбыз 71
Дарбыз жөнүндө антракт 73
Дарбыздык манифест 74
Жайлоодогу кызыл дарбыз 76
Дарбыздар аралында 77
Акын жана дарбыз 78
Дарбызчы дыйкан 79
Кыргызымдын дарбызы 82
Дарбыз жок биздин дарбыздай 84
Дардаңпоз дарбыз 86
Дарбыз жеп жыргап келем 88
Эгер мен дарбыз болсом 90

**Поэмалар**

Уйкусуз түндөр 92
Муңдуу баян 102
Акбоз атка айтам салабат 109
Күз дастаны 120

## Котормолор

Бет ачар....144
***Назым Хикмет***
Он беш жараат....148
Анатолу....149
Күн чыгыш адамы жана СССР....152
Москвада Гераклит ойго түшүп....155
Кусалык....159
Каспий деңизи....160
Мажүрүм тал....162
Бараткан адам....164
Катардагы бир аскер....165
Саптагынын өлүмү....166
Орус падышачылыгынын кулатылышы....166
Тутанбаган сигарета....169
Он тогуз жашым....169
Бир айрылыш баяны....174
Керем өңдүү....175
Ач достор жана бир десте гүл....176
Төрт киши жана төрт шише....177
Камалардан мурунку күн....178
Кабар....179
Түндө келген телеграмма....180
Менин ырым....181
21. I. 1924....182
Көгүлтүр көздөө....183
Аялыма кат....184
Амнистия....185
Тизе бою кар жааган түн....187
Жаңгак дарагы жана төкөр Юнус баяны....189
Жеңиш....195
Күз....196
Түш....196
Ураан....197
Силер сүйгөн бир коммунист....198
Колдоруңар жана жалганчылык....198
Түрмөдө жаткандарга бир аз кеңеш....200
Ачкачылыктын бешинчи күнүндө....202
Сүрөт алдында....204



Түрмөдө жазган каттардан....205
Түрмөдөн чыккан соң....213
Ойгонуу....213
Кечки сейил....214
Түн, саат бир....216
Төрөлүү....218
Сени ойлоном....219
Үстүнгел жолдошко....219
Лидия Иванна менен сүйлөшүү....222
Мемедге соңку катым....225
Франтишкови-Лазне....229
Рецепт....233
Кан менен тер арасында....235
Япон балыкчысы....236
Кичинекей өлүк кыз....237
Булуттар адамдарды өлтүрбөсүн....238
Жыл башы....239
Терек....239
Шайтанга элегия....241
Жыйырманчы съезд....242
Жаштыгым....243
Соңку автобус....244
Себастьян Бахтын до минор концерти....246
Келип, кайра кетип барабыз....248
Ата журтум....248
Үмүт....249
М. Рафилиге....252
Маркум Незвал менен маек....253
«Славия» кафесинде акын досум Тауфер менен маек....255
Быйыл күздүн башында....256
Не болгон оң....256
Терезелер....257
Баязид майданындагы өлүк....259
Айрым ырларга түшүнүктөр....260
Акындын өмүрүнүн урунттуу даталары....264

***Мустай Карим***....265
Күз....265
Тукай....265
Ай жолу....266

Майданга кетем, жолдоштор......267
Терезең ач да... ......268
Менин атым......269
Жамгыр......270
Өмүр башаты ......273
Ташка чыккан гүлдөр ......276
Салам айтат гүлдөр мага......276
Озду атака......278
Сен төрөлгөн жерде болдум......279
Үч күн катар жаайт калың кар......280
Бардыгы тең жандуу мында ......282
Ырдалган бир ыр мага ......284
Башталат жашоо ушундай ......285
Үч жүз жигит......286
Түштө жааган жамгырдан соң ......287
Дос жөнүндө муңдуу аңгеме......289
Кавказ менен коштошоордо......292
Кыш чилдеде жылуу шамал......293
Бөбөк менен маек......295
Бийик жылдыз астында ......297
Тоонун жолу......298
Ырым менен маек ......301
Убадалар бербе......306
Кашат калат......309
Тоолор ......310
Айсулуунун көз жашы ......312
Баары тегиз жалаң, ачык......314
Акындын кубанчы......315
Чакырбаңар, тоолор ......316
Гармонист болуп калсамчы ......318
Күздөгү ырлар ......319

***Кайсын Кулиев***
Сага мен, тууган жерим......322
Бийик жылдыз......323
Бир ууч топурак ......324

***Давид Кугультинов***
Кайып ыр даарыганда......327



***Асхад Мухтар***
Вагондо ......336
Күзгү бактар......336
Сени ойлоном ......337

***Николай Некрасов***
Унутулган кыштак ......338

***Леся Украинка***
Менин жолум......340
Жогол, санаа! ......341

***Александр Пушкин***
Балыкчы, балык жомогу ......344

Майданга кет
Терезең ач да.
Менин атым...
Жамгыр..........
Өмүр башаты
Ташка чыкка
Салам айтат
Озду атака....
Сен төрөлгө
Үч күн катар
Бардыгы те
Ырдалган б
Башталат ж
Үч жүз жиг
Түштө жаа
Дос жөнүн
Кавказ ме
Кыш чилд
Бөбөк мен
Бийик жы
Тоонун ж
Ырым ме
Убадалар
Кашат ка
Тоолор ..
Айсулуу
Баары т
Акынды
Чакырб
Гармон
Күздөг

**Кайсы**
Сага м
Бийи
Бир у

**Дави**
Кайы

*Көркөм-адабий чыгарма*

**Жигитов Салижан**

**ШУУЛДАБА ТЕРЕГИМ, ТЕРЕКТЕРИМ...**

*Ырлар, поэмалар жана котормолор*

Редактору *Токтосун Самудинов*
Корректору *Жумадин Кадыров*
Мукабасын көркөмдөгөн *Мырзабек Кадыров*
Компьютерде терип, калыпка салган *Рая Терибаева*

Басууга 03.07. 2024-ж. кол коюлду.
Кагаздын форматы $60x80^1/_{32}$.
Көлөмү 22,5 басма табак.
Нускасы 750.

«Улуу Тоолор» басмасы
Бишкек ш., А. Үсөнбаев көчөсү, 149
Тел.: 0705347028, 0772 347028